462
463
464

Ан-сезим

Ал-Ваъй الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, ражаб, шаабан, рамазан 1446-х. – январь, февраль, март 2025-м.

Сирияда экономиканы куруу жана кайра калыбына келтирүү: күчтүү мамлекет куруубу же аймактык система менен интеграциябы?

Ал-Ваъй сөзү

Биринчи бөлүм: жалпы темалар 6

Экинчи бөлүм: Ислам менен башкаруу: фарздыгы, мүмкүнчүлүгү жана жолу 83

Үчүнчү бөлүм: Палестина маселеси жана анын акыркы өзгөрүүлөрү 120

Төртүнчү бөлүм: аалымдардын орду жана алардын маанилүү ролу 141

Бешинчи бөлүм: маалымат каражаттары жана анын өзгөрүүгө тийгизген таасири 164

Алтынчы бөлүм: жакынкы келечек 199

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 уруксаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

462
463
464

Отуз тогузунчу жыл чыгышы,
ражаб, шабан, рамазан 1446-х,
январь, февраль, март 2025-м

Ушул санда

– Чыгарылыш алдында 4
– **Биринчи бөлүм:** жалпы темалар 6
– ***Ал-ваъй сөзү:*** Сирияда экономиканы куруу жана кайра калыбына келтирүү: күчтүү мамлекет куруубу же аймактык система менен интеграциябы? 7
– Мусулман өлкөлөрүндөгү Ислам жана секуляризм тууралуу чоң жалган 18
– Сирия режими, секуляризмдин жеңилиши, өзгөрүүнү ишке ашыруу жана кайрадан рошид Халифалыкты орнотуу 20
– Коммунизм өз мамлекетин кура алат, ал эми Ислам Үммөтү муну кыла албайбы?! 25
– Халифалыктын кулатылгандыгынын 104 жылдыгына карата Хизб ут-Тахрирдин дүйнөлүк иш-чараларына көз чаптыруу..... 40
– ***Куръани Карим сабагында*** 48
– ***Бейиш бактары:*** Сыддыктын (р.а.) позициясы ар бир мусулман үчүн акыйкатты карманууда жана аны ачык айтуу жолунда ар дайым үлгү бойдон калат 57
– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары*** ... 77
– **Экинчи бөлүм:** Ислам менен башкаруунун фарздыгы, мүмкүнчүлүгү жана жолу 83
– Ислам менен башкаруу — Үммөт үчүн жападан-жалгыз жол 84
– Ислам өкүмдөрүн колдонууда баскычма-баскыч аракеттенүү 93
– Ислам мамлекетин тикелөөдөгү нусрат түшүнүгү жана анын маанилүүлүгү 100

НУСКА БААСЫ

Ливан	1000 лира
Яман	30 риал
Түркия	1 доллар
Пакистан	1 доллар
Австралия	2,5 доллар
Америка	2,5 доллар
Канада	2,5 доллар
Германия	2,5 евро
Швеция	15 крон
Бельгия	1 евро
Британия	1 евро
Швейцария	2 франк
Австрия	1 евро
Дания	15 крон

– **Үчүнчү бөлүм:** Палестина маселеси жана анын акыркы өзгөрүүлөрү..... 120
– Палестина маселеси — бул бүткүл мусулмандарды бириктирген маселе..... 121
– Палестина маселеси баскынчылардын пландары менен Үммөттүн умтулуусу ортосунда..... 127
– «Аль-Акса ташкыны» операциясы Ислам Үммөтүн Ислам мамлекетин куруу багытында чечкиндүү кадамдарга алып келди.... 130
– **Төртүнчү бөлүм:** аалымдардын орду жана алардын маанилүү ролу 146
– Жакшылыкка чакыруу, жамандыктан кайтаруу жана аалымдардын ролу 142
– Аалымдардын бийлиги жана Ислам Үммөтүнүн жандуулугу 149
– Аалымдар «Ал-Акса ташкыны» окуясында жана Үммөттүн маселелеринде өздөрүнө жүктөлгөн милдетти аткара алыштыбы?..... 157
– **Бешинчи бөлүм:** Маалымат каражаттары жана анын өзгөртүү процессиндеги ролу 164
– Заманбап саясий маалымат каражаттары тууралуу кеңири көз караштар..... 165
– Медиа жана анын ыплас ролу..... 183
– Батыш маалымат каражаттарынын бир тараптуулугуна каршы күрөшүү 188
– **Алтынчы бөлүм:** жакынкы келечек..... 199
– Капитализмдин кулашы жана анын жакындап келаткан соңу..... 200
– Чыныгы вакыйлык: Батыш өлүмүнүн белгилери жана Исламдын кайра жаралуусу. Америка Кытай менен стратегиялык тирешүүдө чарчап, Ислам менен идеологиялык согушта жок болуу алдында! 210
– Эскертүү 233
– Соңку сөз: Жеңиш… ишеним жана ага татыктуу болуу.... 234
– Америка Кошмо Штаттары Бангладештеги абал боюнча терең тынчсызданууда 236

ЧЫГАРЫЛЫШ АЛДЫНДА

Аллах Таала акыркы айларды дүйнө жалпы Ислам Үммөттүндө жана өзгөчө араб аймагы деңгээлинде олуттуу өзгөрүүлөр жана маанилүү окуялар менен толтуруп, жаңы акыйкаттарды ачты жана бүтүндөй аймакты титиреткен өзгөрүүлөрдү тартуулады.

Америка Трамптын жетекчилиги астында жаңы дүйнөлүк тартипти орнотууга аракет кылып, ага негиз түзүүдө. Бул үчүн ал ар кайсы аймактарда маселелерди курчутуп, ондогон жылдарга созулган альянстарды өзгөрттү. АКШнын ички түзүмүндө жана коңшу мамлекеттер менен болгон мамилесинде олуттуу өзгөрүүлөрдү жасады. Ошондой эле ал Орусиянын Украинадагы согушу, Кытайдын өсүп жаткан коркунучу, эл аралык уюмдар жана дүйнөлүк институттар боюнча жаңы саясаттарды иштеп чыгууда. Бул болсо дүйнөнү эл аралык мамилелердин жана күчтөрдүн тең салмактуулугун жаңы тепкичке алып келди.

Экинчи жагынан, Ислам Үммөтү катуу соккуга кабылып, кайрадан өз абалын талдап чыгууга аргасыз болду. Окуялар суу казанда кайнагандай тездик менен өнүктү. “Аль-Акса ташкыны” операциясы жана Газага каршы согуш күтүүсүздөн Жакынкы Чыгыштагы тирешти курчутуп, окуяларды тездете баштады:

- Палестинада Газа калкынын ыйман үстүндөгү сабыры жана таң калычтуу туруктуулугу яхудийлердин кадырын жана Американын текеберлигин талкалады.
- Ливанда Иранга баш ийген аскердик күч бир нече күндө эле жок кылынды.
- Иран кыска убакыт ичинде аймактан үмүтсүз абалда чыгып кетти.
- Сирияда режим кыйрады.
- Иорданияда бийлик күнү-түнү өз тагдыры жөнүндө ойлонуп калды.
- Египетте болсо эл бийликке каршы жарылып кетүүгө даяр.

Ошол эле учурда, Шамдагы өзгөрүүлөр Исламдын жеңиши менен аяктайт деген үмүт бар. Бул жаңы доор Үммөттү өз бийлигине кайтаруучу башталыш болушу мүмкүн.

Бул оор өзгөрүүнүн жүрүшүндө Үммөт Роббисинен жеңилдик жана Анын убадасынын аткарылышын – пайгамбарлык минхажы негизинде келе турган рошид Халифалыктын орнотулушун жана яхудийлер менен акыркы согушту күтүүдө. Минбарлардагы үн Үммөттүн аскерлерин, офицерлерин жана жетекчилерин динге, Үммөткө жана анын маселелерине жардам берүүгө чакырууда. Үммөт аалымдарына жана дааватчыларына карап, алардын

жоопкерчилиги эмнеде экенин ойлонууда. Чындыгында, акыркы айлар чоң өзгөрүүлөргө толгон айлар болду.

Ошондуктан, биз бул өзгөчө чыгарылышты даярдоого олуттуу маани бердик. Анда негизги идеялар жана маселелер камтылып, окурмандардын түшүнүгүн кеңейтип, учурдагы өзгөрүүлөрдү байкап, чындыкты жана туура пикирди күткөндөрдүн суроолоруна жооп берилет.

Бул санды бир нече негизги багыттар боюнча даярдадык:

- **Шам маселеси жана андагы күрөш**: бул бөлүмдө Шам аймагындагы окуялар, секуляризмдин Ислам менен күрөшү жана мусулмандардын акыйкатты каалап, шариатты ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү тууралуу баяндайбыз.
- **Ислам менен башкаруу**: Ислам өкүмдөрүн, аларды ишке ашыруу жолдорун жана мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгуу үчүн өзүнчө бөлүм даярдадык.
- **Палестина жана Газа маселеси**: “Аль-Акса ташкыны” операциясынын жана жок кылуу согушунун бүткүл Үммөткө тийгизген таасирине терең сереп салдык.
- **Аалымдардын орду жана алардын милдети:** Аалымдардын жоопкерчилигин эске салып, Үммөт жана дин алдындагы ролдорун баса белгиледик.
- **Медиа жана маалымат каражаттары:** Өзгөчө, соңку окуяларда мааниси ачык-айкын болгон социалдык тармактарга көңүл бурдук жана аларды Үммөттүн максаттарына пайдалуу түрдө колдонуу механизмдерине көз чаптырдык.
- **Жакынкы келечек**: Бул бөлүмдө жакын арада күтүлүп жаткан өзгөрүүлөргө жана Үммөт каалаган өзгөрүүнүн өтө жакын экенине көңүл бурдук.

Аллах Тааладан бул өзгөчө чыгарылышты даярдоого салым кошкондордун баарын жакшылык менен сыйлоосун, аны Үммөттүн ойгонушу жана өзгөрүүсү жолунда берекелүү кадам кылышын сурайбыз.

Биринчи бөлүм: жалпы темалар

Ал-Ваъй сөзү: Сирияда экономиканы куруу жана кайра калыбына келтирүү: күчтүү мамлекет куруубу же аймактык система менен интеграциябы?

Мусулман өлкөлөрүндө Ислам жана секуляризм тууралуу чоң жалган

Сирия режими, секуляризмдин жеңилиши, өзгөрүүнү ишке ашыруу жана кайрадан рошид Халифалыкты орнотуу

Коммунизм өз мамлекетин кура алат, ал эми Ислам Үммөтү муну кыла албайбы?!

Халифалыктын кулатылгандыгынын 104 жылдыгына карата Хизб ут-Тахриридин дүйнөлүк иш-чараларына сереп

Куран сабагында: Чыныгы ыхлас

Бейиш бактары: Сыдыктын (р.а.) позициясы ар бир мусулман үчүн чындыкты карманууунун жана аны ачык айтуу керектигинин үлгүсү бойдон калат

Аалам мусулмандарынын кабарлары

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

СИРИЯДА ЭКОНОМИКАНЫ КУРУУ ЖАНА КАЙРА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ: КҮЧТҮҮ МАМЛЕКЕТ КУРУУБУ ЖЕ АЙМАКТЫК СИСТЕМА МЕНЕН ИНТЕГРАЦИЯБЫ?

Ахмад аль-Касас – Ливан

Сириядагы заалим режим кыйрагандан бери экономиканы калыбына келтирүү жана өлкөнү кайра куруу эң негизги маселе катары көтөрүлүүдө. Көпчүлүк бул маселени бардык башка ой-пикирлерден жогору коюшуп, Сириянын кайра жаралышы анын экономикасын оңдоп, качкындарын кайтарып келүүсүз мүмкүн эместигин айтышууда. Бирок бул пикирлердин ичинен эң кооптуусу – экономиканы калыбына келтирүү жана кайра куруу иши ири мамлекеттердин, эл аралык уюмдардын жана аймактагы араб мамлекеттеринин, өзгөчө Перс булуңундагы өлкөлөрдүн каржылык колдоосу менен гана ишке ашат деген түшүнүк. Ушул пикирлер Сирияны Батыш мамлекеттери жана аймактык режимдер менен бекем стратегиялык мамилелерди түзүүгө мажбурлоонун негизги жүйөсү катары колдонулууда.

Сириядагы заалим режимдин кыйрашына кубанган көптөгөн чынчыл инсандар бул пикирлерди талдап, аларды сөзсүз кабыл алынышы керек болгон акыйкат катары карап, өлкөнүн экономикасын оңдоонун жана кайра куруунун бирден-бир жолу катары көрүшүүдө.

Бирок, эл аралык жана Батыш маалымат каражаттарында кеңири жайылтылып жаткан бул түшүнүк чынында, Сирияга, анын элине жана ыңкылабына каршы уюштурулган жаңы чабуулдун бир бөлүгү. Бул "кайра куруу жана экономиканы көтөрүү" деп аталган пландар чындыгында Сирия элинин кызыкчылыгына жооп бербейт. Алар дүйнөлүк капиталисттик корпорациялардын жана Батыш мамлекеттеринин экономикалык долбоорлорунун алкагында иштелип чыккан. Бул процессте аймактык режимдер, айрыкча Перс булуңундагы өлкөлөр негизги роль ойношууда.

Эгерде эл аралык жана аймактык саясий-экономикалык жаңылыктарды кылдат күзөтсөк, анда бүткүл Жакынкы Чыгышта – анын ичинде Сирияда – болуп жаткан окуялар АКШнын,

Европанын жана яхудий мамлекетинин стратегиялык максаттарын ишке ашырууга багытталганын оңой эле түшүнөбүз.

Бул өңүттөн алганда, аймактагы чечүүчү окуялар мындай максатка жетүү үчүн кызмат кылууда:

- Ливанда Ирандын партиясы (Хизбулла) талкаланып, эл аралык көзөмөлгө алынууда.
- Тегеран режими Ливандагы таасирин жоготту жана Сириядан сүрүлүп чыгарылды.
- Газага каршы жапайы согуш жүрүп жатат.
- Сириядагы жаңы бийликке карата ачык мамиле жасалып, аны колдоого алуу аракеттери көрүлүүдө.

Мунун бардыгы аймактын экономикалык келечеги тууралуу чоң үгүт иштеринин коштоосунда жүрүүдө. Ливан менен Сирия тез арада кайра курулуп, ири инвестициялар тартылаары, жумуш орундар көбөйө турганы, жумушсуздук азайып, адамдардын орточо кирешеси өсө турганы, инфраструктура өнүгө турганы тууралуу убадалар берилүүдө. Бирок, бул убадалар канчалык чындыкка жакын? Эгерде аларда бир аз болсо да чындык бар болсо, анда бул кандай негиздерге таянган?

Бул сөздөр жөн гана курулай үгүт эмес. Мурда айтылгандай, булардын ишке ашуу мүмкүнчүлүгү чоң жана белгилүү бир деңгээлде чындыкка жакын. Бул – Америка, Европа, аймактык режимдер жана яхудий мамлекети менен биргеликте ишке ашырылып жаткан пландын бир бөлүгү. Чындыгында, Чыгыш Жер Ортолук деңиз аймагында (анын ичинде Шам өлкөлөрүндө) ири көлөмдөгү газ кендери табылгандан кийин бул аймак ири инвестициялар үчүн келечектүү борбор катары карала баштады. Андан тышкары, мунай жана минералдык байлыктар да чоң кызыгууну жаратат.

Газ ресурстарынын өзгөчө мааниси, алардын АКШ менен Европанын стратегиялык саясий максаттарына шайкеш келүүсүндө. Бул газ Россиянын Европа Биримдигине жеткирген негизги ресурсуна альтернатива катары каралууда. Украина согушу башталгандан кийин Россиянын Европага газ жеткирүүсү токтотулган. Эми АКШ Чыгыш Жер Ортолук деңизиндеги (Шам аймагындагы) газ кендерине ээлик кылып, аны Европага жөнөтсө, бир нече стратегиялык максаттарга жетишет:

1. Россияны кирешесинен ажыратуу: Европанын Россия газына болгон муктаждыгын жоюу менен Москвага түшкөн негизги финансылык агымды токтотот.

2. Европаны АКШга көз каранды кылуу: Европаны Россиядан алыстатып, кайрадан АКШнын таасирине баш ийдирет.

3. Америкалык корпорацияларга киреше алып келүү: Газ жана кайра куруу долбооорлору аркылуу ири киреше табышат.

4. Аймактык мамлекеттерди көзөмөлдөө: АКШнын таасириндеги режимдер аркылуу бул ресурстарды башкарат.

Мындан тышкары, Сирия, Ливан жана Газа тилкесинде кайра куруу долбооорлору ири компанияларга (негизинен америкалык компанияларга) чоң киреше алып келет. Бул ишке айрым европалык, булуң, мүмкүн түрк компаниялары да тартылышы ыктымал.

Бирок бул долбоордун эң кооптуу жери, яхудий мамлекети үлкөн пайда табат. Андан да коркунучтуусу – бул ири экономикалык долбоор АКШнын аймак үчүн иштеп чыккан жалпы саясий планынын бир бөлүгү болуп саналат. Бул план – «Авраам макулдашуулары» аркылуу яхудий мамлекети менен мамилелерди нормалдаштырып, аны аймактын мыйзамдуу жана негизги шериги катары кабыл алууга багытталган.

Демек, Сирия жана Ливан элине сунушталып жаткан «экономикалык келечек» алардын кызыкчылыгына жооп бербейт. Бул – АКШнын аймактагы стратегиялык кызыкчылыгына, ошондой эле яхудий мамлекети үчүн бекем экономикалык пайдаларга ылайык иштелип чыккан.

Көп окурмандар бул айтылган нерселерден улам, Сирия менен Ливан эли ири экономикалык долбоордон чоң пайда табат деп ойлошу мүмкүн. Анткени ири инвестициялар агылып келип, экономика көтөрүлүп, көп жумуш орундар түзүлүп, инфраструктура өнүгөт жана качкындар үйлөрүнө кайтууга шарт түзүлөт. Андай болсо, эл аралык долбооорлор менен жергиликтүү кызыкчылыктардын дал келишинде кандай коркунуч бар?

Жооп төмөнкүдөй: ооба, акчанын жана жумуш орундарынын арбышы күтүлөт. Калыбына келтирүү, инфраструктураларды жана кызматтарды куруу жана өнүктүрүү долбооорлору пайда болушу ыктымал. Натыйжада, эки өлкөнүн эли – Сирия эли режимдин кыргындарына кабылган, Ливан эли алты жылдай мурун башталган экономикалык кыйроону башынан кечирген – кордук абалына салыштырмалуу финансылык жактан бир аз кеңири жашашы мүмкүн. Бирок мунун баары уу кошулган таттуу сыяктуу болот. Бул убактылуу гана бир мезгилдик жакшы жашоо болот. Муну буга чейин көптөгөн элдер жана өлкөлөр башынан өткөргөн. Алар жылдар, балким ондогон жылдар бою гүлдөп-өнүгүп, бирок

көз ачып-жумганча жакырланып, кайыр сураган абалга түшүп калган. Бул үчүн Азиянын “жолборс” экономикаларынын кыйрашын эстесек жетиштүү.

Бирок мунун эң кооптуу жагы – адамдар күткөн жана самаган бул экономикалык көтөрүлүш Сирия элинин жана бүткүл аймактын иденттүүлүгүнө, коопсуздугуна (аскердик, азык-түлүк, социалдык, диний, маданий жана тарбиялык жактан) чоң коркунуч туудурат. Ошондой эле бул алардын саясий чечим кабыл алуу укугуна жана цивилизациялык келечегине таасир этет.

Эгерде бир мамлекет өзүнүн экономикасын башка ири мамлекеттин же чоң экономикалык системанын бир бөлүгү кылып алса, анда ал өзүнүн экономикалык тагдырын башкаларга байлап койгон болот. Эгер ошол экономика сакталса, анын экономикасы да сакталат, эгер ал кыйраса, бул мамлекеттин экономикасы да кошо кыйрайт. Бул коммерциялык филиалдардын башкы компаниясы банкротко учураганда жабылып калганына окшош.

Мындан да коркунучтуусу, эгерде чоң мамлекет же экономикалык система ишенимсиз душман болсо, анда ал каалаган убакта өзүнө көз каранды мамлекеттин экономикасын кыйратып, аны туруктуу шантаж кылуу булагына айландыра алат. Мындай мисалдар азыркы тарыхта өтө көп.

Сирияга эң жакын мисал – анын коңшусу Ливан. АКШнын саясий чечими менен, Ирандын Ливандагы партиясынын бийлигин жок кылуу максатында Ливандын экономикасы көз ачып-жумганча кыйрады. Анын акчасы наркын 95% жоготту жана элдин көпчүлүгү бир түндүн ичинде жакырчылыкка кабылды. Азыр алардын бардык саясатчыларынын оозунан чыккан сөз: “Биз түшкөн түпсүз туңгуюктан чыгуу үчүн эл аралык системанын талаптарына баш ийип, АКШнын кучагына киришибиз керек” болууда.

Бул мамлекет өзүнүн экономикалык ачкычын АКШнын колуна салып бергендигинен улам болду. Ал эми Ислам көз карашы боюнча, бул чоң күнөө болуп эсептелет. Анткени, бул нерсе кафирлерге мусулмандар үстүнөн бийлик берүү дегенди билдирет, ал эми Аллах Таала ага ачык түрдө тыюу салган:

وَلَنْ يَجْعَلَ اللَّهُ لِلْكَافِرِينَ عَلَى الْمُؤْمِنِينَ سَبِيلًا

“Аллах эч качан кафирлер үчүн момундар үстүнөн жеңип чыгышына жол бербейт”. (Ниса, 141).

Бул экономикалык көз карандылыктын дагы бир натыйжасы – мамлекеттин чечим кабыл алуу эркиндигин жоготушу. Өлкөнүн экономикасын көзөмөлдөгөн чет элдик күч (ал шексиз душман)

менен байланышты үзбөө үчүн мамлекет аны нааразы кылбоого, анын талабын аткарууга аракет кылат. Бул болсо мамлекеттин эгемендүүлүгүн жана чечим чыгаруудагы эркиндигин жоготушуна алып келет.

Баарыбызга маалым болгондой, карызга баткан же ири державалардын жардамдарына көз каранды болуп калган мамлекеттер ошол өлкөлөрдүн талаптарына баш ийүүгө аргасыз болушат. А түгүл, алар ал мамлекеттин эң өзгөчө, ички маселелерине чейин кийлигише баштайт – анын иденттүүлүгүнө, билим берүү программаларына, маалымат каражаттарына, мыйзамдарына, элинин жашоо образына, ыйык нерселерине жана коопсуздугуна таасир этет. Андан тышкары, бул көзөмөл анын экономикасын – жашоо артериясын – дагы камтыйт.

Мисалы, азыркы учурда Египет менен Иорданиянын Трамп тарабынан кандайча кысымга алынганын көрүп жатабыз. АКШ аларга каржылык жардамды токтотуп, экономикасын алсыратуу менен коркутууда. Мунун максаты – бул мамлекеттерди Газа жана бүтүндөй басып алынган Палестина боюнча анын саясатын колдоого мажбурлоо.

Мындай суроо туулат:

Кыйраган Сирия сыяктуу өлкө экономикалык апааттан кантип чыгат? Ал толук кыйраган, инфраструктурасы жок, негизги кызматтары иштебейт, турмуш үчүн зарыл болгон каражаттар жетишпейт. Эгерде ал чет элдик инвестицияларга, эл аралык жана аймактык долбоорлорго таянбаса, экономикасын кантип калыбына келтирет? Зарыл каражаттарды кайдан алат?

Жооп:

Бул маселе Сириянын өзүндөгү ички экономикалык ресурстарды жана мүмкүнчүлүктөрдү ишке киргизүү менен чечилет. Сириянын бул максатка жетүү үчүн жетиштүү потенциалы бар, бирок элди адаштырган жана үмүттөрүн башка жакка буруп жаткан жалган пикирлер бул чындыкты жашырып келет.

Ар кандай мамлекеттин ийгиликтүү жана натыйжалуу экономикасынын негизги эки элементи бар:

1. Жаратылыш байлыктары – энергия булактары, чийки заттар, айыл чарба жерлери, интеллектуалдык капитал жана илимий потенциал. Сирия мунун баарына ээ.
2. Экономикалык система – бул каржы агымдарын жана экономикалык байланыштарды жөнгө салган мыйзамдар. Ал байлыкты эл арасында адилеттүү бөлүштүрүү механизмин түзүп,

жеке мүлктү, умумий мүлктү жана мамлекеттик мүлктү так аныктап, мамлекеттик казынанын киреше булактарын жана чыгаша тармактарын аныкташы керек.

Бул экинчи элемент – Сирия элинин жана жалпы Үммөттүн эң улуу байлыгы. Ал – Аллах Таала адамдарга ырайым кылып, алардын экономикалык бакубатчылыгы үчүн мыйзамдаштырган, ар тараптуу жана толук камтылган Исламдык экономикалык системасы.

Тилекке каршы, бүгүн Сириянын жаңы башкаруучулары да, анын экономикасы жана калыбына келтирилиши тууралуу ой жүгүрткөндөр да бул маселеге көңүл бурбай, аны изилдеп да койгон жок. Тескерисинче, алар эч кандай саясий аң-сезимсиз, ойлонбой туруп, эл аралык коомчулуктун, аймактык системалардын жана Давос жыйынынын кучагына баш урду. Алар ал жерден айыктыруучу дары издөөдө, бирок анын өлтүрүүчү уу экенин түшүнүшкөн жок.

Мунун бир далили: Сириянын тышкы иштер министри эч ойлонбостон мамлекеттик менчик объектилерди менчиктештирүү (приватизация) жөнүндө билдирүү жасады. Ал эми Аллах Таала айрым мүлктөрдү умумий мүлк катары бекитип, аларды жеке адамдардын колуна өткөрүүгө тыюу салган.

Кээ бирөөлөр: “Бул чаралар убактылуу, Сирия бутуна турган соң, Ислам экономикасын жана өз алдынча улуулукту карманат” - деп айтуусу мүмкүн.

Бирок бул сөздү экономика боюнча эң жөнөкөй адис да олуттуу кабыл албайт. Анткени мамлекеттин экономикасын глобалдык капиталисттик тутумга байлоо эч качан өз алдынчалыкка жетелебейт, тескерисинче, андан алыстатат. Бул өлкөнү көз каранды абалга алып келет, андан чыгууну кийин кааласа да, андан кутулуу өтө оор болот.

Эгерде бир күнү көз каранды болбоо чечими кабыл алынса, анда бул бүткүл курулган системаны кыйратып, жаңыдан баштоого аргасыз кылат. Себеби өлкөнүн экономикасын толугу менен көзөмөлдөгөн тышкы күч аны каалаган убакта жок кыла алат. Бул көз каранды экономика чет элдик финансылык тамырлар менен байланган. Эгер бул байланышты чет элдик күч үзүп салса, өлкө экономикалык кыйроого туш болот. Ошондуктан башынан эле глобалдык капиталисттик системага баш ийбеген, эгемен экономика курулушу керек.

Пайгамбарыбыз ﷺ Мадинага келгенде эмне кылганын эстейли. Ал шаарга киргенде яхудийлер көзөмөлдөгөн жалгыз базар бар

экенин көрдү. Ал дароо мусулмандар үчүн жаңы, көз карандысыз базар түздү жана яхудийлердин мусулмандардын экономикасына үстөмдүк кылуусун токтотту.

Глобалдык экономика менен байланыш таптакыр үзүлүшү керекпи? Жок! Биз дүйнө менен соода жана экономикалык байланыштарды толугу менен үзүүнү сунуштаган жокпуз. Бирок эбегейсиз айырма бар:

1. Сырткы экономикалык байланыштар мамлекеттин көз карандысыздыгын сактаган тең сооданы шартташы керек.

2. Мамлекет өзүнүн экономикасын глобалдык жана аймактык капиталисттик тутумдун бир бөлүгү кылып, өзүнүн тагдырын башкалардын колуна бербеши керек.

Эгерде көз карандысыздык сакталбаса, анда мамлекет өз алдынча чечим чыгаруу укугунан ажырап, глобалдык системанын буйруктарын аткарган гана субъектке айланат.

Тынчтык абалдагы экономика менен согуш абалындагы экономиканын айырмасы.

Эми теманын дагы бир маанилүү жана кооптуу тарабына өтөлү. Ал – тынчтык абалындагы экономика менен согуш абалындагы экономиканын айырмасы тууралуу. Согуш шартында турган мамлекет үчүн эң чоң экономикалык катачылык – анын экономикасы менен инфраструктурасын тынчтык жана туруктуу коопсуз абалдагы өнүгүүгө ылайык куруу. Бул экөөнүн айырмасы абдан чоң.

Сирия жана жалпы аймак – согуш жана куралдуу жаңжалдар аймагы. Муну кааласак да, каалабасак да кабыл алуу керек.

Кимде-ким Сирияда залим режим кулады деп, бул согуштун аягы жана туруктуу тынчтыктын башталышы деп ойлосо, ал жаңылышат жана алданган болот. Же болбосо ал билип туруп чыккынчылык кылууда. Анткени Шам аймагынын (Сирия, Палестина, Ливан, Иордания) бир бөлүгү яхудийлердин оккупациясында, АКШнын жана Орусиянын аскердик көзөмөлүндө.

Мындай шартта Шам элине жана алардын айланасындагы мусулмандарга жихад милдеттүү. Себеби алар колонизаторлор бөлүп-жарган саясий чек араларды эске албай, баскынчыларга каршы күрөшүүгө милдеттүү.

Орусия сыяктуу айрым баскынчылар сүйлөшүү жолу менен чыгып кетиши мүмкүн. Бирок яхудийлердин оккупациясы согушсуз бүтпөйт. Демек, бул аймакта согуштун улануусу талашсыз.

Ошондуктан бул мамлекеттин экономикасы согуш шартында иштей тургандай курулушу керек. Себеби бул мамлекетке душман жакын эле турбастан, анын ичине кирип алган. Согуш абалындагы экономика жана инфраструктура кандай болушу керек?

Ким согуш абалындагы экономика менен тынчтык учурундагы экономиканын айырмасын түшүнсө, инфраструктураны жана шаар курууну да ошол шартка ылайык түзүү зарыл экенин билет. Мисалы:

1. Көп кабаттуу үйлөр эмес, жеке турак жайларды куруу.

Душман бийик имараттарды бир ракета менен жок кыла алат. Ошондуктан бөлүнүп турган, чакан жана жеке турак жайлар курулушу керек.

2. Соода борборлорун эмес, чакан базарларды куруу.

Акыркы он жылдыкта популярдуу болгон ири соода комплекстери согуш шартында кооптуу. Анын ордуна аракетти токтотпой турган чакан базарлар болушу керек.

2. Ири электр станцияларын эмес, чакан генераторлорду иштетүү.

Душман борбордук электр станцияларын бир сокку менен иштен чыгара алат. Анын ордуна шаарлар жана райондор чакан электр генераторлору менен камсыздалышы керек.

3. Чоң көпүрөлөр эмес, альтернативдүү транспорт системасы.

Душман ири көпүрөлөрдү кыйратып, байланыш системасын үзө алат. Ошондуктан альтернативдүү транспорт каттамдары болушу керек.

4. Жер үстүндөгү заводдор эмес, жер астындагы аскердик өнөр жай комплекстерин куруу.

Душман өнөр жай объектилерин абадан бомбалоо менен жок кыла алат. Ошондуктан өзгөчө аскердик объектилер тоолордун ичинде же жер астында болушу керек.

Ливан бир нече жолу “Израилдин” баштан аяк талкалоосуна дуушар болду. Ар биринде анын шаарлары, инфраструктурасы жана экономикалык ресурстары кыйратылды. Ар бир согуштан кийин анын жетекчилери жардам сурап, баскынчылар менен келишүүгө аргасыз болушту. Акырында, Ливан өзүнүн эгемендүүлүгүн жоготту. Бүгүн ал эл аралык көзөмөл астында, ал тургай яхудийлердин таасиринде калган.

Бул сабак Сирия үчүн өтө маанилүү. Экономика жана инфраструктура согуш шартына ылайык курулушу керек. Көз карандысыздык сакталуусу үчүн системалуу түрдө иш

жүргүзүлүшү зарыл. Баскынчылардын таасиринен кутулуу үчүн согуштук стратегияга ылайык жашоо керек.

Бүгүнкү саясатка көз салган ар бир адам жакшы билет: Сириядагы күтүлүп жаткан экономикалык түзүлүш жана кайра куруу иштери – бул реалдуу кырдаалды эске алган долбоор эмес. Тескерисинче, бул план сириялыктар үчүн эмес, тышкы күчтөрдүн кызыкчылыгына ылайык түзүлгөн.

АКШ, аймактык режимдер жана яхудий мамлекети даярдаган экономикалык долбоор – бүткүл аймакты камтыган ири стратегиянын бир бөлүгү.

Бул долбоор:

Оккупацияланган Палестина жеринде отурган яхудий мамлекетин экономикалык жактан аймакка интеграциялоо максатын көздөйт. О.э. “тынчтык жарааяны”, “нормалдашуу”, “Авраам макулдашуулары” сыяктуу долбоорлор аркылуу яхудийлердин баскынчылыгын кабыл алууга мажбурлоо планынын уландысы болуп эсептелет. Ал жаңы аймактык экономикалык системанын негизин түзүүгө багытталган.

Эгер Сириянын жаңы жетекчилиги ушул тышкы күчтөрдүн курулуш жана инвестициялык пландарынын агымына кирип кетсе, анда алар эки оор жолдун бирин тандашы керек болот.

Биринчи жол: Сирияда долбоорлорду дүйнөлүк жана аймактык инвесторлордун кызыкчылыгына ылайык куруу. Бул учурда: Сириянын экономикалык жана инфраструктуралык объектилери (заводдор, фабрикалар, имараттар) душмандын соккусу алдында жок болуп кетүү коркунучунда болот. Аймактагы согуш эртеби-кечпи башталары анык болгондуктан, бул долбоорлор толугу менен кыйрап калышы мүмкүн. Бул Сирия эли үчүн экономикалык, жашоо-шарт жана моралдык жактан оор сокку болот.

Ал эми экинчиси жана эң коркунучтуусу: бул мамлекет коопсуздукту артык көрүп, өзүнүн түзүлүшүн, жарандык объектилерин жана экономикалык системадагы ордун сактап калуу үчүн **Аллах жолунда жихад кылуу милдетин таштап**, Американын аймактагы тынчтык долбооруна кошулуп, яхудий баскынчылары менен чогуу жашоого макул болушу. Бул яхудий вужудун расмий түрдө таануу жана мамилелерди нормалдаштыруу жолу менен болобу же 1974-жылы кол коюлган кагылышууларды токтотуу келишиминин алкагында көмүскө түрдө болобу, айырмасыз. Бул Аллахка, Анын Элчисине ﷺ жана бүтүндөй Шам элине: сириялыктарга, палестиналыктарга, ливандыктарга,

ошондой эле бүткүл Үммөткө болгон чыккынчылык болуп саналат, Аллах андан сактасын.

Оо, Сирия, Ливан жана Иорданиядагы Шам калкы!

Чындыгында, бул чоң сыноо жана коркунучтуу доор! Силер ондогон жылдар бою колонизаторлордон, баскынчылардан жана заалимдерден кутулуу үчүн үлкөн курмандыктарды бердиңер. Бирок азыр булар Американын саясий оюндарында, дүйнөлүк жана яхудий инвестицияларынын кызыкчылыктарында, "Авраам келишимдери" сыяктуу нормалдашуу процесстеринде жок кылынуу коркунучу астында турат. Бул кооптуу жолду негизсиз шылтоолор, адашкан фатвалар жана жалпы элдин да, өзгөчө жетекчилердин да кайдыгерлиги ачып берүүдө. Бул кооп-коркунучтун максаты силердин диниңерди, ар-намысыңарды, жериңерди жана кадыр-баркыңарды жок кылуу.

Мечиттерден такбир жана тахлил менен башталган, "Бул – Аллах үчүн! Аллах үчүн! Бийлик жана атак үчүн эмес!" деген ураанды чакырган, "Биздин түбөлүк жол башчыбыз – Мухаммад ﷺ" деп кыйкырып чыккан көтөрүлүш, Америка долбооруна жана яхудийлер менен нормалдашууга макулдук берүү менен аяктаганын кабыл алуу мүмкүнбү?!

Оо, Шам калкы!

Анфал сүрөсүндөгү төмөнкү аяттарды терең ойлонуп көргүлө. Алар азыр силерге түшүрүлгөндөй сезилет, силердин азыркы абалыңарды жана Үммөт катары өткөн жолуңарды сүрөттөйт. Алар силердин эң сонун жыйынтыкка жетишиңер үчүн берилген:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اسْتَجِيبُوا لِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ إِذَا دَعَاكُمْ لِمَا يُحْيِيكُمْ ۖ وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ يَحُولُ بَيْنَ الْمَرْءِ وَقَلْبِهِ وَأَنَّهُ إِلَيْهِ تُحْشَرُونَ (24) وَاتَّقُوا فِتْنَةً لَّا تُصِيبَنَّ الَّذِينَ ظَلَمُوا مِنكُمْ خَاصَّةً ۖ وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ شَدِيدُ الْعِقَابِ (25) وَاذْكُرُوا إِذْ أَنتُمْ قَلِيلٌ مُّسْتَضْعَفُونَ فِي الْأَرْضِ تَخَافُونَ أَن يَتَخَطَّفَكُمُ النَّاسُ فَآوَاكُمْ وَأَيَّدَكُم بِنَصْرِهِ وَرَزَقَكُم مِّنَ الطَّيِّبَاتِ لَعَلَّكُمْ تَشْكُرُونَ (26) يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَخُونُوا اللَّهَ وَالرَّسُولَ وَتَخُونُوا أَمَانَاتِكُمْ وَأَنتُمْ تَعْلَمُونَ (27) وَاعْلَمُوا أَنَّمَا أَمْوَالُكُمْ وَأَوْلَادُكُمْ فِتْنَةٌ وَأَنَّ اللَّهَ عِندَهُ أَجْرٌ عَظِيمٌ (28) يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِن تَتَّقُوا اللَّهَ يَجْعَل لَّكُمْ فُرْقَانًا وَيُكَفِّرْ عَنكُمْ سَيِّئَاتِكُمْ وَيَغْفِرْ لَكُمْ ۗ وَاللَّهُ ذُو الْفَضْلِ الْعَظِيمِ﴾

“Эй момундар, Аллах жана Анын пайгамбары силерди түбөлүк жашоо бере турган нерсеге (динге) чакырган убактысында аны кабыл алгыла жана билип койгула, албетте, Аллах ар бир киши менен анын дилинин ортосун ээлеп турат жана Анын алдына топтолосуңар. Ошондой эле жалаң залим адамдардын өзүнө гана тийбей (тескерисинче, жалпыга тие турган) балээден сактангыла! Дагы билип койгула, албетте, Аллахтын азабы катуу. Дагы силер жерде азчылык жана алсыз

болгон чагыңарда, адамдардын талап кетүүлөрүнөн коркуп турган чагыңарда силерге жай берип, Өз жардамы менен колдоп-кубаттаганын жана шүгүр кылышыңар үчүн пакиза нематтардан ырыскы кылып бергенин эстегиле! Эй, момундар, Аллах жана Анын пайгамбарына кыянат кылбагыла жана билип туруп силерге ишенип берилген нерселерге (дин жана башка ар кандай аманаттарга) кыянат кылбагыла! Билип койгула, албетте, байлыгыңар жана бала-чакаңар бар болгону фитна-алдоо гана. Жалгыз Аллахтын алдында гана (Анын буйруктарына баш ийүүдө гана) улуу ажр-сооп бар. Эй, момундар, эгер Аллахтан корксоңор, силер үчүн чындык менен жалганды ажырата турган Туура Жол берет жана жамандыгыңарды-күнөөңөрдү өчүрүп, силерди кечирет. Аллах улук фазл-берешен, жоомарттык ээси. (Анфал, 24-29). ❑

МУСУЛМАН ӨЛКӨЛӨРҮНДӨГҮ ИСЛАМ ЖАНА СЕКУЛЯРИЗМ ТУУРАЛУУ ЧОҢ ЖАЛГАН

Др. Яхъя Хасан – Йемен

Саясий жана медиа чөйрөлөрдө кеңири тараган эң чоң калптардын бири – мусулман өлкөлөрүндөгү жакырчылыктын жана сабатсыздык Исламий топтор жана дин адамдары себептүү деген доомат. Бул жалганды көптөгөн интеллигенттер жана журналисттер жайылтып, Исламдын жашоо образын бурмалоого жана учурдагы караңгы чындыкты актоого аракет кылышат. Алар "динди мамлекеттен бөлгөн секулярдык система гана чечим" деген түшүнүктү таңуулашат. Бул пикирлерди таратып жаткан күчтөр негизинен, азыркы системанын өзгөрүүсүз калышын көздөгөндөр.

Бирок секуляристтер билмексен болуп, жашырууга аракет кылган чындык - араб дүйнөсүн жүз жылдан ашуун убакыттан бери секулярдык режимдер башкарып келе жаткандыгы. Түркиядан баштап, Мисир, Сирия, Ливан, Тунис, Марокко, Судан, Йемен жана Перс булуңундагы өлкөлөрдүн баары өз саясатында секулярдык конституцияларды кабыл алышкан. Кээ бир мамлекеттер элге көрүнүш үчүн Исламдык ураандарды колдонгону менен, чындыгында араб дүйнөсүндөгү башкаруу системалары толук секулярдык негизде иштейт жана бүгүнкү күндө да Үммөттүн тагдырын ушул системалар чечүүдө.

Чындыгында, араб же Ислам дүйнөсүндө толук шариятты колдонгон бир да мамлекет жок. А түгүл, "Ислам – чечим" деген ураандарды көтөргөндөр да андан алыстап кеткен. Бул мамлекеттер шарияттын ордуна Батыштын секулярдык мыйзамдарын кабыл алышкан. Бул болсо коррупцияны, жакырчылыкты жана сабатсыздыкты күчөтүүдөн башка эч нерсе берген жок. Башкаруучулар болсо Үммөттүн байлыктарын өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланып, аларды бийликте кармап турган Батыштын колдоосуна таянышты.

Ислам мамлекетти башкарууга жараксыз деп айыптагандар жана "секуляризм гана чечим" деп ойлогондор төмөнкү чындыкты түшүнүшү керек: Эгерде Ислам кандайдыр бир мамлекетте толук колдонулса, анда ал жерге адилеттик жана гүлдөп-өнүгүү алып келет. Ислам – бул жөн гана жеке ибадаттардын жыйындысы эмес, саясатты, экономиканы жана коомду камтыган толук жашоо системасы. Эгерде мусулман өлкөлөрүндөгү башкаруучулар ийгиликке жетишпесе, бул Исламдан эмес, алардын өздөрүнүн коррупциясынан жана элдерин көзөмөлдөп, байлыктарын соргон колониалдык системага моюн сунгандыгынан улам болду. Бүгүнкү мусулмандардын башынан өткөрүп жаткан абалы – бул секулярдык

системанын түздөн-түз натыйжасы, ал билим берүүдө, экономикада жана саясатта Үммөттү артка тартты.

Мунун далили, бүгүнкү көйгөйлөргө шариятты толук колдонгон бир да Ислам мамлекети жок. Ислам чыныгы дин, ал адам укуктарын камсыз кылат. Халифалык мамлекети Исламды толук колдонгон учурда чыныгы гүлдөп-өнүккөн жана адилеттик өкүм сүргөн.

"Ислам башкарууда ийгиликке жете алган жок" деген сөз негизсиз жана толугу менен четке кагылууга тийиш. Эгерде башкарууда чыныгы ийгиликсиздикти көргүбүз келсе, анда араб өлкөлөрүндөгү бүгүн башкарып жаткан секулярдык системаларга көз чаптырышыбыз керек. Бул системалар көпчүлүк учурда элдин кызыкчылыгынан мурда жеке жана топтук кызыкчылыктарды көздөгөн курал болуп калган. Алар Ислам алып келген адилеттик концепциясын кабыл албайт жана элдин жыргалчылыгы менен укуктарын коргоого умтулбайт. Тескерисинче, бул системалар адилеттүү, шариятка негизделген мамлекет куруунун ордуна зомбулукту жана коррупцияны тандашты.

Акырында, бул жалган көз карашты тараткандарга айтаар сөз:

Силер Үммөттү алдап жатасыңар! Бүгүнкү күндөгү ийгиликсиздиктерге Исламдын эч кандай тиешеси жок. Мусулмандар эч качан секуляризмге же капитализмге муктаж болгон эмес. Тескерисинче, алар Исламды чыныгы маанисинде колдонууга кайтууга муктаж. Исламды элге толук жеткирүү керек, ал эми аны саясатташтырып, анын негизги баалуулуктарын бурмалоо туура эмес. Эгерде мусулмандар чын дилден жана чечкиндүүлүк менен Исламга кайтып келишсе, Үммөт туура жолго түшүп, өнүгүүгө жана гүлдөп-өсүүгө багыт алат.

Ошондуктан, бул жалгандарды жайылткандарга кайрылып айтаарым:

Бизге шариятты толук колдонуп, бирок адилеттик менен гүлдөп-өсүүгө жетишпеген бирер Ислам мамлекетин көрсөтө аласызбы? Биз жоопту күтөбүз! Бирок чындык мындай: эгерде Ислам туура колдонулса, анда ал адилеттикти орнотуп, бүткүл дүйнөгө жакшылык таратат. Ислам мамлекети он үч кылым бою өкүм сүрүп келген, бул эч кимге жашыруун эмес. Ал жакында, иншаАллах, Пайгамбарыбыз ﷺ бизге сүйүнчүлөгөн Пайгамбарлык минхажындагы туура жолдогу Халифалык катары кайрадан кайтып келет. Азыр бизди темирдей катуу жана зулумдук менен башкарган бул секулярдык идеялардан арылуунун мезгили жакындап калды.

Аллах Таала бизди чындыкта бекем кылсын жана ал күн жакындашын насип этсин! ❑

СИРИЯ РЕЖИМИ, СЕКУЛЯРИЗМДИН ЖЕҢИЛИШИ, ӨЗГӨРҮҮНҮ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА КАЙРАДАН РОШИД ХАЛИФАЛЫКТЫ ОРНОТУУ

Ахмад Муаз – Сирия

Сириянын бузук режими кулашы Үммөттүн тарыхында маанилүү белги болуп, Аллах зулумга учурагандар менен дайыма бирге экенин тастыктады. Бул окуя мусулмандардын революциялары өлбөгөнүн жана Үммөттүн уулдары көтөрүп чыккан Исламды кайра жашоого алып келип, анын дүйнөгө болгон кабарын улантуу долбоору токтоп калбаганын далилдеди. Бул долбоорду жайылтууну токтотуу жана анын жалынын өчүрүү үчүн тынымсыз аракеттер жасалганы менен, Ислам жана материалисттик капиталисттик идеологиянын ортосундагы цивилизациялык күрөш уланууда. Бул күрөштө Сирия өзгөчө мааниге ээ, анткени ал Шам аймагынын жүрөгү болуп саналат.

Сириядагы акыркы жылдардагы күрөш Ислам Үммөтү өзүнүн ролун жана мамлекетин кайра калыбына келтирүүгө умтулган күчтөр менен дүйнөлүк капиталисттик империализмдин, анын ичинде АКШ баштаган державалардын ортосундагы цивилизациялык кармашты чагылдырат. Албетте, бул режимдин кулашы — Аллахтын мусулмандарга көрсөткөн чоң жардамы. Бул жолдо алар душмандарынын жана жасалма досторунун ар тараптуу кысымына туш болушту.

Он төрт жылга созулган таң калычтуу туруктуулуктун аркасында күрөштүн маанилүү этабы аяктады. Бул Ирандын Сириядагы таасиринин күтүүсүз жана шылдыңдуу түрдө жоголушу, ошондой эле Ливандагы Иранга байланышы бар партиянын (Хизбуллах) согуштук сахнадан четтетилиши менен аяктады. Иран жана анын партиясы Үммөттүн Ислам бийлигин калыбына келтирүү жана мамлекетин орнотуу долбоорунун негизги каршылаштары жана куралдары болуп келген.

Шамдагы берекелүү революцияга каршы күрөштүн башкы аскердик куралдарынын кыйроосу аймакка чоң таасирин тийгизет. Сириядагы революциянын негизги максаты, режимди кулатып, анын ордуна Халифалыкты орнотуу болгондуктан, бул идея дүйнөнүн ар кайсы бурчундагы күчтөрдүн уйкусун бузду. Дүйнөлүк державалар аны алдын алуу үчүн бардык аракеттерин жумшап, аскердик жол менен басуу үчүн эң ыплас ыкмаларды колдонушту. Алардын ичинде сектанттык кагылышууларды күчөтүү чоң роль ойноду.

Ошондой эле, АКШнын саясий багытында жүргөн Түркия режими да чоң ролду аткарды. Ал Сириядагы революцияны көзөмөлгө алып, эл аралык күчтөрдүн эркине каршы чыкпашы үчүн Американын көрсөтмөсү менен аракеттенди. Мунун максаты, Шамда секулялизмдин кыйрашына жол бербөө болгон. Ирандын аскердик аракеттеринин ийгиликсиздигинен кийин Түркия режими алдамчылык жана амалкөйлүк жолу менен бул ролду колго алды.

Демилитаризацияланган аймактар жана эл аралык конференциялардын чечимдери Шам революциясынын артка кетишине чоң таасирин тийгизди. 2016-жылы Иран менен Россия Алеппону көзөмөлгө алган, андан кийин Гута, Хомс жана Дараадагы аймактар кулап, 2019-жылдын аягында Хаманын түндүгү менен Идлибдин чыгышындагы райондор да колдон чыкты. Бул окуялар менен кошо түрдүү кылмыштар жана кыргындар жасалды. Алардын бир бөлүгүн Сиднайя абагындагы окуялар чагылдырып турат.

Кийинчерээк Путин, эгерде анын досу Эрдоган жардам бербегенде, Алеппону кайтарып алуу мүмкүн эместигин моюнга алды. Бул тууралуу анын айткандары жана жазылган маалыматтар эмес, реалдуу окуялар айкын көрсөтөт. Эрдоган акыркы учурга чейин, жада калса «Чабуулга каршылык» операциясы башталаар алдында да элди Түркияга чакырып, Сириядагы секулярдык режимди сактоону кепилдеген 2254-резолюцияны аткарууга үндөп жатты.

«Чабуулга каршылык» операциясы революция адамдардын жүрөгүндө канчалык бекем орногонун көрсөттү. Жихадчылар эскирип, кыйрап калган режимдин калдыктарын жок кылып, акыры бул согуш бузгунчу режимдин кулоосу жана ондогон жылдарга созулган зулум жана кылмыштын жоголушу менен аяктады. Көптөр бул согуштун натыйжасы күтүлгөндөн да чоң болгонун белгилешет, бул Аллахтын мээрими менен, чыныгы мухажирлердин жана жихадчылардын эрдигинин берекеси.

Бирок Түркия режими Сириядагы секулярдык системанын улануусуна кызыкдар. Ал Дамасктагы жаңы жетекчиликке ар кандай кеңештерди жана көрсөтмөлөрдү берип, Исламга умтулган жихадчыларды жана Сириядагы Халифалык долбоорун басуу үчүн аракет кылууда. Бул долбоор Америкадагы чечим кабыл алуучу чөйрөлөр үчүн олуттуу коркунуч туудурат. Анткени ал Сириядагы калк арасында кеңири колдоо таап, революционерлер менен жихадчылар арасында популярдуу болуп калган. Ушундан улам,

Түркия режими өзүнүн куралдары аркылуу бул долбоордун ишке ашуусуна тоскоолдук кылып, анын өкүлдөрүнө басым жасоодо.

Бүгүнкү күндө Америка Сирияда «түрк модели» деп аталган ыкманы кайрадан колдонууга аракет кылууда. Бул стратегия чоң медиа-пропаганда жана манипуляциялар менен коштолуп, араб мамлекеттери, өзгөчө Перс булуңундагы өлкөлөр жана Египет менен тыгыз координацияланууда. Бул пландын максаты – Шам элин өздөрүнүн намысына жана кадыр-баркына жетелеген Ислам бийлигинен алыстатуу. Алар Аллахтын өкүмүн орнотуу жана ыраазылыгына жетүү үчүн каны-жанын аябай күрөшүп келишкен.

Соңку жыйырма жыл ичинде Ислам дүйнөсүнө таңууланган «түрк модели» эл аралык кызыкчылыктарга жана глобалдык системага кызмат кылган үлгү болуп калды. Азыр аны Сирияда кайталап, демократиялык жарандык өкмөт түзүү жана «жумшак секуляризм» орнотуу аракети жүрүүдө. Американын колдоосуна татыган, шектүү ролдорду ойногон жана ар кандай саясий кырдаалдарда өз позицияларын өзгөртүп, шариятка каршы кадамдарды жасаган фигураларды бийликке алып келүү максаты коюлган. Бул адамдар Сирия революционерлерине жана жихадчыларына каршы көптөгөн кылмыштарды жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Ошондуктан Америка Сирияда Ислам бийлиги орношун жана Халифалыктын кайра тикеленишин болтурбоо үчүн бардык мүмкүн болгон кысымдарды жасоодо. Бул стратегия түрк режими менен араб мамлекеттеринин ортосунда убактылуу дипломатиялык жана медиа-чатактарды жаратуу менен коштолуп, акырында Сириянын азыркы жетекчилигин расмий таануунун жана БУУнун мүчөлүгүнө кайтарууга жол ачуу максатын көздөйт.

Аймактагы мамлекеттердин жана эл аралык системанын Исламдын кайра бийликке келүүсүн кечеңдетүүгө болгон аракеттери, Аллахтын уруксаты менен, алардын өз башына тиет. Анткени биз капиталисттик система өзүн-өзү жемирип, жок болуу алдында турганын жакшы билебиз. Бул системанын акыр-аягы кыйроо жана кулоо.

Бүгүнкү мусулмандар жүз жыл мурдагыдай эмес. Азыркы доордун негизги өзгөчөлүгү аң-сезимдин ойгонушу. Дал ушул аң-сезим Батыштын ондогон жылдар бою пландап келген схемаларын бир нече жылда жок кылды. Шам элинин бекем позициясы «каршылык көрсөтүү» жана «алдамчылык» блокторун ашкерелеген сыяктуу эле, анын артындагы бардык жасалма концепцияларды да кыйрата берет.

Революциялардын «тарыхый агымдарды» жок кылгандан кийинки баскычы, Үммөттүн саясий аң-сезиминин жогорку деңгээлге жетиши болуп эсептелет. Бул аң-сезимдин алдында ар кандай чыккынчылар да, алдамчылар да туруштук бере албайт. Анткени өнүгүү туура принциптерге, бекем негиздерге жана туруктуу базага таянбаган учурда, өзгөрүүлөрдүн шамалы аны оңой эле кыйратат. Түркия моделин көчүрүүгө аракет кылгандар мактаган жасалма «өнүгүү көрүнүштөрү» жана көз боёмочулук фактылары, акыйкатка карама-каршы келет. Ошондуктан, бул курулуштар тез эле кыйрап, аны кургандардын башына түшөт.

Сирия маселесин талдап, ага кийлигишкен күчтөрдү карап жатканда, биз яхудий мамлекетинин ролун да унутпашыбыз керек. Мусулмандар өз абалын өзгөртүп, секулярдык диктатуралардын караңгы доорунан чыгууга аракет кылып жатканда, Перс булуңу мамлекеттери, айрыкча Сауд Арабиясы менен Бириккен Араб Эмираттары яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштыруу долбоорун жүргүзүүдө. Алар бул процессти бардык мүмкүн болгон күчтөр менен жайылтууга жана яхудий мамлекетин аймакка сиңирүүгө аракет кылышууда.

Бирок, бул аракеттер ишке ашпайт, анткени яхудийлердин менталитети өздөрүн-өздөрү кыйратууга алып келет. Мусулмандар үчүн Палестинанын ыйык жери акыйдабий маселе болуп эсептелет. Ал Куран аркылуу Үммөттүн аң-сезимине бекем орноп калган жана андан баш тартууга мүмкүн эмес.

Ошого карабастан, Сауд Арабиясы, Бириккен Араб Эмираттары, Египет жана Иордания бул нормалдашуу процесси менен алектенип жатышат жана Асад режими кулагандан кийин Сирияны дагы ушул багытка тартууну көздөп жатышат. Бирок, бүткүл Үммөт бул мыйзамсыз режимди кабыл алуудан баш тартып, ага жок кылынууга тийиш болгон империалисттик рак шишиги катары карайт.

Ошол эле учурда, араб мамлекеттеринин саткын башкаруучулары бул баскынчылар менен ачык алака түзүп жатышат. Муну көргөн айрым мусулмандар Иран режими ойноп жаткан «каршылык» образынан таасирлениши мүмкүн. Бирок, Шамдагы берекелүү революция Ирандын жүзүн ачып, аны Үммөттүн аң-сезиминен сүрүп чыгарды. Ошондой эле, «Акса ташкыны» Ирандын жалган ураандарын жана беткаптарын дагы бир жолу ачып берди.

Араб мамлекеттеринин жана Түркиянын Сириядагы секуляризмди сактап калуу үчүн жасап жаткан аракети Америка

менен яхудий мамлекети көзөмөлдөгөн кийинки баскычтын негизги мүнөздөмөсү болуп саналат. Бул аракеттер Шамдагы революциянын негизги принциптерин жок кылуу, аны тескеп, аймактык мамлекеттер менен элдештирүү аркылуу «туруктуулукту» камсыз кылуу максатын көздөйт. Бул «мамлекетти кайра куруу» деген шылтоо менен жүргүзүлүп, аны аймактык күчтөрдүн саясатына шайкеш келтирүү, яхудийлердин мамлекети менен эл аралык системанын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн ишке ашырылып жатат.

Ошол эле учурда, Ислам Үммөтүнүн жүрөгүндө чыныгы өзгөрүүлөрдү жүзөгө ашыруу каалоосу күчөп, ал Сайкс-Пико чек араларын жок кылып, Үммөттү Аллахтын, Анын Элчисинин ﷺ жана момундардын каалоосуна ылайык бириктирүүнү максат кылууда. Бул Сирияда таңууланып жаткан долбоорлордун көмүскө максаттарынын бири болуп эсептелет, анткени бул аракеттердин Үммөттүн аң-сезимине чоң психологиялык таасири бар. Шамдагы революциянын жеңиши жана залим бийликтин кулашы Ислам дүйнөсүн кубанычка бөлөдү жана бардык мусулмандар Шам элинин саткын башкаруучулар бузуп жиберген нерселерди оңдоосун, Ислам Үммөтүн секулярдык жана улутчулдук зулум системаларынан куткаруучу лидер болушун каалашат.

Шам тарых бою Исламды жок кылууга багытталган кол салууларга каршы туруу менен таанылып келген. Ал Үммөттүн калканы болуп, дайыма урандылар арасынан кайра көтөрүлүп, курмандыктарга барып, тарыхты туура багытка бурган. Сирия ар дайым цивилизациялардын кесилишинде турган жана азыр тарыхый чечим кабыл ала турган баскычта турат. Ал же шариатты кайрадан жол көрсөткөн чырак кылып көтөрүп, Үммөттү ойготуп, аң-сезимдүү күрөшкө жетелеп, ондогон жылдар бою уланып келген зулумду жана диктатуралык бийликти кулатат же болбосо мурунку ийгиликсиз аракеттердин катарына дагы бир жеңилүү катары кирип калат.

Бирок бизге белгилүү болгондой, Шам Исламдын борбору. Ошондуктан, Шам эли, айрыкча мужахиддер, Аллахтын буйругуна бекем туруп, ар кандай кызыкчылыктарга жана азгырыктарга баш ийбестен, иштердин келечектеги натыйжаларын аңдап-сезүү менен күрөштү улантуулары керек. Шам кайрадан момундардын чордону жана Гута мужахиддердин аттары байлана турган жер болмоюнча, күрөш токтобойт. Анткени Палестинаны жана Ал-Акса мечитинин аймагын эч ким бошотпойт жана кайра кайтарбайт, мындан башка чара жок – бул Пайгамбарлык минхажы боюнча курулуучу рошид Халифалык. Ушундай улуу максат үчүн аракет кылыш керек! ❑

КОММУНИЗМ ӨЗ МАМЛЕКЕТИН КУРА АЛАТ, АЛ ЭМИ ИСЛАМ ҮММӨТҮ МУНУ КЫЛА АЛБАЙБЫ?!

М. Висам Атраш – Тунис

Кириш сөз

Акылы тунук жана табияты таза адам үчүн он беш ай бою согуштун токтобой уланышы, күнү-түнү адам өлтүрүүчү машинанын Газадагы күнөөсүз адамдарга каршы кылмыштарды жасашы түшүнүксүз көрүнүш болушу мүмкүн. Ар бир көз ирмемде жүрөктүн үшүн алган окуялар болуп, аларды сөз менен сүрөттөө мүмкүн эмес. Бул бүтпөгөн түштөй көрүнүп, ар бир кыргын кан менен жазылган жаңы бир өлүм жарыясын жарыялап жаткандай. Ал эми айрымдары болсо алсыздарды коргоо милдетинен качып, кан менен чачылган дене мүчөлөрүнө көзү көнүп, унчукпай турушат. Айрыкча, бул аймакты курчап турган армия башчылары, колонизаторлордун өкүлдөрү аларды шерменде жана кор болгон абалда кармап турууну каалап келгендей. Бирок Аллах Таала асмандын жети кабатынан мындай деп буйрук кылган:

﴿وَإِنِ اسْتَنصَرُوكُمْ فِي الدِّينِ فَعَلَيْكُمُ النَّصْرُ﴾

«Эгер алар дин жолунда силерден жардам сурашса жардам кылуу силердин мойнуңарда». (Анфал, 72).

Биз алардын жүрөгүндөгү калган ыймандан улам, алардын уятнамысын ойготууну үмүт кылабызбы? Же аларды тирүү туруп жок болуп кеткендер катары жоктоп коюшубуз керекпи? Алардын эң жакшысы дагы согуш талаасынан качып, иш жүзүндө баскынчылар менен тил табышып алгандай көрүнүүдө. Алардын абалы Газадагы боордошторуна: "Силердин алдыңарда деңиз, артыңарда душман турат" деп тургандай. Алар өздөрүн Салахуддиндин (рахматуллахи алейх) жасаган ишине салыштырып көрсө, канчалык кемчиликтүү экенин түшүнүшмөк.

Бар болгону 40 км аралыктагы кичинекей жээк тилкеси бүткүл Исламга каршы жүргүзүлүп жаткан дүйнөлүк согуштун борборуна айланды. Бул согушта эң кубаттуу куралдар, согуш кемелери, учактар, заманбап технологиялар менен жабдылган дрондор колдонулуп жатат. Ал эми эң мыкты чалгындоо органдары бул согушта катышып, "памперс" кийген аскерлерге жардам берип, аларды танктар менен алдыга сүрөп жатат. Мечиттерди бомбалоо, минбарларды тебелөө, Курандарды өрттөө жана Аксаны кордогон учурлар – булар "цивилизациялар кагылышынын" бир бөлүгү гана. Бул фашизм менен нацизмден да ашып түшкөн окуялар, азыркы

"цивилизациялуу" капиталисттик дүйнөнүн чыныгы жүзүн ачып берүүдө.

Ислам Үммөтү бүгүн өзүнүн вазыйпасынын алдында гана турбастан, өзүнүн чыныгы абалын күзгүдөн карагандай көрүп турат. Ал кыйынчылыкты, алсыздыкты, уятсыздыкты жана Ислам өкүмдөрүнөн алыстоо себептүү түшкөн даражасын ачуу түшүнүп жатат. Бул абалдын себеби Исламдын башкаруу системасы жокко чыгарылганында. Натыйжада, Үммөт өзүнүн аскерлерин согуш талаасынан чыгарып таштап, таштандыларды тазалап, жашылча сатууга жөнөтүүгө макул болуп калды. Аскердик даярдыктарын болсо курулай машыгууларга гана сактап калууда.

Ал эми Аллах тарабынан Исламдын туу чокусу (жихад) менен улуу кылынган бул Үммөт, залим өкүмдарлардын башкаруусуна баш ийип, отуруп калууга кантип макул боло алат? Аллах Таала мындай дейт:

﴿النَّارِ ذَاتِ الْوَقُودِ ۝ إِذْ هُمْ عَلَيْهَا قُعُودٌ ۝ وَهُمْ عَلَى مَا يَفْعَلُونَ بِالْمُؤْمِنِينَ شُهُودٌ ۝ وَمَا نَقَمُوا مِنْهُمْ إِلَّا أَن يُؤْمِنُوا بِاللهِ الْعَزِيزِ الْحَمِيدِ﴾

"(Өзүнө ыргытылган адамдардын денелеринен турган) «отундуу» алоо - (ошол алоо балбылдап жанып жаткан) чуңкур ээлери жок кылынды! Ошондо алар ошол (чуңкур)дун үстүнө олтуруп алган жана момундарга кылып жаткан иштерине өздөрү күбө болушкан эле. Алар (момундардан) ал (момун)дар кудурет жана мактоо Ээси болгон Аллахка – асмандар жана Жердин падышалыгы Ага таандык болгон Затка ыйман келтиргендери үчүн гана өч алышты! Жана жалындаган от, алар анын үстүндө отурушат. Алар момундарга кылган иштерине күбө болушат. Алардан жек көргөндүгү – алардын бир гана Аллахка, Азиз, Хамид болгон Затка ишенгени үчүн эле." (Буруж: 5-8).

Бул абал "адамзатка чыгарылган эң жакшы Үммөт" үчүн ылайыктуубу? Ибн Аббастан (разияллаху анху) риваят кылынган хадисте мындай делет: «الْإِسْلَامُ وَالسُّلْطَانُ أَخَوَانِ تَوْأَمَانِ، لَا يَصْلُحُ وَاحِدٌ مِنْهُمَا إِلَّا بِصَاحِبِهِ، فَالْإِسْلَامُ أُسُّ وَالسُّلْطَانِ حَارِسٌ، وَمَا لَا أُسَّ لَهُ مُنْهَدِمٌ، وَمَا لَا حَارِسَ لَهُ ضَائِعٌ»؟

"Ислам жана бийлик – эгиз бир туугандар. Алардын бири экинчисисиз толук болбойт. Ислам негиз, ал эми бийлик – анын коргоочусу. Негизсиз нерсе кыйрайт, ал эми коргоочусуз нерсе жок болот". (Дайлами риваяты).

Анда, кантип бул трагедияны жана бардык мүшкүлдөрүбүздү чечип, кутулууга жол табабыз? Кафир күчтөр Үммөттү ар тараптан курчап алып, империалисттер аркылуу бизди

көзөмөлдөп, яхудий мамлекетин коргоо үчүн биздин аймакта күзөт кылып жатышат. Алар биздин ырыскыбызды жана керек болсо өмүрүбүздү да жок кылууга даяр турушат. Бул – Үммөттү жана анын динин жок кылуу максатындагы аракеттердин бир бөлүгү гана!

Чыныгы өзгөрүү тууралуу олуттуу ой жүгүртүү

Үммөттүн акылдуу инсандарын да таң калтырган алааматтар орун алып, Үммөттүн уул-кыздары үмүттүн алсыз бир шооласын издеп, сансыз суроолор менен баш катырууда. Согуштун кара булуттары каптап, өлүмдүн жыты жайылып, алсыздык биз үчүн жазылган тагдыр болуп калгандай көрүнүп турат. Бирок, дагы да өлбөгөн үмүт бар, ал Үммөттүн жүрөгүндө акырын соккон бир тамырдай жашап турат. Ал Исламдын башкаруусу менен кайрадан кучакташып, Исламий жашоо калыбына келчү, динге мурдагы улуулугун кайтарчу күндү күтүп турган үмүт. Бул күн келсе, корккондор менен чыккынчылар да Аллах Таала Ислам Үммөтүн жардамсыз калтырбастыгын, жеңиш ыйман жана сабыр менен келишин жана акыры ийгилик такыбалар үчүн экенин көрүшөт. Аллах Таала мындай дейт:

﴿تِلْكَ مِنْ أَنبَاءِ الْغَيْبِ نُوحِيهَا إِلَيْكَ مَا كُنتَ تَعْلَمُهَا أَنتَ وَلَا قَوْمُكَ مِن قَبْلِ هَذَا فَاصْبِرْ إِنَّ الْعَاقِبَةَ لِلْمُتَّقِينَ﴾

"(Эй, Мухаммад), булар Биз сага вахий кылып жаткан кайып кабарлардан. Мурда буларды сен да, коомуң да билбейт эле. Демек, (чыныгы динге чакырууда кафирлердин запкысына) сабыр кыл. Албетте акыбет Аллахтан корккон кишилерге таандык". (Худ: 49).

Бул – Худ сүрөсүндөгү Аллахтын сөзү. Пайгамбарыбыз ﷺ бул сүрө тууралуу: «شَيَّبَتْنِي هُودٌ وَأَخَوَاتُهَا»

"Мени Худ жана анын эже-сиңдилери картайтты" - деп айткан. Ошондуктан, кыйынчылыктын бороону катуу согуп, түндөрдүн караңгылыгы күчөгөндө, жарык шам сыяктуу келип, караңгылыктын бир бөлүгүн таратып, кулакка акырын шыбырайт: "Ар бир караңгы түндүн артында жаркыраган таң бар". Чыныгы момун эч качан үмүтүн үзбөйт, анткени ал жүрөгүндө үмүт менен өзгөрүүнүн үрөнүн көтөрүп жүрөт. Канчалык мүшкүлдөр күч алып, кайгы басса да, алар Аллахтын жардамы менен бат эле тарап, жеңилдикке жол ачыларына ишенет. Аллах Таала айтат:

﴿قَالَ وَمَنْ يَقْنَطُ مِنْ رَحْمَةِ رَبِّهِ إلا الضَّالُّونَ﴾

"Ал: «Роббисинин берешен мээримине адашкан адамдар гана үмүтсүз болушат" – деди". (Хижр: 56).

﴿وَلَا تَيْأَسُوا مِنْ رَوْحِ اللهِ إِنَّهُ لَا يَيْأَسُ مِنْ رَوْحِ اللهِ إِلَّا الْقَوْمُ الْكَافِرُونَ﴾

“Аллахтын мээриминен үмүтсүз болбогула. Анткени Аллахтын мээриминен кафир коом гана үмүтсүз болот”. (Юсуф: 87).

Демек, иш ишеним таразага салынганда бүткөн, бул талашсыз, анткени жеңиш жана үстөмдүк Исламдыкы экенин көрсөткөн аят-хадистер өтө көп.

Ислам душмандары Үммөттүн жеңишке жетүүсүн кечеңдетүүнү, ой жүгүртүүсүн шал кылып, ойгонуу аракеттерин токтотууну максат кылышууда. Бул – Үммөттүн ыйман жана акыйда негизинде руханий өскөн ой жүгүртүүсүнө тоскоолдук кылуу аракети. Бирок, Газадагы согуш менен катар келген катуу силкинүү Үммөттө сөзсүз түрдө ойгонуу пайда кылды. Аларда түп-тамырынан өзгөрүү жана колонизаторлук эзүүдөн биротоло кутулуу үчүн жалпы сезим күчөдү. Бул кадам менен Газадагы трагедия болобу, Ислам жерлериндеги башка мүшкүлдөр болобу, эч качан кайталанбоосу керек!

Көңүлүндө Исламий идея бекем орун алып, ар бир кыймылы аң-сезим жана түшүнүк менен жүргүзүлгөн инсандар, Исламдын жер жүзүндө жашоо образын кайрадан орнотууну максат кылгандар, айланасындагыларды ойготуп, аларга дем берүүгө милдеттүү. Алар адамдардын аң-сезимин козгоп, түшүнүгүн тунукташтырып, Ислам менен жашоону кайра баштоо жана Ал-Акса мечитин яхудийлердин булганычынан арылтуу жолун жарык кылууга тийиш. Бул оор сыноодон өткөн соң, элдин жүрөгүндө үмүт кайра тирилүүгө тийиш, ал эми шек саноочулар менен коркоктор Ислам идеясына жана анын жол-жоболоруна каршы чыга албай калышы керек. Анткени аң-сезимдүү топко жана бул улуу милдетти мойнуна алган алдыңкы партияга каршы катаал сын айтып, аскерлердин ак ниет жетекчилери менен партиянын ортосуна жарака салууну каалагандар чындыгында, бүткүл Үммөттү алсыз бойдон калтырууну, анын жанданышына жана кайрадан бийиктикке чыгышына жол бербөөнү көздөгөндөр.

Бирок биз Аллахтын жардамы жана жеңиши эң оор учурда, эң чоң сыноолордо келет деген ишенимдебиз.

Ал эми өзгөрүү тууралуу олуттуу ой жүгүртүү маселесинде, Үммөт ичинде таасирдүү жана кубаттуу күчтөрдүн – эң оболу аскерлердин – Исламга жана мусулмандарга жардам бербей жатышы адамды таң калтырбай койбойт. Бул маселе бизди аң-сезимди ойготуп, Үммөттү руханий жана пикирий кулчулуктан куткаруучу чечимдерди издөө зарылдыгына жетелей турган суроолорго түртөт. Себеби, капитализмдин үстөмдүгү жана

бурмаланган демократиянын жалган ураандары менен курулган саясий системалар, бизди өлүм алдында жаткан денеге айлантты. Биз Батыш колонизаторлору куруп кеткен жасалма чек аралардын ичинде муунуп жатабыз.

Ошондуктан, биз Газадагы согуштун жана Ислам дүйнөсүндө кеңири жайылган идеологиялык чабуулдун фонунда, бир катар терең суроолорду коюуга аргасыз болдук. Алардын ичинен эң чагылуучу жана атайын тандалган суроо төмөнкүдөй:

Коммунисттик идея Советтер Союзунун пайдубалын түптөп, ондогон жылдар бою дүйнөдөгү эң күчтүү мамлекетке каршы турушуна алып келсе, эмне үчүн мусулмандар өздөрүнүн вакыйлыгын өзгөртүп, Ислам мабдасына негизделген мамлекетти тикелей албай жатышат? Алар эмне үчүн Америкага жана анын бул аймактагы таянычы болгон түзүмдөргө каршы тура албай жатышат?

Большевиктик революция: Коммунисттик мамлекетти куруу жолу

Өткөн кылымдын башында Марксисттик идея Орусиядагы айыл чарбасына негизделген коомдо пайда болду. 1917–1939-жылдар аралыгында коммунисттик жана социалисттик идеяларды мамлекет өзүнө негиз катары кабыл алып, өлкөнү дүйнөдөгү күчтүү державалардын катарына кошту. Бул идея немис философу Карл Маркстын акылына келген жөнөкөй философиялык ойдон башталган. Ал өзүнүн атеисттик багыттагы идеяларын иштеп чыгып, аалам жөн гана материя, ал эми аны өнүктүрүүчү фактор – материалдык эволюция деп түшүндүргөн. Маркс бүткүл ааламды, адамды жана тирүүлүктү Жаратуучуга байланышы жок деп эсептеген.

Маркс өзүнүн экономикалык теориясын жана коомго болгон көз карашын ушул негизде түздү. Ошентип, бул идея жашоо, коом жана мамлекет үчүн бүтүндөй бир система болуп калды. Бирок анын ичинде интеллектуалдык алсыздык, концептуалдык бурмалоо жана методологиялык карама-каршылыктар бар болчу. Ал эми табият мыйзамдарына каршы келген мүнөзү аны коомго ылайыксыз кылды. Ошого карабастан, бул идея мамлекеттин пайдубалы болуп, аны башка элдерге жайылтуу үчүн цивилизациялык долбоор катары каралды.

1848-жылы Карл Маркс жана анын шериги Фридрих Энгельс *«Коммунисттик Манифест»* аттуу эмгегин жарыялашты. Бул китеп таптык күрөштү жана капитализмдин көйгөйлөрүн талдаган. Ал ошол доордун эң таасирдүү эмгектеринин бири болуп, советтик

блокту түзгөн коммунисттик кыймылдын идеологиялык багытын аныктаган. Лениндин айтымында, бул эмгек Марксисттик теорияны же «илимий социализм» концепциясын эң так жана даана баяндаган чыгармалардын бири болгон.

Маркс 1883-жылы көз жумган, анын тирүү кезинде идеяларына негизделген бир да мамлекет болгон эмес. Коммунисттик идеялар XIX кылымдын биринчи жарымынан тарта тарай баштады. Маркс өз чакырыгын Парижге, Брюсселге жана Лондонго алып барганы менен, бул кылымда бул идеяларга негизделген эч кандай революция болгон эмес жана бир да тарап бул долбоорду кабыл алган жок. Айрыкча, Маркс бул долбоордун өзөгү болот деп күткөн өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдө да андай болгон эмес. Анткени ал өлкөлөрдө өндүрүштүк күчтөр капитализмдин маал-маалы менен кайталанган кризистеринин шартында өнүккөн жана жумушчу табы олуттуу даражада чоң болгон.

Ошого карабастан, тарыхый чындык күтүлбөгөн өлкөдө биринчи ийгиликтүү коммунисттик революция болгонун көрсөттү. 1905-жылы падышалык Орусияда революция болду, бирок ал ийгиликке жеткен жок. Андан кийин 1917-жылы февралда дагы бир революция болду, ал да ийгиликке жеткен жок. Бирок большевиктер өз катарларын тез арада ирээттеп, ошол эле жылы, 1917-жылы октябрда үчүнчү революцияны жасап, Лениндин жетекчилиги менен бул жолу ийгиликке жетишти. Бул окуя коммунисттик идеяга болгон терең ишенимди жана дал ушул аймакта кайра-кайра аракеттенүүгө болгон чечкиндүүлүктү көрсөтөт. Чындыгында, Германия Ленин менен анын кыймылын колдогон, себеби ал Британия жана Франция түзгөн коалициядан Орусиянын чыгып кетишин каалаган. Ошондуктан, бул революцияга каршы чыккандар Британия жана Франция тарабынан колдоого алынган контрреволюциялык аракеттерди башташты. Бирок жаңы түзүлгөн коммунисттик бийлик 1920-жылы аларды жеңип чыкты.

Демек, большевиктик революциянын ийгилигинин сыры эмнеде жатат? Ал Батыштын капиталисттик цивилизациясынын адамзатка жетекчилик кылуу долбоорун үзүп, анын ордуна атаандаш өнөр жай мамлекетин кура алды. Бул мамлекет 1957-жылы дүйнөдө биринчи жолу жасалма жер спутнигин учуруп, АКШны таң калтырган. Атеисттик негизге курулган, жараксыз идея болгон коммунизмдин мындай ийгиликтерге жетишип, адамзатты башкарууга гана эмес, дүйнөлүк державалар менен тең

атаандашууга жетишүүсүнүн төрт негизги себеби бар жана алар көңүл бурууга арзыйт:

1. Акыйда

Коммунисттик идея, теориялык жана баштапкы деңгээлде аалам, адам жана жашоо жөнүндө толук түшүнүк берген идеяга айланды. Ал жаралуу маселесине жооп берүүгө аракет кылды (туура эмес болсо да) жана бүтүндөй ааламды материяга айлантып, материя түбөлүктүү деп эсептеди. Жада калса акылды да "материянын мээдеги чагылуусу" деп аныктаган. Бул дүйнө тааным коммунисттик мамлекеттин философиялык пайдубалына айланды. Ошондуктан Хизб ут-Тахрир "Тафкир" китебинде мындай деген:

"إن محاولة تعريف علماء الشيوعية للعقل، هو وحده الذي يمكن أن يستحق الذكر ويمكن أن يرتفع إلى مستوى النظر لأنها محاولة جدية، لم يفسدها عليهم إلا إصرارهم الخاطئ على إنكار أن لهذا الوجود خالقا".

“Ал эми коммунисттерге келсек, алардын таърифтерин гана айтууга арзыйт жана этибарга аларлык жактары бар. Анткени, ал олуттуу урунуу болгон, бирок, алар бүткүл барлыктын жаратуучусу бар экенин четке кагууда катуу туруп алуулары менен гана бул таърифти бузушкан. Эгер мына ошол кежирлик болбогондо, алар акылдын вакиъсин анык билүүгө жетишкен болушар эле”.

2. Пикирий жетекчилик

Коммунисттик философиянын негиздеринин бири – диалектикалык материализм. Бул түшүнүк коомдогу карама-каршылыктарды (айрыкча таптык жана экономикалык теңсиздиктерди) табигый нерсе катары карайт жана ошол карама-каршылыктар коомдун өнүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчү деп эсептейт. Коммунисттик идея ошол карама-каршылыктарды анализдеп, коомду өзгөртүүгө аракет кылат.

Ошондуктан, жалпы эл алдында, массалык маалымат каражаттарында талаш-тартыштар аркылуу пикир алмашуу материалисттик диалектиканын бир ыкмасы болуп саналат. Ал ыкма адамдарды ойлонууга мажбурлап, интеллектуалдык өнүгүүгө түрткү берген. Ушундай жол менен социалисттик, анын ичинде коммунисттик идея пикирий жетекчилик ролун аркалаган. Ал материализмге жана материалдык өнүгүүгө негизделген жана өзүнүн башкаруу системасын ошол идеяга таянып орноткон, ошол идеяны жайылтып, бардык жерде ишке ашырууга аракет кылган.

3. Мабдаий саясий партия

Марксисттик ой жүгүртүү башында жөн гана философиялык теория болгон. Бирок бул идеяны жаш юрист Владимир Ленин

кабыл алып, адвокаттык кесибин таштап, толук саясий ишмердүүлүккө өткөн. Ал коммунисттик ой жүгүртүүгө чоң өзгөрүү киргизип, өнүктүрүп, кийин "марксизм-ленинизм" деген ат менен белгилүү болгон агымды түптөдү.

Ленин чыныгы абалды түшүнүп, аны коммунисттик идеялардын негизинде анализ кылып, "революциялык альтернативалуу долбоорду" бышыктап, аны ишке ашыруу үчүн теориялык жана практикалык негиздерди өзүнүн эмгектеринде жазып чыккан. Ошол эле учурда ал өзгөрүү жеке адамдар аркылуу болбойт, ал партия аркылуу ишке ашат деп бекем ишенген. Анын бул жаатгагы белгилүү сөздөрүнүн бири: *"Жалгыз адамдын үнү элдин баарына жетпейт, ал полициянын тоскоолдуктарынан угулбай жоголот",* - деген сөзү.

Мына ошондуктан, жеке лидерлер менен партиялык түзүмдүн ортосундагы мамиле өз ара байланышта болгон. Ленин, Троцкий жана башка жетекчилер өз идеяларын жайылтуу жана пландарын ишке ашыруу үчүн партиянын колдоосуна таянышкан. Ошол эле учурда партиянын жер-жердеги бөлүмдөрү өз легитимдүүлүгүн жана таасирин жетекчилердин идеяларынан жана алардын стратегиялык пландаштыруу жөндөмүнөн алган.

Большевиктик партия дээрлик бүтүндөй Орусия боюнча бөлүмдөргө ээ болгон. Революциянын ийгилиги дал ушул күчтүү лидерлик менен партиянын уюшкан түзүмүнүн өз ара аракетинин натыйжасы болду. Партия көпчүлүктү башкаруу, элди мобилизациялоо жана революцияны багыттоо үчүн зарыл болгон инфраструктураны жана логистикалык колдоону камсыздады, ал эми жеке лидерлер идея, чечкиндүүлүк жана элге дем берчү багытты сунуштаган.

Ленин өзүнүн "Мамлекет жана революция" аттуу китебинде демократиялык партиялардын акырындык менен реформалоо жолу менен өзгөрүү издеген жолун сынга алган. Анын ою боюнча, чыныгы өзгөрүү күтүүсүз, жапырт революциялык жол менен гана ишке ашат.

Большевик партия мабдага негизделген партия болгон. Анын бекем уюшкан түзүмү, күчтүү лидерлик иерархиясы, катуу тартип жана эл менен байланышты камсыздаган механизмдери болгон. Ар бир мүчөнүн ролу жана милдети так аныкталган. Бул стратегияларды ийгиликтүү ишке ашырууга өбөлгө түзгөн. Партия катаал репрессиялык шарттарда да жашыруун тармактарды жана революциялык уячаларды өнүктүргөн.

Ошол кезде жасалма интеллект да, социалдык тармактар да жок болчу. Ошого карабастан, партия жаңычыл ыкмаларды колдонуп, саясий кырдаалга жараша тез ылайыкташа алган, өз пайдасына мүмкүнчүлүктөрдү пайдалана билген жана зарыл учурларда чукул чогулуп, чечкиндүү кадамдарга барууга жөндөмдүү болгон.

4. Аскердин колдоосуна ээ болуу

Көз салган ар бир адамга белгилүү болгондой, коммунизм “революциялык зомбулукту” теориялык жактан актап, революциянын ийгилиги үчүн зарыл шарт катары караган. Ошондуктан революциячыл күчтөр куралчан бөлүктөрдү уюштуруп, бийликти күч менен кулатууга аракет кылышкан. Бирок бир нече жолу болгон ийгиликсиз аракеттерден кийин большевиктер аскерге тактап айтканда, падышалык армиядагы офицерлер менен жоокерлерге таянуу зарыл экенин түшүнүштү. Себеби армиянын көпчүлүк бөлүгү да ошол учурдагы абалга нааразы эле.

Ошентип, большевик партиясы менен советтер (жумушчулар жана жоокерлердин кеңештери) арасында тыгыз координация түзүлүп, бул көтөрүлүштү натыйжалуу уюштурууга жардам берди. Бул өз кезегинде Петроград шаарын көзөмөлгө алууга шарт түздү.

Андан соң башталган жарандык согуш учурунда Троцкий жетектеген Кызыл армия — башында ыктыярчылардан турган күч болсо да — кыска убакыт ичинде жогорку деңгээлдеги тартипке жана координацияга жетишти. Бул, большевиктердин кээ бирлеринин каршылыгына карабай, тажрыйбалуу падышалык армиянын офицерлерин колдонгондон кийин мүмкүн болду.

Ошентип, бул төрт негизги себептин биримдиги большевиктик революциянын ийгилигине жана падышалык Орусиянын урандыларынын ордуна СССРдин түптөлүшүнө өбөлгө болду. Бул системанын адамдын табиятына каршы болгон идеяга негизделгенине карабастан, тарыхта ал реалдуу күчкө айлана алды.

Эгер бешинчи фактор болбогондо революция натыйжалуу болмок эмес. Ал элдин басымдуу бөлүгүн түзгөн кедей-кембагал, ач-жылаңач калк эле. Бул адамдар капитализмдин оор шарттарында жашап, жокчулукта күн көрүп келишкен. Дал ушул кыйынчылыктар элдин аң-сезимин революциялык өзгөрүүгө даярдаган жана капитализмди күч менен болсо да кулатууга макул кылган.

Бул жөнүндө Хизб ут-Тахрир коммунизмдин пикирий лидерлигине байланыштуу төмөнкүдөй чечкиндүү пикир айткан:

"ومن هنا كانت القيادة الفكرية في الشيوعية مخفقة من ناحية فطرية، وإنما يُتحيّل لها بالمعدة، وتستهوي الجائعين، والخائفين، والبائسين، ويتمسك بها المنخفضون، والمخفقون في الحياة الحاقدون عليها، والمصابون بالشذوذ العقلي، حتى يقال إنهم من ذوي الفكر حين يتشدقون بالنظرية الديالكتيكية التي هي أظهر شيء فساداً وبطلاناً بشهادة الحس والعقل معاً. وتتوسل بالقوة لإخضاع الناس لمبدئها، ومن هنا كان الضغط والكبت، وكانت الثورات والقلاقل والتخريب والاضطراب من أهم وسائلها".

"Ушундан улам, коммунизмдин пикирий жетекчилиги табигыйлык жагынан ийгиликсиздикке учурады. Ал айла иштетип, ашказанды тузак кылып алды. Ач-жылаңач, кедей-кембагал, бей-бечараларды өзүнө тартты. Аны, негизинен, төмөндөшүп кет-кен, турмушта ийгиликке жетише албаган, көрө албас, акыл кеселдигине чалдыккан адамдар кабыл алган. Бирок, алар бузуктугу (фасад), туура эместиги (батыл) акыл жана сезим аркылуу даана билинип турган диа-лектика теориясын көккө көтөрө макташканда, пикирлүү адамдар деп аталышты. Ал адамдарды мабдасына моюн сундуруу үчүн күч жана зор-дукчулдукту курал кылып алган. Мындан кысымга алуу, репрессия келип чыкты. Козголоң көтөрүү, туруксуздуктарды чыгаруу анын күчтүү ыкма-ларынан (васийла) болуп калды"

Өзгөрүү ыкмасы Хизб-ут-Тахрирге таандык

Бирок бул жерде негизги суроо туулат: эгер философиясы адам табиятына каршы жана атеисттик идеялар (мисалы, социализм жана коммунизм) бүтүндөй бир коомдун аң-сезимин калыптандырып, дүйнөлүк державанын пайдубалы боло алса, анда эмне үчүн Ислам Үммөтү, жеңишке жана үстөмдүккө убада берилген үммөт болуп туруп, өзүнүн Ислам идеологиясы негизинде мамлекет түзө албай келет? Эмне үчүн ал капитализмдин кыйрап бара жаткан идеясына каршы туруп, өзүнүн идеясына негизделген мамлекетти орното албай жатат?

Бул суроого жооп берүү үчүн төмөнкү негизги учурларды эске алуу зарыл:

1. **Ислам акыйдасы — акылга негизделген, бүтүндөй түзүм келип чыгуучу идея**. Бул – адам, аалам жана тирүүлүк жөнүндөгү куллий пикирди билдирет. Исламдагы лидерлик — пикирий лидерлик, ал чыныгы ой-жүгүртүү деңгээлине көтөрүлгөн өркүндөөгө жетелейт. Бул руханий негизде курулган пикирий өнүгүү болуп саналат. Ал эми коммунизм болсо, адамдын табиятына каршы келет. Ошондуктан Ислам акыйдасы – жашоодогу ар кандай майда-чүйдө түшүнүктөрдү курууда негиз болуучу пикирий база. Ал адамдагы эң чоң суроосуна: «мен кайдан келдим, эмне үчүн жашайм, кайда барам?» так, акылды канааттандырган, табиятка туура келген жана көңүлдү

тынчтандырган таризде жооп бергендиктен, өнүгүүнүн чыныгы негизи болуп саналат.

2. **Шариат өкүмдөрү — жашоодогу көрүнүштөргө берилген чечимдер.** Адамдарды туура жолго баштоо үчүн, ал өкүмдүн реалдуулукка кандайча туура келерин так көрсөтүү зарыл. Бул болсо, өкүмдөрдү туура колдонуп, Исламдын чечимдерин бүгүнкү чыныгы абалга карата сунуштоону талап кылат. Мындай мамиле Ислам коомунун көрүнүшүн элестетип, Исламды алмаштырылгыс жашоого чечим берүүчү булак катары кабылдоону шарттайт. Бул аркылуу Үммөт өз динине болгон ишенимин кайра табат. Ошондой эле, жакшылыкка буйруу, жамандыктан кайтаруу айрыкча башкаруучуларды, зарыл болот. Элди өзгөрүүгө чакыруу, реалдуулукту өзгөртүү жоопкерчилиги бүтүндөй Үммөттүн мойнунда. Бул бир адам же уюмдун гана милдети эмес. Бул коммунизмдегидей карама-каршылыктарды жана кастыкты козгоп, ал аркылуу өзгөрүү жасоо тарыйкатына таптакыр каршы жол.

3. **Исламий жашоону кайрадан жандандырып, Ислам мамлекетин тикелөөнүн шарий жолу — Исламий негизге таянган мабдаий партиялык иш.** Бул Пайгамбарыбыз ﷺ Меккеде кылган өзгөртүү жолуна ылайык келет. Ушул жол менен 1953-жылы Үммөт ичинде шейх Такиюддин ан-Набхани негиз салган Хизб ут-Тахрир партиясы түзүлгөн. Бул саясий-мабдаий партия толук пикир жана туйгу күчү менен коомго таасир кылууну каалайт. Ал коомго өзүн таңуулоону, реакция жасоону эмес, коомду өзгөртүүнү көздөйт. Кандай гана оор учур болбосун, өз багытынан кайтпастан, коомдо толук пикир жана туйгу менен төңкөрүш жасоого аракет кылат.

Партия башынан эле түшүндүргүдөй, коомго жөн гана уюм эмес, пикирий калыпта, башкача айтканда, өзүнчө түзүлүштөгү калып катары кирүү керек. Ал түзүлүш өз алдынча иш алып барышы шарт жана ага башка мүнөз кошулбашы керек. Хизб ут-Тахрир муну да ачык айткан: эгер партиялык иш пикирий калыпта болбой калса же башка мүнөз аралашса, мындай аракеттер ийгиликсиз эле болбостон, күрөштөгү кудуретин да жоготот. Ошондуктан партия пикирий өзгөчөлүгүн сактап, таасирдүү бойдон калышы үчүн ар дайым мабдага таянат.

4. **Ислам долбоорунун реалдуулукка айланышы күч-кубат ээси болгон тараптын колдоосу аркылуу гана толук ишке ашат.** Бул Үммөт ичиндеги кубаттуу күчтөр - армия лидерлери же кадыр-барктуу уруу башчылары аркылуу мүмкүн болот. Ошондуктан «нусрат» бул ыктыярдуу аракет эмес, Пайгамбарыбыз

ﷺ кылгандай, шариаттык жолдун бир бөлүгү болуп саналат. Ислам мамлекетинин сакталып турушу үчүн ага сөзсүз саясий күч, бийлик жана аскердик таяныч керек. Бул Хизб ут-Тахрирдин саясий ишмердигинин негизи. Ошону менен бирге, тарыхый жана азыркы саясий тажрыйбалар да көрсөтүп турат: дүйнөнүн кайсы жеринде болбосун мамлекет курулушу үчүн ошол жердеги күчтүү катмардан (аскер, уруу, таасирдүү топ) колдоо алуу мыйзам ченемдүү иш. Бул шылтоо эмес, шарияттагы негиздүү жол. Муну коммунизм ойлоп тапкан эмес, бул өзгөрүүнүн эзелки мыйзамы.

Ушул төрт негиз Хизб ут-Тахрирдин башынан бери ишмердигин аныктаган принциптер болуп эсептелет. Партия Үммөттү бардык мүмкүнчүлүктөрү менен өзүнө кошулууга, Ислам долбоорун реалдуулукка алып чыгууга жана Ислам мамлекетин тикелөөгө чакырат. Бул мамлекет шариатты толук колдонуп, Исламды бүт дүйнөгө рахмат катары алып чыгат. Партиянын кабыл алган жол-жобосу айрым жагынан коммунизмдеги өзгөрүү жолуна окшош. Мисалы, коомдук пикир жаратуу, аны көзөмөлдөө жана принципиалдуу түшүнүктөр менен бекемдөө. Мунун баары коомду өзгөрүү үчүн болгон табигый мыйзамдар. Бирок айырмасы чоң: коммунисттер өзгөрүүгө зомбулук менен жетишет. Ал эми Хизб ут-Тахрир Пайгамбарыбыздын ﷺ жолун ээрчип, зомбулуктан алыс болуп, акыйда, пикир жана сабырдуу саясий ишмердик менен мамлекетти курууга аракет кылат.

Ошондуктан, бүгүн Үммөттөн талап кылынган нерсе жеңиштин күнүн эсептөө эмес. Анткени анын так убактысын Аллахтан башка эч ким билбейт. Талап кылынган нерсе - жеңишке алып баруучу себептерди жаратуу, аларга чындап иштөө жана Аллахка толук таянуу менен ал жакын экенине бекем ишенүү. Аллах Таала айтат:

﴿وَمَا جَعَلَهُ اللهُ إِلَّا بُشْرَى لَكُمْ وَلِتَطْمَئِنَّ قُلُوبُكُم بِهِ وَمَا النَّصْرُ إِلَّا مِنْ عِندِ اللهِ الْعَزِيزِ الْحَكِيمِ﴾

«Бул** (жардамды) **Аллах силерге кушкабар болсун үчүн жана дилдериңер жайлануусу** (тынчтануусу) **үчүн гана кылды. Негизинен жеңиш күч-кудурет жана дааналык Ээси болгон Аллахтын даргөйүнөн гана келет». (Али Имран сүрөсү, 126).

Андыктан, Үммөттүн Ислам мамлекетин куруу үчүн жасаган аракеттери саясий жетекчиликсиз, туш келди, реакциялык мүнөздө эмес, тескерисинче, Хизб ут-Тахрирдин айланасына биригүү, анын дааватына кам көрүү аркылуу гана болушу керек. Бул аракет улутчулук деген буттарды талкалап, алардын ордуна Ислам мамлекетин куруу, андан соң аскерий күчтөрдү Аксону

яхудийлерден бошотууга багыттоо менен жыйынтыкталышы керек.

Хизб ут-Тахрир жана саясий жетекчиликти алуу

Хизб ут-Тахрирдин Үммөт менен иш алып баруусундагы негизги талап — Үммөттүн жалпы катмарынын арасында кеңири негиздүү колдоо табуу, башкача айтканда, эл арасында "кабыл алуу базасын" куруу. Анткени Үммөт бийликтин табигый таянычы. Ал эми бийликти сүрөп жаткан табигый эмес күчтөрдү жок кылууда да Үммөт негизги курал болуп саналат. Ошондуктан, бийликке жетүүнүн табигый жолу Үммөттүн ичинде күчтүү, кеңири жана туруктуу колдоо базасын куруу. Бул база бийликке жетүүгө жардам берип эле тим болбостон, аны сактап, бийик деңгээлге чыгарат.

Партия өзүнүн пикирлери менен чектелбестен, аларды жүзөгө ашыруу үчүн күчтөрдү да артынан ээрчитүүгө аракет кылат. Бул күчтөр — коомдук пикир, жеке адамдардын күчү жана таасирдүү инсандык бийлик. Демек, партия таасирдүү инсандык катмарды колдоого алуу аркылуу жалпы элдин да колдоосуна жетүү мүмкүн экенин билет. Бул Мадинадагы Ислам мамлекетинин негизделишине алып келген Акъаба баяты мисалындай. Бул аракет Мусъаб бин Умайрдын дааваты менен башталып, андан соң Саъд бин Муъаз, Усайд бин Худайр сыяктуу лидерлердин Исламды кабыл алышы калктын жалпы кабыл алуусун шарттаган.

Мындайча айтканда, калктын колдоосуна ээ болуу партиялык аракеттин бир бөлүгү жана бул иш Үммөттөгү акыйда, пикир жана көз караштарды бириктирүү менен бирге жүрөт. Бул "сахрий" (ээритүүчү, бириктирүүчү) жараян жана бул жараянда жалпы элде бирдей аң-сезимдүү түшүнүк пайда болушу максат кылынат.

Бул колдоо базасын куруу жөн гана туйгуларды козгоо, элге «жеңиш жакын» деп жагымдуу убадаларды берүү аркылуу эмес, тескерисинче, оор жүктү көтөрө ала турган, жоопкерчиликти мойнуна ала турган жана узак күрөшкө даяр коомдук күчтү калыптандыруу аркылуу болот. Анткени бул база болмоюнча, Батыш дүйнөсү Ирак, Сирия, Ооганстан, Судан жана Газадагыдай сценарийлерди кайра кайталоодон тартынбайт. Ошондуктан, иш эмоцияга эмес, аң-сезимге, үстүрт пикирге эмес, жалпы түшүнүккө, ойдон чыгарылган теориялардан алыс болуп, көз караштардын реалдуулугуна таянуусу зарыл.

Мына ушундай база менен Ислам мамлекети курулат. Ага таянуу менен душмандарга каршы туруштук берилет. Ал аркылуу Ислам эл аралык даават катары дүйнөгө алып чыгылат. Ал тургай,

дүйнөлүк системага каршы күрөшүү да ушул база аркылуу жүргүзүлөт.

Партиянын максаты — элдин добушун алып шайлоо аркылуу бийликке жетүү эмес. Анын максаты Үммөттү жихадга көтөрүп, Аллахтын сөзүн үстөм кылуу. Шайлоодо добуш алууну көздөгөн максат менен Аллах жолунда шейит болууга даяр болгон Үммөттү калыптандыруу деген максаттын ортосунда асман менен жердей айырма бар.

Демек, Үммөт партиянын жетекчилиги менен өзүнүн Ислам мамлекетин тикелеши үчүн сөзсүз түрдө болушу жана так түшүнүлүшү керек болгон үч нерсе бар. Бул үч нерсе, чынында, партиянын стратегиялык көз карашы негизделген үч түркүк болуп эсептелет:

- Коомдо Хизб ут-Тахрир көтөрүп жүргөн Ислам идеясына карата коомдук пикирдин болушу.
- Элдин, анын ичинде күчтүү катмардын да бул Ислам идеясына жана анын алып жүрүүчүлөрүнө таянышы. Бул күчтүү катмар мамлекетти ушул идеянын негизинде тикелөө жана бийликти партияга өткөрүп берүүнүн шарапатына жетиши үчүн зарыл.
- Партиянын жана анын түзүмдөрүнүн мамлекет иштерин эч кыйынчылыксыз жана мээнетсиз жүргүзө ала турган кудуретке ээ болушу. Бул нерсе Аллахтын жардамы менен даяр.

Ошондо, Аллахтын уруксаты менен, Халифалык жарыяланып, бийликти алуу табигый ишке айланат. Биздин ишибиз жөн гана бийликке жетүү эмес, балким Исламий мамлекетти куруу болуп саналат. Мындай мисалдар көп. Бул маселе Ислам менен коммунизмди салыштыруу менен гана чектелбейт.

Пайгамбарыбыз ﷺ мамлекет курду жана бийликти алды. Ленин да мамлекет курду жана бийликти алды. Мао Цзэдун да мамлекет курду жана бийликти алды. Бирок Сталин бийликти алды, бирок мамлекет курган жок, анткени ал мамлекет ага чейин эле курулган болчу. Абу Бакр менен Умар رضي الله عنهما бийликти алышты, бирок мамлекет курушкан жок, анткени аны Пайгамбарыбыз ﷺ куруп кеткен болчу. Ал эми Мустафа Кемал мамлекетти кыйратып, бийликти алды. Абдунасыр бийликти алды, бирок мамлекет курган жок. Шамдагы баскынчылар бийликти алышты, бирок мамлекет кура алышкан жок. Алар Ираста да бийликке келишти, бирок мамлекет курулбагандыктан, бийлик алардын башына кыйрап түштү.

Эгерде партия бул үч нерсени (коомдук пикирди, күчтүү катмардын идеяны кабыл алуусун жана партиянын башкаруу дараметин) камсыздай алса, анда ал мамлекет куруунун бир бөлүгү болгон бийликти алууга мүмкүнчүлүккө ээ болот. Ошондо Аллахтын жардамы менен адилеттүү Халифалык мамлекети тикеленет жана ал толук эрдик, бекемдик жана кудурет менен бардык Ислам өлкөлөрүн өзүнө камтып, кеңейүүгө киришет.

Анда Ислам желеги «Райатул-Укаб» ар бир дөңсөөгө, ар бир имараттын үстүнө жана бийик жерлерге орнотулат. Ислам армиясынын катарлары алдында дүйнө мамлекеттерине чакырык ташталат, алардын коркутууларын тоготпой, кыйынчылыктарга моюн бербей, жихад желеги астында тоскоол болгон бардык материалдык тосмолорду талкалап, аларды жок кылат. Бул Үммөт башка элдерди куфр караңгылыгынан Исламдын нуруна чыгарып, дүйнөдө жетекчиликти өз колуна алып, адамзатты Байден, Трамп сыяктуу адамдар баштап бара жаткан чөгүүдөн куткарат. Аларды тынчтык жана амандык жээгине жетелеп, дүйнөдө азиздикке, акыретте бейишке алып баруучу жолго салат. Бардык элдер Ислам башкаруусунун көлөкөсүндө жашап, аны кабыл алып, андан ырахат алышат. Бул Аллах үчүн кыйын эмес!

Аллах Таала айткан:

﴿يُرِيدُونَ أَنْ يُطْفِئُوا نُورَ اللهِ بِأَفْوَاهِهِمْ وَيَأْبَى اللهُ إِلَّا أَنْ يُتِمَّ نُورَهُ وَلَوْ كَرِهَ الْكَافِرُونَ * هُوَ الَّذِي أَرْسَلَ رَسُولَهُ بِالْهُدَى وَدِينِ الْحَقِّ لِيُظْهِرَهُ عَلَى الدِّينِ كُلِّهِ وَلَوْ كَرِهَ الْمُشْرِكُونَ﴾.

“Алар Аллахтын нурун *(тактап айтканда, Исламды)* ***ооздору*** *(пайдасыз сөздөрү)* ***менен өчүрмөкчү болушат. Аллах болсо, кафирлер каалашпаса да, Өз нурун*** *(динин)* ***толо*** *(ар тарапка)* ***жайуучу. Ал Өз пайгамбарын Туура Жол жана чыныгы дин менен – мушриктер каалашпаса да – бардык диндерге жеңүүчү кылуу үчүн жиберген Зат”.*** (Саф: 8-9).❑

ХАЛИФАЛЫК КУЛАТЫЛГАНДЫГЫНЫН 104 ЖЫЛДЫГЫНДА ХИЗБ УТ-ТАХРИРДИН ДҮЙНӨЛҮК ИШ-ЧАРАЛАРЫНА КӨЗ ЧАПТЫРУУ

Устаза Рула Ибрахим – Хизб ут-Тахрирдин Борбордук маалымат бөлүмүнүн мүчөсү

Халифалыктын кулатылганына 104 жыл толду. Андан бери мусулмандардын үстүндө кайгы-муң, кырсык жана апааттар бири артынан экинчиси уланып жатат. Үммөтүбүздүн жүрөгүндөгү терең жаранын каны токтобой, күндөн-күнгө күчөп барууда. Бул – мусулмандар өздөрүнүн улуулугунун, арнамысынын жана күч-кубатынын булагынан айрылганын дагы бир ирет даана көрсөтүп турат. Бирок Пайгамбарыбыз ﷺ баштаган саясий жана пикирий жол менен экинчи Халифалыкты кайра тикелөөгө бел байлаган ыкластуу инсандар бар. Алар Аллахка, Анын Элчисине ﷺ жана Үммөтүнө ант берип, пайгамбарлык жолунан кайтпоого, чарчап-чаалыкпоого, үмүт үзбөөгө жана ага кыянат кылбоого сөз беришкен. Аллах аларга жеңиш бермейинче же алар ошол жолдо шейит болмоюнча күрөшүн токтотушпайт.

Дал ушул бекем ниет жана ишеним менен Хизб ут-Тахрир партиясынын жигиттери дүйнө жүзү боюнча бул кайгылуу окуяны эскерип, өзгөчө иш-чараларды өткөрүштү. Алардын катарына нааразылык акциялары, жеке байланыштар, видео кайрылуулар, конференциялар, билдирүүлөр жана башка иш-чаралар кирди.

Ошондой эле, Хизб ут-Тахрирдин Борбордук маалымат бөлүмү бул эскерүү иш-чараларын толук камтууну көздөгөн дүйнөлүк маалымат кампаниясын баштады. Аны Борбордук маалымат бөлүмүнүн жетекчиси, инженер Салахуддин Азаза ачыктап, Үммөттүн азыркы мууунуна кайрылып, Халифалыкты кайра тикелөө үчүн тынымсыз аракет кылууга чакырды. Ал Хизб ут-Тахрир бул эскерүү иш-чараларын Үммөттү ушул трагедияны жоюу үчүн партиянын жигиттери менен бирге иштөөгө үндөө максатында өткөрүп жатканын белгиледи. Ушуга байланыштуу, Борбордук маалымат бөлүмү бул эскерүүнү төмөнкү ураан астында баштады:

“Пайгамбарлык минхажы негизинде кайрадан тикелене турган Халифалык – дүйнө жана адамзаттын куткаруучусу”

Мындан тышкары, Борбордук маалымат бөлүмүнүн аялдар бөлүмү да сөз сүйлөп, Халифалык кулагандан кийин

мусулмандар башынан өткөргөн азап-тозокту, артта калууну, бөлүнүп-жарылууну башынан өткүрүп, кафир колонизаторго сокурча баш ийип калганын баса белгиледи. Алар мусулмандарды өз динине кайтууга чакырып, төмөнкү сөздөр менен кайрылышты:

“Жетимдердин көз жашын сүртүп, мусулмандардын намысын сактап, баскынчылардан жерлерибизди азат кылып, өлкөлөрүбүздү бириктирип, желегибизди бийик көтөрө турган бирден-бир жетекчи – мусулмандардын халифасы!”.

Аялдар бөлүмүнүн өкүлдөрү Ислам армияларын да кайдыгер болбоого чакырып, мындай үн салышты:

«Үммөт силерге үнү жеткенче кыйкырып жатат: Силер кайдасыңар? Качан бул кулчулуктун чынжырларын үзөсүңөр? Үммөттүн жардам сураган үнүн угуп, ага жардам бербейсиңерби? Бул силердин диниңерге берилгендигиңердин, Роббиңердин ыраазылыгына жетүүнөрдүн белгиси эмеспи?»

Ошондой эле, Хизб ут-Тахрирдин Борбордук маалымат бөлүмү “Аль-Вакиа” телеканалы аркылуу “Халифалык жолундагы өзгөргүс негиздер” деген аталышта дүйнөлүк маалымат конференциясын уюштурду. Аны шейх Аднан Мазьян алып барды. Конференцияга Халифалыкты тикелөө үчүн даъват кылган бир катар ишмерлер катышты.

Биринчи баяндаманы инженер Бахир Салих “Алардын жолу менен бармайынча” деген темада өттү. Ал баяндамасында Батыштын максаты мусулмандарды динден баш тарттырууга чейин жеткирүү экенин баса белгиледи. Батыш убакыттын өтүшү менен айрым жеңилдиктерге жетишсе да, ал убактылуу гана тынчтанат. Бирок бул – анын митаамдык жана алдамчылык менен койгон кадамдарынын бир бөлүгү. Батыштын мусулман өлкөлөрүнө болгон башкы эки максаты бар: биринчиси – Исламдын кайра кайтып келишине жол бербөө, экинчиси – өлкөлөрүбүздү көзөмөлдөп, байлыктарыбызды талап-тоноону улантуу.

Экинчи баяндаманы Рана Мустафа “Азчылыктар жана аялдардын укуктары” деген темада өттү. Ал баяндамасында Батыш аялдарынын үй-бүлөдөгү жана коомдогу маанилүү ролун түшүнгөндүктөн, аларды бутага алып, мусулман аялдарды жылаңачтык маданиятына, батыш эркиндигине, Ислам өкүмдөрүнөн алыстоого жана өз сулуулугун ачык көрсөтүүгө үндөп жатканын айтты. Бул максатта аялдардын

укугун коргоо жана күчтөндүрүү деген шылтоо менен Батыш мыйзамдарын иштеп чыгып, мусулман аялдарына таңуулоодо.

Үчүнчү баяндаманы шейх Ахмад Суфи “Динде төмөндүккө түшүү жана баскычтуу өзгөртүү методикасы” деген темада өттү. Ал баяндамасында мындай деди:

“Кымбаттуу бир туугандар! Биз эмнени айтып жатканыбызды билесиңерби? Биз Пайгамбарыбыз ﷺ кабар берген пайгамбарлык жол тууралуу сүйлөп жатабыз. Азыр биз жашап жаткан диктатуралык башкаруудан кийин Аллах ыраазы боло турган мамлекет пайгамбарлык минхажында курулган Халифалык гана болот. Ал эми бул жолдо кафир мыйзамдары менен келишим түзүү, тагутка өкүм чыгаруу, баскычма-баскыч өзгөрүү, ылайыкташуу жана негиздерден баш тартуу деген түшүнүк жок. Бул – жок болууга тийиш болгон Батыш башкаруусунун калдыктарынан таза Ислам башкаруусун куруу жолу!”

Төртүнчү баяндаманы профессор Мухаммад Малкави “Жалгыз Халифалык – негизги чечим жана катылган күч” деген темада өттү. Ал баяндамасында мындай деди:

«Биз бул Үммөттүн уул-кыздарына кайрылып, биз менен бирге иштөөгө, тынымсыз күрөшүүгө жана пайгамбарлык жолу менен Халифалыкты тикелөө үчүн чыңалууга чакырууну эч качан токтотпойбуз. Аллах түшүргөн өкүмдөр менен башкаруу – бардык өкүмдөрдөн үстөм болушу керек. Үммөт адилеттүү халифаны шайлап, ага Ислам менен башкарууну тапшырышы зарыл. Биз эч качан батыш демократиясынан Исламга, секуляристтик системадан Исламга же башка батыш идеологияларынан Исламга “баскычма-баскыч” өтүү деген пикирге алданбообуз керек. Себеби таза, ачык-айкын Ислам жолу капитализмдин, секуляризмдин, демократиянын же улутчулдуктун караңгылыгы менен башталбайт”.

Конференциянын жыйынтыктоочу сөзүн Борбордук маалымат бөлүмүнүн жетекчиси, инженер Салахуддин Азаза “Пайгамбарлык минхажы негизинде экинчи рошид Халифалыкты тикелөөгө жакындап келе жаткан кезибиз” деген темада өттү. Ал баяндамасында төмөнкүлөрдү айтты:

“Өткөн жылда биз эки зор окуяга күбө болдук. Биринчиси, Аль-Аксадагы көтөрүлүш, экинчиси Сирияны Асад режиминен бошотуу үчүн болгон күрөш. Бул окуялар өзүнүн чек араларын тааныбаган, көзөмөлгө алынгыс тулпар сыяктуу болду. Ислам Үммөтү бул тулпарды Аллахтын эрки менен тизгиндеп,

кожоюндары күтпөгөн дагы алыс жерге жеткирди. Натыйжада, тең салмактуулук өзгөрүп, түшүнүктөр кайра каралып, саясий сахнада жаңы баскыч башталды.

Үммөт азыр ар бир кыймылы менен зулум өкүмдарларына жана баскынчыларга каршы чыгууда. Ал өзүнүн бийлигин кайтарып алып, жаралары үчүн өч алуу максатында чечкиндүү аракет көрүп жатат. Демек, Үммөт тарабынан жасалган ар бир таза жана көз карандысыз аракет саясий абалды өзгөртүүгө алып келет. Ал Батышты өз пландарын кайра карап чыгууга мажбурлайт жана Ислам Үммөтүнүн аң-сезиминде саясий ойгонуу менен Аллахка берилгендиктин жаңы саптарын жазат".

Ошондой эле, Борбордук маалымат бөлүмү бул эскерүүнү улап Үммөттү ойготуу жана күч-кубат ээлерин жардам берүүгө чакыруу максатында атайын маалыматтык билдирүүлөрдү жарыялады. Алар мусулман армияларын жана күч структураларын мындайча үндөштү:

"Силер – бул Үммөттүн калканысыңар! Мусулмандарды жана алардын өлкөлөрүн ички жана тышкы коркунучтардан коргоого белсенүүңөр керек. Коркунучтарга каршы стратегиялык пландарды иштеп чыгып, керек болсо согушка даяр болууңар кажет. Өлкөлөрдүн ички жана тышкы абалын терең түшүнүп, Үммөттү жана мамлекетти бардык кооптуу жагдайлардан сактоо – силердин милдетиңер."

Ошондой эле, жалпы Үммөткө кайрылып, мындай деп билдирди:

"Хизб ут-Тахрир – ишенимдүү жана аң-сезимдүү лидер. Ал Үммөттү жана мамлекетти башкарып, капиталисттик бузгунчу система менен колонизатор мамлекеттердин жана алардын малайларынын айынан жаралган бардык көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмдүү. Ошондуктан, кечикпестен, жетекчиликти Хизб ут-Тахрирге өткөрүп берип, анын жетекчилиги астында Халифалыкты тикелөө, өлкөлөрдү жана Үммөттү бириктирүү жолу менен улуу даңкка жетүү керек!".

Хизб ут-Тахрирдин дүйнө жүзүндөгү иш-чаралары

Индонезия:

Хизб ут-Тахрир партиясынын Индонезия вилаяты борбор калаа Жакартада "Халифалык жана жихад менен Палестинаны бошотуу" деген ураан астында ири жүрүш өткөрдү. Бул иш-чарага отуз миңден ашуун мусулман катышып, мусулман армияларын Палестинадагы мазлум мусулмандарга жардам

берүүгө, Ал-Акса мечитин жана бүтүндөй Палестинаны яхудий кылмышкерлеринин баскынчылыгынан тазалоого чакырышты. Ошондой эле алар экинчи рошид Халифалык мамлекетин тикелөө гана бүткүл Ислам дүйнөсүн колонизатор Батыштын үстөмдүгүнөн толук бошото алат деп баса белгилешти.

Түркия:

"Хизб ут-Тахриридин" Түркия вилаяты "Стамбулдан Аль-Куддуска чейин – келечекти Халифалык менен куруу!" деген ураан астында жылдык Халифалык конференциясын уюштурду. Бул иш-чара Стамбулдун Эсенюрт районундагы "Нене Хатун" маданий борборунда өтүп, кеңири катышуучуларды чогултту. Конференцияны Хизб ут-Тахрир маалымат бөлүмүнүн мүчөсү Мухаммад Амин Йылдырым ачты. Иш-чарага төмөнкү белгилүү инсандар катышты:

- Палестина менен тилектештик ассоциациясынын төрагасы Мухаммад Мишиниш;
- Теолог жана илимпоз доктор Ахмад Таййиб;
- Палестина тилектештик ассоциациясынын төрагасы Мухаммад Юсуф Гүл.

Ошондой эле, доктор Абдуррахим Шен жана аалым Абдуллах Имамоглу баяндамалар менен чыгышты.

Бангладеш:

Хизб ут-Тахрир партиясынын Бангладеш вилаяты 2025-жылы 7-мартта, жума күнү чоң жүрүш өткөрдү. Бул жүрүшкө Исламды сүйгөн он миңдеген адамдар эч кандай расмий чакыруусуз, Америка жана Индиянын малайларынын коркутууларына карабастан катышты. Алар Бангладеш армиясындагы мусулмандарды Хизб ут-Тахрир партиясына жардам көрсөтүүгө жана Пайгамбарлык жолу менен Халифалыкты тикелөөгө чакырышты.

Палестина:

Хизб ут-Тахриридин аялдар бөлүмү бир катар баяндамаларды уюштуруп, ар кандай темада сабактар жана мечиттерде баяндамалар жасалды. Ошондой эле, жума хутбалары да ушул азаптуу окуянын эскерүүсүнө арналды.

Иордания:

Хизб ут-Тахрир партиясынын Иордания вилаяты "Халифалыктын кулатылышын эскерүү – жөн гана кайгыруу үчүн эмес, аны кайра тикелөө үчүн аракет кылууга чакыруу!" деген аталыштагы билдирүүнү жарыялады.

Кения:

Хизб ут-Тахрир партиясынын Кения вилаяты 1446-хижрий жылдын Ражаб айында жалпы элдик акция өткөрдү. Бул өнөктүк айдын башында башталып, кеңири масштабдагы иш-чараларды камтыды:

- Коомдук лекциялар.
- Семинарлар.
- Нааразылык акциялар.

Бул иш-чара 1924-жылдын 3-мартында (1342-жыл, 28-Ражаб) Халифалык кулагандан тартып Үммөт туш болгон азаптуу абалды мусулмандарга дагы бир жолу эскертүү максатында уюштурулду.

Ливан:

Хизб ут-Тахрир партиясынын Ливан вилаяты Триполи аш-Шам шаарында “Шам аймагындагы өзгөрүүлөр: кооптонуулар жана кубанычтуу кабарлар” деген аталышта конференция өткөрдү. Бул иш-чара Маданий байланыш уюмунун демөөрчүлүгү алдында уюштурулду.

Конференциянын негизги баяндамалары төмөнкү темаларга арналды:

- “Өзгөрүүлөр шартындагы саясий көз караш”, инженер Салахуддин Азаза, Хизб ут-Тахрир партиясынын Борбордук маалымат бөлүмүнүн жетекчиси.
- “Залим башкаруучулардын кыйрашынан кийинки баскыч”, Насыр Шейх Абдулхай, Хизб ут-Тахрир партиясынын Сирия вилаятындагы маалымат бөлүмүнүн мүчөсү.
- “Жаңы түзүлгөн түзүмдөрдүн чакырыктары”, Ахмад Кассас, Хизб ут-Тахрир партиясынын борбордук маалымат бөлүмүнүн мүчөсү.
- “Өзгөрүүлөр жана Түркиянын ролу”, Абдуллах Имамоглу, Хизб ут-Тахрир партиясынын Түркия вилаятындагы Борбордук байланыш комитетинин төрагасы.
- “Ражаб айы, Үммөт жана анын куткарылышы үчүн аракет кылгандар”, шейх Ахмад ас-Суфи, Хизб ут-Тахрир партиясынын Ливан вилаятынын мүчөсү

Конференциянын корутунду билдирүүсүн Хизб ут-Тахрир партиясынын Ливан вилаятынын маалымат бөлүмүнүн жетекчиси шейх доктор Мухаммад Ибрахим ачыктады.

Канада:

“Халифалык мамлекетинин тикеленишине тоскоол болгон бут тосууларды четтетүү” деген ураан алдында 2025-жылдын 18-январында Канаданын Торонто шаарына жакын жайгашкан

Миссиссауга шаарында жылдык Халифалык конференциясы өткөрүлмөк. Бирок, Канада бийлиги Америка менен биргеликте өздөрү дайыма мактанып келген мыйзамдарын жана принциптерин тебелеп, бул конференцияны болтурбоого аракет кылышты. Алар төмөнкү нерселерди бузушту:

- Жарандардын интеллектуалдык жана маданий иш-чараларды уюштуруу укугу.
- Сөз эркиндиги.
- Демократиялык баалуулуктар.

Канада жана АКШ бийликтери конференциянын уюштуруучуларын бардык иш-чара өткөрүлө турган жайлар менен келишим түзүүдөн четтетүүгө мажбурлоо үчүн ири маалыматтык чабуул башташты. Бул аракеттин алкагында Канаданын коопсуздук министри Дэвид Ж. МакГинтиузер жана коопсуздук министринин орун басары Рейчел Бендиан биргелешкен билдирүү таратышты. Бул билдирүүдө Хизб ут-Тахрир партиясына каршы бир катар жалган жана бурмаланган маалыматтар жарыяланды.

Конференция расмий түрдө жүзөгө ашпай калганы менен, анын багытталган кабары өз максатына жетти. Анткени:

- Диний жана саясий чакырыктарды жайылтуу жалпы эл менен түз байланыш аркылуу гана жүргүзүлбөйт
- Социалдык медиа платформалар чакырыктын жаңы негизги трибунасы болуп калды.
- Хизб ут-Тахрир партиясынын мүчөлөрү күнүмдүк жашоодо эл менен жашап, алардын арасында үгүт иштерин жүргүзүп келет.
- Илон Маск сыяктуу Батыштагы белгилүү адамдардын да бул маселе боюнча билдирүү жасашы теманы дүйнөлүк деңгээлге көтөрүп, партиянын чакырыгын кеңири жайылтты.

Илон Масктын бул маселе боюнча билдирүүсү Хизб ут-Тахриридин чакырыгынын эл аралык деңгээлде талкууланышына өбөлгө түздү. Ал өзү билбеген абалда ушул ишке кызмат кылууга түрткү болду.

Пакистан:

“Хизб ут-Тахрир” партиясынын Пакистандагы маалымат бөлүмү “Бир Үммөт… Бир Халифалык” аттуу жаңы видео сериясын даярдады. Бул долбоор Ислам Үммөтүнүн биримдигин жана Халифалыктын зарылдыгын түшүндүрүүгө багытталган.

Судан:

Хизб ут-Тахрир партиясынын Судан вилаяты “Үммөт маселелери” аттуу туруктуу өткөрүлгөн форумун уюштурду. Бул жолу иш-чара Ражаб айында, Халифалык мамлекетинин кыйроосунун 104 жылдыгын эскерүү максатында өткөрүлдү. Форумдун урааны: “Халифалык – өзгөрүүнүн Үммөттүк долбоору, ал – парздардын таажысы!” деп аталды.

Форумдун алкагында бир катар видео баяндамалар уюштурулуп, мусулмандарды ойготуу жана бул кайгылуу окуяны эскерүү максатында сөздөр айтылды.

Тунис:

“Хизб ут-Тахрир” партиясынын Тунис вилаяты борбор калаада “Колониализмден кутулуу жана пайгамбарлык минхажындагы Халифалыкты куруу үчүн революция уланып жатат!” деген ураан алдында элдик жүрүш уюштурду.

- Жүрүш маалында Халифалык жана мусулмандардын колониализмге каршы күрөшү жөнүндө сөздөр айтылды.
- Максат жана ураандар жазылган желектер жана плакаттар көтөрүлдү.

Жалпы маалыматтык иш-чаралар:

- Партиянын Борбордук маалымат бөлүмүнүн бир тууган жана эже-карындаш мүчөлөрү “Ар-Роя” гезитине, “Аль-Ваъй” журналына жана башка басылмаларга ондогон макалаларды жана аналитикалык баяндамаларды жарыялашты.

Бул макалалардын негизги максаты:

- Мусулмандарга Халифалыктын кыйроосун эскертип, анын маанилүүлүгүн түшүндүрүү.
- Халифалыкты кайра куруу фарз экенин эске салуу.
- Мусулмандардын сезимдерин ойготуп, күч-кубат ээлерин бул максатка чакыруу.
- Көптөгөн гезиттер жана маалымат агенттиктери партиянын бул кампаниясын, айрыкча Канададагы конференциянын жокко чыгарылышын кеңири чагылдырышты.

Хизб ут-Тахрир партиясынын Борбордук маалымат бөлүмүнүн Басма жана архив бөлүмү төмөнкү материалды жарыялады:

“Хизб ут-Тахриридин хижрий 1446-жылы, миладий 2025-жылы Халифалык кулашынын 104 жылдыгына карата дүйнөлүк иш-чаралары” аттуу DVD диск 6 тилде даярдалып, Үммөттү ойготууга багытталган.

Аллахка шүгүрлөр болсун! ❑

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

Халифа Мухаммад – Иордания

Аллах Таала айтат:

﴿قُلْ لَوْ كانَ الْبَحْرُ مِداداً لِكَلِماتِ رَبِّي لَنَفِدَ الْبَحْرُ قَبْلَ أَنْ تَنْفَدَ كَلِماتُ رَبِّي وَلَوْ جِئْنا بِمِثْلِهِ مَدَداً، قُلْ إِنَّمَا أَنَا بَشَرٌ مِثْلُكُمْ يُوحَى إِلَيَّ أَنَّمَا إِلَهُكُمْ إِلَهٌ وَاحِدٌ فَمَنْ كَانَ يَرْجُو لِقَاءَ رَبِّهِ فَلْيَعْمَلْ عَمَلًا صَالِحًا وَلَا يُشْرِكْ بِعِبَادَةِ رَبِّهِ أَحَدًا﴾

***«Айткын: «Эгер бардык деңиздер, Роббимдин Сөздөрүн** (илим даанышмандыктарын жазуу) **үчүн сыя болсо жана дагы ошончо сыя алып келсек да, Роббимдин Сөздөрү бүтүшүнөн мурда, ал деңиздер түгөнүп бүтөт!». Айткын: «Шек-күмөнсүз! Мен да силер сыяктуу бир адаммын. Мага Илахыңар Жалгыз Аллахтын Өзү экендиги вахий кылынууда. Демек, ким Роббисине жолугуудан үмүткөр болсо, анда жакшы амал кылсын жана Роббисине пенделик кылууда бир да жанды** (Ага) **шерик кылбасын!** (Кыла турган бардык иштерин Жалгыз Аллах үчүн кылсын!)».* (Кахф сүрөсү, 109–110).

Ибн Аббас биринчи аят түшкөндөгү себеп тууралуу (ал-Куртубинин тафсиринде келет) мындай дейт:

«Пайгамбар ﷺ аларга: (وما أوتيتم من العلم إلا قليلا)

“Силерге билим абдан аз гана берилген” - (Исра, 85) дегенде, яхудийлер: “Кантип аз болсун? Бизге Тоорот берилген го! Ал эми Тоорот берилген адамга көп жакшылык берилген да!” - дешти. Ошондо бул аят түшүрүлдү:

﴿قُلْ لَوْ كانَ الْبَحْرُ مِداداً لِكَلِماتِ رَبِّي لَنَفِدَ الْبَحْرُ)

«Айткын: «Эгер бардык деңиздер, Роббимдин Сөздөрүн** (илим даанышмандыктарын жазуу) **үчүн сыя болсо жана дагы ошончо сыя алып келсек да, Роббимдин Сөздөрү бүтүшүнөн мурда, ал деңиздер түгөнүп бүтөт!».

Имам Аль-Куртуби минтип улантат:

«Башка бир риваятта яхудийлер: «Сага хикмат берилди. Ал эми хикмат берилген адамга көп жакшылык берилет. Анан эми өзүң: “Рух” жөнүндө менде эч кандай билим жок!” - дейсиң. Ошондо Аллах Таала айтты: «Айткын: Мага Куран берилсе, силерге Тоорот берилсе да, Аллах Тааланын сөздөрүнө салыштырмалуу булар абдан аз».

Демек, бул аят, жалпы бул сүрө Мадинадагы яхудийлер курайштык кафирлерге: “Муну Мухаммаддан ﷺ сурагыла, ошондо анын пайгамбар экендиги чынбы, жалганбы билип алабыз” - деп тапшырган суроолоруна жооп иретинде түшүрүлгөн. Ал суроолор үчөө болгон:

1. Илгери өткөн жаш жигиттер жөнүндө, алардын абалы кандай болгон? Алар “Асхабул-Кахф” болчу.

2. Чыгыш менен батышты кыдырып чыккан адам жөнүндө. Бул “Зулкарнайн” болгон.

3. “Рух” деген эмне?

Биринчи эки сурооого жооп Кахф сүрөсүндө берилген, ал эми үчүнчүсүнө жооп Исра сүрөөсүндө түшкөн. Аяттын себеби хос (өзүнчө бир учурга түшүрүлгөн) болсо да, пайдасы умумий (жалпы). Бул аят Аллах Тааланын илими кандай кең экенин баяндайт.

Ибн Ашур бул аяттын ушул сүрөдөгү мурунку аяттар менен байланышы тууралуу мындай дейт:

“Бул сүрө Курандын баалуулугун даңазалоо менен башталган. Андан кийин анда ар кандай насааттар, эскертүүлөр, сыйлык тууралуу убадалар жана азап менен коркутуулар айтылды. Эң мыкты тарбиялык окуялар баяндалды, элдердин жашыруун абалдары айтылды. Ошондо сөз кайрадан Аллахтын илиминин улуулугун ачык көрсөтүүгө өттү. Бул жаңы бир башталыш болуп саналат, Аллах Өзүнүн илиминен пайгамбарына ﷺ кабар берген. Себеби мушриктер андан айрым суроолорду сурашкан, алар бул суроолор аны ойго салат, жообун билбейт деп ойлошкон. Бирок Аллах Таала ага бул суроолордун жообун үйрөттү, так жана туура кабар берди, алар түшүнө ала турганча түшүндүрдү. Бул суроолорду сураткандар өздөрү деле муну түшүнө алышкан эмес. Акыркысы Зулкарнайн тууралуу кабар болгон. Андан кийин дароо Аллахтын илиминин кеңдигин көрсөткөн аят келди. Бул Аллах Тааланын каалаган пайгамбарына Өз илиминен кабар берүү күчүнө далил.

Муну менен сүрөнүн акыркы аяттары башында айтылгандарга байланыштырылып турат”,- дейт. Бул байланыш ырааттуу баяндоонун (балага илиминдеги термин) эң мыкты ыкмаларынын бири болуп саналат.

Биз айткандай, бул аяттын негизги темасы — Аллах Тааланын илими. Бул эч нерсе жашыруун болбой турган, түгөнгүс, чексиз, абсолюттуу илим. Аят («قُلْ Айткын!») деген

буйрук формасында башталган. Бул буйрук Пайгамбарыбызга ﷺ багытталган. Бул Аллахтын ыйык вахийин адамдарга жеткирүү Пайгамбардын ﷺ милдети экенине бекем басым.

Андан соң аятта абдан таасирдүү сүрөттөө келтирилет: «Эгер бардык деңиздер, Роббимдин Сөздөрүн (илим даанышмандыктарын жазуу) үчүн сыя болсо жана дагы ошончо сыя алып келсек да, Роббимдин Сөздөрү бүтүшүнөн мурда, ал деңиздер түгөнүп бүтөт!». Араб тилиндеги «мидад» — жазган кишиге “жардам берүүчү” деген мааниде сыяны билдирет. Бул жердеги مداداً деген сөздүн толук мааниси “Аллахтын сөздөрүн жазууга арналган сыя”.

Ал эми كَلِمَاتُ الله Аллах Тааланын كن деген буйругу менен жаралып жаткан бардык нерселер жана Анын бүткүл каалоо-ирадалары. Шейх Шаарави мындай деп айткан:

«Аллахтын сөздөрү — бул «Кун» (Бол!) деп айтылган нерселер, Анын ааламдагы бардык каалоолору: биз билген, кийин билишибиз мүмкүн болгон жана Кыямат болгондо гана билине турган нерселер”.

Албетте, Аллах Таала Өзүнүн асман-жердеги илимин Лавхул-Махфузда сактаганын айткан. Мисалы, Аллах Таала мындай деген:

«أَلَمْ تَعْلَمْ أَنَّ اللَّهَ يَعْلَمُ مَا فِي السَّماءِ وَالْأَرْض إِنَّ ذَلِكَ فِي كِتابٍ إِنَّ ذَلِكَ عَلَى اللَّهِ يَسِيرٌ»

«(Эй, Мухаммад), сен Аллах асман жана жердеги бар нерсени билишин билбедиңби?! Албетте бул Китепте *(Лавхул-махфузда жазып коюлган)****. Албетте бул Аллахка оңой».*** (Хаж, 70).

Имам Тирмизи риваят кылган хадисте, Убада ибнус-Саамит мындай дейт:

«Пайгамбар ﷺ мындай дегенин уктум: "إنّ أوّلَ ما خلق اللهُ القلمُ، فقال له: اكتب، فجرى بما هو كائن إلى الأبد".

«Аллах Таала биринчи жараткан нерсе — калем. Аллах ага: “Жаз!” - деди. Калем болсо, Кыяматка чейин боло турган бардык нерсени жазды».

Бирок мунун баарына карабастан, Аллахтын жалпы илими асман менен жердеги белгиленген илимден да кеңири. Анын сөздөрү — ушул чексиз илимдин көрүнүшү. Аллах Таала дагы бир аятта мындай деген:

«وَلَوْ أَنَّمَا فِي الْأَرْضِ مِنْ شَجَرَةٍ أَقْلَامٌ وَالْبَحْرُ يَمُدُّهُ مِنْ بَعْدِهِ سَبْعَةُ أَبْحُرٍ مَا نَفِدَتْ كَلِمَاتُ اللَّهِ»

«Эгер Жердеги бардык бак-даректар калем болуп, деңиз *(сыя болсо жана)* ***андан соң дагы жети деңиз жардамга келсе, Аллахтын сөздөрү түгөнүп бүтпөйт. Албетте Аллах кудурет жана даанышмандык ээси».*** (Лукман: 27).

Бул эмне деген улуулук! Жер бетиндеги бардык даректар калемге айланып, бардык деңиздер сыяга айланса да, Аллахтын сөздөрүн жазууга жетпейт. Аллах Тааланын илими ушунчалык кең болгондуктан, эч ким Анын илимин толук аңдай албайт. Аятта айтылгандай:

«وَلَا يُحِيطُونَ بِشَيْءٍ مِّنْ عِلْمِهِ إِلَّا بِمَا شَاءَ»

“Адамдар болсо Ал Заттын каалоосунан башка эч нерсе билишпейт». (Бакара: 255).

Экинчи аят тууралуу ат-Табари өз тафсиринде мындай дейт:

«Бул аятта Аллах Таала айтат: «Эй, Мухаммад, мушриктерге айт: мен да силер сыяктуу адаммын, Адамдын балдарынанмын. Менде Аллах үйрөткөндөн башка эч кандай билим жок. Ал эми Аллах мага вахий түшүрүп жатат: силер ибадат кылууга тийиш болгон, эч кимди шерик кылбоого тийиш болгон Зат — жалгыз гана Алла. Эгер кимде-ким Роббисинен корксо, Ага жолуга турган күндөн корксо, күнөөлөрдөн сактанса жана Ага мойун сунгандыгы үчүн сооп күтсө, анда Ага болгон ибадатты чын ниет менен кылсын жана жалгыз гана Аны Робб катары таанысын».

Бул аят да мурункусундай эле قل «айткын!» деген буйрук менен башталган. Бул Пайгамбарга ﷺ карата буйрук болуп, ага: «Мен силердей эле адаммын» - деп айтууга көрсөтмө берилүүдө. Куранда мындай буйрук бир нече жолу кайталанат. Бул, Пайгамбардын ﷺ адам экенин, андан мурда өткөн бардык пайгамбарлар да адам болгонун баса белгилөө үчүн.

Аллах Таала айтат:

«وَمَا أَرْسَلْنَا مِنْ قَبْلِكَ إِلَّا رِجَالًا نُوحِي إِلَيْهِمْ»

“(Эй, Мухаммад), Биз сенден мурда да *(периштелерди эмес)* ***жалаң шаар калкынан кишилерди пайгамбар кылып, аларга вахий жибергенбиз”.*** (Юсуф: 109).

Аллах Таала адамдарга өздөрүнүн арасынан, өздөрүндөй адамды пайгамбар кылып жиберет. Кафирлер талап кылгандай периштелерди пайгамбар кылып жибербейт. Эгер Жер бетинде периштелер жашап жүргөндө, анда Аллах аларга периште пайгамбар жибермек. Аллах мындай дейт:

«قُلْ لَوْ كَانَ فِي الْأَرْضِ مَلَائِكَةٌ يَمْشُونَ مُطْمَئِنِّينَ لَنَزَّلْنَا عَلَيْهِمْ مِنَ السَّمَاءِ مَلَكًا رَسُولًا»

“Айткын: «Эгер бул Жерде *(адамдар эмес)* ***периштелер басып жүрүшкөндө, албетте, Биз*** *(атап айтканда, Аллах)* ***аларга асмандан периште пайгамбарды түшүргөн болоор элек”.*** (Исра).

Мунун акылга сыярлык хикматы да бар. Пайгамбар өзү да башка адамдар сыяктуу болгондуктан, адамдарга жүктөлгөн милдеттер ага да жүктөлөт. Ошондуктан ал өз Үммөтүнө үлгү жана өрнөк болот. Аллах Тааланын динин сөзү жана иши менен жеткирет. Куранда бул маанини Аллах Таала мындайча баса белгилеген:

«لَقَدْ كَانَ لَكُمْ فِي رَسُولِ اللَّهِ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ لِمَنْ كَانَ يَرْجُو اللَّهَ وَالْيَوْمَ الْآخِرَ»

“*(Эй, момундар),* ***силер үчүн – Аллах жана Акырет күнүнөн үмүткөр болгон, ошондой эле Аллахты көп жат кылган кишилер үчүн Аллахтын пайгамбарында көркөм өрнөк бар”.*** (Ахзаб: 21).

Бул аят Пайгамбардын ﷺ милдетин түшүндүрүп берип жатат: ал – Аллах Тааланын вахийин жеткирүүчү. Пайгамбарга эң биринчи түшүрүлгөн нерсе — “Биздин Кудай — жалгыз гана Аллах” деген акыйда болгон. Мына ушуну менен бардык пайгамбарлар келген: Аллах Тааланы жалгыз деп таанып, Ага гана кулчулук кылууга чакырык жасашкан.

Куранда Пайгамбардын милдети ачык-айкын жеткирүү экендиги көп кайталанган. Маселен, Алла Таала мындай дейт:

وَمَا عَلَى الرَّسُولِ إِلَّا الْبَلَاغُ الْمُبِينُ

“Пайгамбардын милдети — болгону ачык-айкын жеткирүү”. (Нур: 54).

Пайгамбар ﷺ адамдарды Аллах Таалага гана кулчулук кылууга чакырганы — адамдын табиятына шайкеш келет жана акылын ынандырат. Бул чакырык адамдын табигый диний инстинкти менен да шайкеш: бул инстинкт адамды өзүнүн алсыздыгын, кемчилигин, чектелүү экенин жана бирөөгө муктаждыгын сезүүгө түртөт. Мындай сезимди бир гана Жаратуучу, Баардык Ишти Башкаруучу Аллах Таалага болгон ыйман гана кандыра алат.

Адамдын акылы да ушул чакырыкка ынанат. Анткени ал өзүнүн жана айлана-тегеректегилердин муктаждыгын, көз карандылыгын сезет. Табияттагы көркөм жаратылгандар, таң калычтуу мыйзамдын баары бир Жаратуучуну жана бул ааламды башкаруучу бир түзүмдү талап кылат. Демек, пайгамбарлардын Аллах Тааланы жалгыз деп таанууга жана Ага гана кулчулук кылууга чакыруусу адам акылына ылайык

келет, табиятына шайкеш болот, анын акылын ынандырат жана көңүлүнө тынчтык, кадыржамдык алып келет.

Ал эми экинчи аяттын акыркы бөлүгү — сүрөөнүн жыйынтыгы — Аллах Тааланын мындай сөзү:

فَمَنْ كَانَ يَرْجُو لِقَاءَ رَبِّهِ فَلْيَعْمَلْ عَمَلًا صَالِحًا وَلَا يُشْرِكْ بِعِبَادَةِ رَبِّهِ أَحَدًا

“Демек, ким Роббисине жолугуудан үмүткөр болсо, анда жакшы амал кылсын жана Роббисине пенделик кылууда бир да жанды *(Ага)* ***шерик кылбасын!*** *(Кыла турган бардык иштерин Жалгыз Аллах үчүн кылсын!)”.* (Кахф: 110).

Бул аят бир нече маанини камтыйт. Биринчиси — акыретке болгон ыйман. Аятта “Роббисине жолугуудан” деп айтылган, бул акырет күнүндөгү Аллах менен жолугушууга ишенүүнү билдирет.

Аллах менен жолугушуу — момун пенделерине Аллах Таала сүйдүргөн нерсе. Бухариде келген хадисте айтылат:

«مَنْ أَحَبَّ لِقَاءَ اللَّهِ، أَحَبَّ اللَّهُ لِقَاءَهُ، وَمَنْ كَرِهَ لِقَاءَ اللَّهِ، كَرِهَ اللَّهُ لِقَاءَهُ»

“Ким Аллах менен жолугушууну сүйсө, Аллах да аны менен жолугушууну сүйөт. Ал эми ким Аллах менен жолугушуудан жийиркенсе, Аллах да андан жийиркенет”.

Ошондой эле Пайгамбарыбыз ﷺ мындай дуа кылчу:

«اللَّهُمَّ اجعلْ خيرَ عُمُري آخِرَهُ، وخيرَ عملي خواتيمَهُ، وخيرَ أيَّامي يومَ ألقاك فيه»

“Оо, Аллах, өмүрүмдүн эң жакшысы акыркысы болсун, иштеримдин эң жакшысы акыркысы болсун, күндөрүмдүн эң жакшысы Сен менен жолуккан күн болсун.”

Аллах Таала менен жолугушууну сүйүү жана аны үмүт кылуу — эки негизги нерсени талап кылат. Биринчиси, жакшы амалдарды кылуу, экинчиси, Аллах Таалага ибадат кылууда Ага эч кимди шерик кылбоо.

Жакшы амал — Аллах Таала Пайгамбары ﷺ аркылуу буйруган нерселер. Жакшы амал эмне экенин аныктоо — пайгамбарлардын жана элчилердин милдети. Насааи жана Ибн Мажа риваят кылган хадисте Абдулла ибн Амр رضي الله عنه айтат:

قال رسول الله ﷺ:

«إِنَّهُ لمْ يكنْ نَبِيٌّ قَبلي إلاَّ كان حَقًّا عليهِ أنْ يَدُلَّ أُمَّتَهُ على ما يَعْلَمُهُ خيرًا لهُمْ ويُنْذِرَهُمْ ما يَعْلَمُهُ شَرًّا لهُمْ»

“Менден мурда өткөн ар бир пайгамбар үчүн өз үммөтүнө жакшылык болгон нерсени көрсөтүп берүү, жамандык болгон нерседен эскертүү милдет болгон.” (Насааи, Ибн Мажа).

Демек, жакшы амалды аныктоо — адамдын өзүнө берилген эмес. Анткени адамдын пикирлери, чечимдери бири-бирине карама-каршы болушу мүмкүн, айлана-чөйрөдөн таасирленет, өзгөрмөлүү болот. Адамга жагымдуу болгон нерсени жакшы деп, өзү жек көргөн нерсени жаман деп кабыл алат. Аллах Таала мындай көз караштын жаңылыш экенин жихад жөнүндө түшкөн аят менен билдирет:

﴿كُتِبَ عَلَيْكُمُ الْقِتَالُ وَهُوَ كُرْهٌ لَّكُمْ ۖ وَعَسَىٰ أَن تَكْرَهُوا شَيْئًا وَهُوَ خَيْرٌ لَّكُمْ ۖ وَعَسَىٰ أَن تُحِبُّوا شَيْئًا وَهُوَ شَرٌّ لَّكُمْ ۗ وَاللَّهُ يَعْلَمُ وَأَنتُمْ لَا تَعْلَمُونَ﴾

“(Эй, момундар!) Силерге жакпаса да, согуш фарз кылынды. *(Анткени)* ***силер өзүңөр үчүн жакшы*** *(пайдалуу)* ***болгон нерсени жаман көрүшүңөр жана силер үчүн жаман*** *(зыяндуу)* ***болгон нерсени жакшы көрүшүңөр мүмкүн. Аллах билет, а силер билбейсиңер”.*** (Бакара: 216).

Ошентип, чындыгында жакшы амал — пайгамбарлар көрсөтүп берген амал. Ал эми Пайгамбарыбыз Мухаммаддын ﷺ келиши менен мурунку шариаттар жоюлуп, эми жакшы амалды аныктоо Мухаммад ﷺ алып келген шариат менен гана болот.

Аяттын акыркы бөлүгүндөгү экинчи маселе — Аллах Таалага ибадат кылууда эч кимди шерик кылбоо. Бул Аллах Таалага гана кулчулук кылуу дегенди билдирет. Бирок бул жерде “ибадат” деген түшүнүк кеңири мааниде колдонулуп жатат: жөн гана намаз, орозо, зикир эмес, Аллах Таалага толук баш ийүү, Аны жалгыз мыйзам чыгаруучу деп таануу деген мааниде келген.

Табарани, Тирмизи жана Байхаки риваят кылган хадисте айтылат: Ади ибн Хатим رضي الله عنه (ал кезде насроний болгон) Пайгамбардын ﷺ жанына келгенде, ал төмөнкү аятты окуп жаткан экен:

﴿اتَّخَذُوا أَحْبَارَهُمْ وَرُهْبَانَهُمْ أَرْبَابًا مِّن دُونِ اللَّهِ وَالْمَسِيحَ ابْنَ مَرْيَمَ ۖ وَمَا أُمِرُوا إِلَّا لِيَعْبُدُوا إِلَٰهًا وَاحِدًا ۖ لَّا إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ ۚ سُبْحَانَهُ عَمَّا يُشْرِكُونَ﴾

“Алар Аллахты коюп өздөрүнүн даанышмандарын жана рахибдерин *(монахтарын),* ***ошондой эле Масих биннн Мариямды Кудайлар деп билишти. Акыйкатта болсо, Жалгыз Аллахка гана пенделик кылууга буйрулушкан эле. Эч илах-кудай жок, Анын Өзү гана бар. Ал Зат алардын*** *(кошкон)* ***шериктеринен таза”.*** (Тообо: 31).

Ади ибн Хатим رضي الله عنه мындай дейт:

“Биз аларга сыйынбайбыз го?”, - десе, Пайгамбар ﷺ минтип жооп берет:

«أليسَ يُحرّمونَ ما أحلَّ اللهُ فتحرّمونَه، ويُحلُّونَ ما حرَّمَ اللهُ فتحلُّونَه؟»

“Алар Аллах адал кылган нерсени арам кылса, силер да аны арам деп кабыл аласыңарбы? Алар Аллах арам кылган нерсени адал десе, силер да аны адал деп кабыл аласыңарбы?”

Ади رضي الله عنه: “Ооба” - деп жооп берсе, Пайгамбар ﷺ мындай деди:

«فتلك عبادتُهم»

“Дал ошол — алар кылган ибадат”.

Демек, Аллах Таалага гана ибадат кылуу дегени Аны жараткан жалгыз Кудай деп таануу гана эмес, Ага гана адал-арам чечим чыгаруу укугун берүү, Анын буйруктарына гана баш ийүү дегенди да билдирет.

Аллах Таалага гана ибадат кылуу момун пендеден ихлас, башкача айтканда, кулчулугунда Аллахка гана таза ниет менен кайрылууну талап кылат. Бул ибадатта рия (башкаларга көргөзүү үчүн кылуу) же сумъа (кадыр-барк күтүп кылуу) өндүү аралашмалар болбошу керек.

Имам Муслим Сахихинде Абдуллах ибн Жундуб رضي الله عنه ривая кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«مَن يُسَمِّعْ يُسَمِّعِ اللَّهُ به، ومَن يُرائِي يُرائِي اللَّهُ بهِ»

“Ким (амалын) **элге угузууну көздөсө, Аллах аны элге угузуп коет. Ким** (амалын) **көргөзүүнү көздөсө, Аллах аны элге көрсөтөт”.** (Сахих Муслим).

Ошондой эле Муслим Абу Хурайра رضي الله عنه ривая кылган кудси хадисте Пайгамбар ﷺ айткан:

قال الله تعالى:

«أنا أغْنَى الشُّركاءِ عنِ الشِّركِ، مَنْ عمِلَ عملًا أشركَ فيه معِيَ تركتُهُ وشِركَهُ»

“Мен шериктен эң беймуктажмын. Кимде-ким бир амал кылып, ага Мени менен башканы шерик кылса, аны да, анын ширк кылуусун да таштап коём”. (Сахих Муслим).

Ошондуктан, ким Аллах Таала менен жолугушууну сүйсө жана аны үмүт кылса, ал Аллах Тааланы жалгыз Жаратуучу жана Башкаруучу деп ишенсин, жардамды бир гана Андан сурасын, таянуу жана ишенимди жалаң Ага багыштасын, үмүттү жана коркууну жалаң Ага гана арнасын, Аллах Таала буюргандай жакшы амал кылсын, жашоодогу адал менен арамды негизги тараза кылсын.

Аяттын ккыркы бөлүгү — Кахф сүрөсүнүн жыйынтыгы — абдан маанилүү бир маселеге көңүл бурат. Бул адамдын жашоодогу эң чоң түйүнүн туура чечүү маселеси. Бул аят

адамдагы тадаюн гарыйзасы туудурган үч чоң сурооого жооп берет:

1. Кайдан келдим?
2. Эмне үчүн жаралдым?
3. Кайда барам?

Бул суроолорго жооп төмөнкүдөй:

Бизди Аллах Таала жараткан. Ал бизди Өзүнө ибадат кылыш үчүн жараткан. Биз эсеп, жаза же сыйлык алуу үчүн Акырет күнүндө Ага кайтып барабыз.

Биз Аллах Тааладан сурайбыз. Бизди Өзүнүн сооптуу, жакшы пенделеринен кылып, Аны менен жолугушууну сүйгөн жана үмүт кылган адамдардан кылсын. Анын ыраазылыгына жана Бейишке жеткирсин. Мусулмандар үчүн акыйкат жолду орнотуп, Анын буйруктарына моюн сунгандарды сый-урматтуу кылсын, Анын буйругуна каршы чыккан күнөөкөрлөрдү кор кылсын. ❑

СЫДЫКТЫН (АБУ БАКР رضي الله عنه) ПОЗИЦИЯСЫ АР БИР МУСУЛМАН ҮЧҮН АКЫЙКАТТЫ КАРМАНУУДА ЖАНА АНЫ АЧЫК АЙТУУ ЖОЛУНДА АР ДАЙЫМ ҮЛГҮ БОЙДОН КАЛАТ.

Махир ад-Дабъи – Йемен

Аты-жөнү, наамы жана сыпаттары:

Абу Бакр ас-Сыддык Абдуллах ибн Абу Кухафа Усман ибн Амир ат-Тайми ал-Курайши хижратка чейин 50-жылы туулуп, хижраттын 13-жылы дүйнөдөн кайткан (573 – 634-ж.). Абу Бакрга (ас-Сыддык, ас-Сахиб, ал-Атик, ал-Атка, ал-Аввах) деген ар түрдүү лакап аттар ыйгарылган. Ар бир лакаптын артында Абу Бакрдын өзгөчө артыкчылыктарын баяндаган тарыхый окуялар бар. Алардын ичинен «Сыддык» (чын ыкластуулук менен ыйман келтирген) деген наамы өзгөчө белгилүү болгон. Анткени ал бул сыпатты мушриктер Аллах Тааланын жолунан тосуп, пайгамбарлыкты жокко чыгарып жаткан оор мезгилде көрсөттү.

Абу Бакр жахилият доорунда да бир катар жакшы сапаттары менен белгилүү болчу. Алардын бири — арабдардын теги жана тарыхы тууралуу терең билимге ээ болгону. Анткени Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

«فَإِنَّ أَبَا بَكْرٍ أَعْلَمُ قُرَيْشٍ بِأَنْسَابِهَا»

«Абу Бакр — Курайш уруусунун тектерин эң жакшы билген адам». (Сахих Муслим).

Абу Бакр رضي الله عنه соодагер болгон. Ибн Касир мындай деп жазган: «Ал соодагер, жакшы мүнөздүү жана кадыр-барктуу киши эле. Анын илими, соодасы жана адамдар менен жакшы мамиле кылганы себептүү эли аны урматтап, аны менен отурууну жакшы көрүшчү». Анын соодадагы баштапкы капиталы 40 миң дирхам болчу. Кээ бирлери: «Мекке эли Абу Бакр менен отурууну жакшы көрүшчү, анткени ал сылык, акылдуу, сабырдуу, жумшак, жоомарт, чынчыл, уяттуу, токтоо жана урматка татыктуу

киши болчу» - деп сүрөттөшкөн.

Абу Бакр жахилият доорундагы буттарга сыйынуу, арак ичүү, жакырчылыктан коркуп балдарын өлтүрүү сыяктуу жосунсуз иштерди эч качан кылган эмес. Ал элинин чогулуштарына да жакшы мүнөз, сылыктык жана улук сапаттар менен гана катышчу.

Абу Бакр ас-Сыддык رضي الله عنه тууралуу баяндар толугу менен ыйман менен сугарылган, эрдикке бай. Анын инсандыгы жакшы сапаттар менен курчалган жана улуу ахлак менен кооздолгон. Ал ыйман келтирүүдө жана адамдарды Аллах Тааланын жолуна чакырууда алгачкылардан болгон. Расулуллахты ﷺ коргоодо, динди көтөрүүдө, мал-мүлкүн сарптоодо алдыңкы сапта турган. Аллах жолунда зулумдука учураган эң биринчи адам — дал ушул Абу Бакр болчу.

Ал Пайгамбарыбыздын ﷺ сапарлаш досу, бардык абалында жанында жүргөн, Пайгамбарыбызды ﷺ жакшы билген жана анын сырын сактаган жана эркектердин ичинен ага эң жакыны эле. Ал кыйынчылык жана чоң сыноолор учурунда чечкиндүү кадамдар менен белгилүү болгон. Ислам тарыхындагы эң биринчи халифа, динди колдогон жана коргогон, Аллах жолунда жихад кылган адам, Аллах Таала Куранды жыйноо вазыйпасын ага насип кылган.

Ал رضي الله عنه такыба, эл сүйгөн, кайраттуу, мээримдүү, жумшак, ошол эле учурда чечкиндүү, акыл-эстүү жана көрөгөч адам болчу. Эгер анын сапаттарын жыйнагыбыз келсе, анда: «Анда кайсы гана улук сыпат болбосун, ага бир үлүш насип болгон, кайсы гана жакшы амал болбосун, ага биринчи жетүүгө умтулган» - деп айта алабыз.

Абу Хурайра رضي الله عنه баяндайт:

Пайгамбарыбыз ﷺ айтты:

«مَنْ أَصْبَحَ مِنْكُمْ الْيَوْمَ صَائِماً؟ قَالَ أَبُو بَكْرٍ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ: أَنَا. قَالَ: فَمَنْ تَبِعَ مِنْكُمْ الْيَوْمَ جَنَازَةً؟ قَالَ أَبُو بَكْرٍ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ: أَنَا. قَالَ: فَمَنْ أَطْعَمَ مِنْكُمْ الْيَوْمَ مِسْكِيناً؟ قَالَ أَبُو بَكْرٍ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ: أَنَا. قَالَ: فَمَنْ عَادَ مِنْكُمْ الْيَوْمَ مَرِيضاً؟ قَالَ أَبُو بَكْرٍ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ: أَنَا. فَقَالَ رَسُولُ اللهِ ﷺ: مَا اجْتَمَعْنَ فِي امْرِئٍ إِلَّا دَخَلَ الْجَنَّةَ» رواه مسلم.

«Ким бүгүн орозо кармап отурат?»

Абу Бакр رضي الله عنه : “Мен”, - деди.

Пайгамбарыбыз ﷺ : Ким бүгүн жаназага барды?»

Абу Бакр رضي الله عنه : “Мен”, - деди.

Пайгамбарыбыз ﷺ: Ким бүгүн жакырды тамактандырды?»

Абу Бакр رضي الله عنه : “Мен”, - деди.

Пайгамбарыбыз ﷺ: “Ким бүгүн оорулуудан кабар алды?”

Абу Бакр رضي الله عنه : “Мен”, - деди.

Ошондо Пайгамбарыбыз ﷺ айтты:

«Бул төрт амал бир кишиде топтолсо, ал жаннатка кирет». (Муслим риваяты).

Абу Бакр ас-Сыддыктын رضي الله عنه турмушундагы бул сыяктуу окуялар ар бир мусулман үчүн Аллахтын сөзүн ачык-айкын айтуу жана акыйкатты карманууда туруктуулуктун жол көрсөткүчү бойдон калат. Ал сабырдуулукка, кыйын кырдаалды акылмандык менен башкарууга, чынчылдык менен даават кылууга жана Аллахтын динин үстөм кылууга умтулган үлгү инсан.

Анын Исламды кабыл алуусу жана алдыңкы болуусу

Пайгамбарыбыз ﷺ пайгамбар болуп жиберилгенден кийин досу Абу Бакрды Исламга чакырганда, ал күмөн санабастан, кечикпестен дароо ыйман келтирди. Ал эркектердин ичинен эң биринчи Исламды кабыл алган адам болгон. Али رضي الله عنه болсо жаш балдардын арасынан биринчи болчу. Абу Бакр Исламды кабыл алганда, Пайгамбарыбыз ﷺ абдан кубанып, жүрөгү шаттыкка толгон.

Ибн Касирдин маалыматына ылайык, хадис аалымы Абу ал-Хасан ат-Тарабулси Айша энебизден رضي الله عنها риваят кылат:

Абу Бакр Пайгамбарыбыз ﷺ менен жолугууга чыккан эле, ал жахилият доорунда ага дос болчу. Аны көргөндө мындай деди: «Эй, Абу ал-Касим, элиңдин жыйналыштарынан көрүнбөй калдың, алар сени ата-бабаларыбызды кемсинтти деп айыпташууда». Пайгамбарыбыз ﷺ ага: «Мен Аллахтын элчисимин, сени Аллахка чакырам», - деди. Сөзүн аяктаганда Абу Бакр дароо ыйман келтирди. Ошондо Пайгамбарыбыз ﷺ эч

кимден мынча кубаныч алган эмес».

Ибн Исхактын риваяты боюнча Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

«مَا دَعَوْتُ أَحَداً إِلَى الْإِسْلَامِ إِلَّا كَانَتْ عِنْدَهُ كَبْوَةٌ وَتَرَدُّدٌ وَنَظَرٌ، إِلَّا أَبَا بَكْرٍ، مَا عَكَمَ مِنْهُ حِينَ ذَكَرْتُهُ وَمَا تَرَدَّدَ فِيهِ»

«Мен адамдарды Исламга чакырганда, алардын ар бири токтолуп, күмөн санап, ойлонуп турган. Бирок Абу Бакр андай кылган жок. Ага айтканымда, дароо кабыл алды». (Ибн Хишам: عكم деген сөз «кечикти» дегенди билдирет).

Жана Пайгамбарыбыз ﷺ дагы мындай деп айткан:

«هَلْ أَنْتُمْ تَارِكُونَ لِي صَاحِبِي، هَلْ أَنْتُمْ تَارِكُونَ لِي صَاحِبِي؟ إِنِّي قُلْتُ يَا أَيُّهَا النَّاسُ إِنِّي رَسُولُ اللهِ إِلَيْكُمْ جَمِيعاً، فَقُلْتُمْ كَذَبْتَ، وَقَالَ أَبُو بَكْرٍ صَدَقْتَ». أخرجه البخاري.

«Мени менен болгон досумду тынч койгула! Мени менен болгон досумду тынч койгула! Мен: “Эй, адамдар, мен силерге жиберилген Аллахтын элчисимин” - дедим. Силер: “Жалганчысың” - дединер. Абу Бакр болсо: “Акыйкатты айттың” - деди». (Бухари).

Абу Бакрдын ыйманы ушунчалык бекем болгондуктан, эгер бүтүндөй жер жүзүндөгү адамдардын ыйманы менен анын ыйманы таразага тартылса, Абу Бакрдын ыйманы оор басмак. Ахмад риваят кылган хадисте айтылат:

«Бир күнү Пайгамбарыбыз ﷺ бизге чыгып:

«رَأَيْتُ آنِفاً كَأَنِّي أُعْطِيتُ الْمَقَالِيدَ وَالْمَوَازِينَ، فَأَمَّا الْمَقَالِيدُ فَهَذِهِ الْمَفَاتِيحُ، وَأَمَّا الْمَوَازِينُ فَهِيَ الَّتِي تَزِنُونَ بِهَا، فَوُضِعْتُ فِي كِفَّةٍ وَوُضِعَتْ أُمَّتِي فِي كِفَّةٍ فَرَجَحْتُ بِهِمْ، ثُمَّ جِيءَ بِأَبِي بَكْرٍ فَرَجَحَ، ثُمَّ جِيءَ بِعُمَرَ فَرَجَحَ، ثُمَّ جِيءَ بِعُثْمَانَ فَرَجَحَ، ثُمَّ رُفِعَتْ، قَالَ: فَقَالَ لَهُ رَجُلٌ: فَأَيْنَ نَحْنُ؟ قَالَ: حَيْثُ جَعَلْتُمْ أَنْفُسَكُمْ». وأخرجه ابن شيبة والطبراني.

“Азыр эле мага мизандар (таразалар) жана макалиддер (ачкычтар) берилгени көрсөтүлдү. Мени бир таразага, Үммөтүмдү экинчи таразага коюшту. Мен алардан оор болдум. Анан Абу Бакрды коюшту, ал дагы оор чыкты. Анан Умарды коюшту, ал дагы оор чыкты. Анан Усманды коюшту, ал дагы оор чыкты. Анан тараза алынып салынды. Бир адам: “Биз кайда турабыз?” - деп сураганда, Пайгамбарыбыз ﷺ: “Өзүңөрдү кайсы таразага коюп жатсаңар, ошол жактасыңар”, - деп жооп берди». (Ахмад, Ибн Шайба жана Табарани).

Анын Исламга чакыруусу жана бул жолдогу эрдиктери

Абу Бакр رضي الله عنه Исламга чакырууда өзгөчө даражага ээ болгон. Ал адамдарды Аллах Тааланын динине чакырууда жигердүү аракет кылып, бул жаатта көптөгөн улуу иштерди жасаган.

Анын колу менен көптөгөн сахабалар Исламды кабыл алышкан. Алар: аз-Зубайр ибн ал-Аввам, Усман ибн Аффан, Талха ибн Убайдуллах, Саад ибн Абу Ваккас, Абдуррахман ибн Ауф, Усман ибн Мазъун, Абу Убайда ибн ал-Жаррах, Абу Салама ибн Абд ал-Асад жана ал-Аркам ибн Абу ал-Аркам. Ошондой эле Абу Бакр өзүнүн үй-бүлөсүн да Исламга чакырган. Натыйжада анын кыздары Асма жана Айша, уулу Абдуллах, жубайы Умму Руман жана кызматчысы Амир ибн Фухайра ыйман келтиришкен.

Ачык даават жана Меккедеги эрдик

Абу Бакр رضي الله عنه Меккеде мусулман жамаатынын ачыкка чыгышын, Исламды ачык айтып, акыйкатты жарыя кылуусун Пайгамбарыбыздан ﷺ тынымсыз суранып турган.

Ибн Касир «аль-Бидая ван-Нихая» деген эмгегинде Айша رضي الله عنها риваят кылган хадисти баяндайт:

«Пайгамбарыбыздын ﷺ сахабалары 38 киши болуп топтолушканда, Абу Бакр Пайгамбарыбызга ﷺ: “Келиңиз, эл алдына чыгалы!” - деп көп жолу өтүнгөн. Бирок Пайгамбарыбыз ﷺ: “Эй, Абу Бакр, биз азбыз” - деди. Бирок Абу Бакр кайра-кайра өтүнө бергенден кийин Пайгамбарыбыз ﷺ макул болуп чыкты. Мусулмандар ар кимиси өз уруусунун ичине тарап кетишти. Ал эми Абу Бакр элдин алдында туруп, элге кайрылып, Исламга ачык чакырган эң биринчи дааватчы болду.

Ошондо мушриктер Абу Бакр менен мусулмандарга кол салып, аны тепкилеп, катуу урушту. Утба ибн Рабия анын бетин таманы менен тебелеп, андан соң курсагына секирип минип, аны ушунчалык катуу сабады, ал тургай анын жүзү менен мурдун айырмалап тааныбай калгыдай болду.

Бану Тайм уруусунун адамдары жүгүрүп келип, мушриктерди таратып жиберишти да Абу Бакрды көтөрүп, өзүнүн үйүнө жеткиришти. Алар анын өлгөнүнө ишенишкен. Кийин Бану Тайм мечитке кайтып барып:

«Эгер Абу Бакр каза болсо, биз Утбаны өлтүрөбүз» - деп ант беришкен.

Кечинде, Абу Бакр өзүнө келип, үн ката баштаганда, биринчи айткан сөзү:

«Пайгамбарыбыз ﷺ эмне болду?», - деген сөзү болду.

Атасы Абу Кухафа жана уруусундагылар анын тамагын ичирип-жеткирүүгө аракет кылышкан, бирок ал болбой:

«Пайгамбарыбыз ﷺ эмне болду?» - деп сурай берген. Энеси Умм ал-Хайр: «Билбейм, досуң тууралуу эч нерсе укпан жокмун» - деп жооп берет. Абу Бакр болсо: «Бар, Умму Жамил бинт аль-Хаттабдан сура» - деп айтат.

Энеси барып, жашыруун мусулман болгон Умму Жамилди тапканда:

«Абу Бакр сенден Мухаммад ибн Абдуллах тууралуу сурап жатат» - дейт. Умму Жамил: «Мен Абу Бакрды да, Мухаммадды да тааныбайм. Бирок кааласаң, сени менен барып уулуңду көрүп келейин» - дейт да, кошо жүрөт. Алар Абу Бакрды катуу жаракат алган абалда көрүшөт. Умму Жамил ыйлап жиберип: «Сени мынчалык сабаган эл — фиск жана куфр ээлери! Аллах сени алардын зулумунан куткарат деп үмүттөнөм!» - деди.

Абу Бакр: «Пайгамбарыбыз ﷺ эмне болду?» - деп кайра сурайт.

Ал: «Бул сенин энең, угуп турат» - дейт.

Абу Бакр: «Ага айтсаңыз эч нерсе болбойт» - деп жооп берет.

Ошондо Умму Жамил: «Ал жакшы, соо-саламат» - дейт.

Абу Бакр: «Ал кайда?» - деп сурайт.

«Дарул-Аркамда» - деп жооп берет.

Абу Бакр: «Мен Пайгамбарыбызды ﷺ көрмөйүнчө эч нерсе ичпейм да, жебейм да» - дейт. Анан түндө энеси менен Умму Жамил аны эки колдоп, таяп барып, Пайгамбарыбыз ﷺ менен жолуктурат.

Пайгамбарыбыз ﷺ аны көргөндө кучактап өөп, абдан

кайгырып, көзүнө жаш алган. Мусулмандар да ага урмат көрсөтүшкөн. Абу Бакр: «Атам менен апам сизге садага болсун, эй, Аллахтын элчиси! Мени тиги бузуку адамдын бетиме уруп, жарадар кылганы гана кыйнады. Бул менин апам, баласына абдан боору ооруйт, сиз мубарак инсансыз, аны да Аллахтын жолуна чакырыңыз, Аллах Таала сиз аркылуу аны тозоктон куткарат деп үмүт кылам» - дейт. Ошондо Пайгамбарыбыз ﷺ анын апасына да даават кылып, дуа кылганда, апасы ыйман келтирет.

Абу Бакр رضي الله عنه Умайя ибн Халаф Билал ибн Рабахты кул катары кармап, азаптап жатканын укканда дароо барып, Умайя менен сүйлөшүп, Билалды Аллах жолунда сатып алып, бошотуп жиберген. Ал ушул сыяктуу дагы бир топ кулдарды сатып алып, Аллах үчүн бошоткон. Алардын катарында: Амир бин Фухайра, Умм Убайс (же Умм Умайс), Зунайра, андан тышкары ан-Нахдия жана анын кызы, ошондой эле Лубайна (Бану Муаммал уруусунан болгон кул) бар. Алар да мусулман болгон, Абу Бакр аларды да сатып алып, бошоткон.

Хижрат жана Пайгамбарыбыз ﷺ менен бирге болуу

Абу Бакр رضي الله عنه Пайгамбарыбыз ﷺ менен бирге хижрат кылууну самап, ага атайын даярдык көргөн. Ибн Исхак баян кылат: “Абу Бакр бай киши болчу. Бир күнү Пайгамбарыбыздан ﷺ хижратка уруксат сураганда, Пайгамбарыбыз ﷺ ага: «Ашыкпа, балким, Аллах сага шерик катары дос берет», - деп жооп берген. Абу Бакр бул сөз менен Пайгамбарыбыз ﷺ өзүн айтып жатат деп үмүттөнүп, эки төө сатып алып, аларды өз үйүндө багып даярдай баштаган.

Аиша энебиз رضي الله عنها мындай деп эскерет: Пайгамбарыбыз ﷺ күн сайын эртең менен же кечинде Абу Бакрдын үйүнө келип турчу. Бирок хижратка уруксат берилген күнү ал күндүн ысык маалында келди. Бул убакта адатта келчү эмес. Абу Бакр аны көргөндө: «Бул убакта келген болсо, демек, чоң иш менен келди» - деди. Пайгамбарыбыз ﷺ үйгө киргенде, Абу Бакр төшөгүнөн жылып орун бошотту. Ошондо үйдө мен жана сиңдим Асма гана бар болчубуз. Пайгамбарыбыз ﷺ: “Үйдөгүлөрдү чыгарып жибер”, - деди. Абу Бакр: «Алар экөө менин

кыздарым, атам менен апам сизге садага болсун! Эмне болду?» - деп сурады. Пайгамбарыбыз ﷺ: “Аллах мага Меккеден чыгууга жана хижрат кылууга уруксат берди”, - деп жооп берди.

Абу Бакр: «Мен сизге шерик боломбу, эй, Аллахтын Элчиси?» - деди. Пайгамбарыбыз ﷺ: “Ооба, шерик болосуң» - деди. Айша رضي الله عنها айтат: «Ошондо Абу Бакрдын ыйлаганын ошол күнү биринчи жолу көрдүм, кубанычтан ыйлап жатты».

Абу Бакр бүткүл байлыгын (беш миң же алты миң дирхам) Пайгамбарыбыз ﷺ үчүн алып чыккан. Ал экөө Сауур үңкүрүнө кетишкен. Ал Пайгамбарыбызга ﷺ эч кандай зыян жетпеши үчүн өзүнүн жанын да, мал-мүлкүн да садага кылган.

Мухаммад ибн Сирин айтып берет:

Умар رضي الله عنه доорунда айрым адамдар Умарды Абу Бакрдан артык деп айтышканда, Умар رضي الله عنه мындай деген: «Кудайга касам, Абу Бакрдын ошол түнү — бүткүл Умар уруусунан жакшы. Анын бир күнү — бүткүл Умар уруусунан артык! Пайгамбарыбыз ﷺ үңкүргө чыкканда анын жанында Абу Бакр болчу. Абу Бакр бирде Пайгамбарыбыздын алдында, бирде артында жүрчү. Пайгамбарыбыз ﷺ: «يَا أَبَا بَكْرٍ، مَا لَكَ تَمْشِي سَاعَةً بَيْنَ يَدَيَّ، وَسَاعَةً خَلْفِي؟» فقال: يا رسول الله، أذكر الطلب فأمشي خلفك، ثم أذكر الرصد، فأمشي بين يديك، فقال: «يَا أَبَا بَكْرٍ، لَوْ كَانَ شَيْءٌ لَأَحْبَبْتَ أَنْ يَكُونَ بِكَ دُونِي؟»

“Эй, Абу Бакр, эмне себептен бирде алдымда, бирде артымда басасың?” - деп сураганда, Абу Бакр: “Эй, Аллахтын Элчиси, куугандар артыңыздан келет деп ойлогондо артта турам, бирде жол тозгондор алдыңыздан чыгаар деп алдыга өтөм” - деди. Пайгамбарыбыз ﷺ: “Эй, Абу Бакр, бир нерсе боло турган болсо, сенин башыңа түшүшүн каалайсыңбы?” - деп сурады. Абу Бакр: “Ооба, сизди Акыйкат менен жиберген Затка ант берип айтам, башыма түшсө да, сизге зыяны тийбешин каалайм” - деди. Үңкүрдүн оозуна жеткенде, Абу Бакр: “Сиз туруп туруңуз, эй, Аллахтын Элчиси, мен алдын текшерип чыгайын”, - деп кирип, үңкүрдүн ичин карап чыгып: “Түшүңүз, эй, Аллахтын Элчиси”, - деди.

Мушриктер Пайгамбарыбызды ﷺ кууп, Саур тоосуна, үңкүрдүн оозуна чейин келишкен. Бирок Аллах Тааланын коргоосу менен алар эч нерсе кыла алышкан эмес.

Абу Бакр رضي الله عنه айтат:

“Мен үңкүрдүн ичинде Пайгамбарыбызга: “Эгер алар буттарынын астын эле карашса бизди көрүп коюшат” - дедим. Пайгамбарыбыз ﷺ :

«مَا ظَنُّكَ يَا أَبَا بَكْرٍ بِاثْنَيْنِ اللهُ ثَالِثُهُمَا؟» البخاري.

“Эй, Абу Бакр, экөөбүздүн үчүнчүсү Аллах болгон учурда, эмне деп ойлойсуң?» - деди. (Бухари риваяты)

Бул окуя жөнүндө Аллах Таала Куранда мындай дейт:

﴿إِلَّا تَنصُرُوهُ فَقَدْ نَصَرَهُ اللَّهُ إِذْ أَخْرَجَهُ الَّذِينَ كَفَرُوا ثَانِيَ اثْنَيْنِ إِذْ هُمَا فِي الْغَارِ إِذْ يَقُولُ لِصَاحِبِهِ لَا تَحْزَنْ إِنَّ اللَّهَ مَعَنَا﴾

“Эгер силер ага** (пайгамбарга) **жардам кылбасаңар Аллахтын Өзү ага жардам кылды. Аны кафирлер ал эки адамдын бири болгон абалында** (тагыраак айтканда, бир жолдошу менен Меккеден) **айдап чыгышканда** (ага Аллах жардам берди эле го)**. Ошондо алар экөө үңкүрдө турган чактарышда жолдошуна: «Кейибе, албетте Аллах биз менен бирге», дегенде, Аллах ага көңүл токтук түшүрдү жана аны силер көрбөгөн аскерлер** (периштелер) **менен колдоп-кубаттады, ошондой эле кафир болгон кимселердин сөздөрүн пас кылып койду, Аллахтын Сөзү гана жогору Сөз. Аллах Кудуреттүү, Даанышман”. (Тообо: 40).

Пайгамбарыбыз ﷺ менен Абу Бакр رضي الله عنه үңкүрдө үч түн болушкан. Андан кийин издөө басаңдап, алар Мадина тарапка жол тартышкан.

Пайгамбарыбыздын ﷺ сапарлаш досу, вазири жана куралынын жебеси

Абу Бакр ас-Сыддык رضي الله عنه Пайгамбарыбыз ﷺ менен бардык сапарларында жана абалдарында бирге болчу. Ал Пайгамбарыбыздын ﷺ кеңешчиси, вазири, сырдаш досу жана эркектердин ичинен ага эң сүйүктүүсү эле. Ал бардык жихадга катышкан. Табук согушунда, бардык байлыгын Аллах жолуна берген, үй-бүлөсүнө эч нерсе калтырбастан, өзүн Аллахтын ыраазылыгы үчүн “саткан”. Ал ар дайым жакшылыкта жарышып, башкалар аны менен атаандаша албай калган.

Абу Бакр رضي الله عنه Пайгамбарыбызды ﷺ абдан жакшы көргөн жана эң терең түшүнгөн сахаба эле. Абу Саид ал-Худри رضي الله عنه риваят кылат: Пайгамбарыбыз ﷺ минбарга чыгып:

«إنَّ عَبْداً خَيَّرَهُ اللهُ بيْنَ أنْ يُؤْتِيَهُ مِن زَهْرَةِ الدُّنْيا ما شاءَ، وبيْنَ ما عِنْدَهُ، فاخْتارَ ما عِنْدَهُ»

«Аллах бир пендесине бул дүйнөнүн кооздугун жана Аллахтын жанындагы сыйды тандоого койду. Ал пенде Аллахтын жанындагы сыйды тандады» - деп айтканда, Абу Бакр ыйлап: «Атам менен апам сизге садага болсун, эй, Аллахтын Элчиси!» - деп айткан. Адамдар таң калышып: “Карагылачы бул чалды! Пайгамбарыбыз бир пенденин тандоосу жөнүндө айтып жатса, ал болсо: “Атам менен апам сага садага болсун” дейт!», - дешкен.

Пайгамбарыбыз ﷺ тандалган пенде ким экенин билчү, Абу Бакр болсо муну эң жакшы түшүнгөн киши эле. Андан соң Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «إنَّ مِن أمَنِّ النَّاسِ عَلَيَّ في صُحْبَتِهِ ومالِهِ أبا بَكْرٍ، ولو كُنْتُ مُتَّخِذاً خَلِيلاً مِن أُمَّتي لاتَّخَذْتُ أبا بَكْرٍ، إلَّا خُلَّةَ الإسلام، لا يَبْقَيَنَّ في المَسْجِدِ خَوْخَةٌ إلَّا خَوْخَةَ أبِي بَكْرٍ»

«Мага достугу жана мал-мүлкү менен эң көп жардам берген адам — Абу Бакр. Эгер Үммөтүмдөн бирөөнү “досум” катары тандасам, Абу Бакрды тандамакмын. Бирок Ислам боордоштугу — бул эң жогорку байланыш. Мечиттеги бардык эшиктер жабылсын, Абу Бакрдыкынан башкасы»,-деди. (Бухари).

Абу Бакр оор учурларда чечкиндүү адам болгон

Анын эрдиги жана акылмандыгы бир нече маанилүү учурларда айкын көрүндү. Айрыкча, Пайгамбарыбыздын ﷺ дүйнөдөн кайтышы, андан соң зекет берүүдөн баш тарткандарга каршы жихад кылуу аркылуу Исламий мамлекетти жана Үммөттүн биримдигин сактап калды.

Пайгамбарыбыздын ﷺ дүйнөдөн кайтышы

Пайгамбарыбыздын ﷺ каза болушу сахабалар үчүн абдан оор сокку болду. Кээ бирлери сүйлөй албай калышты, кээ бирлери кыймылдабай же өлүмдү инкар кылып жатышты.

Сахих Бухариде айтылат:

كما جاء في صحيح البخاري: (أَنَّ رَسولَ اللهِ ﷺ مَاتَ وأَبُو بَكْرٍ بالسُّنْحِ، - قَالَ إسْمَاعِيلُ: يَعْنِي بالعَالِيَةِ – فَقَامَ عُمَرُ يقولُ: واللهِ ما مَاتَ رَسولُ اللهِ ﷺ، قَالَتْ: وقَالَ عُمَرُ: واللهِ ما كانَ يَقَعُ في نَفْسِي إلَّا ذَاكَ، ولَيَبْعَثَنَّهُ اللهُ، فَلَيَقْطَعَنَّ أيْدِيَ رِجَالٍ وأَرْجُلَهُمْ، فَجَاءَ أبو بَكْرٍ فَكَشَفَ عن رَسولِ اللهِ ﷺ فَقَبَّلَهُ، قَالَ: بأَبِي أنْتَ وأُمِّي، طِبْتَ حَيّاً ومَيِّتاً، والذي نَفْسِي بيَدِهِ، لا يُذِيقُكَ اللهُ المَوْتَتَيْنِ أبَداً، ثُمَّ خَرَجَ فَقَالَ: أيُّها الحَالِفُ، علَى رِسْلِكَ، فَلَمَّا تَكَلَّمَ أبو بَكْرٍ جَلَسَ عُمَرُ، فَحَمِدَ اللهَ أبو بَكْرٍ وأَثْنَى عليه، وقَالَ: ألا مَن كانَ يَعْبُدُ مُحَمَّداً ﷺ فإنَّ مُحَمَّداً قدْ مَاتَ، ومَن كانَ يَعْبُدُ اللهَ فإنَّ اللهَ حَيٌّ لا يَمُوتُ

Абу Бакр رضي الله عنه ошол учурда Мадинадагы Сунх деген жерде (шаардын четинде) болчу. Ал келгиче Умар رضي الله عنه: «Кудайга ант, Пайгамбар ﷺ өлгөн жок! Ал кайра жанданат! Ким “өлдү” десе, колу-бутун кесем!» - деп жаткан. Абу Бакр رضي الله عنه Пайгамбарыбыздын ﷺ денесинин жанына келип, бети жабылган жамынчыны ачып, бети-башынан өөп: «Атам менен апам сизге садага болсун, эй, Аллахтын Элчиси! Сиз тирүү кезиңизде да, өлгөнүңүздө да тазасыз. Сиз эки жолу өлүм татпайсыз» - деди. Андан соң мечитке чыгып:

«Эй, ант бергендер, бир аз токтогула!» - деп элге кайрылды. Умар отуруп калды. Анан Абу Бакр Аллахты даңктап, мындай деди: «Ким Мухаммадга ﷺ сыйынып келсе, билип койсун Мухаммад өлдү. Ким Аллахка сыйынып келсе, Аллах тирүү, өлбөйт!» Андан соң бул эки аятты окуп берди: ﴿إِنَّكَ مَيِّتٌ وَإِنَّهُم مَّيِّتُونَ﴾

“(Эй Мухаммад), эч шек-күмөнсүз сен да өлүүчүсүң, алар да өлүүчүлөр”. (аз-Зумар: 30).

﴿وَمَا مُحَمَّدٌ إِلاَّ رَسُولٌ قَدْ خَلَتْ مِن قَبْلِهِ الرُّسُلُ أَفَإِن مَّاتَ أَوْ قُتِلَ انقَلَبْتُمْ عَلَى أَعْقَابِكُمْ وَمَن يَنقَلِبْ عَلَىَ عَقِبَيْهِ فَلَن يَضُرَّ اللهَ شَيْئاً وَسَيَجْزِي اللهُ الشَّاكِرِينَ﴾

“Мухаммад болгону бир пайгамбар гана. Андан мурун да пайгамбарлар өткөн. Анан, эгер ал *(Мухаммад* ﷺ***) көз жумса же өлтүрүлсө артыңарга*** *(кафирликке)* ***кайтып кетесиңерби?! Кимде-ким артына кайтып кетсе, Аллахка бир да зыян жеткизе албайт,*** *(тескерисинче жалгыз өзүнө гана зыян жеткизет)* ***Аллах болсо*** *(өз жолдорунан кайтпай)* ***шүгүр кылуучу пенделерин мунасип*** *(амалына жараша)* ***сыйлайт”.*** (Аали Имран: 144). Кийин адамдар боздоп ыйлап башташты...

Сакифа Бану Саидадагы байат

Элдер Расулуллах ﷺ дүнүйөдөн өткөнүн билери менен ансарлар чогулуп, Саад ибн Убадага Расулуллахтын ﷺ ордуна халифа катары байат кылууну көздөштү. Бул тууралуу Абу Бакр, Умар ибн Хаттаб жана Абу Убайда ансарлар эмне үчүн чогулганын билишип, Сакифага келишти. Алар далилдер аркылуу Халифалыкка Курайштан болгон мухажирлер көбүрөөк татыктуу, айрыкча Абу Бакр халифалыкка көбүрөөк ылайык экендигин ансарларга тастыкташты. Ошентип, Сакифада болгон адамдар Абу Бакрга رضي الله عنه байат кылышты. Ал Халифалыкты мусулмандарды бириктирүү жана пикир келишпестиктерден сактоо максатында кабыл алды. Абу Бакр Халифалыкты кабыл алганы үчүн кечирим сурап мындай деп хутба окуду:

"والله ما كنت حريصاً على الإمارة يوماً ولا ليلةً قط، ولا كنت فيها راغباً، ولا سألتها الله عز وجل في سر وعلانية، ولكني أشفقت من الفتنة، وما لي في الإمارة من راحة، ولكن قلدت أمراً عظيماً ما لي به من طاقة ولا يد إلا بتقوية الله عز وجل، ولوددت أنّ أقوى الناس عليها مكاني". (أخرجه الحاكم بإسناد صحيح)

«Аллахка ант берип айтам, мен эч качан башкарууну каалаган эмесмин, бир да күн, бир да түн мен ага умтулган эмесмин жана Аллахтан аны жашыруун да, ачык да сураган эмесмин. Бирок мен фитна (карама-каршылык) чыгышынан корктум. Башкарууда мен үчүн эч кандай жеңилдик жок, мен андай чоң жоопкерчиликти көтөрүүгө кудуретим жетпейт, бул Аллах Тааланын жардамы менен гана мүмкүн. Мен Халифалыкка менден да татыктуу, күчтүү адам болгонуна үмүт кылам». (Хаким сахих санад менен риваят кылган).

Ошентип, Абу Бакрга (розияллаху анху) болгон байат Расулуллахтан ﷺ кийинки Халифалыкты түптөп берди. Бул байат аркылуу халифа тандоо жолу байат аркылуу болушу бекемделди. Ошондой эле бул мусулман Үммөтүнүн саясий түзүмүнүн башталышы – **Рошид Халифалык системасы** катары калыптанды. Абу Бакр Сыддык رضي الله عنه алгачкы халифа катары бул милдетти чечкиндүүлүк менен аркалады.

Абу Бакр – мусулмандардын халифасы

Абу Бакрдын халифалыгы эки жыл үч айга созулган. Бул кыска мөөнөт болгону менен ал учур тарыхый мааниге ээ болгон ири иштерге бай болду. Халифалык негиздери калыптанып, муртаддар жана көтөрүлүшчүлөргө каршы күрөш жүргүзүлдү, Ислам дааваты Персия жана Рум тараптарга тарай баштады. Мунун баары бир убакта жүрдү, фатхтар жана даават бирге улантылды.

Абу Бакр Сыддык халифа болгондо айткан хутбасы

Абу Бакр Сыддык رضي الله عنه Халифалыкка киришкенде сүйлөгөн алгачкы хутбасы Ислам мамлекетинин ички саясатын жана эл менен башкаруучунун ортосундагы мамилени аныктаган. Бул хутбада халифанын Үммөт алдындагы орду, элдин ага болгон укугу жана халифанын эл алдындагы милдети белгиленген. Ошондой эле бул хутба тышкы саясаттын жихад аркылуу Ислам дааватын жайылтууга негизделгенин да көрсөткөн. Кыска болгону менен бул хутба мамлекеттин пайдубалын жана башкаруу жолун так сүрөттөп берген. Ал мындай деген:

"أما بعد أيها الناس، فإني قد وليت عليكم ولست بخيركم، فإن أحسنت فأعينوني، وإن أسأت فقوموني، الصدق أمانة والكذب خيانة، والضعيف فيكم قوي عندي حتى أرجع عليه حقه إن شاء الله، والقوي فيكم ضعيف عندي حتى آخذ الحق منه إن شاء الله، لا يدع قوم الجهاد في سبيل الله إلا ضربهم الله بالذل، ولا تشيع الفاحشة في قومٍ إلا عمّهم الله بالبلاء، أطيعوني ما أطعت الله ورسوله فإذا عصيت الله ورسوله فلا طاعة لي عليكم، قوموا إلى صلاتكم يرحمكم الله"

«Андан кийин, эй, адамдар! Силерге башчы болуп дайындалдым, бирок силердин эң жакшыңар эмесмин. Эгер жакшы иш кылсам, мага жардам бергиле, эгер туура эмес кылсам, мени оңдогула. Чынчылдык – аманат, калп – кыянат. Араңардагы алсыз менин көзүмдө күчтүү, эгер Аллах кааласа, анын укугун кайтарып берем. Араңардагы күчтүүлөр менин көзүмдө алсыз, эгер Аллах кааласа, алардын колундагы укукту башкаларга берем. Аллах жолунда жихадды токтоткон элди Аллах кордук менен басынтат. Бир коомдо бузукулук жайылып кетсе, Аллах аларга азап жиберет. Мен Аллахка жана Анын Элчисине баш ийип турганда, мага баш ийгиле. Эгер Аллахка жана Анын Элчисине каршы чыксам, мага баш ийүүнүн кереги

жок. Намазыңарга тургула, Аллах силерге ырайым кылсын!». (Ибн ал-Асир сахих иснад менен ривает кылган).

Мамлекеттик башкаруу

Абу Бакр رضي الله عنه мамлекеттин иштерин чоң тажрыйба жана акылмандык менен башкарды. Ал Расулуллах ﷺ дайындаган валийлерди ордуларында калтырып, ошол учурдагы мамлекеттик түзүмдү өзгөртпөстөн сактап калды. Мамлекет кыйынчылыкка дуушар болуп турган учурда да Пайгамбар ﷺ дайындаган Усама бин Зайддын жоокерлерин Румга жөнөтүү буйругун аткарууда бекем туруп, андан баш тарткан жок. Ошондой эле, бир эле убакта зекет берүүдөн баш тарткандарга жана динден чыгып кеткен муртаддарга каршы күрөштү жүргүздү. Аскер саны аз болгон учурда мындай чечимдерди кабыл алуу, саясий лидер катары Абу Бакрдын өзгөчө дараметин көрсөттү.

Усама бин Зайддын армиясы жана Ридда согуштары

Сахабалар Абу Бакрды رضي الله عنه халифа кылып тандагандан кийин анын башкаруусу чоң кыйынчылыктар менен коштолду. Ал ушул оор шарттарда Ислам Үммөтүнүн биримдигин сактап, мамлекеттин күчүн арттыра алды.

Ридда согуштары (динден чыккандарга каршы согуш)

Пайгамбар ﷺ дүйнөдөн өткөн соң, айрым араб уруулары Исламдан чыгып кетишти. Бирок Абу Бакр Сыддык бул нерсеге каршы бекем туруп, муртаддарга каршы согуш жүргүзүүнү чечти. Бул согуштар анын Аллахка жана Анын Элчисине болгон чыныгы берилгендигин жана чечкиндүүлүгүн көрсөттү. Абу Бакр Расулуллах ﷺ дайындаган Усама армиясын жөнөтүү боюнча мындай буйрук берди:

ألا يبقى بالمدينة أحد من جند أسامة إلا خرج إلى عسكره بالجرف" (البداية والنهاية). وكان قد اعترض بعض الصحابة على أبي بكر في إنفاذ الجيش، وأن يبقى لمواجهة الردة والتمرُّد فقالوا: "إن هؤلاء جلُّ المسلمين، والعربُ على ما ترى قد انتقضت بك، فليس ينبغي لك أن تفرق عنك جماعة المسلمين" (البداية والنهاية)

«Усаманын аскеринен бирөө да Мадинада калбасын, бардыгы Журфтагы лагерге чыгып кетсин». (Ибн Касир, "Ал-Бидая ван-Нихая").

Айрым сахабалар бул армияны жөнөтүүгө каршы чыгышты. Себеби, ошол учурда арабдардын көпчүлүгү Исламдан чыккан болчу. Алар мындай дешти:

«Булардын көбү мусулмандар, сен болсо арабдар сенден жүз үйрүп жатканын көрүп турасың. Мындай учурда мусулмандардын биримдигин бөлгөнүң туура эмес». Абу Бакр бул сөзгө жооп берип, мындай деди:

فقال أبو بكر: "والذي نفس أبي بكر بيده، لو ظننت أن السباع تخطفني لأنفذت بعث أسامة كما أمر به رسول الله ﷺ، ولو لم يبقَ في القرى غيري لأنفذته" (تاريخ الطبري)

«Абу Бакрдын жаны колунда болгон Аллахка касам, эгер жырткычтар мени жыртып кетет деп ойлосом да, Расулуллах ﷺ буйрук кылган Усаманын армиясын сөзсүз жөнөтөм. Эгер бүт айыл-кыштактарда менден башка киши калбаса да, аны жөнөтөм!». ("Тарих ат-Табари").

Абу Бакр رضي الله عنه армияны жөнөтүп, ага насаат айтты. Усама бин Зайд жетектеген армия Рум тарапка жөнөп кетти жана улуу жеңиштерге жетишип, Ислам мамлекетинин абройун чыңдады. Мындай оор шарттарда армиянын жөнөтүлүшү мамлекет ичиндеги көтөрүлүшчүлөр жана муртаддар арасында Ислам мамлекети тууралуу коркуу сезимин пайда кылды.

Абу Бакр رضي الله عنه айрым сахабалардын – алардын ичинде Умар ибн Хаттаб да бар болчу – зекет берүүдөн баш тарткандар менен согушпоо тууралуу айткан сунуштарына макул болгон жок. Себеби алар зекеттин фарз экенин моюнга алышса да, аны мамлекетке берүүдөн баш тартышкан. Абу Бакр бул көрүнүштү диндеги кемчилик, мамлекетке каршы чыгуунун белгиси деп эсептеп, чечкиндүү позицияны карманды. Ал атактуу сөзүн айтып мындай деди:

"أينقص الدين وأنا حي؟!"

«Мен тирүү турганда, дин кем болобу?!».

Ал дагы мындай деди:

"والله لأقاتلن من فرَّق بين الصلاة والزكاة، فإن الزكاة حق المال، والله لو منعوني عناقاً كانوا يؤدونها إلى رسول الله ﷺ لقاتلتهم على منعها" البخاري.

«Аллахка ант, намаз менен зекетти бөлгөн адам менен согушам! Зекет – малдын акысы. Аллахка ант, эгер алар Расулуллахка ﷺ берип жүргөн бир улакты мага берүүдөн баш тартышса, мен алар менен согушам!». (Бухари).

Башка бир риваятта мындай айтылат:

وفي رواية "والله لو منعوني عقالاً كانوا يؤدونه إلى رسول الله ﷺ لقاتلتهم على منعه"

«Аллахка ант, эгер алар мага Пайгамбарга ﷺ берип жүргөн бир жипти бербей коюшса да, мен ал үчүн согушам!» (Муслим).

Умар ибн Хаттаб мындай деди: "فوالله ما هو إلا أن رأيت الله عز وجل قد شرح صدر أبي بكر للقتال، فعرفت أنه الحق" مسلم.

«Аллахка касам, мен Абу Бакрдын көкүрөгүн Аллах жихадга кеңейтип койгонун көргөндө, бул акыйкат экенин түшүндүм». (Муслим).

Абу Бакр мурдаларга каршы согуштарга өзү баш болуп чыкты. Сахабалар ага мамлекетте калып, армияны жетектөөнү башкаларга тапшырууну сунушташты. Ошондо Али ибн Абу Талиб келип, анын төөсүнүн жибин кармап мындай деди: «Кайда барасың, эй, Расулуллахтын халифасы? Сага Ухуд күнүндөгү Пайгамбардын сөзүн айтам: кылычыңды кыныңа сал, өзүңдү курман кылба! Аллахка касам, сен өлүп калсаң, сенден кийин эч качан Ислам түзүмү сакталып калбайт!». (Ибн Касир, «Ал-Бидая уан-Нихая»). Ошондо Абу Бакр Мадинага кайтып келди.

Ридда согуштарында Аллах мусулмандарга жеңиш берди. Бул согуштарда көптөгөн сахабалар шейит кетти. Алардын арасында Куранды жатка билген жана аяттарды жазып жүргөн вахий жазуучулар да бар эле. Ушул жоготуулардан улам Абу Бакрдын жүрөгү бул маселеде тынчсызданып, Зайд ибн Сабитке Куран аяттарын жазылып калганынан жана адамдардын эсинде сакталып калгандарынан топтоону буюрду. Зайд ибн Сабит (разияллаху анху) бул тапшырманы аткарып, Абу Бакр дүйнөдөн өтө электе Куранды бир мусхафка топтоп бүтүрдү. Бул анын сооп амалдарынан болсун.

Куранды чогултуу иши

Абу Бакр Сыддык – Пайгамбар ﷺ дүйнөдөн өткөндөн кийин Куранды бир мусхафка чогултууну чечкен алгачкы

адам. Себеби көптөгөн хафиздердин согуштарда шейит кетиши Курандын айрым бөлүктөрү жоголуп калуу коркунучун туудурган. Абу Бакр жана Умар (رضي الله عنهما) бул ишти толук бүтүрүп, Куранды мусхаф кылып чогултуп, кийинки муундарга сакталып калуусунун биринчи кадамын жасашты. Абу Бакр Сыддык – ыйман, курмандык жана чындык ээси болгон инсан. Ал тарыхтагы эң оор учурларда өзүнүн чыныгы инсандык сапаттарын көрсөткөн. Анын Ислам үчүн жасаган улуу иштеринин аркасында ал Үммөттүн эң улуу халифасы, тарыхта ысымы алтын тамгалар менен жазылган эң улуу инсандардын бири болуп калды. Абу Бакр Ислам үчүн өз жанын, мал-мүлкүн, убактысын курман кылуудан эч качан тартынбаган сахаба болчу.

Шам жана Ирак тарапка армияларды жөнөтүү

Абу Бакр رضي الله عنه Ислам мамлекетинин душмандары болгон фарс менен румдуктардын ортосундагы карама-каршылыкты пайдаланып калды. Ал чыгышка жана батышка бир учурда фатих (жеңүүчү) армияларды жөнөттү.

Фарс тарапка Халид бин Валид жана Мусанна бин Хариса жөнөтүлдү. Алар бир катар Ирак шаарларын, мисалы, Анбар, Дума аль-Жандал, Фираз жана Хираны жеңип алышты. Ал эми Шам аймагына (Рум тарапка) Абу Бакр төмөнкү кол башчыларды жөнөттү: Язид ибн Абу Суфьян, Амр ибн Аас жана Шурахбиль ибн Хасна. Андан соң колдоочу армия менен Абу Убайда ибн Жаррах да жөнөтүлдү (رضي الله عنهم). Алардын максаты Иордания, Палестина, Дамаск жана Хомс сыяктуу жерлерди багындыруу болчу. Румдуктар менен мусулмандар ортосунда Йармук салгылашы болду. Бул салгылашта Халид бин Валид да келип, мусулман аскерлерин колдоду. Согуш маалында мусулмандарга биринчи халифа Абу Бакр Сыддык дүйнөдөн кайткандыгы тууралуу кабар келди. Анын ордуна Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه халифа болуп шайланды.

Абу Бакрдын Умарды өз ордуна дайындашы

Абу Бакр رضي الله عنه Ислам мамлекети бир эле учурда дүйнөнүн эң кубаттуу эки өлкөсү менен согушуп

жатканын билип, мамлекеттин келечеги үчүн кам көрдү. Мусулмандар анын өлүмүнөн кийин талашып-тартышып кетпеши үчүн, сахабалар менен кеңешип, өзүнүн ордуна Умар ибн Хаттабды رضي الله عنه халифа кылып дайындап, бул тууралуу кат жазып элге да жарыя кылды.

Сахабалардын Умарды халифа кылуудан кооптонушу

Ибн ал-Асир бул кооптонууну айтып өтөт. Талха ибн Убайдуллах Абу Бакрга келип мындай деди: «Сен элге Умарды халифа кылдыңбы? Анын сага кандай мамиле кылганын эл да көрдү, эми эл менен жалгыз калса эмне болот?! Сен Раббиңдин алдына барасың, ал сага элиң тууралуу суроо берет!»

Абу Бакр бул сөздөрдөн термелип кетип, Талханын ийининен кармап силкип мындай деди: «Мени Аллах менен коркутасыңбы?! Эгер мен Роббимдин алдына барсам, ага мындай дейм: “Элимдин ичинен эң жакшысын аларга халифа кылдым”.

Абу Бакрдын өзүнөн эч нерсе калтырбай кетүүгө болгон ынтызарлыгы: Ал халифа болуп турган убакта такыбалыктан келип чыгып мамлекеттен бир тыйын да пайда көрбөөнү каалаган, бул тууралуу момундардын энеси Аиша (разияллаху анха) мындай ривает кылат:

«Абу Бакр мага: “Мен халифа болгондон бери мал-мүлкүм канчага көбөйдү экен, карагыла. Артыман халифага ошол мүлктү өткөргүлө” - деди».

Аиша (разияллаху анха) айтып берет: «Биз карасак, бир нубиялык кулу (Нубия аймагынан) жана бир суу ташуучу төөсү бар экен. Ал кул балдарын ташыган, ал эми төө менен багын сугарчу. Биз аларды Умарга өткөрдүк.»

Умар ыйлап жиберип мындай деди: «Аллах Абу Бакрга ыраазы болсун! Ал өзүнөн кийинкилерге абдан оор мисал калтырды!». (Бул риваятты Ибн Жаузи жана башка хадис аалымдары сахих иснад менен ривает кылышкан).

Абу Бакр Сыддыктын رضي الله عنه дүйнөдөн кайтышы

Момундардын энеси Аиша (разияллаху анха) ривает кылгандай, Абу Бакр Сыддык катуу суук түндө гусул алган соң, үшүп калып, дене табы көтөрүлүп, катуу ооруп калат. Ошол себептен улам он беш күн бою мечитке

чыгып жамаат намазына бара албай калган. Ошол убакта ал Умар ибн Хаттабды رضي الله عنه өз ордуна адамдарга имам болуп турууну осуят кылган болчу.

Абу Бакр Сыддык **رضي الله عنه** хижранын он үчүнчү жылы, Жумад ал-Ахира айынын жыйырма экинчи түнүндө, шейшемби күнү, дүйнөдөн кайткан. Бул күн миладий 634-жыл, 23-августка туура келет. (Ибн Хажар ал-Аскалани, ал-Исабах фи тамийз ас-Сахабах).

Анын акыркы сөзү мындай болгон: "رب توفَّني مسلماً، وألحقني بالصالحين"

"Роббим, мени мусулман катары өлтүр жана мени солихтерге кош".

Ошентип, ал ошол дуа менен акыркы демин чыгарган. Аллах аны рахматына алсын жана андан ыраазы болсун. Абу Бакрдын رضي الله عنه дүйнөдөн өткөндүгү тууралуу кабар Медина шаарын терең кайгыга салды. Эл мындай азаны буга чейин Пайгамбарыбыз ﷺ дүйнөдөн кайткандан бери көргөн эмес. Эркек да, аял да ыйлап, шаардын жүзүн кайгы каптады.

Али ибн Абу Талиб رضي الله عنه ыйлап: “Инна лиллахи ва инна илайхи ражиуун” деп айтып, шашып келип, Абу Бакр жаткан үйдүн алдында мындай деди: "رحمك الله يا أبا بكر، كنت إلفَ رسول الله ﷺ وأنيسه، ومستراحه وثقته، وموضع سره ومشاورته" إلى أن قال: "والله لن يصاب المسلمون بعد رسول الله بمثلك أبداً، كنت للدين عزاً وحرزاً وكهفاً، فألحقك الله عز وجل بنبيك محمد ﷺ، ولا حرمنا أجرك ولا أضلنا بعدك"، فسكت الناس حتى قضى كلامه، ثم بكوا حتى علت أصواتهم، وقالوا: "صدقت". (التبصرة لابن الجوزي).

"Аллах сени ырайымына алсын, эй, Абу Бакр! Сен Аллахтын Элчисинин ﷺ эң жакын адамы, сырдашы, ишенимдүүсү, кеңешчиси болчусуң. Аллахка ант берем, Пайгамбарыбыздан ﷺ кийин мусулмандар сендей адам менен эч качан жолукпайт. Сен динде бекем тирек, коргоо жана калкан болчусуң. Аллах сени Пайгамбарыбыз ﷺ менен бирге кылсын. Бизди сенин соопторуңдан куру калтырбасын жана сенден кийин бизди адаштырбасын!".

Алинин бул сөзүн эл тыңшап туруп калды. Андан кийин бардыгы ыйлап жиберишти жана баары: "Сен туура айттың!" - дешти. (Тафсир, Ибн ал-Жаузи). ❑

БАЭ АКШ президенти Дональд Трамптын администрациясына Газа тилкесиндеги согуштан кийинки планды жокко чыгаруу үчүн басым кылууда

Америка жана Мисир өкүлдөрү британиялык “Middle East Eye” сайтына билдиришкендей, Бириккен Араб Эмираттары (БАЭ) АКШ президенти Дональд Трамптын администрациясына Газа тилкесиндеги согуштан кийинки пландарды жокко чыгаруу үчүн басым кылып жатат. Бул план Мисир тарабынан түзүлүп, Араб Лигасы тарабынан жактырылган болчу.

“Arabi21” которгон бул маалыматта, бул аракет араб дүйнөсүндө Газа тилкесинин келечектеги башкаруусу жана анын кайра калыбына келиши боюнча ким чечим чыгарат деген атаандаштыктын күчөгөнүн көрсөтөрү айтылат. Ошондой эле, ХАМАС кыймылынын бул аймактагы таасири кандай деңгээлде болушу керек деген суроодо пикир келишпестиктер бар экени белгиленет.

Макалада айтылгандай, “БАЭнин мындай басымы Мисир үчүн чоң көйгөй жаратып жатат, анткени БАЭ да, Мисир да Газага таасири бар палестиналык саясатчы Мухаммад Дахланды колдошот. Ал мурда Фатх кыймылында жогорку кызматта иштеген”.

Бир АКШ расмийинин айтымында, “Араб Лигасы бул планды жактырганда, ага каршы болгондордун арасында жалгыз БАЭ болгон эмес, бирок Трамптын администрациясынын бул планына эң катуу каршы чыккан дал ушул БАЭ болду”.

Аталган сайттын маалыматына караганда, “БАЭ Ак үйдөгү мурда болбогондой таасирин колдонуп, бул пландын ишке ашуусу мүмкүн эмес деп сынга алып, Мисирди ХАМАСка өтө чоң таасир берип жатат деп айыптап жатат”.

АКШ жана Мисирдеги маалыматтарга ээ болгон эки расмий адам “Middle East Eye” сайтына билдиришкендей, “АКШдагы БАЭнин күчтүү элчиси Юсуф аль-Утейба Трамптын чөйрөсүнө жана америкалык мыйзам чыгаруучуларга басым кылып, Мисирди палестиналык качкындарды мажбурлап кабыл алууга аргасыз кылууга аракет кылууда”.

Ал-Ваъй: мусулман өлкөлөрүнүн башкаруучуларынын, айрыкча БАЭ бийлигинин чыккынчылыгы акыл жеткис деңгээлге жетти. Алар өз ара кызыкчылыктарга каршы иш алып барып, кожоюндарын ыраазы кылуу үчүн Үммөттүн байлыгын чачууда.

Бул дүйнө үчүн ушунча аракет, ушунча чыгым болот, бирок алар бул дүйнөдө да жеңилет, акыретте да өкүнүшөт. Аллах Таала айтат:

{إِنَّ الَّذِينَ كَفَرُواْ يُنفِقُونَ أَمْوَالَهُمْ لِيَصُدُّواْ عَن سَبِيلِ اللهِ فَسَيُنفِقُونَهَا ثُمَّ تَكُونُ عَلَيْهِمْ حَسْرَةً ثُمَّ يُغْلَبُونَ وَالَّذِينَ كَفَرُواْ إِلَى جَهَنَّمَ يُحْشَرُونَ}

"Албетте, кафир болгон кимселер байлыктарын адамдарды Аллахтын жолунан тосуу үчүн иштетишет. Анан, аны сарпташат го, кийин ошол *(байлыктары)* ***өздөрүнө өкүнүч болот, кийин жеңилишет. Кафир кимселер Аллах ыпласты тазадан*** *(кафирди момундан)* ***ажыратуусу үчүн жана ыплас адамдардын барын үстү-үстүнө жыйып, тозокко ташталышы үчүн топтолушат".*** (Анфал: 36).

Яхудийлердин Газага каршы согушунун баскынчы аскерлерге тийгизген терең психологиялык таасири

"Израилдик" "Травма коалициясы" өткөргөн "Психологиялык чыдамкайлык" аттуу конференцияда, "Израиль" армиясына согуштун терең психологиялык кесепеттери тууралуу "тынчсыздандыруучу" маалыматтар ачыкка чыкты.

Конференцияда айтылган маалыматтарга ылайык, психологиялык жардам борборлоруна кайрылгандардын саны төрт эсе өскөн, ал эми бул борборлордун активдүүлүгү он эсеге көбөйгөн.

"Израилдин" Walla сайтынын социалдык жана саламаттык боюнча кабарчысы Авихай Хаим жазгандай, бул психологиялык жардам борборлору "Израилдин" саламаттыкты сактоо системасынын негизги бөлүгүнө айланган. Себеби коопсуздук кырдаалынын курчушу жана согуштун улануусу кызмат көрсөтүүлөрдү кеңейтүүнү жана бул тармактагы кадрдык таңкыстыкты чыңдоону талап кылууда.

"Израилдик" "Травма коалициясынын" жетекчиси Карин Капитка Хуберман Газага каршы геноциддик согуш башталгандан берки көрсөткүчтөрдү айтып өттү. Атап айтканда, психологиялык кеңешчилер менен дарылоочу адистердин саны 8 эсе көбөйгөн, клиникалык бөлүмдөрдө 290 миң сааттык дарылоо көрсөтүлгөн, 8 миң 900 адам дарылоочу семинарларга катышкан жана 72 миң адам коомдук жардам көрсөтүү иш-чараларына тартылган.

Маалыматтарга ылайык, "Газанын айланасындагы" жерлерде жашаган калктын 28 пайызы психологиялык дарылоодон өтүп жатат. Жалпысынан ар кандай борборлордо дарыланып жаткан "израилдиктердин" саны 34 083 адамды түзөт.

Ал-Ваъй: бул — яхудий армиясынын абалы. Алар курал-жарак жана технология жагынан алда канча күчтүү болсо да, жапа тырмак

мусулмандардын кичинекей тобуна каршы согушуп жатып ушундай психологиялык мүнөздөгү кыйрооого учурады. Эми ойлонгулачы, эгер алар мусулмандардын бирдиктүү армиясына каршы согушсачы? Же болбосо Ислам Халифалыгы тикеленип, жапырт жихад жарыялансачы?! Ал кезде балким мусулмандардын армиясы ок атпастан эле, Аллах Тааланын уруксаты менен яхудий армиясы согуш жарыялангандан кийин эле чачырап, качып кетет.

Аллах Таала айтат:

{وَمَا النَّصْرُ إِلَّا مِنْ عِندِ اللَّهِ ۚ إِنَّ اللَّهَ عَزِيزٌ حَكِيمٌ}

«Жеңиш — Аллах тарабынан гана берилет. Чындыгында, Аллах Кудуреттүү, Даанышман». (Анфал: 10).

Яхудий мамлекети Газага каршы согушту АКШнын уруксаты менен кайра баштоосу

Британиялык “The Guardian” гезитинин башкы макаласында “Израиль” баскынчы мамлекетинин Газадагы ок атууну токтотуу келишимин бузушу — үмүттү жана жандууларды жок кылуу экенин жазды.

Макалада айтылгандай, баскынчылардын премьер-министри Биньямин Нетаньяхунун бийликте калышы түгөнбөгөн согушка жана палестиналыктар менен туткундар үчүн оор күрөшүнө байланыштуу. Авторлордун айтымында, шейшемби күнү болуп өткөн окуя согуш башталгандан берки эң көп кан төгүлгөн күндөрдүн бири болду.

Ок атууну кайра баштоону “террордук күчтөргө каршы сокку” катары актагандарга жооп берип, гезит мындай дейт: “Бирок Газанын саламаттыкты сактоо мекемелеринин маалыматы боюнча, 400дөн ашуун курман болгондордун арасында 174 бала жана 89 аял болгон”.

Макалада дагы мындай деп белгиленет: “Израиль” армиясынын элди көчүрүү боюнча буйруктары кайрадан жергиликтүү палестиналыктар үчүн психологиялык жарааттарга жана үзгүлтүксүз көчүүгө алып келүүчү кургактагы дагы бир чабуулга даярдыкты билдирет. Нетаньяху бул «жаңы башталыш гана» экенин эскертти. Ал эми “Израил” туткундарынын үй-бүлөлөрү жүрөктөрүндө коркунуч толгон абалда, бийликке нааразы болуп, аларды таштап койгондугу үчүн сындап жатышат”.

Ал-Ваъй: бул окуя боюнча эң таасирдүү сөздү Хизб ут-Тахрир партиясы армияларга кайрылып айткан билдирүүсүндө айткан:

“Силердин арааларда бир акыл-эстүү киши жокпу? Ал армияны жетектеп, башкаруучу рувайбизалар (куралдуу жихадды тыйып койгон коркок башкаруучулар) белгилеген тыюуну талкалап, яхудийлерге каршы согуш ачып, Ислам аскерлери жеңишке жетпейби?!

Анткени чындыкты гана сүйлөгөн Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

«...قَاتِلُكُمُ الْيَهُودُ فَتُسَلَّطُونَ عَلَيْهِمْ»

«Силер яхудийлер менен согушасыңар, анан силер аларга үстөм болосуңар...». (Сахих Бухарий).

«...لَتُقَاتِلُنَّ الْيَهُودَ فَلَتَقْتُلُنَّهُمْ»

«Албетте, силер яхудийлер менен согушасыңар жана аларды өлтүрөсүңөр...». (Сахих Муслим).

Ошондо силер яхудий мамлекетин бул ыйык жерден кууп чыгасыңар. Андан соң бул жер аны Умар رضي الله عنه ачкандай, Салахуддин куткаргандай, Абдулхамид коргогондой, кайрадан Ислам жери болуп кайтат.

{وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللَّهِ ۚ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ ۖ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ}

"Ошол күндө момундар Аллах жеңишке ээ кылгандыгы себептүү шаттанышат.** (Аллах) **Өзү каалаган кишисин үстөм кылат. Ал кудурет жана ырайым ээси". (Рум: 4–5).

Камоолор жана нааразылык акцияларын күч менен басуу: Түркияда эмне болуп жатат?

2025-жылдын 19-мартында Стамбул шаарынын мэри Экрем Имамоглу Түркия бийлиги тарабынан кармалды. Ага карата коюлган айыптар: коррупцияга аралашуу жана "террордук уюмга жардам берүү". Бул камакка алуу анын 2028-жылы өтө турган президенттик шайлоодо Республика Элдик Партиясынан (CHP) талапкер катары көрсөтүлөрү күтүлүп жаткан учурга туш келди. Имамоглу президент Режеп Тайып Эрдоганга карата эң таасирдүү оппозиция лидерлеринин бири болуп саналат.

Анын камалышы менен бирге Стамбул университети анын жогорку билими боюнча дипломун жокко чыгарды. Бул болсо анын президенттикке талапкерлигин Конституциялык жактан тосушу мүмкүн, анткени Түркия Конституциясы талапкердин жогорку билими болушун талап кылат.

Имамоглудан тышкары, анын жардамчылары жана Стамбулдагы башка райондордун акимдери баш болгон 100дөн ашык адам камакка алынган. Бул камоолор Түркиянын бир нече шаарында, айрыкча Стамбулда нааразылык акцияларын тутантып жиберди. Республика Элдик Партиясы бул окуяны "демократияга каршы жарандык төңкөрүш" деп атады.

Бийлик бул окуяларга жооп иретинде Стамбулда төрт күнгө митинг жана жыйын өткөрүүгө тыюу салып, шаардагы коопсуздук чараларын күчөттү. Ошондой эле X (мурунку Twitter), Instagram сыяктуу социалдык тармактар чектелгени кабарланды.

Ал-Ваъй: Эрдоган Түркияны 20 жылдан ашык убакыттан бери ачык-айкын секуляризм менен башкарып келди, Исламга жана мусулмандарга жеңиш алып келбеди, ошол эле учурда секуляристтер менен кемалисттердин да толук ыраазылыгына жеткен жок. Эми болсо анын жылдызы өчүп, энергиясы түгөнүп бара жатат. Анын кожоюндары башка лидерлерди алмаштыргандай, Эрдоганды да колдоодон баш тартышы мүмкүн. Бул коркунучту сезген Эрдоган өзүнүн бийлигине жана таасирине коркунуч жарата турган ар кандай оппозицияны четтетүүгө кириштиди…

Мына ушул — демократиянын чыныгы көрүнүшү.

Яхудий мамлекети эмне үчүн Сирияга чабуулдарын кайра-кайра кайталоодо? Алар эмнени максат кылып жатат?

Яхудийлердин аба күчтөрү Сириянын түштүгүндөгү Даръа аймагына жасаган чабуулдарын күчөттү. Баскынчы армиянын басма сөз катчысы билдиргендей, чабуул Сириянын мурдагы режимине таандык болгон, учурда болсо жаңы режимдин көзөмөлүндөгү куралдуу топтор колдонууга аракет кылып жаткан курал-жарак жана аскердик жабдуулар сакталган объекттерди камтууда.

Чабуулдар Даръа өрөөнүндөгү аскердик жайларды, курал жана ок-дарылар сакталган кампаларды, 175-полкту, аскер шаарчаларын жана Изра шаарындагы 12-бригаданы, ошондой эле Даръанын түндүгүндөгү Инхиль шаарындагы 15-бригаданы бутага алды. Бул чабуулдар жаңы сириялык режимге таандык аскердик түзүмдөрдү да камтыган.

Мындан тышкары, чабуулдар кулатылган президент Башар Асаддын режимине караштуу 132-бригада жана аймакта иранчыл милициялар көзөмөлдөп турган аскердик объектке да багытталды. Ошондой эле, Дамасктын четиндеги Кисва шаарында жана анын жанындагы Тель-аль-Манак аймагындагы аскердик объекттер да бутага алынды.

Сирияга жасалган бул аба чабуулдарын актоо үчүн яхудий армиясынын Башкы штабынын билдирүүсүндө мындай делет: “Түштүк Сирияда мындай куралдардын болушу “Израил” мамлекети үчүн коркунуч жаратат. Ошондуктан аскерий мекемелер коопсуздук тилкесинде жана ок атууну токтотуу сызыгы боюнча аскердик коркунучтун болушуна жол бербейт жана ага каршы аракет көрөт”, - деп кабарлайт “Израилдин” 13-каналы.

Ал-Ваъй: бул баскынчылык чабуул жихад жарыялоону ого бетер зарыл кылбайбы? Газадагы мусулмандарга каршы

геноциддик согуш аз келгенсип, эми Сириянын ичиндеги түз коркунуч да жаралды.

Шам жихадчылары эмнеге кыймылга келбей жатат? Эмне үчүн яхудий мамлекети Сириянын коопсуздугуна түздөн-түз коркунуч жаратып жатканы ачык көрүнүп турса да, ага каршы чара көрүлбөйт? Бул суроолор Үммөт үчүн олуттуулукту жана жоопкерчиликти талап кылган маселе бойдон калууда... ❑

Экинчи бөлүм: Ислам менен башкаруунун фарздыгы, мүмкүнчүлүгү жана жолу

Ислам менен башкаруу — Үммөт үчүн жападан-жалгыз жол

Ислам өкүмдөрүн колдонууда баскычма-баскыч аракеттенүү

Ислам мамлекетин тикелөөдөгү “нусрат” түшүнүгү жана анын маанилүүлүгү

ИСЛАМ МЕНЕН БАШКАРУУ — ҮММӨТ ҮЧҮН ЖАПАДАН-ЖАЛГЫЗ ЖОЛ

Инженер Бахир Салих — Палестина

Ислам Халифалыгы кулатылган күндү эскерүүдө биз бул тарыхый окуя менен тыгыз байланышкан эң негизги маселени кайрадан карап чыгуубуз зарыл. Ал Ислам менен башкаруу маселеси. Анын парз экендиги, ага байланыштуу шарттар жана туш болгон кыйынчылыктар. Бул тема өзгөчө бүгүнкү күндө Шам жергесинде жүрүп жаткан саясий, пикирий жана революциялык кыймылдарга түздөн-түз тиешелүү болууда.

Алланын жардамы менен революционерлер канкор залим Башар Асадды жеңип, аны шылдың жана кордук менен качырган учурдан бери Шамдагы эл жана жалпы Ислам Үммөтү жаңы бийликтин башкаруу формасы кандай болушу керек деген маселе боюнча тынымсыз ой жүгүртүүдө жана талкуу кылууда.

Ал тургай, Башар Асаддын режими кулай электе эле революционерлер жана Шам элинин көпчүлүгү альтернативдүү башкаруу формасы катары сөзсүз түрдө Исламды тандаары күтүлгөн болчу. Анткени алар революция башталган күндөн тартып эле Ислам ураандарын көтөрүп чыгышкан. Алар айткан ураандар бүткүл Ислам дүйнөсүндө символго айланган. Алар: «Аллах үчүн, Аллах үчүн, бийлик үчүн эмес, атак үчүн эмес!», “Биздин түбөлүк жолбашчыбыз — Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ”, “Бул — Ислам революциясы!”, “Биз бир гана Аллахка баш иебиз!» жана башка ушул сыяктуу...

Бул ураандар чындап эле Ислам дүйнөсүндө буга чейин болуп көрбөгөндөй таза, ак ниет жана ихласка толгон революция болгонун көрсөттү. Ушундан улам Батыш державалары жана колониалисттик күчтөр бул революцияны биригип басууга киришти. АКШ бул революцияны басыш үчүн өзүнүн өнөктөштөрүн жана душмандарын бириктирип, Башар Асадга колдоо көрсөттү, курал, акча, аскерий жардам берди. Бул жардамдар болбосо Башар эчак кыйрап калмак. Ушунун артынан гана Асад акыркы он үч жыл ичинде өз ордунда кала алды.

Сирия революциясынын Исламий мүнөзү башынан эле ачык-айкын болгон. Ошондуктан Асаддын режими кыйрагандан кийин бардык адамдар — дос да, душман да, жакын да, алыс да — революционерлер Исламды колдоп, Ислам мамлекетин курат дегенге эч күмөн санашкан эмес.

Ошондуктан Батыш державалары, алардын министрлери, элчилери жана агенттери шашылыш түрдө Шамга келип, Сириядагы убактылуу

башкаруу жетекчилиги менен жолугушууга ашыгышты. Алардын баары динден бөлүнгөн (светтик) мамлекет курууга шыктандырып же болбосо Ислам мамлекетин курууга каршы эскертүү берип, коркутушту. Алар бул коркутууларын азчылыктардын укугу, аялдардын укугу, адам укугу жана адилеттик орнотуу деген сыяктуу шылтоолор менен жаап-жашырды. Ошол эле убакта алар Сириядагы мусулмандар, аялдар, балдар жана диний топтор үчүн көз жаш агызгансып жатышты, бирок дал ушул Батыш өлкөлөрү мурда Башар Асаддын жакын колдоочулары болгон. Алар Асадды 13 жыл бою колдоп, анын химиялык куралдар менен бомбалоо жана каардуу зомбулук менен жүргүзгөн кыргын-сүргүндөрүнө көз жумуп келишкен. Натыйжада, Шам элинин жарымы качкынга айланып, болжол менен эки миллионго чукул адам кыйналып өлтүрүлдү.

Ислам менен башкаруу маселеси боюнча эң ачык жана талашсыз чындык – Батыш өлкөлөрү “адам укуктары”, “азчылыктар”, “аялдардын эркиндиги” сыяктуу жалган ураандарды жана “курмандыктарга боор ооругандай” көрүнгөн сөздөрдү жөн гана Исламга каршы шарттарын таңуулай турган эшик катары пайдаланышууда. Алар революционерлерден жана Шам элинен Исламдан баш тартууну жана светтик башкарууга өтүүнү талап кылууда, буга чейин да, мындан кийин да андан азына макул болушпайт.

Бул Курандагы чындык. Аллах Таала мындай дейт:

{وَلَن تَرْضَى عَنكَ الْيَهُودُ وَلاَ النَّصَارَى حَتَّى تَتَّبِعَ مِلَّتَهُمْ قُلْ إِنَّ هُدَى اللهِ هُوَ الْهُدَى وَلَئِنِ اتَّبَعْتَ أَهْوَاءهُم بَعْدَ الَّذِي جَاءكَ مِنَ الْعِلْمِ مَا لَكَ مِنَ اللهِ مِن وَلِيٍّ وَلاَ نَصِيرٍ}

“Яхудий жана насранийлер, сен алардын динине ээрчимейинче эч качан сага ыраазы болушпайт. Айткын: “Аллахтын Жолу гана акыйкат жол!”. Ант болсун, эгер сага келген чыныгы билимден соң алардын көңүлдөрү каалаган нерсени ээрчисең, Аллахтан сага дос да, жардамчы да болбойт”. (Бакара: 120-аят).

Аллах Таала бул сөзү менен бизге анык чындыкты кабар кылууда. Сен аларга канчалык жагынганың менен, канча жолу ымалага барганың менен, Исламдан баш тартмайынча алар ыраазы болушпайт.

Экинчиден, бул тарыхый чындык. Мурдагы жана бүгүнкү тарых бул чындыкты тастыктайт. Ал тургай азыркы учурдан эле мисал келтирели, “мээлүүн исламдаштыруу” дегенди ураан кылып, Батыш менен түз кагылышпай иш жүргүзүүнү көздөгөн акыркы эки мисалды карап көрөлү: Тунистеги “Ан-Нахда” кыймылы менен Египеттеги “Ихванул муслимин” кыймылы.

Тунистеги “Ан-Нахда” кыймылы Исламий кыймыл болуп туруп, акыркы жылдары өзүн секуляристтик бийликке толук ыңгайлаштырган,

Батыштын талабына ылайык эң жогорку деңгээлде ийкемдүүлүк көрсөтүп келген. Алар парламентте аракка салык салуу маселесин талкуулап жатып, түштөгү намаз үчүн жыйын отурумун токтотуп, намаздан кийин талкууну уланткан. Бул маселенин тереңдигине салыштырмалуу жөнөкөй эле мисал. Себеби, Ислам менен секуляризмдин карама-каршылыгы мындан алда канча терең. Бирок бул мисал алардын кафирликке, секуляризмге жана колониализмдин талаптарына карата кандай деңгээлде ийкемдүү болгонун көрсөтүп турат. Анан мунун артынан эмне болду?

Батыш аларга элдин кыжырын басып, көчөлөрдү тынчтандырганга чейин бир нече жыл чыдап турду. Анан эл толкуну басылган соң, аларды толугу менен саясий аренадан сүрүп салды. Мындан да ашып, аларды куугунтуктап, кээ бирлерин камап, айрымдарын издөөгө алды. Натыйжада аларга ыйлап койгон да адам табылган жок…

Ушундай эле көрүнүш Мисирде кайталанды. Батыш башында «исламчылардын» бийликке келүүсүнө макул болду, андан кийин аларды өзүнө ыңгайлаштырып, секуляристтик система менен шайкеш иштөөгө мажбурлады. Мухаммад Мурси башында турган «Ихванул Муслимин» кыймылы эч кимди ачуулантпоого аракет кылды, а түгүл мурунку режимдин калдыктарына да тийишкен жок. Алар өлкөдө светтик башкаруу системасын, капиталисттик мамлекеттик түзүлүштү жана Батыш менен болгон колониалдык мамилелерди өзгөртпөй калтырды. Алар бул ыкманы “ортодо туруу” деп ойлошту. Бирок көп өтпөй Батыш аларга каршы чыгып, революциячыларды аябастан кырып, түрмөгө камап, көчөлөрдө, үйлөрдө жана эл аралык деңгээлде куугунтуктады. Натыйжада, аларга болушуп эч ким чыккан жок.

Демек, Батыш Исламдан толук баш тартуудан жана кайтпай тургандай кылып аны жок кылуудан башка эч нерсеге макул болбойт. Аларды кээде ийкемдүүлүк жана жеңилдик менен убактылуу тынчтанткандай сезилген учурлар болот, бирок бул айлакерлик менен жасалган тынчтануу. Алар жашыруун да, ачык да өз максатына жетүү үчүн иш алып барышат.

Ал эми Батыштын мусулман өлкөлөрүндөгү максаты эки негизги багыттан турат:

1. Исламдын кайра кайтып келбестигин камсыз кылуу;
2. Биздин жерлерди колония катары кармап туруу, байлыгыбызды талап-тоноп, үстүбүздөн бийлик жүргүзүү.

Батыштын философиясы - колонизаторлук. Ал өзүнүн эскирип бүткөн пикири менен “маданиятын” биздин өлкөлөргө таңуулап жатканынын себеби, бул идеялар аркылуу бизди өзүнө кул кылышына ишенет. Эгер

революционерлер кайра эле мусулман өлкөлөрүнүн азыркы башчылары сыяктуу светтик мамлекетти, демократияны жана капитализмди кабыл алышса, Батыш аларга канааттанып калбайт. Тескерисинче, жаңы мамлекеттин түзүлүшү да алардын башкаруусунда кала тургандай шарттарды коёт. Башкача айтканда, биздин өлкөлөр Батышка көз каранды бойдон калат, алар биздин байлыгыбызды талап-тоноп, чечимдерибизди көзөмөлдөп турушат, биз алардын кызматчылары жана планын ишке ашырган куралдары болуп калабыз.

Мунун тирүү мисалы — Түркиядагы Эрдоган модели. Эрдоган абдан светтик адам. Ал светтик системага толук берилген жана аны коргойт. Ал Түркияны толук светтик мамлекет катары сактап, мамлекеттин бардык институттарын ушул негизге курууда. Бирок муну менен да АКШ канааттанган жок. Тескерисинче, ал аны өзүнүн аймактагы “негизги өкүлү” кылып алды. Эрдоган АКШнын долбоорлоруна кызмат кылып, аларды жайылтуу үчүн иштөөдө. Ал мусулман аскерлерин НАТОнун жетекчилиги астында АКШ каалаган жерде согушка жөнөтөт. Ал Усман Халифалыгынын борборунда Инжирлик авиабазасын АКШга берип, аны кучак жая кабыл алууда.

Ошондой эле Эрдоган исламчыларды, кыймылдарды жана жихадчы фракцияларды “тазалоо” жана Америкага жаккандай кылып ийкемдештирүү ишинде чоң рол ойноп жатат. Мунун натыйжасында Түркиядагы эл байкуш абалда жашап, капитализм, светтүүлүк жана колониализмдин отуна күйүп жаткан кези. Алар жакырчылыктан, эзүүдөн азап тартышууда. Ал тургай, бир үй-бүлөдө ата, эне, уул жана кызы да иштешет. Күн сайын узак сааттар бою мээнет кылышат. Муну менен болгону турмуштун чыгымдарын көтөрө алышат…

Ошондой эле жагдай (жок эле дегенде ушуга жакын абал) калган бардык мусулман өлкөлөрүндө: Мисирде, Иорданияда, Иракта, Алжирде, Тунистте, Мароккодо, Ливияда, Индонезияда, Малайзияда, Борбор Азия өлкөлөрүндө жана башкаларда орун алган. Бул өлкөлөрдүн баарында светтик башкаруу системаларын орнотушту, элдерин кедейчиликте жашоого мажбурлашты жана бул өлкөлөрдү Батыштын колониясына, анын кызыкчылыктарынын талаасына айландырышты.

Демек, жалпы жыйынтык мындай – Батыш биздин өлкөлөрдү колония кылып башкаруудан башка нерсеге ыраазы болбойт. Ал бизди Исламга каршы күрөшкөн, Үммөттүн маданиятын жана өздүгүн (идентичностун) четке каккан светтик өлкөлөргө айлантууну каалайт.

Бул себептен улам, биз бекем ишенип билишибиз керек: бүгүнкү Үммөттүн башына түшүп жаткан азаптар жана кыйынчылыктар 100

жылдан ашуун убакыттан бери бизди башкарып жаткан агент башкаруучулардын жана Батыш колонизаторлугунун оту. Анткени бул башкаруучулар Батыштын моюнубузга миндирип койгон кул жана шаймандары. Алар диктатор болсун, демократ болсун, айырмасыз баары колониализмдин балдары жана кынтыксыз кызматчылары.

Мусулмандардын жана бүтүндөй Үммөттүн куткарылышы үчүн жалгыз жол — таза, бурмаланбаган Исламга кайтуу. Исламдан башка эч нерсе бизди сактап калбайт! Ислам гана мусулмандардын ар-намысын жана өлкөлөрүн сактай турган, аларга улуулук жана эркиндик тартуулай турган жалгыз дин. Ислам — бул ыйык нерселерди коргогон, азчылыктарды сактаган, коомдо адилеттүүлүктү жана бейпилдикти орноткон дин.

Ошол эле Ислам арабдарды жахилият доорунда бири-бири менен согушуп, перстер менен румдуктарга көз каранды болуп жашап жүргөн элди дүйнөгө үстөм болгон элге айланткан. Алар Рум менен Перс падышалыгын жеңип, халифтер Рим падышасына “Римдин ити Никфор” деп кайрылган деңгээлде болгон. Башка бир халиф болсо булуттарга карап: “Каалаган жериңе жаа, сенден түшкөн түшүм акыры келип мусулмандардын Байтул малына чогулат” - деп айткан.

Демек, жахилияттагы жана чөлдөгү карапайым арабдарга улуулук берген ушул Ислам бүгүн да бизге улуулук алып келүүгө толук кудуреттүү! Ал бизди кайрадан лидерликке, кадыр-баркка жана шексиз ар-намыска кайтарып коюуга кудуреттүү.

Ислам — адилеттүүлүктүн жалгыз кепилдиги. Мейли мусулмандар болсун, мейли мусулман эмес болсун, Исламдын өкүмдөрү бардык адамдардын ар-намысын, мал-мүлкүн, абийирин жана укуктарын коргойт. Исламда араб менен ажамдын (башка улуттун), күчтүү менен алсыздын, ак менен каранын ортосунда эч кандай айырма жок.

Ал тургай, Ислам мусулман эмес адамдарга да мусулмандардыкындай укуктарды берген. Пайгамбарыбыз ﷺ:

من آذى ذميا كمن آذى مسلما

“Ким бир зиммийге (Ислам мамлекети астында жашаган кайрымусулманга) **зулум кылса, ал мага зулум кылган болот”** - деп айткан. Ислам башка диндерге баш ийген адамдарды өз динине жана ишенимине мажбурлаган эмес: (لا إكراه في الدنين)

“Динде мажбурлоо жок” - деп бекемдеген. Мыйзам алдында да, сотто да мусулмандар менен бир деңгээлде болгон. Аларга да мусулмандарга берилген укуктар берилген жана алардан да

мусулмандарга жүктөлгөн адилеттүү мамиле жана жоопкерчилик талап кылынган.

Бул жөн гана теория эмес, бул тарыхта Ислам мамлекети башкарган доордо зиммийлер чындап башынан өткөргөн реалдуу турмуш. Алар Ислам мамлекети астында жашап ушунчалык урмат-сый, тынчтык жана коопсуздукта болушкандыктан, өз ыктыяры менен мусулмандар тарапка өтүп, өз диндештерине каршы турууну туура деп эсептешкен учурлар болгон. Мисалы, алар мусулмандар менен чогуу крестүүлөргө каршы согушка катышкан. Ал тургай, калыс болгон зиммийлер өз көзү менен көргөн жана башынан өткөргөн нерсеге күбө берип: «Биз Ислам мамлекетинде жашагандай татыктуу, ар-намыстуу турмушту бул замандын кафир светтик режимдеринин биринде да көргөн эмеспиз» - деп айтып келишет. Бул Исламдын жана анын башкаруу түзүмүнүн акыйкаты.

Ал адилеттүүлүктүн, ырайымдын жана нурдун системасы. Ал бардык адамдарды кысымдан, азаптан жана тарткылыктан чыгарып, кенендикке, бейпилдикке жана адилеттүүлүккө жетелөө үчүн келген. Ислам колониализмдин таасирин түп-тамыры менен жок кыла турган жалгыз күч. Ислам Үммөттү бир мамлекетке бириктире ала турган жалгыз дин.

Эки миллиарддык Үммөт Исламдан башка эч нерсеге баш ийбейт, Исламдан башка эч нерсе аны бириктире албайт. Эгер Үммөт бириксе, анда ал дүйнөдөгү бардык мамлекеттерди багынта турган армияларга, бардык жарандарына жеткидей байлыкка, дүйнөнү башкара турган эр-азаматтарга ээ болот.

Мына ушундан улам Батыш коркуп турат, мындан өлөрчө кооптонуп, бул биримдиктин алдын алуу үчүн жан үрөп жатышат.

Биз Ислам жөнүндө сүйлөгөндө, жөн гана мамлекеттин сырткы көрүнүшүн “Исламдаштыруу” жөнүндө айтып жаткан жокпуз. Биз өзгөчө жана кайталангыс башкаруу системасы, анын түзүлүшү, табияты жана принциптери жөнүндө сөз кылып жатабыз. Сөз “мамлекеттик символдорго Ислам белгисин коюп коюу” же “мамлекетти мусулманча атоо” жөнүндө эмес. Ислам — бул толук ишеним, толук система. Ал адамдын ишениминен тартып тышкы саясий байланыштарга чейин бардык турмушун тартипке салган комплекстүү идеология.

Исламдын башкаруу системасы кайталангыс система. Ал демократиялык да, капиталисттик да, республикалык да, падышалык да, улутчулдук да, федерация да эмес. Ал азыркы заманда же мурда колдонулуп келген башка кандай гана башкаруу формасы болбосун, алардын бирине да шайкеш келбейт. Ислам башкаруусу бекем жана

өзгөрбөс негиздерге таянган, биримдикке негизделген система. Бул негиздер адамдардын каалоосунан же акылынан эмес, Аллах Тааланын шариятынан алынган негиздер.

Исламдагы башкаруу төрт негизги принципке таянат. Бул төртөөнүн бири жок болсо, Ислам башкаруусу болбой калат. Башкача айтканда, Исламдын саясий бийлиги жоголот. Ал төрт принцип төмөнкүлөр:

1. Бийликтин булагы – эл эмес, шариат;
2. Бийлик (аткаруу) — Үммөттүн колунда (халифаны Үммөт шайлайт);
3. Мусулмандар үчүн бир гана халифаны шайлоо фарз (бир мамлекет, бир лидер);
4. Шарият мыйзамдарын кабыл алуу укугу жалгыз халифага таандык. Ал Конституцияны жана бардык мыйзамдарды кабыл алат.

Бул принциптер узак изилдөөлөр жана Куран менен Сүннөттөгү далилдердин негизинде алынган. Аларды түшүндүрүү бул жерде мүмкүн болбосо да, алар шариаттын бекем негиздерине таянат.

Эгер жогоруда айтылган төрт негиз толугу менен ишке ашса, анда биз Ислам менен башкарууга байланыштуу эң негизги жана эң чоң тоскоолдуктан өтүп жатабыз дегени. Андан кийин мамлекетке тиешелүү калган бардык улуу системаларга өтөбүз: башкаруу жана мамлекеттик түзүмдөрдөн тартып, экономикалык жана социалдык түзүлүшкө, билим берүү жана маалымат саясатына, коомдук байланыштарга, калктын иштерин башкарууга, Үммөт межлисине жана Шура жыйындарына чейин. Булардын баары Исламда бар жана даяр, болгону аны жүзөгө ашырууга болгон чын ыкластуу эрк жана чечим керек.

Мындайча айтканда, Ислам менен башкаруу бул каалоо-тилек же ыктыярдуу тандоо маселеси эмес. Бул — бизге Раббибиз тарабынан жүктөлгөн милдет. Аллах Таала мындай дейт:

{وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ وَلَا مُؤْمِنَةٍ إِذَا قَضَى اللَّهُ وَرَسُولُهُ أَمْراً أَن يَكُونَ لَهُمُ الْخِيَرَةُ مِنْ أَمْرِهِمْ وَمَن يَعْصِ اللَّهَ وَرَسُولَهُ فَقَدْ ضَلَّ ضَلَالاً مُّبِيناً}

«Аллах жана Анын пайгамбары бир ишти өкүм кылган – буйруган убакта бир да момун эркек жана момун аял үчүн *(Аллахтын өкүмүн ташпап коюп)* ***өз иштеринен бирээр ишти тандоого уруксат эмес. Ким Аллахка жана Анын пайгамбарына күнөөкөр болсо, демек, ал анык адашуу менен адашыптыр».*** (Ахзаб: 36).

Демек, Ислам менен башкаруу — бул ачык-айкын шаръий милдет. Бул тууралуу Аллах Таала дагы мындай дейт:

{إِنِ الْحُكْمُ إِلاَّ لِلّهِ أَمَرَ أَلاَّ تَعْبُدُواْ إِلاَّ إِيَّاهُ ذَلِكَ الدِّينُ الْقَيِّمُ وَلَـكِنَّ أَكْثَرَ النَّاسِ لاَ يَعْلَمُونَ}

«Өкүм- Өкүмдардык Аллахка гана таандык Ал Зат силерди жалаң Өзүнө гана сыйынууга буюрган. Эң туура дин мына ушул. Бирок адамдардын көбү муну билишпейт». (Юсуф, 40).

Ошондой эле Аллах Таала айтат:

{وَأَنِ احْكُم بَيْنَهُم بِمَا أَنزَلَ اللهُ وَلاَ تَتَّبِعْ أَهْوَاءهُمْ وَاحْذَرْهُمْ أَن يَفْتِنُوكَ عَن بَعْضِ مَا أَنزَلَ اللهُ إِلَيْكَ}

"(Эй Мухаммад), алардын арасында Аллах түшүргөн нерсе (дин) менен өкүм кылгын, алардын көңүл-кушу каалаган нерселерге ээрчибе жана да Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп фитна-эки анжылыкка салып коюуларынан этият бол!". (Маида: 49).

Жана дагы мындай дейт:

{وَمَن لَّمْ يَحْكُم بِمَا أَنزَلَ اللهُ فَأُوْلَـئِكَ هُمُ الْكَافِرُونَ}

"Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда, алар кафирлар". (Маида: 44).

Булардын баары Аллах Таала бизге Анын түшүргөн өкүмү менен башкарууну милдеттендиргенин тастыктаган аяттар. Демек, биз Ислам менен башкарууга милдеттүүбүз.

Ал эми Исламда бийликтин формасы катары Пайгамбарыбыз ﷺ бизге белгилеп берген башкаруу системасы Халифалык болуп саналат. Халифалык — бул бүткүл мусулмандарга багытталган жалпы жетекчилик болуп, Аллахтын өкүмдөрүн турмушка ашыруу жана Ислам дааватын дүйнөгө жеткирүү үчүн түзүлгөн башкаруу системасы. Бул имамдык менен барабар түшүнүк.

Халифалык, башкача айтканда, Ислам башкаруу системасы мамлекеттин ар бир нерсеси, эл аралык мамиледен тартып, калкты башкарууга чейин, баары Аллах түшүргөн өкүмдөргө ылайык жүргүзүлүшүн талап кылат. Бул Ислам башкаруусунун ажырагыс шарты. Бул гана Аллахтын ыраазылыгына алып барат.

А биз бул дүйнөдө жашап жаткан максатыбыз Аллахтын ыраазылыгын табуу эмеспи?! Ушул гана бизге жеңиш, үстөмдүк жана улуулук алып келет.

Сөзүмдү төмөнкү сөздөр менен жыйынтыктайм:

Ислам менен башкаруу маселеси бул Үммөт үчүн тагдырий маселе болушу керек.

Бул маселе жашоо же өлүм маселеси сыяктуу чечимди талап кылат. Аны соодалашууга же келишүүгө коюуга болбойт. Батыштын Исламды кабыл алуу жана аны менен башкаруунун кесепеттери тууралуу коркутууларын эч качан эске албашыбыз керек.

Аллах Таала мындай дейт:

{إِنَّمَا ذَلِكُمُ الشَّيْطَانُ يُخَوِّفُ أَوْلِيَاءهُ فَلاَ تَخَافُوهُمْ وَخَافُونِ إِن كُنتُم مُّؤْمِنِينَ}

"Албетте, ошол** (силерди дүрбөлөңгө салмакчы болгон) **шайтандын өзү. Ал силерди өзүнүн досторунан** (кафирлерден) **коркутмакчы болот. Демек, эгер момун болсоңор, алардан коркпогула, Менден корккула!". (Али Имран: 175).

Ошондой эле Аллах Таала заалим башкаруучуларга, агенттерге, Батыштын кулдарына жан тартпоону эскертет:

{وَلاَ تَرْكَنُواْ إِلَى الَّذِينَ ظَلَمُواْ فَتَمَسَّكُمُ النَّارُ وَمَا لَكُم مِّن دُونِ اللّهِ مِنْ أَوْلِيَاء ثُمَّ لاَ تُنصَرُونَ}

"Зулумдук жолун туткан адамдарга берилип кетпегиле** (ээрчибегиле)**. Антпесе силерге тозок оту жетет. Силер үчүн Аллахтан өзгө бир да дос жок. Кийин** (тагыраак айтканда заалимдерди ээрчип кетсеңер) **силерге жардам берилбейт". (Худ: 113).

Ошондой эле Аллах кафирлердин мажбурлоосуна же аларга жагынуу аракетине берилип кетүүдөн да кайтарган:

{وَدُّوا لَوْ تُدْهِنُ فَيُدْهِنُونَ}

«Алар сенин** (өздөрүнө) **көңүлчөөктүк - келишим кылышыңды каалашат, ошондо алар да** (сага) **көңүлчөөктүк кылышат. Бирок, сен алардын бул каалоолоруна моюн сунбагын». (Калам: 9).

Демек, эгер биз Ислам менен башкаруу, башкача айтканда, Халифалыкты кайра орнотуу боюнча чечкиндүү кадам таштасак, анда Аллах бизге сөзсүз жардам берет. Жеңиш Аллахтан гана келет.

Үммөт — Аус менен Хазраж сыяктуу — Пайгамбарыбыздын ﷺ айланасына бириккендей, бүгүн да ошол биримдикке келет. Ошондо Үммөт кайрадан кадыр-барктуу, күчтүү Үммөткө айланат. Жер жүзүндө кайсы бир аймакка кадам таштаса да, Аллах ал жерде ага жеңиш жана үстөмдүк берет.

Бул Аллахтын убадасы:

{إِنَّا لَنَنصُرُ رُسُلَنَا وَالَّذِينَ آمَنُوا فِي الْحَيَاةِ الدُّنْيَا وَيَوْمَ يَقُومُ الْأَشْهَادُ}

«Албетте, Биз пайгамбарларыбызга жана ыйман келтиргендерге дүйнө тирүүлүгүндө, да, күбөлөр тура турган Күндө** (Кыяматта) **да жардам беребиз». (Гафир: 51). ❑

ИСЛАМ ӨКҮМДӨРҮН КОЛДОНУУДА БАСКЫЧМА-БАСКЫЧ АРАКЕТТЕНҮҮ

Фарис Мансур – Ирак

Исламды баскычма-баскыч колдонуу идеясы Исламга чоң зыян келтирген кооптуу идеялардын бири. Анткени мындай пикир Ислам жолунда иш алып барган адамдардын шыгын түшүрөт жана аларды шариаттын өкүмдөрүн жана принциптерин туруктуу кармануудан алыстатат. Ислам өкүмдөрүн акырындап киргизүү чакырыгы учурда мусулмандар жашап жаткан мамлекеттерди жөн гана оңдоого муктаж болгон исламий мамлекеттер катары кабылдоону билдирет. Чындыгында болсо, бул мамлекеттер куфр системаларын колдонгон мамлекеттер, Исламды акырындап киргизүү менен алардын өмүрүн узартпастан, тескерсинче аларды тамырынан жулуп жок кылуу керек.

Бизге жашыруун эмес, Исламды баскычма-баскыч колдонууу чакырыгы Батыштагы кафирлердин үстөмдүгү жана мусулмандарга үстөмдүк кылган башкаруучулардын кысымында даватчылар Ислам өкүмдөрүн толук колдонуу кыйынчылыгына туш болуп жаткандыктан, реакциондук түрдө пайда болгон.

Бул маселенин маанилүүлүгүнөн улам көптөгөн адамдар бул тууралуу сөз кылышкан жана жазышкан. Мен болсо, өзүм маанилүү деп эсептеген бир нече пункттарды айтып өтөйүн:

Биринчиден: “баскычма-баскыч аракеттенүү” термини талап кылынган шариат өкүмүнө бир эле жолу эмес, бир нече баскыч аркылуу жетүүнү туюндурат. Ошондуктан бул «баскычтуу аракеттенүү» деп да аталат. Мында, бир мусулман шариатка каршы өкүмдү колдонушу мүмкүн, бирок ал өзүнүн түшүнүгүндө шариатка жакын деп эсептеген өкүмдү алгач колдонуп, андан кийин акырындап талап кылынган шариат өкүмүнө жетүүгө аракет кылат. Мисалы, мусулман аял адегенде көйнөгүн тизесинен бир аз ылдый жапканга чейин кийип жүрөт, кийинчерээк болсо толук шариатка ылайык болгон кийимге өтөт.

Бул жерде эске салчу маанилүү нерсе, баскычма-баскыч аракеттенүү белгилүү бир баскычтардын саны менен чектелбейт. Бир өкүм бир, эки же андан да көп баскыч менен ишке ашырылышы мүмкүн. Бул баскычтар учурдагы шарттарга жана жагдайларга жараша аныкталат.

Экинчиден: баскычма-баскыч колдонууну жактагандар көрсөткөн далилдер туура усул негизинде алынган эмес. Алар шарият далилдерин изилдеп, андан «баскычма-баскыч аракеттенүү жайиз» деген жыйынтыкка келишкен эмес. Тескерисинче, алар адегенде «баскычма-баскыч аракеттенүү зарыл» деген бүтүм чыгарышкан, андан соң ошол

пикирди негиздөөгө далил издей башташкан. Бул алардын айрым аяттар менен далил келтирүүсүнөн даана көрүнүп турат:

А. Сүткорчулукка (рибага) байланыштуу аяттар:

Риба жөнүндө келген аяттардын негизинде кээ бирөөлөр Аллах Таала аны дароо эмес, баскыч-баскычы менен арам кылган деп айтышат. Алардын айтымында, башында риба адал болчу. Алар Аллах Таала ушул аятын негиз кылышат:

﴿وَمَا آتَيْتُمْ مِنْ رِباً لِيَرْبُوَا فِي أَمْوَالِ النَّاسِ فَلا يَرْبُوا عِندَ اللهِ وَمَا آتَيْتُمْ مِنْ زَكَاةٍ تُرِيدُونَ وَجْهَ اللهِ فَأُوْلَئِكَ هُمْ الْمُضْعِفُونَ﴾

«Силер адамдардын малдары ичинде, ашыкча *(кайтуусу)* ***үчүн берген сүткордуктан турган акча-малдарыңар Аллахтын алдында ашыкча*** *(соон)* ***алышыңарга себеп болбойт. Аллахтын жүзүн - ыраазылыгын эңсеп берген зекеттен турган нерселериңер, демек дал ошол*** *(зекет берүүчү кишилер соопторун)* ***бир нече эсе кылып алуучулар».*** (Рум: 39).

Андан соң, алар Аллах Таала пайызы ашыкча болгон рибаны гана арам кылып, аз өлчөмдөгүсүнө тийишкен эмес деп эсептешет. Алар бул аятка таянышат:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لا تَأْكُلُوا الرِّبَا أَضْعَافاً مُضَاعَفَةً وَاتَّقُوا اللهَ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ﴾

“Эй момундар, *(берген карызыңарды)* ***бир нече эсе кылып алуу менен сүткордук кылбагыла! Аллахтан корккула! Ошондо балким муратка жетээрсиңер”.*** (Аали имран: 130).

Акырында, Алла Таала рибаны толук түрдө арам кылып мындай деген дешет:

﴿وَأَحَلَّ اللهُ الْبَيْعَ وَحَرَّمَ الرِّبَا﴾

“Акыйкатта болсо, Аллах сооданы адал, бирок сүткорлукту арам кылган”. (Бакара: 275).

Бул пикирге каршы жообубуз мындай:

Риба дароо жана башында эле арам кылынган. Бул ***“Акыйкатта болсо, Алла сооданы адал, бирок сүткорлукту арам кылган”*** деген аятта ачык көрсөтүлгөн. Бул аят Бакара сүрөсүндө келген. Тафсирчилердин айтымында, Бакара сүрөсү Мадинада түшкөн биринчи сүрөлөрдүн бири. Демек, рибанын арам кылынуусу баскыч менен болгон эмес.

Бул маселе боюнча келген ар кандай аяттар ар башка окуяларга жана жагдайларга байланыштуу. Алардын эч биринде рибанын акырындык менен арам кылынганы айтылбайт. Мисалы бул аят:

﴿وَمَا آتَيْتُمْ مِنْ رِباً...﴾

«Силер адамдардын малдары ичинде, ашыгы менен *(кайтуусу)* ***үчүн..»*** рибага тиешелүү эмес. Анын мааниси — эгер адам бирөөгө белек берип, анын ордуна көбүрөөк кайтарым алууну кааласа, анда Аллахтын алдында ал үчүн сооп жок. Бул маанини Ибн Аббас, Мужахид, Даххак, Катада, Икрима, Мухаммад ибн Кааб жана Шааби сыяктуу муфассирлер билдиришкен.

Ошондой эле бул аятта да:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لا تَأْكُلُوا الرِّبَا أَضْعَافاً مُضَاعَفَةً...﴾

“Эй момундар, *(берген карызыңарды)* ***бир нече эсе кылып алуу менен сүткордук кылбагыла!»*** рибанын акырындык менен тыюу салынышы тууралуу эч кандай далил жок. Бул аят Жахилия доорунда элдер рибаны бир нече эсе кылып жешкен адаттарына каршы түшкөн. Бул жерде рибанын бир гана түрүнө тыюу салынганы айтылбайт, тескерисинче бул алардын белгилүү адатын айыптаган.

Б. Ичкиликке (арам шарапка) байланыштуу аяттар:

Баскычма-баскыч аракеттенүүнү жактагандар бул аяттардын негизинде ичимдик (хамр) башында адал болчу деп айтышат. Алар төмөнкү аятка таянышат:

﴿يَسْأَلُونَكَ عَنِ الْخَمْرِ وَالْمَيْسِرِ قُلْ فِيهِمَا إِثْمٌ كَبِيرٌ وَمَنَافِعُ لِلنَّاسِ وَإِثْمُهُمَا أَكْبَرُ مِنْ نَفْعِهِمَا﴾

«(Эй, Мухаммад) ***сенден арак жана кумар оюндары тууралуу сурашат. Айткын: буларда чоң күнөө жана адамдар үчүн бир аз пайдалар да бар.*** *(Бирок)* ***булардын пайдасынан күнөөсү чоңураак».*** (Бакара: 219).

Андан соң, Алла Таала мындай деп шарап ичүүнү чектеген дешет:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لا تَقْرَبُوا الصَّلاةَ وَأَنْتُمْ سُكَارَى حَتَّى تَعْلَمُوا مَا تَقُولُونَ﴾

“Эй момундар! Сүйлөп жаткан сөзүңөрдү *(өзүңөр окуп жаткан аяттарды)* ***аңдап-билүүңөр үчүн мас абалыңарда намазга жакын келбегиле!”.*** (Ниса: 43).

Акырында болсо ичимдикке толук тыюу салынып, мындай деп айтылган дешет:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِنَّمَا الْخَمْرُ وَالْمَيْسِرُ وَالْأَنْصَابُ وَالْأَزْلامُ رِجْسٌ مِنْ عَمَلِ الشَّيْطَانِ فَاجْتَنِبُوهُ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ. إِنَّمَا يُرِيدُ الشَّيْطَانُ أَنْ يُوقِعَ بَيْنَكُمُ الْعَدَاوَةَ وَالْبَغْضَاءَ فِي الْخَمْرِ وَالْمَيْسِرِ وَيَصُدَّكُمْ عَنْ ذِكْرِ اللهِ وَعَنِ الصَّلاةِ فَهَلْ أَنْتُمْ مُنْتَهُونَ﴾

«Эй момундар, арак *(мас кыла турганичкилик ичүү)****, кумар, буттар*** *(аларга сыйынуу)* ***жана таякчалар*** *(башкача айтканда таякчалар менен палчылык кылуу)* ***шайтандын амалынан болгон арам иштер. Демек,*** *(тозоктон)* ***кутулушуңар үчүн алардын ар биринен ыраак болгула! Ичкилик, кумар себептүү шайтан араңарга жек көрүү, душмандык***

салууну, ошондой эле силерди Аллахты эске алуудан жана намаз окуудан тосууну гана каалайт! Эми токтоорсуңар?!». (Маида: 90-91).

Биз айтабыз: бул аяттар ичимдикке тыюу салууда этап-этабы менен болгонун билдирбейт. Ичимдик (хамр) башында арам эмес болчу, тескерисинче «асыл абалы боюнча адал» деген өкүмдө эле калып турган. Ал толук арам кылынган учур болсо, Аллах Тааланын төмөнкү сөзү түшкөндөн кийин болду:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِنَّمَا الْخَمْرُ وَالْمَيْسِرُ وَالْأَنْصَابُ وَالْأَزْلَامُ رِجْسٌ مِنْ عَمَلِ الشَّيْطَانِ فَاجْتَنِبُوهُ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ، إِنَّمَا يُرِيدُ الشَّيْطَانُ أَنْ يُوقِعَ بَيْنَكُمُ الْعَدَاوَةَ وَالْبَغْضَاءَ فِي الْخَمْرِ وَالْمَيْسِرِ وَيَصُدَّكُمْ عَنْ ذِكْرِ اللهِ وَعَنِ الصَّلَاةِ فَهَلْ أَنْتُمْ مُنْتَهُونَ﴾

Кимде-ким бул аятты терең ойлонуп караса, Аллах Таала айткан:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لا تَقْرَبُوا الصَّلاةَ وَأَنْتُمْ سُكَارَى حَتَّى تَعْلَمُوا مَا تَقُولُونَ﴾

«Эй момундар! Сүйлөп жаткан сөзүңөрдү *(өзүңөр окуп жаткан аяттарды)* ***аңдап-билүүңөр үчүн мас абалыңарда намазга жакын келбегиле!».*** (Ниса: 43).

Бул аят мусулмандарга “ичимдик ичкенден кийин намаз окуба” деп эмес, “мас абалда намазга жакындабагыла” деп айткан. Мунун мааниси — адам эмне айтып жатканын түшүнгөнгө чейин намаз окубасын дегени. Эгерде бул аят түшкөндөн кийин мусулман ичимдик ичип, анан акылы толугу менен кетпеген абалда намаз окуса, бул үчүн күнөө жазылган эмес.

Мындан тышкары, ичимдик арам кылынгандан кийин эч ким анын адал экенин айткан эмес, бул Пайгамбарыбыздын ﷺ доорунда да, сахабалар, табиилер жана табиилердин жолун уланткандардын доорунда да болгон эмес. Бул өкүм Аллах Таала жерди жана андагы нерселерди мурас кылганга чейин өз күчүндө болот.

Үчүнчүдөн: Пайгамбарыбыз ﷺ жаңы түшкөн шарият өкүмдөрүн дароо билдирип, дароо ишке ашырууну буйручу. Ал түшкөн өкүмдөрдү колдонууда баскычтуу эмес, дароо ишке ашырчу. Арам кылынган нерсеге уруксат берчү эмес жана жокко чыгарылган өкүм менен амал кылчу эмес.

Ислам өкүмдөрүн ишке ашырууну Пайгамбарыбыз ﷺ кечеңдеткен же «азырынча күтө туралы, кийин аткарабыз» дегенге эч кандай далил же мисал жок. Тескерисинче, анын ﷺ өмүр баянынан билебиз, ал Курайштын башчылары сунуштаган Аллахтын өкүмдөрүнөн аз да болсо баш тартуу же жеңилдетүү сыяктуу чакырыктарды кескин түрдө четке каккан. Мисалы, Курайш Пайгамбарыбызга ﷺ: «Бир күн сен башкар, бир күн биз башкарабыз», – деп кезектешип башкарууну сунуштаганда, ал толугу менен баш тарткан.

Ошондой эле, Бани Амир ибн Сасаа уруусунун өкүлдөрү Пайгамбарыбызга ﷺ келип: “Биз сага жардам беребиз, бирок сенден кийин бийлик бизге өтсүн” дешкенде, Пайгамбарыбыз ﷺ аларга мындай деген:

«الْأَمْرُ إِلَى اللهِ يَضَعُهُ حَيْثُ يَشَاءُ»

«Иш (өкүм жүргүзүү) Аллахка таандык, аны Өзү каалагандай орнотот».

Ушул сыяктуу эле, Бани Шайбан уруусу Пайгамбарыбызга ﷺ келип: “Эй, Мухаммад! Бизде чагылгандардай көп сандагы адамдар, топурактай мал-мүлк, тоолордой бекем чечим бар. Биз арабдарга каршы сага жардам беребиз, бирок перс жана рум элдерине каршы жардам бербейбиз,” - дешкенде, Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

«وَإِنَّ دِينَ اللهِ تَعَالَى لَنْ يَنْصُرَهُ إِلا مَنْ أَحَاطَهُ مِنْ جَمِيعِ جَوَانِبِهِ»

“Албетте, Аллахтын динин бардык жагынан курчаган гана адам жеңип чыга алат”.

Бани Сакыф уруусу келгенде болсо — Ибн Хишам өзүнүн «Сира» китебинде баяндагандай — алар Пайгамбарыбыздан ﷺ өздөрүнүн «Таагия» деп аталган бутуна (лат аттуу бутка) үч жылга чейин тийбөөнү суранышкан. Пайгамбарыбыз ﷺ аларга макул болгон эмес. Алар андан бир жылга уруксат сурашты, ал дагы макул болгон жок. Акырында бир айга уруксат сурашканда да Пайгамбарыбыз ﷺ макул болгон эмес, “атап койгон эч бир нерсеге уруксат бербейм” деген.

Ошол эле ыкма менен сахабалар да Пайгамбарыбыз ﷺ кайтыш болгондон кийин Ислам өкүмдөрүн жаңы багындырылган аймактарда дароо ишке ашырышкан. Алар (Аллах алардан ыраазы болсун) шарият өкүмдөрүн кечиктирбей, дароо, толук түрдө колдонушкан, эч кандай этап, созуу же кечиктирүү болгон эмес.

Төртүнчүдөн: реалдуу турмуштагы абалга карап көрсөк, Исламды баскычма-баскыч колдонуу идеясынан биз эч кандай жакшылык көргөн жокпуз. Тескерисинче, ал жалаң гана жамандык алып келди, буга мисалдар абдан көп.

Мисалы, Египетте «Ихванул Муслимин» кыймылы бийликке жетти. Бирок натыйжасы кандай болду?! Алар динди орното алышкан жок.

Судан экиге бөлүнүп кетти, эли болсо жакырчылыкта, муктаждыкта жашап жатат.

Түркия көптөр үлгү катары көрсөткөн мамлекет, бирок анын чыныгы жүзү секуляризмдин очогу жана Батышка толук көз каранды.

Иорданияда алар үчүн эң чоң маселе шайлоо мыйзамын өзгөртүү болду, максаты — парламентке көбүрөөк өкүл киргизүү.

Тунистеги абал болсо, Курандагы так жана анык шариат өкүмдөрүнө каршы келген мыйзамдар кабыл алынууда. Мисалы: аял менен эркектин мураста үлүшүн теңдештирүү, көп аялдуулукту кылмыш катары саноо ж.б.

Бүгүн Сирияда болсо, «Хайат Тахрир аш-Шам» жамааты өздөрүнүн соңку максаты болгон режимди кулатууга жетишти. Азыр алар бийликте. Бирок, ошого карабастан алар Аллахтын өкүмүн орнотууну ойлошкон жок. Тескерисинче, өздөрүн башка мамлекеттердин кучагына ыргытып, аларга көз каранды болуп калышты.

Бүтүндөй мусулман дүйнөсү болсо, Газадагы мужахиддерди колдобостон, тескерисинче, аларга каршы кутум курушту. Бирок, ошого карабастан өздөрүн «ислам мамлекетибиз» деп атап келишет.

Акырында, биз мурун да айтканбыз, азыр да айтып келебиз, Ислам Үммөтү улуу, ардактуу Үммөт. Анда жакшылыктар көп. Бул Үммөт Исламдын орношун самап турат. Чыныгы өзгөрүү болсо, ал түп-тамырынан, толук жана ар тараптуу өзгөрүү менен гана болот. Мындай өзгөрүү Халифалык аркылуу гана ишке ашат, анда Ислам жашоонун бүтүндөй системасы жана Конституциясы катары колдонулат.

Хизб ут-Тахрир ушул максат үчүн Үммөттүн ичинде күн-түн дебей аракет кылууда. Ал бул үчүн бардык даярдыктарды көргөн. Алардын арасында толук мамлекеттик системаны камтыган “Халифалык мамлекетинин Конституция долбоору” да бар. Бул Конституция Аллахтын Китебинен жана Анын Элчисинин ﷺ сүннөтүнөн алынган, күчтүү далилдерге таянып алынган мамлекеттик өкүмдөрдү камтыйт.

Биз Алла Тааладан ошол Халифалыкты көргөн күбөлөрдөн жана аскерлеринен болууну сурайбыз.

{ وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمْ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِى ٱلْأَرْضِ كَمَا ٱسْتَخْلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ ٱلَّذِى ٱرْتَضَىٰ لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْنًا يَعْبُدُونَنِى لَا يُشْرِكُونَ بِى شَيْـًٔا وَمَن كَفَرَ بَعْدَ ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلْفَٰسِقُونَ }

«Аллах силерден ыйман келтиргендерге жана жакшы амалдарды кылгандарга, кудум илгери өткөн *(ыйман-ишенимдүү)* ***заттарды*** *(жер жүзүнө)* ***халифа өкүмдар кылгандай, аларды да жер жүзүнө халифа-орун басар кылууну жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон*** *(Ислам)* ***динин үстөм-бекем кылууну, ошондой эле аларды коркунучтарынан кийин, тынтык-бейпилдикке бөлөп койушун убада кылды. Алар Мага ибадат кылышат жана Мага бир да иерсенн шерик кылышпайт. Ким мына ушул*** *(убада)***дан кийин*** *(нематка)* ***күпүрдүк кылса, демек алар фасыктар».*** (Нур: 55). ❑

ИСЛАМ МАМЛЕКЕТИН ТИКЕЛӨӨДӨГҮ “НУСРАТ” ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА АНЫН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

Ясин Мутахар – Индонезия

Кириш сөз

Ислам рисаласынын маңызын түшүнгөн адам Аллах Таала аны жалпы адамзатка багытталган акыркы жана түбөлүктүү рисала кылып жибергенин түшүнөт. Ислам мамлекети мусулмандардын жашоосунда ажырагыс, негизги бөлүк экенин аңдайт. Бул динибиздеги жогорку деңгээлде маалым болгон нерсе. Халифа болсо, Аллах Таала Исламды ишке ашырууну жана дүйнөгө жайылтууну милдеттендирген жападан-жалгыз тарап.

Исламды туура түшүнгөн ар бир адам билет: хижрат бул жөн гана бир жерден экинчи жерге көчүү эмес, Ислам мамлекетин түзүү үчүн болгон аракет.

Хизб ут-Тахрир өз даъватында Пайгамбарыбыз ﷺ мамлекет кургандагы жолду ээрчип келди. Ал даъват этаптарын адегенде борборлоштурулган сакофат, андан жалпы сакофат, андан кийин Үммөт менен өз ара аракеттенүү жана акырында бийликти алуу алдындагы нусратты талап кылуу баскычы менен басып өттү.

Бул макалада мен нусраттын маанисин жана Ислам мамлекетин орнотуудагы ордун түшүндүрүп берүүгө аракет кылам.

Нусра сөзүнүн тилдик мааниси

نصر (“наср”) сөзү араб тилинде жакшылык жеткирүү жана аны берүү дегенди билдирет. Аллах Таала мусулмандарды “наср кылды” дегени, Ал аларга душмандарына каршы жеңишти берди деген маанини түшүндүрөт. “ينصر” (“янсур”) – жардам берүү, колдоо, жеңишке жеткирүү.

انتصار (“интисар”) өч алуу, кек кайтаруу деген мааниде колдонулат.

Арабдар “ نصرت بلدا كذا “ (“насарту баладан каза”) – “тиги өлкөгө бардым” деп айтышат. Ошондой эле жамгыр да “наср” деп аталат. Жерге жааган жамгыр үчүн “ نصرت الأرض” дешет – “жер нусра болду”.

Демек, “ نصر “ (“наср”) – белек, жардам, колдоо.

“نصره على عدوه” – “душманына каршы жардам берди”

“ينصره نصرا” – “жардам берет”,

Ал эми “النصرة” – жардам берүүнүн өзү.

“الناصر” – жардам берүүчү, жөлөкчү.

“أنصار” – көптүк түрү, “жардамчылар” дегенди билдирет (мисалы, ансарлар — Мадинадагы мусулмандар).

Лисанул Араб сөздүгүндө: “ан-нусра” бул толук жардам, күчтүү колдоо деген мааниде келген.

Нусранын терминдик мааниси

Нусранын терминдик мааниси тилдик маанисинен көп деле айырмаланбайт. Бул, жардам берүү, колдоо көрсөтүү, белек берүү, жамандыкты кайтаруу сыяктуу бир нече маанилерди камтыйт.

Бир адамга же жамаатка нусра кылуу – бул аларга сөзү менен да, амалы менен да жардам берүү, колдоо көрсөтүү, аларга жеңишке жетүү үчүн каражат берүүгө чейин барат.

Имам аш-Шаукани (рахимахуллах) мындай деп айткан:

“Нусра - бул душмандарды басып алуу жана алардан үстөм болуу менен келүүчү колдоо”.

Бул контексттеги нусра же наср — Аллахтын динин жана аны орнотуп жаткандарды кубаттуу күчкө ээ адамдар тарабынан колдоо, жардам берүү дегенди билдирет. Башкача айтканда, Ислам динин орнотууга күч менен жардам берүү.

Улуу аалым шейх Ата бин Халил Абу Рашта 1446-х.ж. жумада ал-уланын 22-күнүндө жарыяланган жообунда мындай деген:

«Нусра бир нече түрдө болот: чакырык, пикирдин башка пикирлерден үстөм болушу — нусранын бир көрүнүшү; элдин даъватты колдоп, анын айланасында чогулуусу — нусранын дагы бир түрү; даъватты көтөрүп жүргөндөрдүн өз миссиясына бекем турушу да — нусранын түрү… Ушундайча уланат. Бирок нусранын мааниси толук түрдө, бардык максаттары менен бирге, бул күч жана кудурет ээлери даъватка жардам берип, партиянын бийликке келип, мамлекетти орнотуп, Исламды колдонуп, даъватты алып чыгышы менен гана ишке ашат.

Даъваттын контекстинде нусранын толук мааниси — бул “نقطة الارتكاز - нукта ал-иртиказ” – таяныч чекитинин болушу. Башкача айтканда, Ислам мамлекетинин орнотулушу. Себеби мамлекет болбосо, Ислам турмуш талаасында болбойт. Нусранын башка түрлөрүндө да жакшылык бар, бирок алар Исламды турмуш талаасында орнотууга алып келбейт. Исламды реалдуу турмушта колдонуу жана нусраны толук түшүнүү мамлекеттин курулушу жана башкаруунун Исламга негизделиши менен гана ишке ашат».

«Аллахтын нусрасы» Аллахтын динине жардам берүүнү түшүндүрөт.

Алла Таала айтат:

﴿وَلِيَعْلَمَ اللَّهُ مَن يَنصُرُهُ وَرُسُلَهُ بِالْغَيْبِ﴾

“Өзүнө жана Пайгамбарларына жардам бере турган кишилерди билүү үчүн...”. (Хадид: 25).

Ошондой эле, Расулуна нусра берүү — аны коргоо, колдоо жана анын жанында жихад кылуу дегенди билдирет:

﴿إِلاَّ تَنصُرُوهُ فَقَدْ نَصَرَهُ اللّهُ﴾

“Аны** (Пайгамбарды) **колдобосоңор да, Аллах аны колдоду…” (Тообо: 40).

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا كُونوا أَنصَارَ اللَّهِ كَمَا قَالَ عِيسَى ابْنُ مَرْيَمَ…﴾

“Эй, момундар, силер да дал** (хаваарийлер сыяктуу) **Аллахтын жардамчылары болгула!» - Ыйса бини Мариям хаваарийлерге** (хаваарийлер – Ыйса Пайгамбардын алдындагы ал затка ыйман келтирген сахаабалары)**: «Аллахка** (тактап айтканда, Анын динине чакыруумда) **ким менин жардамчым болот?» дегенде, хаваарийлер айтышты: «Биз Аллахтын** (динине) **жардам берүүчүлөрбүз». Ошентип, бани Исраилден бир топ** (адамдар Ыйсага) **ыйман келтиришти жана бир тобу кафир болду. Ошентип, Биз ыйман келтирген заттарды душмандарынан күчтүү кылып, алар (кафирлер үстүнөн) жеңүүчү болуп калышты”. (Ас-Сафф: 14).

Нусрат менен аны талап кылуунун байланышы.

Нусрат Ислам мамлекетин тикелөөгө байланыштуу усул өкүмдөрүнөн болуп саналат. Аны “нусрат талап кылуу” деген аракеттен бөлүп кароо мүмкүн эмес, себеби нусрат талап кылуунун максаты — нусранын өзүн алуу.

Нусрат талап кылуу — бул да шариаттык өкүм. Ошондой эле нусранын өзү да шариаттык өкүм болуп саналат. Бул — күч-кубат кудурет ээлери тарабынан Аллахтын өкүмдөрүн орнотуу аракетиндеги жамаатка (мисалы, Пайгамбарга ﷺ жана анын сахабаларына) берилиши зарыл болгон милдеттүү жардам. Бул аракет ансарлардын (Аус жана Хазраж уруусунун лидерлеринин) Пайгамбарыбызга ﷺ жана анын нусраны издеп жүргөн сахабаларына жардам бергени сыяктуу.

Нусраны алуу үчүн аны талап кылуу аракетин жүргүзүү керек. Нусрат талап кылуу — диндеги күч-кубат ээлеринен Ислам динин колдоо жана орнотуу үчүн жардам сурап кайрылуу. Бул адамдар Үммөттөгү чыныгы күчкө ээ болгон адамдар.

Аллах Таала нусра талап кылуу маселесине мындайча ишарат кылган:

﴿وَقُل رَّبِّ أَدْخِلْنِي مُدْخَلَ صِدْقٍ وَأَخْرِجْنِي مُخْرَجَ صِدْقٍ وَاجْعَل لِّي مِن لَّدُنكَ سُلْطَاناً نَّصِيراً﴾

“Дагы айткын: «Роббим мени чындык менен** (күнөөлөрүмдөн таза болгон абалымда) **киргизгин жана** (Кыямат Күнү тирилткениңде да) **чындык менен чыгаргын жана да мен үчүн Өз алдыңдан бир колдоочу, кубат бергин”. (Исра: 80).

Бул аят төмөнкү аяттан кийин келген:

﴿وَإِنْ كَادُوا لَيَسْتَفِزُّونَكَ مِنَ الأَرْضِ لِيُخْرِجُوكَ مِنْهَا وَإِذاً لا يَلْبَثُونَ خِلاَفَكَ إِلاَّ قَلِيلاً. سُنَّةَ مَن قَدْ أَرْسَلْنَا قَبْلَكَ مِن رُّسُلِنَا وَلَا تَجِدُ لِسُنَّتِنَا تَحْوِيلًا﴾

“Алар сени бул жерден чыгарып жиберүү үчүн *(түрдүү айла-амалдар менен)* ***ордуңдан козгоп жиберүүлөрүнө аз калды. Андай болгондо, алардын өздөрү да андан кийин болгону аз гана*** *(мөөнөт)* ***тура алышат*** *(кийин, албетте жок кылынышат).* ***(Өз Пайгамбарларын куулп чыгарган коомдун жок кылынуусу)*** ***сенден мурда жиберген Пайгамбарларыбыздан калган жол - мыйзам. Сен эч качан Биздин мыйзамыбыз өзгөргөнүн көрбөйсүң”.*** (Исра: 76–77).

Бул аяттарда түшүндүрүлгөндөй, меккелик кафирлер Пайгамбарыбыз ﷺ Меккеден чыгып кетсин деп аракет кылганда Аллахтын Элчиси ﷺ Аллахтын динин көтөрүү жана ишке ашыруу үчүн сөзсүз түрдө бир “жардамчы бийликке” муктаж экенин түшүнгөн. Ошондуктан, Аллахтан чындык менен Меккеден чыгууну, чындык менен кире турган жерге жетүүнү жана ошол жерде колдоочу бийликти сураган.

Имам ат-Табари өзүнүн тафсиринде мындай деген:

Аяттагы: ﴿وَاجْعَلْ لِي مِن لَّدُنْكَ سُلْطَاناً نَّصِيراً﴾

“Мага Өз алдыңдан бир колдоочу, кубат бергин”, – деген сөз жөнүндө тафсирчилер ар түрдүү пикирлерди айтышкан. Айрымдары мындай дешкен: “Мунун мааниси, мага колдоочу, мага каршы чыккандарга каршы жардам бере турган бийлик бер. Сенин диниңди орнотуп, ага жамандык каалагандардан коргогон күч-кубат бер».

Муну айткандардын бири Катада болгон. Бишр, Язид, Саид аркылуу келген риваятта Катада мындай деген: «Аллахтын Пайгамбары ﷺ бул ишти (динди орнотууну) бийликсиз аткарууга күчү жетпесин түшүнгөн. Ошондуктан, Аллах Тааладан Өзүнүн Китебине, чектөөлөрүнө, фарздарына жана динине жардам бере турган колдоочу бийлик суроо менен кайрылган. Себеби бийлик — Аллахтын пенделери үчүн берген ырайымы. Эгер бийлик болбосо, адамдар бири-бирине кол салып, күчтүүсү алсызына үстөмдүк кылмак».

Андан кийин ат-Табари мындай деген: «Бул аяттагы эң туура пикир — бул Аллах Тааланын Пайгамбарына ﷺ Өзүнө (Аллахка) кайрылып, ага жардамчы бийлик беришин сура деп буйруганы. Бул бийлик ага каршы чыккандарга жана Аллахтын фарздарын өзүнө жана башкаларга ишке ашыруусуна тоскоол болгондорго каршы жардам бере турган күч болсун деген буйрук».

Имам аль-Куртуби бул аят тууралуу мындай деп айткан:

«Алла Таала Пайгамбарына ﷺ дубаларда эмне деп сураш керек экенин үйрөткөн. Мисалы, мушриктердин арасынан чыгууну жана

коопсуз жерге кирүүнү суроо. Ал аны Меккеден чыгарды жана Мадинага жайгаштырды».

Бул маанини Тирмизи Ибн Аббастан риваят кылып баяндайт. Ал мындай деген:

«Пайгамбар Меккеде болчу. Андан кийин хижратка буюрулганда, ушул аят түшкөн:

﴿وَقُل رَّبِّ أَدْخِلْنِي مُدْخَلَ صِدْقٍ وَأَخْرِجْنِي مُخْرَجَ صِدْقٍ وَٱجْعَل لِّي مِن لَّدُنْكَ سُلْطَاناً نَّصِيراً﴾

“Дагы айткын: «Роббим мени чындык менен** (күнөөлөрүмдөн таза болгон абалымда)* ***киргизгин жана** (Кыямат Күнү тирилткениңде да)* ***чындык менен чыгаргын жана да мен үчүн Өз алдыңдан бир колдоочу, кубат бергин”.

Бул хадис “хасан жана сахих” деп айтылган.

Бул аят бизге ачык-айкын билдирип турат, Аллах Таала Өзүнүн Пайгамбарына ﷺ динди орнотуу үчүн нусрат талап кылууну буюрган. Бул иш Аллахтын хижратка буйругунан мурун болгон. Башкача айтканда, Пайгамбар ﷺ нусра сураган жана бул нусра берилгенден кийин гана Аллах Таала ага хижрат кылууну буюрган.

Бул болсо Пайгамбарыбыз ﷺ Аллахтан жардамчы бийлик суроо менен кошо нусра аракеттерин жасаганын көрсөтөт.

Пайгамбарыбыз ﷺ нусра пайда болордон мурун, башкача айтканда бийлик бериле электе, күч ээлеринен нусра талап кылып жүргөндүгү тууралуу көптөгөн риваяттар бар.

Пайгамбарыбыз ﷺ Сакыф уруусунан нусрат талап кылып барышы

Ибн Исхак мындай дейт: «Абу Талиб каза болгондон кийин Курайштар Аллахтын Элчисине ﷺ анын өмүрүндө кылбаган кордуктарды кыла башташты. Ошондо Аллахтын Элчиси ﷺ өз элинен коргоочу жана аларга каршы жардам бере турган Сакыф уруусунан нусра издеп, Таиф шаарына жол тартты. Ал Аллахтан келген рисаланы алар кабыл алат деп үмүт кылып, жалгыз өзү аларга барды».

Ибн Исхак мындан ары баяндайт: «Мага Язид бин Зияд, ал болсо Мухаммад бин Кааб ал-Курязийден айтып берди: Пайгамбарыбыз ﷺ Таифке жеткенде, ал жердеги Сакыф уруусунун башчылары жана урматтуу адамдары болгон үч бир туугандын жанына барды. Алар: Абду Йалил бин Амр бин Умайр, Масъуд бин Амр бин Умайр жана Хабиб бин Амр бин Умайр бин Ауф бин Укда бин Гира бин Ауф бин Сакиф болчу. Алардын биринин жанында Бани Жумах уруусунан болгон бир аял да бар болчу. Пайгамбарыбыз ﷺ алардын жанына отуруп, Аллахка

чакырып, алардан Ислам динине нусра берүүнү жана өз эли арасынан чыккан каршы туруучуларга каршы аны менен бирге болууну суранды».

Усулдун бир өзгөчөлүгү — ал мезгилге, шартка же жерге жараша өзгөрбөйт жана алмашпайт.

Нусра — бул Ислам мамлекетин түзүүдөгү усулдук өкүмдөрдүн бири. Ансыз Ислам мамлекети түзүлбөйт. Ким Ислам мамлекетин түзүүнү кааласа, нусраны алуу үчүн атайын нусрат талап кылуу иш-аракеттерин жүргүзүшү керек.

Пайгамбарыбыз ﷺ өзүнүн сирасынын ичинде Ислам мамлекетин Мадинада орнотуу үчүн алган нусранын шарттарын карап көрсөк, бул нусра беш негизги элементти камтыганын көрөбүз:

1. Нусрат талап кылуучу тарап – бул Ислам мамлекетин түзүү максатында иш алып барган саясий партия. Алар коомдо Исламды турмушка ашырууну максат кылып, ошол жолдо аракеттенет. Бул — Пайгамбарыбыз ﷺ жана анын сахабаларынын жолу.
2. Нусра талап кылынуучу тарап – бул күч-кубат ээлери. Башкача айтканда, нусрат бере турган адамдар – бул уруу башчылары, лидерлер, кол башчылар. Мисалы, Пайгамбарыбыз ﷺ Аус жана Хазраж уруусунун башчыларына кайрылып, алардан нусрат сураган.
3. Нусрат талап кылуу процесси – бул Пайгамбарыбыз ﷺ өзүнүн доорунда кылган аракеттери: коом ичиндеги күч ээлерин таанып билүү, алар менен атайын байланыш түзүү, аларга өзүн жана Аллахтын динин тааныштыруу жана бул жолдо бардык кыйынчылыктарга сабыр кылып, тынымсыз аракет кылуу.
4. Күч ээлери тарабынан берилген нусра – бул күч ээлери тарабынан Исламды орнотууну каалагандарга берилген жардам жана колдоо. Бул жардам таасирдүү, чечүүчү жана практикалык жактан натыйжалуу болушу керек.
5. Бул иштердин жүргөн шарттары – коомдун абалы: коомдо Исламга карата жалпы пикир кеңири тараган, бирок коомдук өзгөрүү болбой, абал туңгуюкта турган учур. Мындай шартта нусраны талап кылуу иши жүргүзүлөт.

Бул беш нерсе толук ишке ашкан учурда гана “нусрат талап кылуу” бүткөн болуп саналат жана “нусрат” алынган болот.

Нусрат – үммөттөгү күч-кубат ээлерине фарз болгон өкүм

Нусраны кандай жол менен талап кылуу Ислам мамлекетин орнотууга байланыштуу усулдук шарият өкүмү болсо, нусранын өзү да ошол эле тармактагы усулдук фарз өкүм болуп эсептелет. Бул нусраны күч-кубат ээлери, башкача айтканда, өзүндө бийлик жана таасир бар мусулмандар

Аллахтын өкүмүн орнотуу үчүн аракет кылгандарга гана берүүгө милдеттүү. Бул Аус жана Хазраж уруусунун жетекчилеринин, башкача айтканда ансарлардын Пайгамбарыбызга ﷺ жана анын нусра издеп жүргөн сахабаларына нусрат берүү ишине окшош. Алар Ислам мамлекетин куруу максатында бул нусраны беришкен.

Аллахка жана Анын Элчисине ﷺ нусрат берүү – башкача айтканда, Ислам динин бардык тармакта, анын ичинде мамлекет орнотуу аркылуу да колдоо — бул мүмкүнчүлүгү бар ар бир мусулманга фарз.

Аллах Таала айткан:

{يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِن تَنصُرُوا اللَّهَ يَنصُرْكُمْ وَيُثَبِّتْ أَقْدَامَكُمْ}

“Эй, момундар! Эгер Аллахка жардам берсеңер *(анын динин колдосоңор)****, Ал силерге жардам берет жана кадамдарыңарды бекемдейт”.*** (Мухаммад, 7)

Бул аят Аллахтын динине, аны көтөрүп жүргөндөргө жана аларды коргоого аракет кылуу — ар бир мусулманга парз экенин билдирет.

Имам ар-Рази бул аятты тафсирлеп мындай деген:

«Аллахтын динине жардам берүүнүн бир нече формасы бар:

1. Аллахтын динине жана жолуна жардам берүү.
2. Аллахтын партиясына жана анын тарапташтарына жардам берүү.
3. Аллахка түздөн-түз жардам берүү, башкача айтканда, Аллахтын динин бийик көтөрүү максатында Аллах үчүн болгон колдоо.

Бүгүнкү күндө фарз болгон эң маанилүү нусрат - бул армиядагы күч-кубат ээлери, командирлер жана офицерлер тарабынан берилүүчү нусра.

Себеби ушул нусра аркылуу Ислам мамлекети орнотулат, ал Исламды жашоонун бардык тармагында ишке ашырат, талаш-тартыштарды чечет, мусулман өлкөлөрүн бириктирет жана зулумдуктардан жабыркагандарга жардам берет.

Ислам мамлекетин орнотуу — мусулмандардын мойнундагы фарздардын эң улуусу, бул тууралуу сахабалар ижма кылышкан.

Ибн Хажар аль-Хайтами өзүнүн «Ас-Саваиък ал-Мухрика» аттуу китебинде мындай деген:

«Билгин, сахабалар (Аллах алардан ыраазы болсун) Пайгамбарлык доору аяктагандан кийин халифаны дайындоо керектигине бир добуштан макул болушкан. Алар бул ишти фарз деп эсептешкен. А түгүл, аны эң маанилүү фарз деп билишкендиктен, Аллахтын Элчисин ﷺ жерге коюудан мурун ушул иш менен алек болушкан».

Демек, нусранын бар болушу — чоң фарз. Себеби нусратсыз Ислам мамлекетин орнотуу мүмкүн эмес, ал эми мамлекет — фарздардын таажысы.

Бул фыкхтагы белгилүү коидага (эреже) туура келет:

«ما لا يتم الواجب إلا به فهو واجب»

“Важиптин аткарылышы кандайдыр бир нерсеге байланыштуу болсо, ошол нерсе да важип болот”.

Жана:

«للوسائل حكم المقاصد»

“Максатка жеткирүүчү каражаттар да ошол максаттар менен бир өкүмдө болот”.

Ошондуктан бүгүнкү күндө Ислам мамлекетин орнотууга карай армиядагы күч-кубат ээлери тарабынан берилүүчү нусрат аткарылышы фарз болуп саналат.

Шарият тексттеринде “нусрат” түшүнүгүнүн маңызы

Куран жана хадистерде “нусрат” жана анын муштаккот (туундулары) ар кандай маанилерде колдонулат. Алар төмөнкү маанилерди камтыйт:

1. Нусрат – Аллахтын динине ээрчүү, Анын жолунда жихад кылуу, буйруктарына моюн сунуу жана күнөөлөрдөн сактануу:

Мисалы, Аллах Таала айтат:

{يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِن تَنصُرُوا اللَّهَ يَنصُرْكُمْ وَيُثَبِّتْ أَقْدَامَكُمْ}

«Эй, момундар! Эгер силер Аллахка жардам берсеңер *(Анын динин колдосоңор)****, Ал силерге жардам берет жана кадамдарыңарды бекемдейт».*** (Мухаммад: 7).

2. Нусрат – жеңишке жеткирүү, колдоо көрсөтүү, үстөмдүк кылууга жардам берүү:

Мисалы:

{وَلَقَدْ نَصَرَكُمُ اللهُ بِبَدْرٍ وَأَنتُمْ أَذِلَّةٌ}

“Акыры Аллах Бадр согушунда күчсүз болсоңор да силерди жеңишке ээ кылды го”. (Али Имран: 123).

Жана:

{لَقَدْ نَصَرَكُمُ اللهُ فِي مَوَاطِنَ كَثِيرَةٍ…}

“Аллах силерди көп жерлерде жеңишке ээ кылды”. (Тообо: 25).

3. Нусрат – тилектештик көрсөтүү, бирөөгө колдоо берүү:

Мисалы:

{فَالَّذِينَ آمَنُواْ بِهِ وَعَزَّرُوهُ وَنَصَرُوهُ…}

“Демек, ага ыйман келтирген, аны улуулап, ага жардам кылган...”. (Аъраф: 157).

«Ага *(Пайгамбарга)* ***ишенгендер, аны улуктап, аны колдогондор…»***

Хадисте:

النساء ينصر بعضهن بعضا

“Аялдар бири-бирин колдойт”. (Бухарий, «Кийим» китеби).

من نصر قومه على غير حق فهو كالبعير

«Ким өз элин акыйкатсыздыктын үстүндө болсо да колдосо, ал төө сымал болот». (Абу Дауд, «Адаб» китеби).

4. Нусрат – коргоо, калкалоо:

Мисалы:

{وَيَا قَوْمِ مَن يَنصُرُنِي مِنَ اللهِ إِن طَرَدتُّهُمْ…}

“Эй, коомум, эгер мен аларды айдасам, ким мага Аллахтан *(тактап айтканда Аллахтын азабынан)* ***жардам берип-куткарат?”.*** (Худ: 30).

Жана:

{إِلاَّ تَنصُرُوهُ فَقَدْ نَصَرَهُ اللهُ…}

«Эгер силер аны (Пайгамбарды) колдобосоңор, Аллах аны колдоду…». (Тообо: 40).

5. Нусрат – акыйкатты колдоо жана адилеттүүлүктү жайылтуу:

Мисалы:

{مَا لَكُمْ لَا تَنَاصَرُونَ}

«Силерге эмне болду, эмне үчүн бири-бириңерди колдобойсуңар?». (Ас-Саффат: 25).

6. Нусрат – зулумдуктан өч алуу же ага каршы туруу:

Мисалы:

{وَالَّذِينَ إِذَا أَصَابَهُمُ الْبَغْيُ هُمْ يَنتَصِرُونَ}

«Алар зулумга кабылса, өч алышат *(каршы турушат)».* (Аш-Шура, 39).

Хадисте: دونك فانتصري

«Жаныңды корго, өч ал!»

من دعا على من ظلمه فقد انتصر

«Ким зулумга кабылып, каршы дуба кылса — ал өч алды»

7. Нусрат – зулумду токтотуу жана ага каршы туруу:

Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:

أمرنا بعيادة المريض وفك العاني ونصرة المظلوم

«Бизге оорулууга баруу, туткунду бошотуу жана зулум көргөнгө жардам берүү буюрулду». (Бухарий).

Жана дагы:

من أذل عنده مؤمن، فلم ينصره وهو يقدر على نصره ،أهله الله على رؤوس الأشهاد يوم القيامة

«Кимдин жанына бир момун кор болуп, ал жардам бере ала турган болсо да жардам бербесе, Аллах Таала аны Кыямат күнү элдин алдында кор кылат». (Имам Ахмад).

Аллах Таала кудсий хадисте айткан:

وعزتي وجلالي لأنتقمن من الظالم في عجله وآجله ولأنتقمن ممن رأى مظلوما فقدر على أن ينصره فلم ينصره

«Кудуретим жана улуулугум менен ант кылам, зулум кылгандардан өч алам, ошондой эле бир зулум көргөндү көрүп туруп, жардам бере ала турган мүмкүнчүлүгү болуп туруп жардам бербегенден да өч алам!». (ат-Табарани).

Куран жана сүннөттөгү нусрат тууралуу буйруктар кайсы учурларда келген?

Куран аяттарында жана Пайгамбарыбыздын ﷺ сүннөтүндө нусрат маселеси Үммөттү түзгөн негизги элементтердин бири катары каралган. Бул буйруктар төмөнкү учурларга байланышкан:

Биринчи: ансарлардын Пайгамбарыбыз ﷺ үчүн берген толук, сөз жана амал менен болгон нусрасы. Алар мүчүлүштүксүз жардам берип, Ислам үчүн Пайгамбарга жана анын сахабаларына жардам бергендиктен “ансар” деген улуу атка ээ болушкан.

Экинчи: мухажирлердин толук курмандыгы — алар өздөрүн жахилият коомунан жана маданиятынан толук бөлүшкөн, жан-дүйнөсүн Аллахтын динине жардам берүү үчүн арнашкан.

Үчүнчү: ансар менен мухажирлер бирге болуп, Ислам шариатын жашоодо колдонушкан. Бул — Пайгамбарыбыздын ﷺ жана Рошид халифалар доорунда болгон. Алар Ислам мамлекетин орнотушкан жана андан кийин бүткүл дүйнөгө Исламды чакырык жана жихад аркылуу тараткан.

Нусранын өзгөрүү процессиндеги орду жана зарылдыгы

Бүгүнкү күндө бардыгыбызга белгилүү болгондой, мусулмандардын абалы түбөлүккө өзгөрүүнү талап кылат. Бирок бул өзгөрүү жөн гана каалагандай өзгөрүү эмес, бул Пайгамбарыбыз ﷺ Меккеде баштаган өзгөрүү сыяктуу Ислам мамлекетин орнотууга багытталган өзгөрүү болууга тийиш.

Демек, бул Пайгамбарыбыздын ﷺ мамлекетти орнотуу үчүн жасаган иштерин кылууну талап кылат. Анын ичинде эң маанилүү кадам — нусрат издөө.

Ошондуктан, бул өзгөрүү процессинде нусранын болушу өтө маанилүү. Аллах Таала ыймандууларга Өзүнүн жардамы (жеңиши) – алар динине жардам берсе гана – келет деп шарт койгон. Ал мындай деген:

{يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِن تَنصُرُوا اللَّهَ يَنصُرْكُمْ وَيُثَبِّتْ أَقْدَامَكُمْ}

«Эй, момундар! Эгер Аллах Таалага жардам берсеңер** (Анын динин колдосоңор), **Ал силерге жардам берет жана кадамдарыңарды бекемдейт». (Мухаммад: 7).

Ошондуктан, күч-кубат ээлеринен нусрат талап кылуу өтө маанилүү. Ушул себептен улам Пайгамбарыбыз ﷺ жана анын сахабалары бул иште ар дайым аракет кылып келишкен, кыйынчылыкка, кордоого, зулумга карабай бул жолдон тайышкан эмес. Бул тууралуу көптөгөн риваяттар келген.

Кимде-ким Исламды туура түшүнсө, хижрат бул Ислам мамлекетин түзүүгө карай кадам экенин түшүнөт.

Муну Пайгамбарыбыз ﷺ өзүнүн Пайгамбарлыгынын башында эле билген. Муну Варака бин Науфал да түшүнгөн. Ал Пайгамбарыбыз ﷺ Хира үңкүрүндө эмне болгонун айтып бергенде, мындай деген:

«هذا هو الناموس الذي أنزله الله على موسى، يا ليتني أكون فيها جَذَعًا، ليتني أكون حيًّا إذ يخرجك قومك»، قال عليه الصلاة والسلام: أو مُخْرِجِيَّ هم؟! قال ورقة: «نعم لم يأتِ رجل قطُّ بمثل ما جئتَ به إلّا عُودِيَ، وإن يدركني يومك أنصرك نصرًا مُؤَزَّرًا».

«Бул — Аллахтын Мусага түшүргөн Намусу (вахий). Кана эми мен жаш болсом! Эгер сенин жаныңдан элиң сени чыгарып жиберчү күнгө жетсем, сага жардам бермекмин».

Пайгамбарыбыз ﷺ таң калып: «Мени чыгарышабы?» - деп сураганда, Варака мындай жооп берет: «Ооба. Сен алып келген нерсени ким алып келсе, аны сөзсүз душман күтөт. Эгер ошол күнгө жетсем, сага күчтүү колдоо көрсөтмөкмүн».

Нусраттын канчалык маанилүү экенин мына ушул окуя далилдейт: Курайш кафирлери Аллахтын Элчисине ﷺ берилген нусрат жана берилген байат тууралуу угары менен аны токтотууга, Пайгамбарды ﷺ жана анын даъватын түп-тамырынан жок кылууга шашылыш киришишти. Ошондуктан, алар биригип, аны ﷺ өлтүрүүнү максат кылышты жана анын каны ар кайсы уруу арасында тарап кетиши үчүн план түзүштү. Бирок Аллах алардын Пайгамбарды ﷺ өлтүрүү максатынан улуу бир ишти – Ислам мамлекетинин негизделишин каалады.

Ошентип, хижрат – ошол Ислам мамлекетине жол болду. Чындыгында, хижрат нусрат берилгенден кийин болгон эмес беле?! Байат берилгенден кийин болбоду беле?! Эми болсо мындай суроо жаралат: эмнеге башка уруулардын өкүлдөрү өз уруусунан болбогон Пайгамбарды ﷺ өлтүрүүгө макул болушту? Анткени, алар бул даават **таухид** (Аллахтын жалгыздыгын таануу) дааваты экенин, ал бутпарастык менен ширкке каршы экенин түшүнүшкөн. Бул даават Меккеде болобу же башка жакта болобу, ширкке таптакыр орун бербейт, бөлүшүүнү кабыл албайт, башка пикирлерге ыраазы болбойт, ал бир гана таухидге негизделген**.**

Жахилия доорундагы кафир лидерлери хижрат эмнени билдиреринкээ бир азыркы мусулман аалымдардан да жакшы түшүнүшкөн. Жада калса, бүгүнкү Батыш жана айрым мусулман башкаруучулары хижраттын маңызын алардан да жакшыраак түшүнүшөт.

Ансарлардын жана нусрат ээлеринин ардактуу даражасы

Ансарлар Исламда абдан жогорку даражага жетишкен. Аллах Таала аларды Өзүнүн Китебинде мактап, аларды мухажирлер менен катар коюп, мындай деген:

﴿وَالسَّابِقُونَ الْأَوَّلُونَ مِنَ الْمُهَاجِرِينَ وَالْأَنْصَارِ وَالَّذِينَ اتَّبَعُوهُمْ بِإِحْسَانٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمْ وَرَضُوا عَنْهُ وَأَعَدَّ لَهُمْ جَنَّاتٍ تَجْرِي تَحْتَهَا الْأَنْهَارُ خَالِدِينَ فِيهَا أَبَدًا ذَلِكَ الْفَوْزُ الْعَظِيمُ﴾

«Мухажир жана ансарлардын алдыңкылары жана аларды жакшы иштер менен ээрчигендер — алардан Аллах ыраазы болду жана алар Андан ыраазы болушту. Дагы *(Аллах)* ***алар үчүн астынан дайралар агып турган, алар түбөлүк кала турган бейиштерди даярдап койду. Мына ушул улуу бакыт!».*** **(Тообо: 100).**

Ошондой эле мындай деп айткан:

﴿لَقَدْ تَابَ اللَّهُ عَلَى النَّبِيِّ وَالْمُهَاجِرِينَ وَالْأَنْصَارِ الَّذِينَ اتَّبَعُوهُ فِي سَاعَةِ الْعُسْرَةِ مِنْ بَعْدِ مَا كَادَ يَزِيغُ قُلُوبُ فَرِيقٍ مِنْهُمْ ثُمَّ تَابَ عَلَيْهِمْ إِنَّهُ بِهِمْ رَءُوفٌ رَحِيمٌ﴾

“Чынында эле Аллах Пайгамбардын, мухажирлер жана ансарлардын тооболорун кабыл этти. Алардын бир тобунун дилдери тайыла жаздаганынан кийин оор саатта ага (Пайгамбарга) ээрчишкен эле. Кийин алардын тооболорун (Аллах) кабыл алды. Албетте Ал Зат момундарга Боорукер, Мээримдүү”. **(Тообо: 117).**

Жана дагы мындай деп айткан:

﴿مِنْ قَبْلِهِمْ يُحِبُّونَ مَنْ هَاجَرَ إِلَيْهِمْ وَلَا يَجِدُونَ فِي صُدُورِهِمْ حَاجَةً مِمَّا أُوتُوا وَيُؤْثِرُونَ عَلَى أَنْفُسِهِمْ وَلَوْ كَانَ بِهِمْ خَصَاصَةٌ وَمَنْ يُوقَ شُحَّ نَفْسِهِ فَأُولَئِكَ هُمُ الْمُفْلِحُونَ﴾

«Алардан *(мухажирлерден)* ***илгери*** *(Мадина)* ***жергесинде орношкон жана ыйман-ишенимди*** *(бекем кармаган)* ***заттар*** *(ансарлар)* ***болсо өздөрү****(нүн жандары)****на хижрат кылып келген кишилерди жакшы көрүшөт жана жүрөктөрүндө аларга*** *(мухажирлерге)* ***берилген нерсе-олжолор себептүү кандайдыр көрө албастыкты туюшпайт, дагы ал турсун өздөрүндө муктаждык болсо да, өздөрүн коё туруп*** *(өзгөлөрдү)* ***ыктыяр кылышат. Ким өз напсинин бакылдыгынан сактана алса, дал ошолор нажат табуучулар».*** **(Хашр: 9).**

Ансарларды сүйүү – ыймандын белгиси, аларды жек көрүү – мунафыктыктын белгиси болуп калды. Пайгамбар ﷺ аларды өзгөчө сүйчү, алар да Пайгамбарды ﷺ чын жүрөктөн сүйүшкөн.

Анын ﷺ аларга болгон сүйүүсүн төмөнкү сөзү айгинелейт:

"لولا الهجرة لكُنْتُ امْرءًا من الأنصار، ولو سلك الأنصارُ شعبًا ووادِيًا، وسلك الناس شعبًا ووادِيًا لسلكْتُ شعب ووادي الأنصار".

«Эгер хижрат болбогондо, мен ансарлардын бири болмокмун. Эгер ансарлар бир өрөөн менен жол тандап, эл башка жол тандаса, мен ансарлардын жолун тандамакмын».

فقال أبو هريرة: ما ظلم بأبي وأمي، آووه ونصروه، أو كلمة أخرى؛ البخاري (3568).

Абу Хурайра мындай деген: «Атам менен апам ага курман болсун! Ансарлар аны тосуп алышты, ага жардам беришти». (Бухари, 3568).

Пайгамбар ﷺ ачык эле:

(والذي نفسي بيده، إنكم أحَبُّ الناس إليَّ) (البخاري :3575).

«Жаным Колунда болгон Аллахка касам, силер мага эң сүйүктүү элсиңер», - деп айткан. (Бухари, 3575).

Ал тургай, Пайгамбар ﷺ көз жумарына жакын ооруп жатканында ансарларга болгон камкордугун дагы көрсөтүп, насаат кылган. Анас ибн Малик мындай деп баяндайт: «Пайгамбар ﷺ башын чепкендин чети менен таңып, элге чыгып, минбарга көтөрүлдү. Бул анын акыркы жолу минбарга чыгышы болгон. Анан ал Аллахты мактап, Ага шүгүр келтирип мындай деди:

"فصعد المنبر، ولم يصعده بعد ذلك اليوم، فحمد الله، وأثنى عليه، ثم قال: أوصيكم بالأنصار، فإنهم كَرِشي وعَيْبتي، وقد قضوا الذي عليهم، وبقي الذي لهم، فاقبلوا من محسنهم، وتجاوزوا عن مسيئهم". (البخاري: 3588).

“Силерге ансарлар тууралуу васият кылам. Чындыгында, алар менин сырдаштарым жана ишенимдүү адамдарым. Алар өз милдетин аткарышты, эми алардын акысын берүү силерге калды. Андыктан жакшылык кылгандарын кабыл алгыла, жамандык кылгандарын кечиргиле”. (Бухари, 3588).

Бул насааттын себеби – ансарлар Пайгамбардын ﷺжакын адамдары, купуя сырларынын ээси жана аманаттардын сактоочулары болгон.

Ошондой эле, Пайгамбар ﷺ алар үчүн жана алардын урпактары үчүн дуба кылган:

"اللهم اغفر للأنصار ولأبناء الأنصار وأبناء أبناء الأنصار".

“Оо, Аллах! Ансарларга, ансарлардын балдарына жана алардын балдарынын балдарына кечирим бер!”. (Муслим, 4688).

Алардын улуулугун түшүнгөн сахабалардан Жарир аль-Бажали бол гон. Ал ансарлардын Пайгамбарга ﷺ болгон сүйүүсүн жана кызмат көрсөтүүдөгү аракеттерин көрүп, мындай кылган. Анас ибн Малик баяндайт:

"خرجت مع جرير بن عبد الله البَجَلي رضي الله عنه في سفر، فكان يخدمني، فقلت له: لا تفعل، فقال: إني قد رأيتُ الأنصار تصنع برسول الله ﷺ شيئًا آلَيْتُ على نفسي ألَّا أصحب أحدًا منهم إلا خدمته (رواه مسلم 251)

«Жарир ибн Абдуллах ал-Бажали менен бир сапарга чыктык. Ал мага кызмат кылып жүрдү. Мен ага: “Муну кылба” - дедим. Ал: “Мен ансарлардын Пайгамбарга ﷺ кылган мамилесин көргөм. Ошондуктан, алар менен сапарлаш болсом, аларга кызмат кылам деп ант бергем” - деди». (Муслим, 251).

Ансарлар Аус жана Хазраж урууларынан жана алардын союздаштарынан турган. Бул ысымды аларга Аллах Өз Китебинде жана Пайгамбарынын ﷺ тили аркылуу берген. Алар “ансар” деп аталып калган, анткени алар Исламга жардам беришкен.

Пайгамбар ﷺ хижратка байланыштуу тоскоолдук болбогондо, динге болгон жардамы үчүн ансарлардан болууну каалаган. Бул алардын канчалык улуу даражага жеткенин көрсөтөт, анткени алар Ислам динин колдоонун негизинде аталган.

Бул – ансарлар! Жоомарт, берешен, кайраттуу жана курмандыктан тартынбаган эл. Алар Ислам динин көтөрүү үчүн өз жанын, балдарын, мал-мүлкүн курман кылышты. Бул дин үчүн жакын туугандарынан да баш тартышты.

Арабдар аларга Исламга болгон жардамынан улам каршы чыгышты. Бирок Аллах алардан ыраазы болду жана аларды Өзүнө ыраазы кылды. Ансарлар бул улуу даражага эмне үчүн жетишти? Себеби, алар Пайгамбарга ﷺ нусрат беришти, анын дааватын колдошту жана бийликти ага тапшырып, Ислам мамлекетинин негизделишине жол ачышты. Бул улуу шерт Аллахтын динди жана анын алып жүрүүчүлөрүн колдогондорго ар бир заманда берчү улуу сыйлыгы болуп саналат.

Мына биз бүгүн Пайгамбарыбыз ﷺ сүйүнчүсүн берген Пайгамбарчылык жолундагы экинчи Халифалыкты орнотуу үчүн күнү-түнү иштеп жаткан Хизб ут-Тахрирге нусрат берген ансарларга абдан муктажбыз. Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ، ثُمَّ سَكَتَ»

«Андан кийин Пайгамбарлык негизинде Халифалык болот. Анан унчукпады». (Имам Ахмад риваяты).

Мусулмандар үчүн өзгөрүүнүн жолу толук калыпка келген, бирок бир гана иш – акыркы чекит калган. Бул – күч-кубаттын болушу. Бул элементтин мааниси чоң экенин баары билет, өзгөрүүнү каалагандар да, ага каршы чыккандар да. Ошондуктан Батыш жана анын кол алдындагы башкаруучулар бул күчкө тыкыр көз салып турушат. Түрдүү

репрессивдүү коопсуздук кызматтары толук кубаты менен аскерлердин кандайдыр бир аракеттерин алдын алуу үчүн иш алып барышат. Алар аскерлерден маалыматты жашырышат, чындыкты бурмалап, коркутуп-үркүтүп, шек саноо менен камап, чара көрүшөт.

Бул абалдан улам айта алабыз, аскерлер бул башкаруучу режимдер үчүн дайыма коопту күч. Анткени, алар башкаруучулардан эмес, Үммөттүн ичинен чыккан адамдар. Болгону ушул аскерий түзүмдөрдүн башчылары жана репрессивдүү коопсуздук аппараттарынын жетекчилери өзгөчө кылдаттык менен тандалат. Максат – режимди сактап калуу, ага коркунуч алып келе турган бардык аракеттерди алдын алуу жана режимдин саясатын улантуу. Калган аскер кызматкерлери – офицерлер да, катардагы жоокерлер да – үмүт ойготкон адамдар. Режимдер дал ошолордон коркушат жана аларга каршы чара көрүшөт.

Мусулман армияларындагы күч-кубат ээлеринин орду чоң болгондуктан, АКШ бул офицерлерди өз көзөмөлүнө алууга аракет кылып келет. Бул максатта ал түрдүү багыттагы жана көп кырдуу стратегияларды колдонуп, аймактагы өзүнүн таасирин бекемдеп, кызыкчылыктарын коргоону көздөйт.

АКШ колдонуп жаткан айрым ыкмалар төмөнкүлөр:

1. Аскердик машыгуу жана логистикалык колдоо.

АКШ мусулман өлкөлөрүнүн офицерлерине ар түрдүү аскердик машыгууларды өткөрөт, мейли өз аймагында болсун, мейли аскерий кеңешчилерин жиберүү жолу менен болсун.

Бул офицерлер заманбап согуш ыкмаларына, командачылык жана аскер башкаруу боюнча үйрөтүлөт. Бул аларды АКШнын колдоосуна көз каранды кылат.

Мисал катары IMET (International Military Education and Training) программасын айтсак болот.

2. Коопсуздук жана аскердик келишимдер.

АКШ мусулман өлкөлөрү менен коопсуздук жана аскердик келишимдерди түзүп, бул аркылуу армиялардын ишенимин өзүнө бурганга аракет кылат.

Бул келишимдер АКШга армиянын ички ишине кийлигишүү мүмкүнчүлүгүн берет. Маселен, курал берүү, машыгуу менен камсыз кылуу аркылуу офицерлердин АКШга берилгендигин талап кылышат.

3. **Армияларды курал-жарак жана аскердик технология менен камсыздоо.**

АКШ мусулман өлкөлөрүнө заманбап курал-жарак жана аскердик технологиялардын негизги берүүчүсү болуп саналат.

Америкалык куралдарга көз карандуулук — оңдоого, ок-дарыларга жана жабдууларды колдонууга үйрөтүүгө муктаждык аркылуу — бул армияларды АКШга байлап коёт.

4. **Аскердик академияларга жиберүү жана билим берүү.**

Көптөгөн офицерлер АКШдагы «West Point», «National Defense University» сыяктуу аскердик окуу жайларга жиберилип, америкалык аскерий идеологияга ылайык тарбия алышат. Бул окуулар аркылуу АКШнын саясатын колдогон түшүнүктөр алардын аң-сезимине сиңирилет.

5. **Чалгындоо таасири жана тыңчылык тармактары.**

CIA жана NSA сыяктуу мекемелер аркылуу АКШ офицерлерди өзүнө иштетип же аларга басым кылуу (шантаж, материалдык сунуштар ж.б.) менен таасир этет. Бул тармактар аркылуу офицерлердин берилгендигин камсыздап, АКШнын кызыкчылыгына ылайык саясатты ишке ашыруу көздөлөт.

6. **Демократиялык жана секулярдык идеологияны жайылтуу.**

АКШ армиялардын аң-сезимине батышча демократияны жана секуляризмди сиңирүүгө аракет кылат.

Армия жетекчилерине «улуттук коопсуздукту» жана режимге берилгендикти Батыш түшүнүгүнө ылайык көрсөтүүгө аракет кылынат.

7. **Жергиликтүү альтернатива күчтөрдү алсыздандыруу.**

АКШ мусулмандардын же улутчул күчтөрдүн көтөрүлүшүн алдын алуу үчүн саясий жана аскердик кийлигишүү менен аракет кылат.

Бул, АКШга берилген режимдерди колдоо же керектүү төңкөрүштөрдү уюштуруу аркылуу ишке ашат.

8. **«Терроризмге каршы күрөш» шылтоосу менен көзөмөл жүргүзүү.**

11-сентябрдан кийин АКШ "терроризмге каршы күрөшүү" программалары аркылуу мусулман армияларына чоң таасир көрсөтө баштады.

Бул программа аркылуу армиялардын көз карашы өзгөртүлүп, АКШнын кызыкчылыгына ылайык коопсуздук саясаты таңууланат.

9. **Аскерий базаларды куруу.**

АКШ Катар, Түркия, Кувейт сыяктуу өлкөлөрдө аскердик базаларын жайгаштырып, жергиликтүү армияларды көзөмөлдөйт жана өзүнө баш ийдирет.

Бул базалар армияларга кысым көрсөтүүчү курал катары да колдонулат.

10. **АКШга берилбеген жетекчилерди алмаштыруу.**

Эгер кайсы бир аскер жетекчиси АКШнын үстөмдүгүнө каршы болсо, анда аны кызматтан кетирүү же башка берилген адамга алмаштыруу аракети көрүлөт.

Кээде бул үчүн аскердик төңкөрүштөр да колдонулат (АКШнын колдоосу менен).

11. **Яхудий мамлекети менен нормалдашуу.**

АКШ көптөгөн мусулман өлкөлөрүнө яхудий мамлекети менен алака түзүүнү таңуулайт.

Бул нерсе армиялардын Исламий маселелерге болгон көз карашын алсыратат жана негизги маселелерден баш тартууга түртөт.

Мына ушундай ыкмалар менен АКШ мусулман өлкөлөрүндөгү армияларды өз кызыкчылыгына иштеткен аспаптарга айлантып койду. Бул армиялар Үммөттү жана анын тагдырын коргоо милдетинен четтеп кетти.

Сүйүнчүлөр!

Бул Үммөт үчүн сүйүнчү кабарлардан — Пайгамбар ﷺ алып барган жолду карманууменен Халифалыкты тикелөөгө багытталган аракетти **Хизб ут-Тахрир** Үммөт менен бирге ушул деңгээлге жеткиргени. Бул кыймыл узак жылдар бою бекем туруу, сабыр кылуу, зулумду көтөрүү жана курмандык берүү менен акыркы баскычка — нусраны (күч менен колдоону) издөө этабына жетти. Эгерде Аллахтын жардамы болбогондо, бул топ мынчалык туруктуу жана принципиалдуу боло алмак эмес.

Бүгүнкү күндө бир гана даъват бар, ал — Хизб ут-Тахрир Пайгамбар ﷺ дын методун толук бойдон карманып иш жүргүзүп келген аракет. Башка бардык кыймылдар ушул метод менен иш алып барууну четке кагышат. Ал эми Хизб ут-Тахрир башынан бери өзгөрбөстөн, баш тартпастан ошол жолду карманып келет. Бүгүн Үммөт менен бирге Аллахтын уруксаты менен жеңиштин босогосуна жетип отурат. Бул жеңишти ачуу Аллахтын колунда жана бул жеңиш — сөзсүз келет**.**

Бул акыркы баскыч — нусранын келиши менен хижраттын учурдагы мисалы жүзөгө ашмакчы. Пайгамбар ﷺ Меккеден Мадинага көчүп, мамлекет кургандай, бүгүн да Дарул-куфрдан Дарул-Исламга өтүүнүн шарты — нусранын келиши. Демек, өзгөрүүнүн бардык баскычтары бүтүп, эми **мамлекет куруу баскычы** гана калды.

Күч-кубат ээлерине чакырык!

Аягында жүрөктөн чыккан кайрылуу — **күч-кубат ээлерине**, аскерлерге, офицерлерге жана жетекчилерге!

Эй, күч-кубат ээлери! Силердин арааларда акыл-эстүү адам жокпу? Силер Палестинадагы мусулмандардын абалын көрбөй жатасыңарбы?

Газа жана башка жерлерде мусулмандар бүткүл жүрөктөрү менен силерди чакырып жатышат: "Кайда мусулман армиялары? Кайда күч-кубат ээлери? Кайда Саъд бин Муаздын урпактары?". Эмне үчүн бул чакырыктарга жооп бербей жатасыңар? Эмне үчүн кыймылдабай жатасыңар? Кыямат күнү Роббиңерге эмне деп жооп бересиңер? Ал күнү мал-мүлк жана балдар пайда бербейт, таза жүрөк гана кабыл алынат.

Силер Аллах Тааланын бул сөзүн окубайсыңарбы:

﴿وَمَا لَكُمْ لَا تُقَاتِلُونَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ وَالْمُسْتَضْعَفِينَ مِنَ الرِّجَالِ وَالنِّسَاءِ وَالْوِلْدَانِ الَّذِينَ يَقُولُونَ رَبَّنَا أَخْرِجْنَا مِنْ هَذِهِ الْقَرْيَةِ الظَّالِمِ أَهْلُهَا وَاجْعَلْ لَنَا مِن لَّدُنكَ وَلِيًّا وَاجْعَلْ لَّنَا مِن لَّدُنكَ نَصِيرًا﴾

﴿الذين آمنوا يقاتلون في سبيل الله والذين كفروا يقاتلون في سبيل الطاغوت فقاتلوا أولياء الشيطان إن كيد الشيطان كان ضعيفًا﴾

﴿ألم تر إلى الذين قيل لهم كفوا أيديكم وأقيموا الصلاة وآتوا الزكاة فلما كتب عليهم القتال إذا فريق منهم يخشون الناس كخشية الله أو أشد خشية وقالوا ربنا لم كتبت علينا القتال لولا أخرتنا إلى أجل قريب قل متاع الدنيا قليل والآخرة خير لمن اتقى ولا تظلمون فتيلاً﴾

﴿النساء: 75-77﴾

“*(Эй, момундар),* ***силерге эмне болду, Аллах жолунда жана: «Роббибиз, бизди тургундары залим болгон бул шаардан азат кыл жана бизге Өз алдыңдан бир дос бергин, бизге Өз алдыңдан бир жардамчы жибергин», - деп жаткан эркектер, аялдар, ошондой эле балдардан турган бечаралар(ды азат кылуу) жолунда согуш кылбай жатасыңар?! Ыйман ээлери Аллах жолунда согуш кылышат. Кафир адамдар болсо шайтан жолунда согуш кылышат. Демек, шайтандын досторуна каршы согуш кылгыла! Албетте шайтандын айласы күчсүз болуучу.*** *(Эй, Мухаммад)* ***мына бул кишилерди көрбөдүңбү, аларга: Өзүңөрдү баскыла жана намазыңарды окуп, зекетиңерди аткарып тургула», - делген эле. Эми согуш парз кылынганда болсо, кокустан алардын бир тайпасы адамдардан Аллахтан корккондой, ал тургай андан да катуурак коркушууда. Дагы*** *(ал тургай)****:«Роббибиз неге бизге согушту парз кылдың? Бизге бул ажалды кийинчерээк жиберсең кана», - дешти. Аларга айткын: «Дүйнө жыргалчылыгы аз гана. Аллахтан корккон кишиге Акырет жакшыраак, силерге кылчалык зулумдук кылынбайт”.*** (Ниса: 75-77).

Силерге болгон үмүт жоголгон жок. Жеңиш — Аллахтын убадасы**,** ал ишенгендер үчүн. Ал эми силер ошол жеңишке себеп боло турган азыркы ансарларсыңар**.** Буга аз калды. Тарыхта улуу орун алуу мүмкүнчүлүгү силердин колуңарда!

Эй, күч-кубат ээлери! Эй, нусрат ээлери!

Силерге бүткүл Үммөт кайрылууда. Көз жаш төгүп, жүрөгү Аллахка баш ийип, дуба кылууда: *«Оо, Аллах! Бул Үммөт үчүн ыймандуу жана күчтүү кишилерди жарат, алар ушул улуу милдетти көтөрсүн!»*

Ошондуктан, армияларыңарды Аллах жолунда жихадга козгогула! ﴿وَمَا لَكُمْ لاَ تُقَاتِلُونَ فِي سَبِيلِ اللهِ وَالْمُسْتَضْعَفِينَ مِنَ الرِّجَالِ وَالنِّسَاءِ وَالْوِلْدَانِ الَّذِينَ يَقُولُونَ رَبَّنَا أَخْرِجْنَا مِنْ هَذِهِ الْقَرْيَةِ الظَّالِمِ أَهْلُهَا وَاجْعَل لَّنَا مِن لَّدُنْكَ وَلِيّاً وَاجْعَل لَّنَا مِن لَّدُنْكَ نَصِيراً﴾

“*(Эй, момундар)****, силерге эмне болду, Аллах жолунда жана: «Роббибиз, бизди тургундары залим болгон бул шаардан азат кыл жана бизге Өз алдыңдан бир дос бергин, бизге Өз алдыңдан бир жардамчы жибергин», - деп жаткан эркектер, аялдар, ошондой эле балдардан турган бечаралар****(ды азат кылуу)* ***жолунда согуш кылбай жатасыңар?!”.*** (Ниса: 75).

Эй, мусулман армияларындагы офицерлер жана кол башчылар! Аллахтын динине нусрат бергиле, аны күн-түн дем албай Халифалыкты тикелөөгө аракет кылып жаткан Хизб ут-Тахрирге көрсөткүлө. Ошондо жеңиш жана ачылыш силердин колуңар менен келет. Ал күнү момундар Аллахтын жеңишине кубанышат!

Бүгүн нусрат жана бийлик берүү миссиясы силерге жүктөлгөн, кулак салгыла! Силер Пайгамбарга ﷺ жардам берген алгачкы ансарлар сыяктуу бул Үммөттүн жаңы **ансарлары** болосуңар.

Саъд бин Муаз Пайгамбар ﷺдын заманындагы ансарлардын бири болгон. Ал каза болгондо Арш титиреген.

Захаби өзүнүн *Сийар* эмгегинде мындай дейт:

"إن العرش اهتز لموت سعد فرحًا به".

«Пайгамбар ﷺ*:* ***“Саъд өлгөндө Арш Аллахтын кубанычынан силкинди"****,* - деп айткан. Бул риваят мутаватир.

Захаби Са'д бин Му'аз жөнүндө мындай дейт: «Ал — улуу жетекчи, шахид, алгачкы мусулман, Бадр согушуна катышкан ансар, анын өлүмүнөн Арш силкинген».

Мекке элинин арасында мындай сөз тараган:

فإن يسلم السعدان يصبح محمد ... بمكة لا يخشى خلاف المخالف

“Эгер эки Саъд Исламга кирсе, Мухаммад Меккеде эч кимден коркпой калат!”.

Абу Суфьян сурады: “Бул кайсы Саъддар? Саъд бин Бакрбы же Саъд бин Тамимби?”.

Ал эми түнкүсүн кайрадан бул сөздөр тарады:

أجيبا إلى داعي الهدى يا سعد سعد الأوس كن أنت ناصرا ... ويا سعد سعد الخزرجين الغطارف
فإن ثواب الله للطالب الهدى ... جنان من الفردوس ذات وتمنيا ... على الله في الفردوس منية عارف رفارف

“Эй, Саъд бин Аус, сен жардам бер! Эй Саъд бин Хазраж, сен да жоop бер! Туура жолго чакырганга жоop кылгыла! Туура жол изденгенге Аллахтын сыйлыгы — Фирдаус, кенен бейиш бакчалары (болсун)!”.

Ошондо Абу Суфьян айтты: «Бул экөө — Саъд бин Муъаз жана Саъд бин Убада!»

Бүгүн аларды эстөө менен, ошол улуу мурас силерге тапшырылууда. Силер азыркы замандын Саъддары боло аласыңар. Ал эми силердин чечимиңер — Үммөт үчүн бурулуш учур болот! ❑

Үчүнчү бөлүм: Палестина маселеси жана анын акыркы өзгөрүүлөрү

Палестина маселеси — бул бүткүл мусулмандарды бириктирген маселе

Палестина маселеси баскынчылардын пландары менен Үммөттүн умтулуусу ортосунда

«Ал-Акса ташкыны» операциясы Ислам Үммөтүн Ислам мамлекетин куруу багытында чечкиндүү кадамдарга алып келди

ПАЛЕСТИНА МАСЕЛЕСИ — БУЛ БҮТКҮЛ МУСУЛМАНДАРДЫ БИРИКТИРГЕН МАСЕЛЕ

Фуад Ал-Амри — Йемен

Палестина маселеси жаңы доордогу эң татаал гуманитардык жана саясий маселелердин бири. Ал инсандын өздүгүнө, тарых жана дин сыяктуу маселелерге түз таасирин берет. Анткени мусулмандардын ыйык жайлары, Масжид ал-Аксаны камтыган Палестина сабырдуулуктун жана бай тарыхтын символу болуп саналат. Бул анын географиялык жана саясий алкактардан чыгып, бүт дүйнөдөгү мусулмандардын жүрөгүн тынчсыздандырган маселе болушуна себеп болот. Палестина маселеси Исламдын ажырагыс бөлүгү. Анткени, Куддус жана ал-Акса Үммөткө тиешелүү маданияттын бир бөлүгү. Ислам дини бардык мусулмандарды Палестина маселесин колдоого жана коргоого чакырат. Ошондуктан, Палестина жерине болгон ар кандай кол салуу бул жөн гана палестиналыктарга каршы эмес, жалпы мусулман Үммөтүнө каршы жасалган кол салуу болуп эсептелет.

Бүгүн Палестина маселесинин табиятын түшүнүү үчүн, аны учурдагы дүйнөлүк маселелердин алкагында карап, илгерки дооорлордон бери изилдөөнү талап кылат. Анткени бул миңдеген жылдар бою терең тарыхый тамырларга ээ болгон жападан жалгыз маселе. Бүгүнкү кагылышууларды туура түшүнүү үчүн тарыхка кайрылуу зарыл. Албетте, эгер биз Палестинанын байыркы тарыхына кайрылсак, анда анын диний, улуттук, цивилизациялык, архитектуралык жана саясий жактарын түшүнүп, аны Бани Исраил, канаъандык мезгилдеги араб уруулары жана Рум доорунда жашаган араб калктары менен байланышын көрөбүз. Андан соң, Ислам динининн келиши жана Ислам цивилизациясы менен Палестинанын өзгөчө орду белгилүү болот. Бирок бүгүн Палестинада болуп жаткан окуялардын байыркы тарых менен эч байланышы жок. Байыркы тарыхка шилтеме кылуу — бул сионисттик кыймылдын өзүнүн баскынчылык пландарын актоо үчүн гана колдонуп жаткан шылтоосу. Себеби Палестинанын жаңы тарыхы Европадан келген сионисттик чабуулдун курмандыгы болду. Ооба, бул чабуул баскынчылыктын жана сионисттик кыймылдын мекени Европадан келип чыккан.

Британия — Палестина үчүн жөн гана убактылуу өлкө эмес болчу

Британия Палестина үчүн Иордания же Ирак сыяктуу жөн гана убактылуу башкаруучу мамлекет болгон эмес. Ал келечекте көчүп келүүчү яхудийлер үчүн мамлекет түзүүгө уруксат берген өлкө болгон. Бул уруксат, башкача айтканда яхудий мамлекетинин “күбөлүгү”, эл аралык коомчулук Британияга Палестина үстүнөн чечим чыгара электе,

аскерлери Палестинага кире электе эле чыккан. Бул болсо яхудий мамлекетин түзүү боюнча алдын ала жасалган олуттуу пландоону айгинелейт.

Эгер жаңы тарыхка көз чаптырсак, яхудий мамлекетин куруу пландарын ишке ашыруудагы эң негизги тоскоолдук бул Ислам мамлекети, тактап айтканда Усман Халифаты болгонун көрөбүз. Сионисттик кыймыл тарабынан токулган саясий айла-амалдар дал ушул Ислам мамлекетин кулатуу максатында жүргүзүлгөн жана бул түздөн-түз яхудий мамлекетин куруу менен байланыштуу болчу.

Шексиз, Ислам мамлекети мусулман Үммөтүнүн биримдигин сактоодо, анын күчүн арттырууда жана сырткы коркунучтардан коргоодо өтө маанилүү жана зор рол ойногон. Яхудийлер Ислам жерлерине жана алардын бай жаратылыш ресурстарына, ошондой эле стратегиялык маанилүү жайларына көз артып келишкен. Бул байлыктарды ээлеп алуу аларды дайыма шыктандырып турган. Ошондуктан, алар өз пландарын ишке ашырууга аракет кылып келишкен.

1902-жылы сионисттик кыймылдын негиздөөчүсү Теодор Герцль Усманий халифа Абдулхамид IIге кайрылып, Палестинаны сатып алып, аны яхудийлердин мекенине айлантууну сунуш кылган. Бул сунуштун акысына ал Ислам мамлекетинин карыздарын төлөп берүүнү убадалаган. Бирок Султан бул сунушту кескин түрдө четке каккан. Себеби ал Исламдын ыйык жайларын жана Ислам мамлекетинин биримдиги менен көз карандысыздыгын сактап калууну каалаган. Муну менен катар, Герман империясы жана кийинчерээк Британия сионисттик долбоорду колдошконун белгилеп кетүү керек. (Теодор Герцль, “Сионисттик кыймылдын тарыхы”).

Бирок ошол убактагы Ислам мамлекетинин күчү, биримдиги жана мүмкүнчүлүктөрү яхудий шайтандын Үммөттүн денесине отурукташып кирип кетишине каршы кубаттуу тоскоолдук болгон. Ошондуктан яхудийлер өз пландарын ишке ашыруу үчүн эң биринчи кезекте Ислам мамлекетин кулатууга аракет кылышкан.

1914-жылы Биринчи дүйнөлүк согуш башталганда, Усман мамлекети Германия менен союз түзүп, Францияга жана Британияга каршы согушка кирет. Бул кырдаалды сионисттик кыймыл Британиянын колдоосу менен пайдаланып, Хижаздагы Шариф Хусейнди Усман халифатына каршы көтөрүлүүгө жана баш ийбөөгө үгүттөйт. Ал эми ага берилген убада — арабдарга көз карандысыз мамлекет курууга жардам берүү болгон. Натыйжада, 1916-жылы Шариф Хусейн англиялык Лоуренс менен бирге Ислам мамлекетине каршы көтөрүлөт. Бирок ал сөзүнө турбаган, Шариф

Хусейн аманатка кыянат кылган кафирлердин жалган убадаларына ишенип алган болчу.

Согуш Усман мамлекетинин тышкы душмандарга жеңилип, ички чыккынчылар тарабынан сатылышы менен аяктайт. Натыйжада, Усман мамлекети Араб жарым аралынан жана Шам жергесинен чыгып кетет. 1924-жылы болсо Аллахтын душманы Мустафа Кемал Халифалыкты жойуп, ордуна секулярдык Түркия Республикасына негиз салат. Андан кийин кафир колонизаторлор Ислам мамлекетинин калган мурасын бөлүп алып, талап-тоноп киришет. Ал тургай, алар Ислам мамлекетине чыккынчылык кылгандарга да убада кылган сөздөрүн аткарышкан жок, тескерисинче алардын өздөрүн да тазалап жок кылууга аракет кылышты. Анткени яхудийлер тарых бою мусулмандарга эң катуу кастык кылган эл катары белгилүү. Алардын ишенимге жана келишимге эч качан туруктуу болбогон эл экенин тарых далилдеп келген.

Сайкс-Пико келишими жана Үммөттүн бөлүнүшү

Бул аймак Сайкс-Пико келишимине ылайык, майда улуттук мамлекеттерге бөлүнүп кетти. Бул мамлекеттер “араб улутчулдугу” негизинде курулуп, Ислам дини Үммөттүн өзөгүнөн четтетилди. Натыйжада пайда болгон мамлекеттер Батыштын ойлоп тапкан секулярдык идеологияларына негизделди. Бул бөлүнүүнүн натыйжасында мусулман Үммөтү алсырап, эч кандай күчкө ээ болбой, Батыштын көз артуусуна оңой олжо болуп калды.

Ушул шартта Улуттар Лигасы Британияга Палестинаны башкаруу укугун берди. Британиянын алгачкы милдеттеринин бири — 1917-жылы сионисттик кыймылга берген Бальфур декларациясын аткаруу болду. Бул декларацияга ылайык, Палестинада яхудийлер үчүн улуттук мекен куруу каралган болчу. Бул коркунучтуу рак шишиги болгон “яхудий мамлекетинин” дал ушул Палестинага атайын жайгашуусу кокустук эмес эле. Мунун келечекке карата терең максаттары болгон. Алардын катарында: чыгыш жана батыш араб дүйнөсүн бири-биринен бөлүү, аймакта туруктуулукту жок кылуу сыяктуу пландар болгон.

Анткени туруктуулук өнүгүүнү жаратат, ал эми өнүгүү Үммөттүн жанданышына алып келет. Бул болсо кафирлердин Ислам Үммөтү үчүн каалабаган нерсеси. (Кэмпбелл-Баннерман жыйыны).

Алар Ислам мамлекетин кулатып, Үммөттү бөлүп-жаргандан кийин, анын кайра жанданышына эч качан жол бербей келишкен. Бирок бул убактылуу гана айла-амалдар, анткени Үммөттүн жанданышы алардын эмес, Үммөттүн өзүнүн колунда. Эгер Үммөт өзү кааласа, анда ал жанданып, кайра улуу даражага жетет.

Кээ бир мусулмандардын жерлери колониялык күчтөр тарабынан басып алынып, бул баскынчылык жүз жылга чукул созулган. Кээ бир элдер көтөрүлүп, баскынчыларга каршы согушкан. Бирок колонизаторлор аскерий жол менен узакка башкаруу мүмкүн эмес экенин түшүнүшкөндөн кийин бийликти айрым араб улутчулдарына “өткөрүп” беришкен.

Бул бийликтин колго өтүшү менен улутчул араб башкаруучулары Үммөттү Ислам дининин негизинде эмес, улутчул идеялар менен курууга киришишти. Өзгөчө башкаруу системасында Ислам динине такыр орун берилген жок. Бул болсо жаңы мамлекеттердин реалдуу турмуш менен туура иштеше албай, кризиске кептелишине алып келди. Анткени чыныгы абалда Үммөттү кура турган негиз — бул Ислам дини. Ал Үммөттүн руханий, пикирий, экономикалык, коомдук жана маданий жашоосунун терең катмарларына чейин сиңип калган.

Араб улутчулдарынын бул тарыхый жаңылыштыгы алардын бийлигин дүйнөдөгү эң начар башкаруучулардын катарына кошту. Алардын экономикасы, саясаты жана коомдук түзүлүшү, баары артта калган. Бул мамлекеттердин артта калуусу, бөлүнүп-жарылуусу, кандайдыр бир реалдуу максаттарды ишке ашыра албагандыгы жана чет элдик державаларга кызмат кылуусу яхудий мамлекети менен болгон бир нече согуштарда жеңилүүлөрүнө алып келди.

Бул жеңилүүлөрдөн кийин айрым араб өкмөттөрү яхудий мамлекети менен “тынчтык келишимдерин” түзүүгө ыктай башташты, айрымдары ачык эле, башкалары жашыруун түрдө ыкташты. Ошол кезден баштап яхудий мамлекетинин армиясы “жеңилгис армия” катары сыпаттала баштады. Ал тургай кээ бир араб бийликтери бул баскынчы куралдуу түзүмдү колдоп, ага каршы чыккан каршылыктарды басууга аракет кылышты. Биз бүгүн дал ушул реалдуулукту башыбыздан өткөрүп жатабыз.

Газадагы азаттыкты сүйгөн эл тарабынан башталган “Аль-Акса ташкыны” операциясы бүтүндөй Үммөт үчүн терең таасир калтырган улуу окуя болду. Бул операция көптөгөн мусулмандардын гана эмес, мусулман эместердин да көз караштарын өзгөрттү. Бүтүндөй дүйнө көрдү: бир ууч ыйманга бекем мусулмандар, чакан бир аймакта камалып турса да, яхудий мамлекети жана ага кызмат кылган араб режимдери тарабынан курчоого алынган болсо да, аз сандагы мүмкүнчүлүктөр менен, сансыз кыйынчылыктарга карабай так жана ийгиликтүү операция жүргүзө алышты. Ал эми душман бул операцияга каршы эч нерсе кыла албай, алсыз абалда калды.

Бул Аллах Тааланын кудуретин жана Газадагы мусулмандар менен бирге экенин далилдеди. Алла Таала айтат:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِنْ تَنْصُرُوا اللَّهَ يَنْصُرْكُمْ وَيُثَبِّتْ أَقْدَامَكُمْ﴾

«Эй, момундар! Эгер силер Аллахты** (Анын динин) **колдосоңор, Ал силерди колдойт жана кадамдарыңарды бекем кылат». (Мухаммад: 7).

Бул "Акса ташкыны" деп аталган улуу аракет "жеңилгис" деп аталган армиянын чыныгы жүзүн ачып берди. Ал эми мусулман аскерлерин ыйык жерлерди коргоо үчүн кыймылга келтирүүгө милдеттүү болгон чыккынчы режимдердин өз максатына каршы шалаакылыгын жана саткынчылыгын дагы бир жолу ашкереледи. Бул саткындар муну менен токтоп калган жок, тескерисинче, яхудийлердин кыялы болгон мамлекетти коргоо үчүн бекем дубалдарды куруп, Үммөт ичинен бул кыянаттыкка каршы жихад жарыялоону каалагандардын жолун тороп жатышты. Ошого карабастан, бир ууч ыймандуу адамдар бул кыянат түзүлүшкө сокку ура алды.

Бул "Акса ташкынынан" кийин дагы бир кубанычтуу жеңиш келди. Шам аймагындагы заалим режим кыска убакытта кулады жана Ирандын таасири өлкөдөн сүрүлүп чыгарылды. Бул жеңиштер Үммөт үчүн эң мыкты үлгү болду: кандай гана ички чыккынчылар жана сырткы душмандар чабуул койбосун, бул режимдерди жок кылууга болот. Бул жеңиштер Аллах Тааланын ыймандуу кулдарына болгон жардамын дагы бир жолу далилдеди.

Аллах Таала мындай дейт:

﴿إِن يَكُن مِّنكُمْ عِشْرُونَ صَابِرُونَ يَغْلِبُوا مِائَتَيْنِ ۚ وَإِن يَكُن مِّنكُم مِّائَةٌ يَغْلِبُوا أَلْفًا مِّنَ الَّذِينَ كَفَرُوا بِأَنَّهُمْ قَوْمٌ لَّا يَفْقَهُونَ﴾

«Эгер, силерден жыйырма сабырдуу киши болсо, эки жүз** (душманды) **жеңет! Эгер силерден жүз киши болсо, кафирлердин миңин жеңет! Буга себеп, алардын наадан коом экендиги». (Анфал: 65).

Бул жеңиштер — Үммөт үчүн Аллахтын жиберген белги-аяндары. Бул белги бизге аракетти улантууну, шариатты кайра бийликке алып келүүнү жана мусулман өлкөлөрүн бардык колониялык таасирлерден тазалоону милдет кылат.

Бүгүнкү Үммөт мурунку мусулман муундардын тажрыйбасын изилдеп, алардын жеңишине себеп болгон факторлорду аңдап-түшүнүшү зарыл. Бул факторлор: биримдикке умтулуу, саясий жана экономикалык көз карандысыздыкка жетишүү жана диний аң-сезимдин көтөрүлүшү.

Бул Үммөттүн кайра жанданышынын жалгыз жолу яхудий мамлекети аталган шайтандын куралын жок кылуу. Ал эми аны жок кылуунун жолу ушул чыккынчы режимдерди кулатып, Ислам мамлекетин орнотуп, Аллах жолунда жихад жарыялоо менен гана ишке ашат.

Биз Аллах Тааладан тилейбиз: Ал бизге берекелүү жерлерди мурас кылып берсин, ал жерлерди яхудийлердин булганычынан тазаласын. Алардын үйлөрүн, мал-мүлкүн жана куралдарын бизге мурас кылсын. Биз ошол күндүн күбөлөрүнөн болууну Аллахтан үмүт кылабыз. ❑

ПАЛЕСТИНА МАСЕЛЕСИ БАСКЫНЧЫЛАРДЫН ПЛАНДАРЫ МЕНЕН ҮММӨТТҮН УМТУЛУУСУ ОРТОСУНДА

Алаа Абу Салих – Палестина

Палестина маселеси башынан эле табигый жол менен пайда болгон маселе эмес. Ал коңшу элдердин ортосундагы жаңжал, чек ара, байлык же стратегиялык жай үчүн болгон тирешүүнүн жыйынтыгы эмес. Бул маселе Батыштагы ар түрдүү диндерди карманган цивилизациялар менен Ислам цивилизациясынын ортосундагы тарыхый кагылышуунун бир бөлүгү.

Палестина ыйык Байтул-Макдис жайгашкан жер. Бул жер Ислам пайда болгондон тарта маданий тирешүү болгон аймак. Ал бир кезде крестүүлүк жортуулдардын согуш майданы болгон, андан кийин моңгол чабуулдарынын акыркы чекити болгон, ал эми бүгүнкү күндө болсо яхудий мамлекети жана аны колдогон Батыш мамлекеттери менен Үммөттүн кагылышуу талаасына айланды.

Бул маселени туура түшүнүү үчүн аны дал ушул цивилизациялар ортосундагы күрөштүн алкагында караш керек. Палестинанын басып алынышы Халифалык жоюлгандан кийин эле болгон, бул кокустук эмес, бул алдын ала ойлонулуп пландалган кадам. Палестинаны яхудийлер үчүн мекен кылуу колонизаторлуктун ыплас пландарынын бир бөлүгү болгон.

Кафир баскынчылар Үммөттүн жүрөгүнө уулуу канжар сайгандай, яхудий вужудун отургузууну каалашкан. Алар Үммөттүн биригүүсүнө жана кайрадан Халифатын калыбына келишине тоскоолдук жаратуу максатын көздөшкөн. Ошондой эле Палестина маселесин пайдаланып, Үммөттү өзүнүн чыныгы тагдырий маселеси — Аллахтын мыйзамын кайра орнотуудан, башкаруучуларынын кыянатчылыгынан, байлыктарынын уурдалышынан жана аброюнун түшүшүнөн алаксытууну каалашкан. Палестина маселеси араб режимдери тарабынан “арабдардын маселеси” деп жарыяланган. Бирок бул маселени алар өз кыянатчылык саясатынын калканына айлантышкан. Бирок Палестина алардын кутумдарынан таптакыр алыста.

Бул берекелүү жер — Пайгамбарыбыз ﷺ Исра жана Миражда сапар тарткан ыйык жер. Ал жерде бүгүн да кафирлердин бардык кутум пландары ташка урунуп чачырап жатат. Канчалык кутум курушпасын, Аллах алардын мээлейин өзүнө кайра каратты. Алар эч нерсе ута алган жок.

Халифалыкка болгон чакырык дал ушул Палестинадан кайра башталган. Палестина бүткүл Үммөттү ойготуп, анын Халифалыкка

болгон муктаждыгын эстетип келүүдө. Бул маселе — Үммөттүн тагдырий маселесинин жандуу далили. “Акса ташкыны” деп аталган акыркы окуялар болсо дал ушул чындыкты дагы бир жолу тастыктап берди.

Газадагы согуш мусулман Үммөтүнүн аң-сезиминде бир нече маанилүү жана өзөктүү түшүнүктөрдү бекемдеди. Бул түшүнүктөр Үммөттүн уурдалган Халифалыгын жана бийлигин кайра тикелөө жолунда негизги кадам болуп калды:

1. Үммөт менен башчылардын ортосундагы ажырымдын тереңдеши.

Газа согушу Үммөт менен анын башчыларынын ортосундагы ажырымды тереңдетти. Үммөт өзүнүн башкаруучуларынын саткынчылыгын жана кутумчулугун ачык түшүнүп калды. Бүгүн алар өз элине эмес, душмандарына жакын экендиги көрүнүп турат. Алар душмандын тарабында, душмандын чатырынын алдында турушат. Бул жагынан бир башкаруучуну экинчисинен айырмалоонун эч кандай кажети жок, Абдулла II менен Эрдоган, Сиси менен ибн Салмандын ортосунда эч айырма жок. Бутакты жаап турган жалбырак түшүп калды, эми алардын уятсыз чындыгы ачык көрүнүп калды.

Үммөт бүгүн ушуну түшүнүп калды: бул “башкаруучулар” – Үммөттүн башына түшкөн бардык кайгылардын, кор болуусунун, башка элдер тарабынан тебеленишинин себепкерлери. Мусулмандар бул башкаруучулар 15 ай бою Газадагы элге бир ууртам суу да жеткире алышпаганын өз көзү менен көрүштү. Тескерисинче, алар яхудий мамлекети үчүн азык-түлүк, кийим-кече жана күйүүчү май жеткирип турушту. Бул ар намыстуу адамдын бетин кызарткан иш!

Бул ачылган чындык Үммөт Халифалыкты орнотуу жолундагы бир чоң тоскоолдуктан өтүп кеткенин билдирет. Ал Халифалык дал ушул зыянкеч башкаруучулардын урандыларынын үстүнө курулат. Бул болсо жакындап келаткан жакшы кабардын белгиси.

2. Үммөттүн өзүнө болгон ишениминин кайтып келиши.

“Акса ташкыны” жана андан кийинки окуялар Үммөттүн өзүнө болгон ишенимин арттырды. Үммөттүн бир нече миң гана уулу яхудий мамлекети деп коркутуп келишкен душмандын кадырын тепсеп салышты. Бул “мокочо” менен башкаруучулардын коркутуулары жалган болуп чыкты.

Ыйманга бекем, Аллахка таянган бир ууч жаштар яхудий вужудунун жана аны колдогон Батыш өлкөлөрүнүн кадырын жерге тепкилеп, алардын чыныгы алсыздыгын ачыкка чыгарышты. Эми элестетип

көргүлө, эгер бүтүндөй Үммөт бардык ресурстары менен душмандын үстүнөн жапырт жабылсачы? Эгер армиялары, аскер бөлүктөрү, танктары жана учактары аракетке келсечи? Эгер жалпы мусулмандар көтөрүлүп, берекелүү жерлерге карай жапырт жыла баштасачы? Албетте, аларга Аллах коркунуч салат жана жер жүзүндө эч бир күч алардын жолун торой албайт.

3. Газадагы согуш Исламга каршы согуш.

Бул согуш жөн гана Палестина менен яхудий мамлекети ортосундагы кагылыш эмес. Анын артында бүтүндөй кафир күчтөр турат. Бул цивилизациялар ортосундагы чоң тиреш. Бул кафирлердин Исламга жана мусулмандарга каршы биргелешип жасаган согушу. Бул чындыкты яхудий мамлекети деп аталган вужуддун премьер-министри Нетаняху да мойнуна алган. Ал АКШ Конгрессиндеги сөзүндө мындай деген: “Биз бул согуштарды Америка жана бул аймактагы мамлекеттер үчүн, Батыш цивилизациясын коргоо үчүн жүргүзүп жатабыз”.

Бул болсо мусулмандарды ойготууга тийиш. Бул Үммөткө каршы согуш. Бул Исламга каршы согуш. Демек, Үммөттүн бардык күч-аракеттери бир багытка топтолушу керек. Багыт адашпоого тийиш. Батыш өлкөлөрүнүн кутумдарына, “эл аралык мыйзам” деген жалган кумга сүңгүп кетүүгө жол берилбеши керек.

Газадагы согуш - Үммөттү ойготкон, Халифалыкка чакырган улуу сабак:

1. Армиялар өзгөрүүнүн чечүүчү фактору.

Бул согуш Үммөт үчүн бир маанилүү чындыкты кайрадан ачып берди: мусулман армияларынын ролу өзгөрүүнүн өзөгүндө турат. Армияны коомдон, Үммөттүн маселелеринен обочолонтуу бул Үммөттү кемсинтүү жана төмөндөтүүнү түбөлүккө калыптандыруу дегенди билдирет. Газадагы согушта мусулмандар армияларга болгон муктаждыгын терең түшүнүштү. Палестинаны коргоо, ыйык жайларды сактоо чоң масштабдагы аскердик аракетти талап кылат.

Бул сабак Үммөттүн ичинен “армиялар кыймылга келсин!” деген чакырыктарды жогору көтөрдү. Ошол себептен улам эл Мухаммад Салах, ал-Жази жана башка Газаны колдогон, коркуу, пассивдүүлүк жана жетеленме абалдан чыккан баатырларды урматтап, аларды колдоп, кубаттап чыгышты. Алардын жеке аракеттери армиялардын бул багытта аракеттенүүсүнө эл муктаж экенин жана үмүт кылып жатканын билдирет.

Бирок армиялардын милдети жөн гана коргонуу эмес. Алар өзгөрүүнү көздөгөн, Халифалыкты тикелөөгө аракет кылгандардын жанында

болушу керек. Себеби чыныгы, натыйжалуу аскердик аракет ак ниет саясий жетекчилик астында гана мүмкүн. Бул болсо учурдагы зыяндуу башкаруучулар менен мүмкүн эмес. Бул экинчи жолу пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык менен гана ишке ашат. Анткени ал Үммөттүн кызыкчылыктарын коргойт, анын ыйык нерселерин жана кадыр-баркын сактайт.

Бул — колонизаторлордун эң чоң коркуусу. Ошондуктан Батыш мамлекеттери жана алардын колундагы режимдер согуш башталгандан тартып эле бир ооздон “согушту кеңейтүүгө болбойт” деп айта башташты. Себеби алар Үммөт менен армиянын биригишинен, аскерлердин бул башкаруучулардын көзөмөлүнөн чыгып кетишинен чочулашат.

2. Батыш цивилизациясынын эки жүздүүлүгү ашкере болду.

Газадагы согуш Батыш цивилизациясынын чыныгы жүзүн ачыкка чыгарды. Көптөн бери “адам укуктары”, “аялдардын укугу”, “балдардын укугу” деп кулагыбызга какшап келген Батыш өлкөлөрү кантип яхудий вужудун чексиз колдоп жатканын дүйнө көрдү. Алар куралсыз карапайым элди, аялдарды жана балдарды аёосуз бомбалап жаткан яхудий вужудуна саясий да, аскерий да, каржылык да колдоо көрсөттү, элди ачкачылыкка жана качкындыкка түрткөндөргө, шаарларды талкалагандарга кол чабышты.

Бул көрүнүш Батыштын эл алдында айткандарын жана чыныгы жүзүн айкын айырмалап берди. Алардын “эркиндик”, “адам укугу” деген ураандары калп, жалган жана эки жүздүүлүк экенин Үммөт бүгүн сезим деңгээлинде түшүнүп калды.

3. Палестина жана Халифалык — бири-биринен ажырагыс эгиздер.

Бул согуш учурунда бекемделген пикирлердин ичинде эң маанилүүсү, Палестина маселеси Үммөттү Халифалыкты кайра тикелөөгө үндөгөн жандуу белги бойдон калууда.

Чынында Палестина менен Халифалык — ажырагыс эгиздер. Аны Халифалык ачкан, Халифалык коргогон, Халифалык сактап келген. Ал эми Халифалык жоюлганда Палестина басып алынган. Бүгүн болсо, дал ошол Палестинада кайрадан Халифалыкты тикелөөгө чакырыгы көтөрүлүп жатат.

ИншаАллах, Халифалык кайра орногондо Палестина дагы бир жолу азат кылынат. Бул Аллах үчүн кыйын эмес! ❑

“АЛ-АКСА ТАШКЫНЫ” ОПЕРАЦИЯСЫ ИСЛАМ ҮММӨТҮН ИСЛАМ МАМЛЕКЕТИН КУРУУ БАГЫТЫНДА ЧЕЧКИНДҮҮ КАДАМДАРГА АЛЫП КЕЛДИ

Исам аш-Шейх Ганим — Палестина

Кириш сөз

Тарыхта бурулуш учурлар ар дайым үммөттөрдүн саясий аң-сезимин түзүүдө таасирдүү рол ойногон. Бул улуу окуялардан өткөн үммөттөр эч качан өзгөрүүсүз калбаган. Пикирлер менен принциптер да саясий аң-сезимди калыптандырат, бирок бул көбүнчө пикирлүү жана интеллектуалдык катмарга тиешелүү. Алар көп эмгек менен өз идеяларын иштеп чыгышат. Бирок чечүүчү окуялар, душмандын жана достун жүзүн ачык көрсөтүп берген окуялар Үммөттүн жамааттык аң-сезимин түзүүгө практикалык түрдө жардам берет.

Окуялар аркылуу жеткен түшүнүктөр теориялык түшүнүктөрдөн таасирдүү жана терең болот. Андай таасирди Үммөт да, анын элитасы да четке кага албайт. Ошондуктан “Ал-Акса ташкыны” амалияты Ислам Үммөтүндө кандай өзгөрүүлөрдү жаратса, дүйнөлүк биринчи жана экинчи согуштар европалыктардын жана америкалыктардын аң-сезиминде ошондой өзгөрүүлөрдү жараткан деп айтсак аша чапкан болбойбуз. Бул согуштар мамлекеттердин саясаттарын жүз жылга негиздеген болсо, алардын таасири азыр да уланып келет.

Уламалардан белгилүү болгон бир эреже бар: Аллах Таала алсыз үммөттөрдү күчтүү иштерге жөндөмдүү кылбайт, алар күчкө ээ болгондо гана чоң иштерди жасай алышат.

Ислам Үммөтүндөй тарыхта ушунчалык узак мөөнөткө басмырланып, алсыратылган башка үммөт болбосо керек. Батыш дүйнөсү өз калкына ар дайым Ислам Үммөтүн эң алсыз калк экенин айтып келди. Ал өзүнүн ийгиликтерин даңазалап, Ислам Үммөтүнүн артта калганын көрсөтүп турду. Батыштан келген өндүрүшкө, ойлоп табууларга болгон муктаждыгын дайыма эске салып турду.

Мусулман башчылары Батыштын кызматчылары катары биринин артынан бири жоготууга учураган согуштарга кирип жатышты. Яхудий вужуду менен болгон согуштар, Ирак жана Ооганстандагы Америка менен болгон согуштар, мунун баары Ислам Үммөтүндө алсыздык жана кайгы-капаны калыптандырды жана Үммөт эч нерсеге жарабайт деген түшүнүк бекемделди.

Мындай башчылар бүгүнкү күндө да Исламий ой жүгүртүү аркылуу Үммөттү тирилтүү аракеттерине каршы аябай катуу турушууда. Ислам жолундагыларды “адашкандар”, “экстремист”, “террорист” деп атап

келишет. Мусулмандар “Араб жазында” башчыларга каршы көтөрүлгөндө, Батыш бардык мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып, өзгөрүүнү токтотууга, байлыктарды кайра көзөмөлдөөгө, мурунку режимдерди кайра ордуна коюуга аракет кылды.

Аллах Таала Газанын эр-азаматтарын яхудийлерге каршы капыстан чабуул жасоосун каалаганда, Батыш өлкөлөрүнүн саясаттары көзгө көрүнбөгөн ылдамдыкта урап түшө баштады. Ошол эле учурда, Ислам Үммөтү да узакка созулган согуш айларында бекемделген жана тереңдеген көптөгөн күч факторлору аркылуу кайрадан өзүнө келе баштады. Бул макалада ошол күч факторлорунун кеңири түшүндүрмөсүн берип, алардын тереңдигин жана жакынкы жылдардагы Үммөттүн келечегине тийгизе турган таасирин баяндап беребиз.

2023-жылдын 7-октябрындагы ийгилик жана андан кийинки учурлар:

Ислам акыйдасы менен тарбияланган миңге жакын палестиналык жоокерлер Газадан яхудийлердин аймагына кирип барып, аларга катуу сокку урганда, "жеңилгис" деген яхудий армиясына карата жомок талкаланды. Бул мусулмандардын армияларына өтө терең таасир берген белги болду: Палестинаны азат кылуу мүмкүн болбогон кыйын нерсе эмес, тескерисинче, бул өтө жеңил нерсе экени айкын болду.

Яхудийлер Газадан өч алуу үчүн эң акыркы технологиядагы аба, кургактык жана деңиз куралдары менен жабдылган жарым миллионго жакын аскерин топтогондо, алардын алсыздыгы тескерисинче ачыкка чыкты. Анткени бул чоң армия 15 айга чукул географиялык жактан кичинекей, курчоодо турган — суусу, тамагы, дарысы үзүлгөн — Газа тилкесинде согуш жүргүздү. Бирок ага карабастан, каршылыкты толук жок кыла алган жок. Ал тургай, акыркы учурга чейин ал армия жаракат алып турду. Ошентип, Ислам Үммөтүнүн өзүнө болгон ишеними артты. Яхудий вужуду толук жеңишке жетише алган жок. Газадагы туткундарын күч менен кайтарып ала алган жок. Ислам акыйдасына негизделген каршылыкты жок кыла алган жок.

Ушундайча Ислам Үммөтү өзүнүн улуулугун жана согушууга жөндөмдүү экенин түшүндү, ал эми душманы болсо аны жеңүүгө алсыз экенин көрдү. Эгерде яхудийлерге Газа сыяктуу кичинекей аймакты көзөмөлдөө үчүн жарым миллионго жакын аскер керек болсо, анда Шам аймагындай чоң аймакты көзөмөлдөө үчүн ондогон миллион аскер керек болот. Мындай сандагы аскерлер яхудийлерде, Америкада, НАТОдо да, алардын баарында жок. Башкача айтканда, эгерде яхудийлерге жардам

берип НАТО өлкөлөрүнүн бардыгы келсе да, Шам жергесинде кандай гана согуш болбосун, мусулмандар жеңишке жетет.

Кимдир бирөө: *«Яхудий вужуду Ливандагы Иран партиясына, ал тургай согуш маалында Ирандын өзүнө да эркин таңуулай алды»* - деп айтышы мүмкүн. Биз муну жарым-жартылай туура деп айтабыз. Бирок бул Иран согуш жүргүзүүнү каалабаганына жана анын партиясы согушка чек арадагы кагылышуулар менен чектелгенине байланыштуу болду. Акыры 2024-жылдын сентябрында яхудийлер аларга согушту мажбурлап таңуулады. Бирок бул алардын жеңиштүү согушу болгон жок. Тескерисинче, Иран аларды колдобой койду. Мындан тышкары, аларда Ислам акыйдасы да алсырап калган, себеби алар жылдар бою Сириядагы мусулмандарды кырып келген. Башкача айтканда, Иран да, анын Ливандагы партиясы да Газанын мужахиддери сыяктуу Ислам акыйдасы үчүн согушкан эмес. Бул өзүнчө бир сабак: жеңиш алып келчү согуш Аллах үчүн, Анын жолунда гана болот.

Акыйда технологиядан күчтүү экендигинин чындыгы

Тарыхта болуп өткөн бардык согуштардын ичинде Газа согушундай согуш болгон эмес. Бул — күчтөрдүн балансына карата ушундай деңгээлдеги чоң согуштун биринчи мисалы. Эки тараптын мүмкүнчүлүктөрү салыштырмалуу нөлдүк деңгээлде болгон. Аскердик илимдердин баалоосу боюнча, палестиналык каршылык көрсөтүүчүлөрдүн жеңил куралдары дээрлик эсепке да алынбайт. Ал эми яхудийлерде болсо "стелс" участкалары, учкучсуз байкоочу участкалар, Америка, Британия, Германия өндүү өлкөлөрдүн техникалары менен кошо келген жабдуулар жана Газадагы ар бир бурчта жайгашкан миңдеген жоокерлери бар болчу. Бул жоокерлер эң акыркы аскерий технологиялар менен жабдылган. Газа болсо толук курчоодо болгон, эч нерсе кире албайт, чыга да албайт. Ошол эле учурда, Америка Кошмо Штаттарынан келген аба көпүрөлөрү токтогон жок, яхудий вужудун 70 миң тонна ок-дары жана курал-жарак менен камсыздап жатты. Германия, Италия, Британия, Франция, Сербия жана Индия да ошол эле ишти кылып жатышты.

Мына ушундай болуп көрбөгөндөй теңсиз шарттарда Газа жоокерлери яхудий армиясына адамдар жана жабдуулар жагынан чоң жоготууларды алып келди. Бул болсо аскер башчыларын жана алардын пландарын өтө чоң башаламандыктын алдында калтырды. Финансы министри башкы штаб жетекчисинин дароо кызматтан кетишин талап кылды. Америка президенти Газадагы каршылык күчтөрү салган жана бекемдеген туннелдерге абдан таң калганын ачык айткан. Ал туннелдерден

жоокерлер чыгып, яхудий армиясына катуу зыян келтирген операцияларды жүргүзгөн.

Ушундай шартта Газадагы жоокерлердин эң чоң куралы — Ислам акыйдасы болду. Бул, айрыкча, шейит болууга даярдыктын жапырт жайылышынан жана өлүмдөн коркпоо менен даана көрүнүп турду. Жоокерлер яхудийлердин танктарына нөлдүк аралыкта каршы чыгып жатышты, алардын үстүндө болсо учкучсуз учактар айланып жүргөн. Демек, жоокерлердин жүрөгүндө бекем орногон Ислам акыйдасы технология менен согушуп, аны ийгиликсиз калтырды. Ал эң күчтүү куралдарга каршы күрөшүп, аларды өтө кыйын жоготууларга дуушар кылды. Мына ушундайча, Газа согушу Ислам акыйдасы согушта жана чыдамдуулукта кандай күч экенин өтө ачык көрсөтүп берди.

Мунун баарын бүгүн Ислам өлкөлөрүндөгү армия офицерлери көрүп жатышат. Ислам акыйдасы Батыштын аскерий үстөмдүгүн жокко чыгарып, алардын технологиясын талкалаганын өз көздөрү менен көрүп жатышат. Бүгүн алар Батышта технология жана өлүм алып келчү куралдар болсо, мусулмандарда Ислам акыйдасы бар экенине иш жүзүндө ынанууда. Эгерде бул акыйда кичинекей Газа тилкесинде яхудийлерди тосо алса, анда Америка, яхудийлер жана Батыш менен согуш кеңири масштабда, мисалы, Шам же Мисир сыяктуу аймактарда жүргүзүлсө, Батыштын технологиясы жана куралдары Ислам акыйдасынын алдында микроскоп менен гана көрүнчүдөй майда нерсеге айланып калмак.

Мындан тышкары, мусулман армиялары такыр эле куралсыз эмес. Эгерде бул куралдар Ислам акыйдасы менен бириксе, Үммөттү чечкиндүү жеңишке жеткире турган кудуретке ээ болот.

Бүгүн мусулман армияларындагы офицерлер ушуну жакшы түшүнүп калд. Бул армияларды күчтүү жана улуу кылуу үчүн аларга Ислам акыйдасын сиңирүү жетиштүү. Бул болсо абдан жеңил иш, анткени жоокерлер да, офицерлер да мусулмандар. Бирок бул ишке тоскоолдук кылып жаткандар — армиядагы динге, намазга жана сакалга каршы чыккан башкаруучулар. Алар армиялар өз элине эмес, Америка менен Европадагы кожоюндарына кызмат кылышын камсыз кылып турушат.

Эгерде мусулмандардын күтүүдө турган бул улуу аскерий жеңиши яхудийлер менен согушуп, Палестинаны бошотуу аркылуу гана ишке ашуусу мүмкүн болсо, анда бул жеңиштин алдына бут тосуп турган жалгыз тоскоолдук — ушул саткын башкаруучулар. Ошондуктан жеңишке жетүү үчүн бул башкаруучулар кулатылышы керек. Бирок бир башкаруучуну кулатып, ордуна башка бирөөнү алып келүү эч нерсени

өзгөртпөйт. "Араб жазында" болгон тажрыйбалардан кийин бир нерсе даана билинди. Бул өлкөлөрдөгү бүтүндөй башкаруу системасы кулатылышы керек, анын ордуна Ислам акыйдасына негизделген жаңы бир түзүм курулушу зарыл. Бул болсо Ислам мамлекети, тактап айтканда, Аллах бизге убада кылган, Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ сүйүнчүлөгөн экинчи Халифалык мамлекети: «Андан кийин Пайгамбарлык минхажындагы Халифалык болот».

Газа секторундагы чыдамдуулук

Газа секторунда айлар бою уланган согуш маалында элдин сабырдуулугу жана чыдамдуулугу көзгө даана урунду. Яхудийлердин жырткычтарча өлтүрүүсүнө карабастан, эл өз аймактарын таштап кетпей, сабыр кылып, Аллахтан сооп үмүт кылып турушту. Аларды качкынга айлантуу максатындагы яхудийлердин айла-амалдарын, айрыкча түндүк Газадагы генералдардын планын ишке ашырбай коюшту. Бул тамырлашкан сабырдын жалгыз себеби — Ислам акыйдасы болду. Ал тургай, Батыштагы көптөгөн адамдар да дал ушул чыдамдуулук жана үмүткө толгон жашоо күчүн берген Ислам динине бет алышты.

Ушундай терең сабырдуулук менен Ислам акыйдасы бекем орногон шартта, Ислам жетекчилери кандуу жана оор согуштарды баштап чыгууга толук жөндөмдүү. Анткени алардын артынан ээрчиген эл курмандыктан коркпогон Үммөт. Бул нерсени офицерлер түшүнүп алышы керек: Батышка каршы баштала турган жана балким Газа согушундай кандуу боло турган согуштарда Үммөт Аллах жолунда курмандыктарды көтөрө алат. Бул багытта жасала турган эң негизги иш — Ислам акыйдасын Үммөттүн жана элдин жүрөгүнө бекем сиңирүү. Газа буга ачык-айкын мисал болду.

Батыштын Газага каршы яхудийлердин катарында турушу

Америка 2003-жылы Иракка басып киргенден бери миллиондон ашуун ирактыктарды түз же кыйыр түрдө өзүнүн пландары жана жергиликтүү, аймактык куралдары аркылуу өлтүрдү. Америкага кызмат кылган Башар Асад болсо Америкадан кеңеш жана көрсөтмө алып, бир миллиондон ашуун сириялыкты кырып салды. Америка 2001-жылдан бери Ооганстанды басып алгандан тарта жүз миңдеген оогандарды өлтүрдү. Яхудийлер болсо Палестинада жана Ливанда жүз миңдеген адамдарды кырып келишти.

Бирок бул миллиондогон курмандыктардын бири да Америка менен Европанын кайгысына татыган эмес. Ал эми Газадагы жоокерлер яхудий вужудуна кол салып, миңге жакын яхудийди өлтүргөндө Батыш муну

"холокостко" салыштырып, яхудийлерге көңүл айтып, алардын вужудуна баш ийип келишти.

Америка мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен: «Мен бул жакка яхудий катары келдим» - деп айтты. Америка президенти Жо Байден: «Мен бул жакка сионист катары келдим» - деди. Франция президенти Эммануэль Макрон болсо ХАМАСка каршы эл аралык коалиция түзүүнү талап кылды. Ушундай эле позицияны Германия, Британия, Италия жана башка Батыш өлкөлөрү да карманышты.

Америка баштап, Батыш Европа, Сербия жана Индия кошулган ачык аба көпүрөсү түзүлүп, согуш учурунда тынымсыз курал-жарак жана жабдык менен яхудий түзүмүн камсыздап турганда Батыш дүйнөсү яхудийлердин Газа элине карата жасаган кыргындарынан эч капар алган жок. Бул кыргындар адамзаттын абийирин уятка калтырчу окуялар болду. Бирок Батыш өлкөлөрүнүн жетекчилери болсо өз сөздөрүндө бир эле нерсени кайталап турду, өтө орой жана уятсыздык менен: ““Израил” өзүн коргоого укуктуу”, "ХАМАС туткундарды кайтарып бериши керек". Бул сөздөр күн сайын айтылып, мусулмандардын жүрөгүндө Батышка карата жийиркенүү сезимин күчөттү.

Батыш жар салып келе жаткан "адам укуктары", "балдардын укуктары", "аялдардын укуктары" деген түшүнүктөрдүн бири да Газа балдарынын союлуп, өлтүрүлүүсүнөн сактаган жок. Ал аялдарды ачарчылыктан, өлүмдөн коргогон жок. Газа эли үчүн эч кандай укук жок эле. Бул нерсе мусулмандардын аң-сезиминде Батыш менен болгон мамиле согуш мамилеси деген түшүнүктү терең сиңирди.

Ошондой эле, Батыш шаарларында Газаны коргоону талап кылган элдик демонстрацияларга болгон катуу каршылык мусулман диаспорасынын өз Үммөтү менен байланышын дагы да бекемдеди. Британиянын ички иштер министри бул нааразылык акцияларын "жек көрүү" деп атады. Германия аларды катуу басып, өзү айтып жүргөн "демократия" менен "билдирүү эркиндигин" тепсеп салды. Франция жана башка Европа өлкөлөрү да ошол сыяктуу аракеттерди жасашты. Алар бул демонстрацияларды Батыштагы мусулман жамааттарынын ойгонуу белгиси жана жүрөгү таза Батыш калкына тийгизген таасир катары көрүштү. Яхудийлердин Газага кылган кыргындарына каршы чыккандарды Батыш "террорчуларды колдогон", "жөөт каршылыгын кылган", "үнүн басуу керек болгон" адамдар катары мүнөздөдү.

Америка университеттеринде өткөн студенттик демонстрацияларга карата коопсуздук күчтөрүнүн ырайымсыз мамилеси, алардын демократиясын, жырткыч жүзүн көрсөтүп, "пикир айтуу эркиндиги" алар

үчүн Куранды өрттөө жана Пайгамбарыбызга ﷺ акаарат келтирүү эркиндиги экенин ачып берди.

Ошентип, яхудий башчысы Нетаньяху: "Биз Батыштын атынан мусулмандарга каршы фронттук линияда согушуп жатабыз" - деп ачык айтты. "Аль-Акса ташкыны" Батыш менен Ислам дүйнөсүнүн ортосундагы мамиленин чыныгы жүзүн ачып салды. Бул мамиле согуш мамилеси. Анын сыртындагы нерселер — Батыштын алдамчылыгы болгон. Бул — Аллах Тааланын ырайымы жана Газадан чыккан береке. Эми мусулмандар Батышка карата Батыш кандай караса, ошондой эле душмандык көз карашта боло башташты. Бул болсо, мусулмандардын Батыш менен болгон достук, кулдук, көз карандылык мамилелерин четке кагуусун күчөтөт. Ошондой эле мындай мамилелерди жүргүзүп жаткан башкаруучулардан кутулуу жана Исламдын негизинде башкарган бийликти орнотуу багытында даярдык көрүү зарыл экенин ачык көрсөтөт.

Мусулман өлкөлөрүндөгү башчылардын Ислам Үммөтүнө каршы кастыгы

«Араб жазында» Үммөт менен башчылардын ортосундагы кастык абдан ачык көрүнгөнү чын, бирок бул маселе мындан да терең: Үммөттүн айрым бир бөлүгү – аз болсо да – бул башчыларды өз кызыкчылыктары үчүн же болбосо алар башкарган партиядан болгону үчүн колдоп келген. Натыйжада, алар Батыштын «Араб жазы» аркылуу жасаган Сисини Хуснинин ордуна, Хафтарды Каддафинин ордуна коюу сыяктуу айла-амалына алданып калышты. Бирок Газанын айланасында жүрүп жаткан согуш башчылардын яхудийлер менен болгон биримдигин ачык көрсөтүп, элестетүүгө мүмкүн болбогон чындыкты ачып берди. Бул согуш ал тургай башкаруучуларга жакын турган кишилерге да алардын Газа элине каршы кутумун көрсөттү.

Ким ойлоптур, Бириккен Араб Эмираттары яхудийлерге ок-дарылар менен жүктөлгөн учактарды берип, алар Негевдеги аэропортторго конот деп? Бул тууралуу яхудий маалымат каражаттары жазып чыгышкан. Ким ойлоптур, яхудийлердин жетекчиси Нетаньяху ачык эле: «Бул аймактагы бардык өлкөлөр ХАМАСты жана Газаны жок кылууну каалашат» - деп айтаарын? Ким ойлоптур, ХАМАС кол сунган Башар Асад режими Сирия түрмөлөрүндө алардын 94 мүчөсүн өлтүрөт деп? Ким ойлоптур, яхудийлер Иран өкүлдөрү жана Ливандагы Хизбулла тууралуу маалыматтарды Сирия режиминен алат деп? Ким ойлоптур, Сиси яхудийлер менен Кэмп-Дэвид келишиминдеги пункттарды жокко чыгаруу, аларга Салахуддин – Филадельфия коридору аркылуу кирүүгө

уруксат берүү жана Рафах аймагындагы каршылык көрсөтүүчүлөрдү жок кылууга шарт түзүү боюнча сүйлөшөт деп? Ким ойлоптур эле, Харамайн өлкөсүнүн башкаруучусу Газа кыргын болуп жатканда яхудийлер менен мамиле түзүү тууралуу сүйлөйт деп? Ким ойлоптур, дүйнөгө ызы-чуу салып, «мээлүүн (умеренный) Ислам кыймылдарынын» үмүтүнө айланган Түркиянын Эрдоганы Палестинаны колдойт деген түр көрсөтүп, бирок яхудий участкарына Азербайжан мунайы аркылуу күйүүчү май берип, башка жабдууларды да жөнөтүп тураарын? Ал тургай соода токтотулду деп жарыялагандан кийин да үчүнчү тараптар аркылуу улантылып келди!

Ошентип, бүт башкаруучулар бир заматта беткаптарын түшүрүп, чыныгы жүздөрү ачыкка чыкты. Башар Асад режими кыйрап бара жатканда Мисир яхудийлердин Башкы штаб башчысын жана коопсуздук жетекчилерин чакырып, Мисир режимин сактап калуу жолдорун талкуулады. Бул эле эмес, кошумча булактар билдиргендей, ошол эле иш менен араб өлкөлөрүнүн борбор шаарларына, өзгөчө Перс булуңундагы өлкөлөргө барышмакчы болгон. «Израил» армиясынын жана ШАБАКтын башчылары Мисирге шашылыш түрдө барышкан. Алар бир нече саат бою мисирлик кесиптештери менен жолугушуп, Сириядагы окуялар Жакынкы Чыгышта «сейсмологиялык жаңырыктарды» жарата баштаганын айтып чыгышкан. Мисирдин кооптонуусу бул шашылыш жолугушуунун себептеринин бири болгон. «Маариф» гезити жазат: «Коркунуч азыр, Сирия качкындарынын арасында жана Жакынкы Чыгыштагы башкаруучуларга каршы чыккандар арасында, Иордания, Ирак, Сауд Арабия, Бахрейн, Кувейт, жана Мисирде кайрадан «Ихвануль муслимин» сыяктуу топтор баш көтөрөт дегенге байланыштуу болуп жатат». («Араб 48», 11.12.2024).

Бул башкаруучулар «Ал-Акса ташкыны» согушу маалында Газаны колдоого өз армияларын жибербүүгө жол бербөө үчүн темир дубалдай турушту. Ал тургай, бул багытта аракет кылгандарды кармап, куугунтукка алышты. Мисалы, Сиси режими Мисир армиясынын милдети мисирликтерди коргоо деп айкын билдирсе, Иордания армиясы болсо, чек араны бузуп, яхудийлерге каршы аракет кылууга умтулган ар бир адамга тоскоол болду. Бул позициялар жалпы элдин ичинде күчтүү түрдө өсүп жаткан «Үммөт — бир Үммөт, анын душманы — бир душман» деген аң-сезимге карама-каршы болуп чыкты. Бирок башчылар Газаны колдоого алган бул элдин көтөрүлүшүнө тоскоолдук кылып, аны басып, кыймылга келүүсүнө жол беришкен жок. Кыймылга чыккан элди катуу кысымга алышты. Бул абал ошондой курч болгондуктан, Газаны

колдогон демонстрациялар Европа шаарларында жана Америка университеттеринде мусулман өлкөлөрүнө салыштырмалуу көбүрөөк жана күчтүү болду.

Бул көрүнүш мусулмандар арасында болуп көрбөгөндөй таң калууну пайда кылды. Анткени алар башчыларынын Газадагы кырдаалга болгон кайдыгерлиги, саткындыгы жана душмандыгы ушунчалык терең экенин өз көзү менен көрүштү. Алар Эрдогандан баштап Хаменейиге, Сисиден баштап мунай башкаруучуларына чейин, баары эл аралык сахнада бир куту арпага да татыбай турганын түшүнүштү. Булардын бири-бири менен байланыштары, чогулуштары, саммиттери жана эл аралык сапарлары Үммөткө пайда алып келмек турсун, тескерисинче, зыян гана алып келет экенин түшүнүштү. Алар кандай гана кадам таштабасын, анын жыйынтыгында мусулмандар үчүн көбүрөөк кысым, кедейчилик жана азап гана келет экендиги билинди.

Жыйынтык:

«Ал-Акса ташкыны» мусулмандар үчүн оор, бирок маанилүү ойгонуу болду. Бул согуш Үммөттү ушул башчылардан кутулуу жана аларды кулатуу зарылдыгына жетеледи. Эгер Үммөт көтөрүлүп, толугу менен ойгонсо, анда башкаруучулардын баштарына чынжыр түшөт. Азыр бул башкаруучулар Газадагы соккудан кийин өздөрүнө каршы өсүп жаткан элдин нааразылыгын сезип, яхудийлердин коопсуздук жетекчилерин коргонуу үчүн жардамга чакырып жатышат.

Бирок бүгүнкү Үммөт мурдагыдай эмес. Үммөт «Ал-Акса ташкыны» менен өзгөргөн реалдуулукту өз көзү менен көрүп, андан сабак алды. Эми ал жөн гана башчылар алмашып калат дегенге ишенбейт. Үммөт эми түп-тамырынан өзгөрүүнү — бүтүндөй системаны кулатууну каалайт. Бул системалар Батыштын бир бөлүгү болгондуктан, Батышка каршы чыгуу режимди кулатуунун ажырагыс бөлүгү деп эсептейт. Башкача айтканда, Үммөт бүгүн пландап жаткан өзгөрүү ички, өз алдынча болгон өзгөрүү. Ал бул багытта Түркиянын башкаруучусу менен да, Катар же Саудиядагы байлар менен да кызматташкысы келбейт. Ал Ислам негизиндеги өзгөрүүнү, Ислам мамлекети Халифалыкты кайра курууну жана мусулмандар үчүн Исламий жашоону кайра жандандырууну, чек араларды жок кылууну арзуу кылып жатат.

Эгерде куфрдун башында турган Америка жана аны менен бирге Батыш куфр мамлекеттери Иракта, Ооганстанда, Сирияда, Ливанда, Палестинада жана башка жерлерде миллиондогон мусулмандарды кырып жатышса, анда мындан ары Үммөт тарткан кайгы жана төккөн кандары Аллах жолунда таза түрдө болушу керек. Үммөттүн уул-кыздарынын

каны текке кетүүгө тийиш эмес, тескерисинче, ал түздөн-түз диндин максаттарын ишке ашырууга багытталышы керек. Ошондо мусулмандар Американын аскерий базаларын мусулман жерлеринен кууп чыкканда шейит кеткендер үчүн өкүнүшпөйт. Палестинаны бошотуу, яхудийлерди бүтүндөй жок кылуу жана Ал-Акса мечитин бүткүл Үммөт үчүн кайра кайтаруу үчүн шейит кетүү — өкүнө турган нерсе болбойт. Европа өлкөлөрүн фатх кылуу, Римди ачуу жана Исламды, адилеттүүлүктү ушул зулум, караңгылык жана ыпластык таратып жаткан элдерге жеткирүү үчүн шейит кетүү да улуу даңк болуп эсептелет.

Ошондо Ислам Үммөтү өзүнүн акыйдасы жана таза дини менен жер жүзүндөгү элдерге туура жолду көрсөтө турган үлгү коомго айланат. Үммөт күчтүү жана жүрөктөргө коркуу сала турган эл болот. Бул Ислам Үммөтү үчүн алыс максат эмес. Эгерде ал бир нече күн ичинде Башар Асадды жана анын режимин өз жашоосунан чыгарып салууга жетишсе, бул Үммөт Сиси режими таңуулаган кулчулук менен кордуктан Мисир элин, ибн Салман таңуулаган бузукулук жана куугунтук астындагы Наж менен Хижаз элин ойготууга да бир нече күн жетет. Ошондо Шам, Йемен, Араб жарым аралы, Ирак, Магриб жана калган бүткүл Ислам жерлери бир Үммөткө айланат. Ал жакта араб менен ажамдын ортосунда эч кандай артыкчылык болбойт, тек гана такыбачылык менен гана айырмаланат. Бул Үммөт аймактарды фатх кылат, элдерге туура жолду жана адилеттүүлүктү жеткирет, анын жолуна эч ким тоскоол боло албайт. Үммөт «күрүлдөгөн» сайын жер титиреп, тоолор жарылып, аскерлер ага туруштук бере албай калат. Бул Үммөт Курандын улуу рисаласын көтөрүп келе жатат. Анын алдында аскерлер кыйрайт, ага мурда ата-бабаларына жеңил ачылган жолдор ачылат. «Ал түбөлүк күткөн күн жакындап калды» деп айтылндай, ал күн жакын. ❑

Төртүнчү бөлүм: аалымдардын орду жана алардын маанилүү ролу

Жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан кайтаруудагы аалымдардын ролу

Аалымдардын бийлиги жана Ислам Үммөтүнүн жандуулугу

Аалымдар «Ал-Акса ташкыны» окуясында жана Үммөттүн маселелеринде өздөрүнө жүктөлгөн милдетти аткара алыштыбы?

ЖАКШЫЛЫККА ЧАКЫРУУ ЖАНА ЖАМАНДЫКТАН КАЙТАРУУДАГЫ ААЛЫМДАРДЫН РОЛУ

А. Акрам Наажи – Йемен

Алла Таала бардык мусулмандарга Ислам дининин бардык өкүмдөрүн аткарууну милдет кылды. Алардын ишенимин сактап калууну, өкүмдөрүн турмушка ашырууну жана бүткүл дүйнөгө жайылтууну буюрду. Бул ишти Аллах «маъруф» же «жакшылык» деп атады. Тескерисинче, Исламдан болбогон ар кандай жаңы ойлордон (бидъат) жана иштерден кайтарууну буюруп, азыркы же келечекте жарала турган бөтөн идеялар менен күрөшүүнү милдеттендирди. Бул болсо «мункар» же «жамандыктан кайтаруу» деп аталат.

Мухаммад ﷺ Үммөтү бул миссияны – жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан кайтаруу ишин аркалоо менен бардык үммөттөрдөн эң улуу, эң урматтуу үммөт болууга жетишти. Аллах Таала мындай деген:

﴿كُنتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ تَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنكَرِ﴾

"(Эй, Мухаммаддын Үммөтү), силер адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар. Анткени силер жакшы иштерге буюрасыңар, жаман иштерден кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер". (Али Имран:110).

Мухаммад ﷺ Үммөтү бул урмат-сыйга, бул даңкка жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтарып, Аллахка ишенгени үчүн гана ээ болду. Эгерде Үммөт бул ишти таштаса, анда ал бул даражадан түшөт, бул урматтан ажыратылат жана тозокко татыктуу болуп калат. Аллах Таала айтат:

﴿كَانُواْ لاَ يَتَنَاهَوْنَ عَن مُّنكَرٍ فَعَلُوهُ﴾

"Алар бир-бирин кылган ылайыксыз иштеринен кайтарышпайт эле. Бул кылган иштери кандай гана жаман иш!". (Маида: 79).

Жакшылыкка буйруу жана жамандыктан кайтаруу – бул бир иш жана биз ага буйрулганбыз. Пайгамбар ﷺ айткан:

(من رأى منكم منكراً فليغيره بيده، فإن لم يستطع فبلسانه، فإن لم يستطع فبقلبه، وذلك أضعف الإيمان)

«Силердин араңарда ким жаман ишти көрсө, аны колу менен өзгөртсүн. Эгер андайга күчү жетпесе, анда тили менен өзгөртсүн. Эгер ага да күчү жетпесе, жүрөгү менен жек көрсүн, бул болсо ыймандын эң төмөнкү даражасы».

Бул илимге негизделген иш болушу керек. Анткени бул амалдын ибадат болуусу үчүн, ал шариат илимине ылайык аткарылышы зарыл. Болбосо, өзүнө белгилүү эмес болгон жакшылыкка кантип чакырат? Өзүндө жок нерсени кантип берет? Же жамандыктын эмне экенин

билбеген адам кантип андан кайтарат? Ибадат – негиз, ал эми илим – анын шарты. Сөзсүз шариат илими болгондон кийин амал келиши керек.

Эми биз жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан кайтаруу иши кимдерге жүктөлгөнүн, башкача айтканда, динди алып жүргөндөр ким экенин түшүнүшүбүз керек. Себеби бул иш шариат өкүмдөрүн турмушка ашырууну билдирет.

Шариат өкүмдөрү – ар бир адамга милдеттүү амалдар. Мисалы, намаз, орозо жана башка фарздарды аткарып, ошондой эле арам жана тыюу салынган нерселерден алыс болуу. Бирок айрым өкүмдөрдү жалгыз халифа же амир гана аткара алат. Башкалар үчүн бул нерселерди кылуу жаиз эмес. Мисалы, жаза-чараларды колдонуу, душмандарга согуш жарыялоо же тынчтык келишимин түзүү, Үммөттүн маселелерине тиешелүү милдеттүү өкүмдөрдү кабыл алуу.

Айрым иштер халифага жүктөлөт, бирок кээ бир учурда адамдар да аларды аткарса болот. Кээ бир милдеттер жеке адамдарга жүктөлөт, бирок алар аткарбай калса, халифа кийлигишет. Мисалы, үй-бүлөнү багуу жана башка жеке маселелер сыяктуу. Дагы бир милдет жалпы жамаатка жүктөлөт, мисалы, башкаруучуларды көзөмөлдөө, Ислам мамлекетин куруу үчүн иш алып баруу, зулум жана бузгунчу башкаруучуларга каршы туруу.

Динди турмушка ашыруу милдети кимге жүктөлгөнү түшүнүктүү болгондон кийин, жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан кайтаруу иши да кимге жүктөлгөнү айкын болот.

Демек, коом, анын ар бир мүчөсү, башкаруучусу жана жамааттары, ар бир катмар өзүнө тиешелүү деңгээлде жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан кайтаруу милдетин көтөрөт. Ислам динининин турмушка ашырылышы белгилүү бир гана тарапка жүктөлгөн эмес. Ар бир тарапка тиешелүү милдет жана иш аныкталган. Ар бир тарап өзүнө жүктөлгөн милдетти аңдап-түшүнүп, аны ишке ашырып, жакшылыкка буйруп, жамандыктан кайтарганда гана Ислам дини өзүнүн тийиштүү деңгээлинде орнотулат.

Бул жерде суроо жаралат: аалымдар бул иштин ичинен кайсы орунда турушат? Алардын жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан кайтаруудагы ролу кандай?

Жооп мындай: аалымдар Үммөт ичинде абдан маанилүү жана назик орунду ээлешет. Алар – Аллах Таала Өз ырайымы менен жогору даража берген өзгөчө топ. Аллах Таала айтат:

﴿يَرْفَعِ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنكُمْ وَالَّذِينَ أُوتُوا الْعِلْمَ دَرَجَاتٍ﴾

«Аллах силерден ыйман келтирген жана илим тартуу этилген заттарды (бийик) даража-мартабаларга көтөрөт». (Мужадала: 11).

Кандай болбосун, алар – пайгамбарлардын мураскорлору. Пайгамбарлар динар да, дирхам да мурас калтырышкан эмес. Алар илимди мурас калтырышкан. Ким аны алса, чоң байлыкка ээ болот. Андан тышкары, аалымдар – Аллахтын алдында эң такыбаа адамдар. Аллах Таала мындай дейт:

﴿إِنَّمَا يَخْشَى اللَّهَ مِنْ عِبَادِهِ الْعُلَمَاءُ﴾

«Аллахтан пенделери арасындагы аалым – билимдүүлөр гана коркот». (Фатир: 28).

Аалымдар – Аллахтын жердеги далилдери. Эгер шариат өкүмүндө кыйынчылык болсо же биз билбеген маселе жаралса, Аллах Таала мындай деген:

﴿فَاسْأَلُواْ أَهْلَ الذِّكْرِ إِن كُنتُمْ لاَ تَعْلَمُونَ﴾

«Эгер билбей турган болсоңор, зикр ээлеринен (аалымдардан) сурагыла». (Нахль: 43).

Аалымдар – шариаттын нусустарын (тексттерин) эң жакшы түшүнгөндөр жана Ислам динине, анын өкүмдөрүнө эң көп күйгөндөр. Тарыхта аалымдар Исламга каршы багытталган чабуулдарды токтотуп, анын акыйдасын жана өкүмдөрүн бурмалоого каршы турушкан. Тарыхтан имам Бухарий, имам Ахмад, имам Газзали тууралуу сурагыла. Айрыкча, «аалымдардын падышасы» деп аталган имам Изз ибн Абдуссаламды унутпагыла, ал моңголдорго каршы чыккан. Ислам аалымдарынын мындай эрдиктери тарыхтын барактарында алтын тамгалар менен жазылган. Кыямат күнү аалымдардын сыясы шейиттердин каны менен тең салмакта болот.

Алардын коомдогу ролу жөнүндө да айтылган:

(صنفان من الناس إذا صلحا صلح الناس وإذا فسدا فسد الناس; العلماء والأمراء).

«Эки топ адамдар оңдолсо, бүт коом оңолот, алар бузулса, коом да бузулат, алар: аалымдар менен башкаруучулар».

Адамдар табиятынан илим ээлерин сыйлашат, себеби алардан такыбалыкты, Аллахтан коркууну, илимди көрүшөт. Ошондуктан аалымдар карапайым элдин да, бийлик ээлеринин да, дос менен душмандын да көз алдында турушат.

Аалымдар ар дайым чындыкты ачык айтышкан, сындаган кишиден коркпой, Аллахтан коркушкан. Алар Исламга жана мусулмандарга каршы душмандар жүргүзгөн чабуулдарга туруштук берүү менен чектелбестен, зулум башчылардын бетине да чындыкты айтышкан. Алар зулумду тыюуга аракет кылышкан, коркутууга карабастан,

адилетсиздикке каршы турушкан. Ошондуктан башкаруучулар аалымдардан коркушкан, аларга жага тургандай көрүнүүгө аракет кылышкан. Айрым падышалар өз аскерлерине жана кызматчыларына: “Эгерде бир аалым сарайга келе жатса, ал жетип келгиче мага кабар бергиле, мен аны ылайык абалда тосуп алайын” - деп буйрук беришкен.

Эгерде бир аалымдын айтканы болбосо эл эч бир жаңы нерсени кабыл алган эмес. Башкаруучулар да, Батыш дүйнөсү да элге жаңы бир нерсени киргизе алган эмес, бул алардын арасындагы аалымдар аркылуу гана ишке ашкан.

Учурда башчылар аалымдардын бул таасирин түшүнүштү. Ошондуктан алар ыйманы начар болгон аалымдарды өз тарабына тартышты, аларды жакындатып, коомдо сый-урмат берип, акча жана байлык менен сыйлашты. Анан аларды “расмий аалым” катары элге тааныштырды. Алар элге башкаруучуга жагымдуу фатваларды берип, башкаруучу жаиз деп эсептеген нерселерди жаиз кылып, Куран жана хадистерди өз каалоолоруна ылайык бурмалап калышты. Бул иштерди алар дүнүйө жана жеке кызыкчылык үчүн жасап жатышат. Алар Аллахтын алдындагы нерсе бул дүйнөдөн жакшы жана түбөлүктүү экенин унутушту, акыреттен көрө бул дүйнөнү артык көрүштү.

Алымдар, силерге эмне болгон? Кантип өз нафсиңерге алдандыңар? Кантип Роббиңердин шариатын, диниңердин түзүмүн, Пайгамбарыңардын ﷺ жолун таштоого батындыңар? Исламда бийлик кимге таандык экенин билбейсиңерби? Өкүм элге таандык болушуна ыраазы болуп, Аллахка таандык болушу керектигин унуттуңарбы?

Силер Пайгамбарыңар ﷺ негиздеген мамлекет кандай болгонун билбейсиңерби? Анда эмнеге азыркы бөлүнгөн мамлекеттерге макул болдуңар? Силер халифанын милдети элдин иштерин көзөмөлдөө, оңдоо жана Ислам дааватын көтөрүү экенин билбейсиңерби?

Эл ачарчылыктан, нааданчылыктан, оору-сыркоодон, жакырлыктан кырылып жатса, силер унчукпай карап турасыңар. Бийликтегилерге кайрылып, “элдин камын көргүлө” деп айтпадыңар. Же Пайгамбарыңар ﷺ айткан сөздү унуттуңарбы:

«كلكم راع وكلكم مسؤول عن رعيته»

«Ар бириңер жоопкерсиңер, ар бириңер кол астыңардагы адамдар үчүн жооп бересиңер».

Силердин шариат жана диниңер залим башчыларга каршы чыгып, аларды токтоткула деп буюрбайбы? Пайгамбар ﷺ айткан:

«لتأمرنَّ بالمعروف، ولتنهونَّ عن المنكر، ولتأخذنَّ على يد الظالم، ولتأطرنَّه على الحق أطراً، ولتقصرنَّه على الحق قصراً»

«Жакшылыкка буюргула, жамандыктан кайтаргыла, заалимдин колун кармап калгыла, аны акыйкатка кайтаргыла». (Абу Дауд жана Тирмизи риваяты).

Же силер залим башкаруучулардан коркуп, Пайгамбар ﷺ айткан бул хадисти унуттуңарбы:

«سيد الشهداء حمزة، ورجل قام إلى إمام جائر، فأمره ونهاه فقتله»

«Шейиттердин саййиди — Хамза жана залим башкаруучуга барып, ага насаат айтып, анан анын колунан өлгөн адам». (Хаким риваяты).

Силер бул хадисти укпадыңарбы?

«أفضل الجهاد كلمة حق عند سلطان جائر»

«Эң улуу жихад — залим башкаруучунун алдында акыйкат сөздү айтуу». (Ибн Маажа жана Насааи риваяты).

Оо, аалымдар! Бүгүн мусулмандардын башына түшүп жаткан бул каргашалар: бөлүнүү, кыйроо, ачарчылык, кедейлик, алсыздык силердин кайдыгерлигиңердин натыйжасы болуп эсептелет. Силер бул нерселерге күбө болуп туруп, акыйкат сөздү айтпай койдуңар. Бул гана эмес, силер заалимдерди актадыңар, аларды колдодуңар, аларды легитимдүү кылып көрсөттүңөр. Мусулмандарды бөлүп салган Сайкс-Пико келишиминин негизиндеги мамлекеттерди кабыл алдыңар. Демократиялык системага, эл башкаруучу деген пикирге макул болуп, аны шарияттын ордуна алып келдиңер. Шарият нусустарын өз нафсиңерге жана башкаруучулардын кызыкчылыгына ылайык бурмалап түшүндүрдүңөр.

Бирок Пайгамбар ﷺ силер тууралуу мындай деген:

«من أتى أبواب السلطان افتتن»

«Ким башкаруучунун эшигине барса, ал фитнага кабылат»

«إن أخوف ما أخاف عليكم بعدي كل منافق عليم اللسان»

«Менден кийин силер үчүн эң коркконум — тили чебер болгон мунафык»

Оо, аалымдар! Аллах силерди улуу аманатты көтөрүүгө тандап алган. Бул илимди жайылтуу, элди туура жолго баштоо. Силер пайгамбарлардын мураскорлорусуңар. Силердин милдетиңер элге Аллахтын жолун көрсөтүү. Ошондуктан силердин мойнуңарда эң оор жоопкерчилик турат: батылга каршы туруу, акыйкатты жарыялоо. Силер бул Үммөттү каптаган фитна жана зулумдан коргой турган акыркы чепсиңер.

Бүгүнкү күндө Үммөттүн башына ар кандай фитналар, адашуулар, бузулуулар келип жаткан болсо, алардын башында Ислам мамлекетинин жоктугу жана шариаттан баш тартуу турат.

Мына ушундай шартта, эй, аалымдар, силердин ролуңар элди акыйкатка жетелеп, жалганга каршы туруу. Бул милдеттен качууга силердин акыңар жок. Үммөт силерден туура жолду көрсөтө турган жетекчи болууну, өз диниңерге жана Үммөтүңөргө берилгендигиңерди далилдөөнү күтүп жатат.

Оо, урматтуу аалымдар!

Бүгүнкү күндө фитналар, карама-каршылыктар, бөлүнүүлөр жана ыдыроолор барган сайын күчөп жаткан заманда, батылды жайылткан бузгунчу системалардын кысымында турган учурда, силер шариатты жана акыйкатты коргоодо алдыңкы сапта болушуңар керек. Бул доордо силердин жоопкерчилигиңер абдан чоң: шариаттын сакчылары болуп, Үммөттү акыйкат жолго баштап, өзгөрүү жолдорун шарият негизинде үйрөтүү.

Үммөт аалымдар унчукпай калганда унчукпай калат. Бирок эгерде аалымдар сүйлөп, акыйкатты көрсөтүшсө, Үммөт аларды ээрчийт. Силер пайгамбарлардын мураскорлору болуп, акыйкатты түшүндүрүү, шариатты баяндап берүү жана батылды четке кагуу милдетин көтөргөндөрсүңөр. Үммөттү коркунучка салып жаткан жамандыктарды көрүп туруп, кайдыгер болууга силердин акыңар жок.

Пайгамбарлар (عليهم السلام) жер жүзүндө даават жана адилеттүүлүктү орноткон болсо, бүгүнкү күндө ошол милдетти көтөрүп, Үммөттү бийиктикке жана жетекчиликке алып чыга турган, аларга туура менен жаңылышты айырмалоону үйрөтө турган адамдар биздин аалымдар болушу керек.

Аллах Таала Куранда аалымдар жакшылыкка буйруп, жамандыктан кайтаруучулар жана Үммөттү акыйкат жолго баштоочулар экенин ачык айтып берген. Аллах Таала мусулман Үммөтүнө жакшылыкта жана такыбалыкта жардамдашууну, жалгандык кандай формада болбосун — пикирлер, саясат же коом аркылуу келсе дагы — ага каршы туруу фарз экенин буйруган.

Аллах Таала айтат:

{تَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنْكَرِ وَتُؤْمِنُونَ بِاللَّهِ}

«Силер жакшы иштерге буюрасыңар, жаман иштерден кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер».

Жакшылыкка буйруу жана жамандыктан кайтаруу жалпы Үммөттүн милдети. Бирок, бул иштерди жетектөө, баштап чыгуу Үммөттүн аалымдарына таандык. Силер жакшылык менен жамандыкты шарият негизинде айырмалаган илимге ээ адамдарсыңар. Ошондуктан зулум

жана бузгунчу башкаруу системаларына каршы күрөштө силер биринчи катарда болушуңар керек.

Аалымдардын батылга каршы турушу диний жоопкерчилик, андан баш тартууга болбойт. Силер Үммөттүн имамдарысыңар, шариаттын сакчыларысыңар. Бүгүнкү күндө Ислам Үммөтү силерге абдан муктаж, силердин акыйкатты түшүндүрүп берүүңөргө, туура жолду көрсөтүүңөргө муктаж. Ким мусулмандардын ишине кайдыгер болсо, ал алардын катарынан эмес.

Үммөт жер жүзүндө кайрадан Аллахтын динине ээ болуу үчүн аалымдар өз жетекчилик ролуна кайтышы керек. Алар Үммөттү Халифалыкты тикелөөгө, Ислам шариатын толук кандуу ишке ашырууга жана аны дүйнөгө даават жана жихад аркылуу жайылтууну баштоого милдеттүү.

Оо, аалымдар!

Диниңердин мечиттер менен ибадаттарга гана чектелип калышына ыраазы болбогула. Биз, Хизб ут-Тахрир партиясы, Аллах Тааланын:

{وَتَوَاصَوْا بِالْحَقِّ وَتَوَاصَوْا بِالصَّبْرِ} (Аср, 4)

«...жана жакшы иштер кылган, бир-бирлерине акыйкат** (жолду) **осуят кылган жана бир-бирлерине** (ушул акыйкат жолдо) **сабыр кылууну осуят эткен заттар» деген сөзүнө ылайык, силерди Набий ﷺ жолунда экинчи рошид Халифалыкты куруу үчүн биз менен бирге аракет кылууга чакырабыз.

Бул Халифалык — Исламга мурункудай улуулугун кайра алып келген, акыйкатты жер жүзүнө жаюу мүмкүнчүлүгүн түзгөн жалгыз система. Аллах Таала айткандай:

{هَذَا بَلَاغٌ لِلنَّاسِ وَلِيُنذَرُوا بِهِ}

“Бул** (Куран) **адамдар эскертилүүлөрү жана** (Аллах) **Жалгыз Кудай экендигин билүүлөрү үчүн** (Аллах тарабынан түшүрүлгөн) **бир аят-кабар”. (Ибрахим: 52). ❑

ААЛЫМДАРДЫН БИЙЛИГИ ЖАНА ИСЛАМ ҮММӨТҮНҮН ЖАНДУУЛУГУ

Исам аш-Шейх Ганим – Палестина

Жер жүзүндөгү калктар жалпысынан алганда илимди жана аалымдарды урматташат. Европадагы Ренессанс доорундагы Батыш аалымдары илим жана астрономия жаатындагы пикирлери үчүн куугунтукка алынганы менен, алардын ойлору элдин нааразычылыгын туудуруп, феодализм менен чиркөө бийлигине каршы чыккан төңкөрүшкө түрткү болгон. Бирок ал доордогу аалымдардын ар биринин алардын жолун жолдогон шакирттери жана ээрчигендери болгон эмес.

Ал эми Ислам Үммөтү башка элдерден өзүнүн маданияты аркылуу жаралган өзгөчө жандуулугу менен айырмаланып турат. Исламда аалымдардын таасири таптакыр башкача. Аалымдардын таасири элге бийлик кылган даражага жетип, өкүмдарлар алардын сөзүнөн чочулашып, катуу эсептешүүгө аргасыз болушкан. Бул өзүнчө көңүл бурууга арзый турган маселе.

Бул маселени түшүндүрүү аркылуу биз Исламдагы жашоонун бир тарабын ачып, мурун жүз жылдар бою чыныгы мамлекет катары жашап келген Ислам Үммөтүнүн негизги тирөөчтөрүнүн бирин ачыктайбыз. Азыр болсо ал мамлекетти кайра калыбына келтирүү үчүн аны архитектордук план сыяктуу элестетип, кышты кынап, куруу керек. Биз бул бөлүмдө Үммөттөгү аалымдардын таасири астында Ислам жашоосу кандайча калыптанганын чагылдырабыз.

Хадисте мындай деп айтылат:

«صِنْفَانِ مِنْ الناس إِذَا صَلَحَا صَلَحَ النَّاسُ، وَإِذَا فَسَدَا فَسَدَ النَّاسُ: الأُمَرَاءُ وَالْعُلَمَاءُ»

«Эки түрдүү адамдар бар, эгер алар оңолсо, эл да оңолот, эгер алар бузулса, эл да бузулат. Алар — башкаруучулар жана аалымдар».

Аалымдар жана дааватчылар Үммөттөгү динди алып жүрүүчүлөр. Алар динде айтылган нерселерди элге жеткирип, карманууга жана турмушта колдонууга чакырышат. Бул Ислам Үммөтүнө гана таандык өзгөчөлүк. Анткени башка элдерде мыйзамдарды жана өкүмдөрдү карманууга үндөгөн дааватчылар бул даражада таасирдүү эмес. Азыр Ислам Үммөтү төмөндөп кеткен учурда да башка элдердеги аалымдарга караганда Ислам аалымдарынын таасири кыйла күчтүү.

Адамдар динди бийликтен эмес, аалымдардан үйрөнүшөт. Алар аалымдар аркылуу динди кабыл алышат. Ошондуктан аалымдардын Үммөт арасындагы орду — улуу даража. Бул даража Куранда Аллах Тааланын аларды макташы менен бекемделген. Пайгамбарыбыз ﷺ аларды "الْعُلَمَاءُ وَرَثَةُ الْأَنْبِيَاءِ" "**Аалымдар — пайгамбарлардын**

мураскорлору” деп сыпаттаган. Ошондуктан мусулмандар ар кандай турмуштук маселелерде аалымдарга суроо берип, алардын пикирине кайрылып келишет. Бул Ислам маданиятынын өзөгүнө айланган, Үммөт башынан өткөн эң оор учурларда да таштабай келген салт. Мунун натыйжасында аалымдар элге – падышага тете деңгээлде – чыныгы жол көрсөткөн жетекчи катары кабыл алынган.

Аалымдар Үммөт ичиндеги Исламдын башчылары. Алар жакшы иштерди жайылтып, элди ага үндөшөт. Алар эң биринчи болуп бузулууларды байкап, анын очогун көрсөтүшөт жана кайдан чыкканын аныкташат. Ушундай жол менен алар элди зулумдуктун тамырын кыркууга үндөшөт. Ошентип, алар диндин алып жүрүүчүлөрү жана Үммөттүн элитасы, көзүнүн кареги болуп саналат.

Ислам Үммөтү аалымдарды диндин тиреги катары көрөт. Алар менен диндин ортосунда айырма койбойт. Ошондуктан аалымдардын иши өтө так жана жоопкерчиликтүү. Алар бузулса, Үммөт да бузулат, анткени бул өкүмдарлардын бузулушуна барабар.

Өкүмдарлар Аллахтын өкүмдөрүн жер бетинде ишке ашырса — бул улуу иш. Абу Хурайра رضى الله عنه Пайгамбарыбыздан ﷺ мындай хадисти риваят кылган:

«إِقَامَةُ حَدٍّ فِي الْأَرْضِ خَيْرٌ لِأَهْلِهَا مِنْ مَطَرِ أَرْبَعِينَ لَيْلَةً»

«Жер жүзүндө бир хадды (Аллахтын мыйзамын) **аткаруу ошол жердеги эл үчүн кырк түндүн жаанынан да артык».**

Ошондуктан, аалымдар башкаруунун туура жүрүшүн, падышалардын ишин көзөмөлдөп турушу жана ар дайым аларды жоопко тартууга даяр болуусу абзел. Аалымдардын элге тийгизген таасири дал ушул көзөмөл аркылуу жүзөгө ашат. Бул жөн гана майда маселе боюнча берилген фатвалар эмес. Жада калса, ошол фатвалардын өзү да элге таасир этет жана аалымдардын падышаларга карата жылуулугуна жараша эл да реакция кылат.

Эгерде биз тарых аркылуу карап чыксак, Ислам мамлекети өз тарыхында, айрыкча халифалар доорунун башында башкаруучулары аалымдар болгон өзгөчө учурду башынан өткөргөн. Алгачкы доордо, Хулафаи ар-Рашидин башкаруусу учурунда башчылар өздөрү аалымдар болушкан. Андан кийин келген таабийиндерден да көптөгөн инсандар өкүмдар же халифа даражасына жетип, ошол эле учурда илимде жогорку деңгээлде болушкан.

Бирок кийинчерээк дүйнө кумарлары, бейкапар жашоо жана жыргалчылык жайыла баштады. Натыйжада бийлик аалымдардан башка

адамдардын колуна өтүп, бул өзгөчө доор аяктады. Бул өзгөрүүдөн кийин аалымдар да эки топко бөлүнүштү:

Биринчи топ — илимин даңк жана байлык үчүн колдонгондор.

Бул топтогулар өз илимин бийликтин жакшылыгына жетүү үчүн пайдаланган. Алар башкаруучунун каалаганын халал кылып берип, Аллахтын өкүмдөрүн жеңилдетип көрсөтүшкөн. Улуу аалым Шихабуддин ал-Карафи (хижрий 684-жылы каза болгон) мындай аалымдар тууралуу эскертет:

"ولا ينبغي للمفتي إذا كان في المسألة قولان أحدهما فيه تشديدٌ والآخَر فيه تخفيف: أن يُفتي العامَّة بالتشديد، والخواصَّ من ولاة الأمور بالتخفيف، وذلك قريبٌ من الفسوق والخيانة في الدين، والتلاعب بالمسلمين، ودليلُ فراغ القلب من تعظيمِ الله".

“Эгер маселенин бири катаал, бири жумшак көз карашы болсо, муфтий элге катуусун айтып, ал эми башкаруучуларга жумшагын айтса, бул — динге кыянат, мусулманды шылдыңдоо жана жүрөктө Аллахты улуктай билбегендин белгиси”.

Бул топтогу аалымдар башкаруучунун өлүмү менен кошо жок болушат. Алгачкы Ислам доорунда болжол менен үч кылымдай аалымдардын иши көбүнчө жеке мүнөздө болгон. Илимди Аллахка жакындоо үчүн үйрөнүшчү. Бирок кийинчерээк мамлекет белгилүү бир мазхабды расмий түрдө кабыл алганда, аалымдар менен бийлик ортосундагы мамиле жамааттык деңгээлге өттү. Андан да кийин бул байланыш расмий мекемелер деңгээлине чейин көтөрүлдү. Бул байланыш миң жылдан бери улануууда. Бүгүнкү күндө башкаруучулар аалымдарды расмий кызматтарга: хутба айтууга, имамдыкка, азанга, сабак берүүгө коюп, сарайларын көрктөндүрүп, Үммөт алдында пропаганда жүргүзүүгө дайындашат. Бул — бийликке кызмат кылган расмий аалымдар.

Экинчи топ пайгамбарлардын мураскорлору.

Алар Акырет үчүн илим талап кылгандар. Алар башкаруучуну оңдоодо Үммөттүн алдыңкы сабында тургандар. Ислам тарыхы мындай аалымдарга бай. Алар:

«لَا طَاعَةَ لِمَخْلُوقٍ فِي مَعْصِيَةِ الْخَالِقِ»

«Жаратуучуга каршы келген нерседе эч бир жаралганга баш ийүү болбойт» деген Пайгамбарыбыздын ﷺ хадисин ураан кылышкан.

Алар башкаруучу шариаттан чыкса, аны сындаган, кээде ачык каршы чыккан, керек болсо куралдуу көтөрүлүшкө да катышкан же аны жетектеген. Себеби алар башкаруучунун ачык кафирлигине күбө болушкан. Бул аалымдар дин илимин жайылтуу менен гана чектелбестен, элдин ой-пикирин калыптандыруу, коомдук пикирди түзүү, Үммөт

ичинде жана башкаруучунун алдында маселелерди козгоо менен да активдүү рол ойношот.

Мына ушул аалымдар элге илим негизинде бийлик жүргүзгөндөр. Коом алардын пикирине жана кайраттуулугуна жараша башкаруучуга болгон мамилесин аныктайт. Өкүмдарлар алардан коркушат, жакын болууга аракет кылышат. Бирок бул аалымдар бийликтен качышат. Алардын көбү башкаруучудан шектенсе, белек-бечкек, кызмат сунушун четке кагышат.

Ислам тарыхы ушундай аалымдардын нуру менен жаркырап турат. Мисалы, атактуу аалым Имам ал-Газзали (хижрий 505-жылы каза болгон) бийликтен алыс болууну катуу эскертип:

“Эгерде аалымдар башкаруучуга барып, ага кызмат кылып, мактап, анын максаттарына жардам берип, сарайында чогулуп, аны жакшы көргөнүн көрсөтүшпөсө, аларга бир да тыйынчалык урмат кылынбайт эле”, - деген. Жана дагы:

"فمن استجْرأ على أموالهم وشبّه نفسه بالصحابة والتابعين فقد قاس الملائكة بالحدّادين".

“Ким муну кылып, өзүн сахабаларга жана табииндерге теңесе, анда ал перишителерди темирчиге теңептир”, - деген.

Тааж ад-Дин ас-Субки (хижрий 771-жылы каза болгон) мындай деген:

"إنما يُتلف السلاطينَ فسقةُ الفقهاء، فإن الفقهاء ما بين صالح وطالح، فالصالح غالبا لا يتردد إلى أبواب الملوك، والطالح غالبا يترامى عليهم، ثم لا يسعه إلا أن يجري معهم على أهوائهم ويهوّن عليهم العظائم، ولَهُوَ على الناس شر من ألف شيطان، كما أن صالح الفقهاء خير من ألف عابد".

“Султандарды бузгандар — фасык аалымдар. Аалымдар экиге бөлүнөт: салихтер жана фасыктар. Салих аалымдар көбүнчө падышалардын эшигине барбайт, ал эми фасык аалымдар аларга умтулушат. Алар падышанын арзуусуна ылайык аракет кылып, чоң күнөөлөрдү жеңил көрсөтүшөт. Мындай аалым элге миң шайтандан да жаман. Ал эми салих аалым миң ибадат кылуучудан да жакшы”.

Бул аалымдар башкаруучунун белек-бечкектерин жана акчалай жардамдарын четке кагышкан жана өзүнүн көз карандысыздыгын сактап калуу үчүн соода менен алектенишкен. Мисалы, хижрий 150-жылы каза болгон Имам Абу Ханифа халифа аббасий ал-Мансурдун казы болуу сунушун четке каккан. Себеби ал «султандын акчасынан качып жүргөн» адам болгон. Ал өзүнүн илимий көз карашы менен турумун эркин сактап калуу үчүн жибек соодасы менен алектенген.

Ошондой эле Суфьян ат-Саври да зайтун майы менен соода кылган. Анын бул ишине таң калган шакиртине минтип жооп берген:

"اسكتْ! لولا هذه الدنانير لتَمَنْدَل بنا هؤلاء الملوكُ"، أي لجعلونا كالمناديل يستخدمونها ثم يرمونها".

«Үн катпа! Бул динарлар болбосо, падышалар бизди жуунгуч каражаттай колдонуп, кайра ыргытып салышмак» - деп зекип койгон.

Имам ал-Байхаки «Шу‘аб ал-Ийман» (Ыймандын бутактары) аттуу эмгегинде Суфьян ат-Савриден мындай сөздү риваят кылат:

"إذا رأيتَ القارئ يلوذ بالسلطان فاعلم أنه لصّ، وإذا رأيته يلوذ بالأغنياء فاعلم أنه مُراءٍ، وإياك أن تُخدع فيقال لك: تردّ مظلمة وتدفع عن مظلوم، فإن هذه خدعة إبليس اتخذها القرّاء سُلّماً".

«Бир Куран окуучунун (аалымдын) падышага жабышып жүргөнүн көрсөң, билип кой, ал – ууру. Эгер байларга жага берсе, билип кой, ал – риячы. Сак бол, сени: “Зулумду токтотуп жатасың же зулумга учурагандарды коргоп жатасың” деп алдашпасын. Бул — Ибилистин аалымдарды азгыруу үчүн койгон капканы».

Ас-Саври падышага жакын барууну Аллахтын жазасы катары сыпаттаган. Ал мындай деген:

"إذا لم يكن لله في العبد حَاجَةٌ نَبَذَهُ إلى السلطان".

«Эгер Аллах бир кулун керексиз деп тапса, аны падышага ыргытат (жакын кылат)».

Кээ бир аалымдар болсо, илимге толук берилүү үчүн байлар менен такыбалар вакф кылган каражаттардын жардамында жашоо өткөрүшкөн. Бул байлар мектептерди куруп, аларды багып, илим жолундагыларга жардам берип, Аллахтын ыраазылыгын издеп иш кылышкан. Ушундай аалымдар падышанын белектерине өтө сактык менен мамиле кылышкан.

Имам Из ибн Абд ас-Салам (хижрий 660-жылы каза тапкан) бул жагынан өтө катуу позицияда турган. Ал коомдук иштерде Үммөт пайдасына болгон маселе үчүн башчылар менен ачык каршылашып турган. Ошондуктан ага «аалымдардын султаны» жана «падышаларды саткан адам» деген лакаптар берилген.

Хижрий 666-жылы Мамлюк султаны аз-Захир Бейбарс монголдорго каршы жихад жүргүзүү үчүн Шам элине салыктарды жүктөп, факихтерден уруксат (фатва) алып, бул салыктарды негиздөөгө аракет кылган. Бирок Имам ан-Навави бул фатваларга каршы чыгып, падышага чындыкты бетке айткан. Падыша андан себебин сураганда, Навави минтип жооп берген:

"أعرِفُ أنك كنت مملوكاً للأمير علاء الدين البندقدار، وليس لك مال، ثم يسّر الله لك أمراً على المسلمين فوليت الملك، وسمعت أن عندك كذا ألف مملوك، كلُّ مملوك منهم حياصته (أي حزام سرج فرسه) بألف دينار، وعندك مئتا جارية، كل جارية عندها صندوق حُلِيّ يزيد على عشرة آلاف دينار، فإذا أنفقت ذلك كله أفتي لك بجواز أخذك المال من الرعية".

«Сени мурун Аллауддин ал-Бандакдардын кулу болгонсуң деп билем. Эч кандай байлыгың жок болчу. Анан Аллах сага мусулмандардын башына бийликти берип койду. Угушума караганда сенин миңдеген

кулдарың бар, алардын ар биринин жабдуулары миң динар турат. Жүздөгөн күңдөрүң бар, ар биринин зер буюмдары он миң динардан ашат. Эгер ушунун баарын сарптап бүтсөң, анан гана элден акча алууга фатва берем».

Ким бул аалымдардын бекем турумун жана башкаруучулардан алыс болууга жасаган аракеттерин кененирээк билгиси келсе, Имам Шамсуддин аз-Захабинин «Сийар Аълам ан-Нубалаа» (Улуу адамдардын өмүр баяндары) аттуу эмгегинин жаркын баракчарын окуп чыгуусу керек.

Белгилей кетүүчү маанилүү нерсе, эгерде мамлекет же башкаруучу илим жана аалымдар үчүн каражат жумшаса, мында эч кандай күнөө жок. Бирок бул Пайгамбардын ﷺ халифаларынын доорундагыдай мамлекет болушу керек. Анткени алардын мындай чыгымдары өз ишин актоо үчүн эмес болчу, алардын иштеринин өзү эле ак болчу. Алар бул акчаны илимди жана аалымдарды колдоо үчүн, Аллахтын ыраазылыгы үчүн жумшашчу.

Дагы бир маанилүү нерсе, саясий бийликтен обочороок болууну туура көргөн фыкх аалымдары коомдук иштерден эч качан четте калышкан эмес. Эл ар кандай оор кырдаалда ушул аалымдарга кайрылып турган. Ислам тарыхында алар ар дайым кедейлердин жана зулумдуктун курмандыгы болгон адамдардын тили болуп келишкен. Бул алардын бийликке карата моралдык жазасын билдирчү.

Ошентип, аалымдар менен саясий бийликтин ортосундагы бул аралык башкаруучунун такыбалыгына жараша өзгөрүп турган. Бул Исламдын берекелүү топурагында табигый жана бекем өсүп чыккан нерсе болчу. Анткени Үммөт аалымдардын позициясын, жашоо образына карата мамилесин ар дайым көзөмөлдөп турган. Аалымдардын динге бекемдиги жана Аллах жолундагы тайманбас позициясы элге терең таасир кылган. Ошондуктан, руханий аалымдар өз көз караштарын Аллахтын ыраазылыгы үчүн таптаза, ак ниет кылып айтууга аракет кылышкан. Себеби бул пикирлер Үммөткө өткөндө, алардын сообу да чоң жана кеңири болот. Ыймандуу аалымдар муну терең түшүнүп, Үммөт алдындагы ордун жана ролун жакшы билишет.

Бул аалымдардын бийликке таасири, айрыкча башкаруучуларды туура жолго салууда абдан күчтүү болгон. Алардын бул таасири башкаруучунун бузулушун ачык-айкын айтып чыгуудагы тайманбастыгы менен өлчөнөт. Аалымдар бузукулук же кайдыгерликти биринчи болуп байкап, элге аны убагында жеткирүүгө аракет кылышкан. Себеби эгер бул илдет элге кеңири жайылып, кадимки көрүнүшкө айланып кетсе, аны

жоюу кыйыныраак болуп калат. Бүгүнкү күндө айрым башкаруучулардын мураска калган бузукулугу дал ушул себептен тамыр жайып кеткенин көрүп жатабыз.

Аалымдардын Үммөттөгү чыныгы күчү мына ушунда: башкаруучу элди алдап, өзүнүн бузгунчулугун жашыра албайт, анткени элдин ичинде ачык айтып, акыйкатты жар салган тоодой аалымдар турат. Бул илим ээси болгон күчтүү топтун саясий мааниси ушунда. Үммөт үчүн башкаруучуну алмаштыруу аалымдарды жок кылуудан кыйла жеңил. Себеби аалымдар көп, ар түрдүү жана эл аларды диндин башаты, күнүмдүк турмушунда керек болгон өкүмдөрдүн булагы катары көрөт.

Аалымдардын Үммөт ичиндеги илимий бийлигинин даражасына байланыштуу эске алууга тийиш болгон маанилүү нерселердин бири — Хизб ут-Тахрирдин «Исламий шахсия» (الشخصية الإسلامية) аттуу эмгегинде келтирилген: Халифа кайсы бир шаръий өкүмдү табанний кылып, аны расмий кабыл алса, ошол өкүмдү халифанын буйругу катары колдонууну гана билдирет, бирок башка аалымдардын пикирлерин жокко чыгарбайт.

Тактап айтканда, аалымдар башкаруучунун тандоосуна каршы келген пикирлерин Үммөт арасында жайылта беришет, элге үйрөтө беришет, бирок, ошол эле учурда элге башкаруучунун тандоосун колдонууга чакырышат. Бул жагдай, албетте, зонний мүнөздөгү маселелерде (б.а. зонний далилдерге таянган ижтихаддарда) гана орун алат. Бүгүнкү күндөгүдөй шариятты толук четке кагуу менен эч кандай байланышы жок.

Бул тажрыйбанын Үммөттөгү таасирин жакшылап карасак, эгер башкаруучу кайсы бир аалымдын же өзүнүн ижтихадына таянып, шаръий өкүмдү кабыл алса, бирок ал пикир далил жагынан алсыз болсо, ал ошол маселеде өзүн оор абалда табат. Себеби эл аалымдар мечиттерде ошол чечимге каршы болгон күчтүү пикирлерди окутуп, жайылтып жатканын көрүп турат. Элдин илимдүү бөлүгү же шариатка жакын жүргөндөр, бул башкаруучунун чечимин начар деп эсептешет.

Мындай пикирлер көбөйгөн сайын, элдин башкаруучуга болгон ишеними солгундайт жана анын бийлигине карата сый кете баштайт. Бул башкаруучуну элдин сынын азайтуу жана өзүнүн бийлигин сактап калуу үчүн шариаттын күчтүү далилдерине таянууга аракет кылуусун мажбур кылат.

Натыйжада, аалымдардын илимий бийлиги бул тек гана символикалык нерсе эмес, чын эле сезилүүчү, натыйжалуу таасир болот. Себеби Ислам Үммөтүндө аалымдар көп, мечиттерде илим отурумдары

үзгүлтүксүз өтүп турат. Окуучуларга уламалардын ар түрдүү пикирлери далилдеринин күчүнө жараша окутулат.

Башкаруучу алсыз далилге таянган мыйзам чыгарса, бул оңой эле элдин күчтүү каршылыгына кабылат. Ошентип, эл башкаруучунун чечимин колдонууга милдеттүү болгону менен, ошол эле учурда ал чечимди кайра кароо жана сынга алуу укугуна да ээ. Башкаруучу ар дайым коомдук кысымга кабылат, бул кээде ачык баш ийбестикке же реформаларга алып келет.

Бул кысымдардын баары аалымдардын илимий бийлигинен келип чыгат. Алардын коомго тийгизген таасири Батыштагы "төртүнчү бийликтен" да (медиадан да) күчтүү. Бул — Ислам Үммөтүнө гана таандык өзгөчөлүк.

Ислам илимге болгон терең сый-урматты жайылткан жана аалымдарды пайгамбарлардын мураскорлору катары өзгөчө даражага көтөргөн. Бул адат жана урматтоо маданияты шариаттын өзүндө бекемделип, Үммөттүн такыбалыгы жана акыйдасы менен бекем сакталат. Эл аалымдардын артынан ээрчүүсү сооп жана бейишке болгон үмүт үчүн, Аллахтын ыраазылыгына жетүү жолу болот. Бул мотивация мыйзамдан да, падышанын жазасынан да күчтүүрөөк.

Аалымдардын Үммөттөгү бийлиги бул көчмө же убактылуу нерсе эмес, бул тамыры терең өзгөчөлүк. Бул бийликти илимге болгон урмат жана Ислам тарбиясы жараткан. Демек, Ислам мамлекети тикеленгенден кийинки биринчи милдеттердин бири — шаръий илимдерди жайылтуу жана аалымдардын ордун улуктоо. Анткени эгер падыша бузулса, бизди коргой турган коргон да аалымдар болот. ❑

ААЛЫМДАР «АЛ-АКСА ТАШКЫНЫ» ОКУЯСЫНДА ЖАНА ҮММӨТ МАСЕЛЕЛЕРИНДЕ ӨЗДӨРҮНӨ ЖҮКТӨЛГӨН МИЛДЕТТИ АТКАРА АЛЫШТЫБЫ?

Амир Абу Риш – Палестина

«Ал-Акса ташкыны» операциясы башталгандан бери айрыкча Палестина элинин, жалпысынан Үммөттүн көңүлү Үммөттүн жандуу жана таасирдүү күчтөрүнө бурулду. Элдин үмүтү бул күчтөрдүн Газага жана бүтүндөй Палестинага жардам берүү үчүн аракетке келүүсү болчу. Анткени, Газа элине каршы жасалып жаткан нерсе бул ашкере геноцид, аны яхудий мамлекети эл аралык системанын башында турган Американын колдоосу менен жүргүзүп жатат. Ал эми мусулман өлкөлөрүндөгү башчылар буга шексиз шерик болуп беришүүдө.

Бул күчтөрдүн башында мусулман аалымдары, алардын кеңештери жана илимий мекемелери турат. Мусулмандар өз аалымдарына багыт издеп, колдоого муктаж болгон балдар сыяктуу карашат. Алар аалымдардан тууганларын кантип коргоо керектигин гана эмес, бүткүл Үммөттү алсыздыктан, бөлүнүүдөн жана көз карандылыктан кантип куткаруу жолун да көрсөтөт деп күтүшөт. Анткени алар аалымдар өз милдеттерин аткаруу менен гана кутулуп, даражаларын көтөрө алышаарын так билишет. Ал эми бул милдет Аллахтын буйругуна баш ийүү жана Пайгамбарыбыздын ﷺ сүннөтүн ээрчүү менен гана ишке ашат. Аалымдар пайгамбарлардын мураскорлору экенин Пайгамбарыбыз ﷺ өзү билдирген. Аллах Таала да аалымдардын даражасын илим менен көтөргөн:

﴿إِنَّمَا يَخْشَى اللهَ مِنْ عِبَادِهِ الْعُلَمَاءُ﴾

«Аллахтан пенделери арасындагы аалым – билимдүүлөр гана коркот. Шек-күмөнсүз Аллах Кудуреттүү, Кечиримдүү». **(**Фатир: 28).

Жана:

﴿قُلْ هَلْ يَسْتَوِي الَّذِينَ يَعْلَمُونَ وَالَّذِينَ لَا يَعْلَمُونَ ۗ إِنَّمَا يَتَذَكَّرُ أُولُو الْأَلْبَابِ﴾

«Айткын: «Билгендер менен билбегендер тең болобу?!» Акыйкатта жалаң акыл ээлери гана үгүт насаат алышат». (Зумар: 9).

Мусулмандар аларга абдан муктаж. Анткени кайсы бир маселеде түшүндүрмө жана багыт берүү керек болсо, эл аалымдарга кайрылат. Алар элге өз милдетин кандай аткаруу керектигин жана тууганларына кантип жардам берүүнү үйрөтүшү керек.

Бирок бул тарыхый учур менен улуу күрөштө «аалымдар» төрт түргө бөлүндү:

Биринчи топ: башчылардын позициясын кайталап, алардын айтканынан чыкпай, Аллахтын ыраазылыгын эмес, бийликтин ыраазылыгын эңсеген аалымдар. Алардын айрымдары Газадагы мусулман мужахиддерди колдоо арам деп фатва чыгарышып, "алар башкаруучуга каршы чыгып жатышат", "акыйдасы бузук", же болбосо "жоопкерчиликсиз аракет кылышууда" деген сыяктуу шылтоолорду айтып чыгышты. Кээ бирлери алар үчүн дуба кылуу да арам деп айтканга чейин барышты. Буларга Аллахтын ушул сөзү дал келет:

﴿كَمَثَلِ الْحِمَارِ يَحْمِلُ أَسْفَارًا﴾

"Тоорот жүктөлгөн-берилген, андан соң аны көтөрө албаган *(тактап айтканда, анын көрсөтмөлөрүнө баш ийбеген)* ***кимселер*** *(яхудийлер)* ***дал китептерди көтөрүп кетип бараткан эшекке окшойт****"*. (Жума: 5).

Булардын жүрөгү бекем жабылган көрүнөт, алар башчыларын гана көрөт. Алар аманатка чоң кыянат кылышты. Эгер каалашса, алар үчүн тообонун эшиги дагы деле ачык.

Экинчи топ: унчукпагандар. Алардан эч кандай үн чыкпады, бул коркуу же дүнүйөгө кызыгуу себебинен болууда. Алардын кээ бири түрмөгө түшүп калуудан, кыйноодон же жумуштан айрылуудан коркуп унчукпай жатса, айрымдары башчылардан бир пайда табамбы деп үмүттөнүшөт. Булардын илими бар болсо да, аманатты аткарышкан жок. Баары Аллахка таандык, акыйкатты айтуудан өлүм жакындап же ырыскы кемибейт экенин алар түшүнүшкөн жок. Биз аларга кеч боло электе тообо кылууну Аллахтан сурайбыз.

Үчүнчү топ: Роббаний аалымдар. Алар Аллахтын буйрук кайтарууларын ачык айтышты, Аллах үчүн эч кимден тартынбай, эч бир сындаган адамдан коркпой, дүнүйөгө кызыкпай, акыйкатты айткан адамдар. Алар элге белгисиз, маалымат каражаттарына чыкпаган же болбосо түрмөлөрдө отурушкан азчылык эле. Алар аманатты толук түрдө аткарышты. Ошондуктан алар куугунтукка алынышты, сыналышты, бирок сабыр кылышты. Аллах аларды Үммөт атынан эң жакшы сыйлык менен сыйласын!

Төртүнчү топ: алар да өз позициясын билдиришти, бирок толук эмес. Алар кээ бир маселелерди ачык айтышты, ал эми айрымдарын унчукпай коюшту. Алар чоң жолду басып өтүштү, бирок акыркы максатка жетишкен жок. Алар негизги көңүл буруучу топ. Себеби Үммөт алардан үмүт кылууда жана аларда жакшылыктын башталышы байкалып турат. Ошондой эле, бул топ маалымат каражаттарында эң көрүнүктүү болгон жана Үммөт менен эң көп байланышта болгондор.

Бул топтун кандай деңгээлге жеткенин көрсөтүү үчүн мисал келтиребиз. Бул топтогу аалымдардын айрымдары жана алардын кеңештери, «Аль-Акса ташкыны» операциясына чейин айтылбаган фатваларды чыгара башташты. Алар Газаны жана анын элин жан менен жихад кылып колдоо Үммөт үчүн парз экенин айтышты. Мурун мындай фатвалар жок болчу, болгону акчалай жардам, саясий, дипломатиялык же маалымат аркылуу колдоо гана айтылып келчү.

Алар палестиналыктар жалгыз өздөрү жетиштүү эместигин айтып, армияларды кыймылга келтирүү фарз экенин билдиришти. Мужахиддерди, Газаны сактап турган сабырдууларды макташты. Мусулмандарды аларга үлгү алууга чакырышты. Яхудий мамлекети менен нормалдашуу кыянат экенин айтышты. Аларды акча, азык-түлүк же курал-жарак менен камсыздоо мусулман канына шерик болуу экени жөнүндө фатваларды чыгарышты. Газаны курчап, элди ачкалыкта калтырууну арам деп чыгышты. Мусулмандарды, туугандарын колдоодон тосуу да арам экенин айтышты.

Алар бул милдет башчылардын да, карапайым элдин да, армиянын, аалымдардын жана маалымат кызматкерлеринин да мойнунда экенин белгилешти. Эч ким бул милдеттен бошотулган эмес дешти. Алар Палестинаны толугу менен бошотуу шариаттык милдет экенин билдиришти. Палестина толугу менен Ислам жерине кирет, аны эч ким, ким болбосун, яхудийлерге берүүгө же алардын ээлигин таануууга акысы жок дешти. Кээ бирлери аскерлер башчыларга баш ийбөөгө милдеттүү дешти. Азыр кыргынга учурап жатышканы белгилүү болуп турганда, алар мусулмандарга жардам берүүгө тыюу салып жатышат деп ачык айтышты.

Бул фатвалар «Аль-Акса ташкыны» башталгандан тартып айтылып баштаган чоң жана маанилүү кадам болду**.** Бирок, бул кадам ошол бойдон токтоп калды. Башында кеңири таралып, үн катылып турган болсо да, кийин кайра унчукпай калышты. Алардын үнү бийик чыгып, анан кайра жоголуп кетти. Эң негизгиси, бул фатвалар иш жүзүндө эч кандай жыйынтык берген жок: Армиялар кыймылга келген жок, Үммөт көтөрүлүп чыкпады, Газа туугандары тарабынан колдоого алынган жок, Палестина бошотулган жок. Эмне үчүн мындай болду?

Аалымдардын фатвалары Үммөт менен армиялардын чогуу аракеттенишине жол ачпаганынын себептерине өтүүдөн мурун Түркияда 2024-жылдын май айында өткөн “Ал-Акса ташкынына арналган аалымдар жыйынында” көтөрүлгөн бир маанилүү суроону эскерүү

пайдалуу болот. Ал жыйында доктор Мухаммад Илами чогулган аалымдарга кайрылып мындай деген:

«Биз "Ал-Акса ташкынындагы" аалымдардын ролу тууралуу сөз кылып жатканда, элдер дээрлик башчылардан жана системалардан үмүтүн үзүштү. Азыр алардын алдында жалгыз жол көрсөтчү, багыт берчү жана эң негизгиси, чечим жолунда жетелөөчү аалымдар гана калды. Эми Үммөт эмне кыла алат? Жөн гана Газаны эмес, жалпы Үммөт маселелерин чечүү үчүн эмне кылышы керек? Азыр Үммөт абактагы туткундай көрүнөт, ал эми анын өлкөлөрү түрмөнүн камераларындай. Алар Газага жардам бергиси келет, Газанын катарында жихад кылгысы келет, бийик турумдарды кармангысы келет. Бирок системанын табияты, учурдагы абал, күчтөрдүн тең салмактуулугу, саясий түзүлүш, мунун баары Газаны колдоого тоскоол болуп жатат. Үммөт бул туткундуктан кантип чыгат? Бул дубалдарды кантип бузат? Бул камералардан кантип кутулат? Күчүн кантип кайрадан кайтарып алат?

Бул суроо — аалымдардын алдында турган маселени так жана кыскача чагылдырып турган абдан маанилүү мисалдардын бири. Бирок тилекке каршы, Үммөт жакшылык күткөн ошол аалымдар бул сыяктуу суроолорго ушул күнгө чейин так жооп бере алышкан жок.

Эми бул маселени суроонун негизинде так пункттар менен карасак, төмөнкүдөй абал ачык көрүнөт:

- Үммөт Палестина маселеси, диндин орношу, азаттык сыяктуу маселелерде кутулуу жана өзгөрүү жолун издеп жатат. Алар бул багытта – теориялык жактан да, практикалык жактан да – аалымдарды жол көрсөтүүчү, түшүндүрүүчү жана жетекчи катары көрүшөт.
- Бул топтогу аалымдар өздөрүнүн акыркы билдирүүлөрүндө жана фатваларында жалпы жоболорду гана айтышты. Бирок алар Үммөттүн бул жоболорду реалдуу турмушка кантип ашыруусу керектигин түшүндүрүп беришкен жок. Маселен, алар “Газаны колдоо — Үммөт үчүн фарз” дешти, бирок Үммөт бул фарзды аткарууга тоскоол болгон факторлорду кантип алып салуу керектигин айткан жок.
- Алар армиялар жихад үчүн кыймылга келиши керек экенин айтышты, бирок аскерлерге саясий же аскер жетекчилиги бул милдетке бөгөт койсо эмне кылуу керектиги боюнча эч кандай жол көрсөтүшкөн жок. Ошондой эле, бул аскерлерге түрткү болуп, аларды милдеттендирүү керектигин да түшүндүрүшкөн жок.

Жихад фарз деп айтуу жетиштүүбү? Бул нерсе ачык-айкын, баарына белгилүү болгон шаръий өкүм. Аны сабаттуу да, сабатсыз да, жаш да,

кары да билет. Аалымдар болсо бул өкүмдүү жер жүзүндө кантип ишке ашыруу керектигин деталдуу айтып бериши керек.

Алар Ислам банктарындагы келишимдер жана каржылык мамилелер боюнча фатваларды чыгарганда, жалгыз эле: “Аллах сооданы халал, пайызды харам кылды” деген аятты айтып коюшкан эмес. Тескерисинче, алар миңдеген изилдөөлөрдү, миллиондогон баракталарды жазышкан.

Эмне үчүн анда жихад сыяктуу оор жана кечиктирилгис маселеде алар ушундай эле деталдуу иш алып барышкан жок?

Бул аалымдар тобу өздөрүнүн жарыялаган фатваларына таянып так, практикалык фыкхий негиз кура алышкан жок, болгону жалпы жоболор менен токтоп калышты. Маселен, алар Палестинаны бошотуу жана Газаны колдоо башчыларга да, баш ийген элге да, аскерлерге да, карапайым жарандарга да фарз деп фатва беришти. Бирок, эгер башчылар жана жогорку даражадагы офицерлер армияны аракетке келтирүүдөн баш тартса, чек араларды жаап салса, анда эл жана аскерлер эмне кылышы керектигин так айтып беришкен жок. Ошондой эле алар "яхудийлер менен мамилени нормалдаштыруу жана аларды колдоо — чыккынчылык" деп айтышты, бирок мындай нормалдашууга барып жаткан режимдерге карата Үммөт менен аскерлер кандай мамиле кылышы керектиги боюнча да так багыт көрсөтүшкөн жок.

Бул аалымдар Үммөттү жетелеп, жетекчилик кыла турган эч кандай практикалык кадам көтөрө алышкан жок. Фатва беришкени менен, алар массалык элдик аракеттерди уюштурган жок: аскерий базалардын алдында туруктуу нааразылык акцияларын өткөрүү, башчылардын сарайларын курчоо, чек араларды бузуп өтүү, куралчан уруулар менен байланышуу жана аларды реалдуу жихад аракетине үндөө же болбосо аалымдар өздөрү нааразылык билдирүүлөрү аркылуу чоңдорго кысым көрсөтүп: "Эгер силер кыймылдабасаңар, биз силерден баш тартабыз" - деп айтуусу сыяктуу аракеттерден оолак болушту.

Бул аалымдар Үммөт, аскерлер, активисттер жана элитанын көбү “бийликке баш ийүү” фатваларынын астында кысымда жашап жатышканын билбейби? Чындап эле, алар Үммөт “жөн эле фатваларды угуп алып, жетекчисиз, жол көрсөтмөсүз дароо аракетке өтөт” деп ойлошту бекен? Элге баштагы туманды арылтып, багыт көрсөтө турган жетекчи керек экенин аңдабай жатышабы?

Бул фатвалардын көбү белгилүү бир өлкөлөрдүн ичинен чыгып, башка өлкөлөргө багытталып жарыялангандыктан**,** алардын баасы төмөндөп**,** кээде мамлекеттер ортосундагы саясий “сөз атышуу” сыяктуу эле көрүнүп калды. Бул болсо “бир режим экинчисине шылтап жатат, бир

башкаруучу экинчисин күнөөлөп жатат” деген өңүттө кабыл алынды. Ал гана эмес**,** “армияны жиберүү милдет болсо да, эгер муну кылышпаса, жок дегенде саясий, дипломатиялык, маалыматтык, каржылык жардам берсин” деген өңүттөгү сөздөр менен айрым учурда башчылар жана аскер жетекчилери негизги милдеттен бошотулуп калгандай болду.

Кээ бир аалымдар, “жихад фарз, армиялар аракетке келиши керек, Үммөт көтөрүлүшү зарыл, чек аралар ачылышы керек” деп баштаган фатваларынан кийинчерээк ачык же кыйыр түрдө артка кайтышты. Себеби, Газа калкы, мужахиддери жана жетекчилери Үммөттөн башчылар уруксат берген чакан аракеттер менен чектелип калбастан, реалдуу жардам күтүп, катуу жардам сураганда, бул аалымдар “мындай чакырыктар өлкөлөрдү туруксуздаштырат, кыйратат” деген шылтоолор менен Үммөттү аларга жооп берүүдөн кайтарышты.

Бул айтылгандардын жалпы жыйынтыгы үч негизги маселе менен түшүндүрүлөт:

1. Бул аалымдар бардык башчылардан толук кутулуп чыга алышкан жок жана бардык режимдерден үмүтүн үзүшкөн жок. Алар айрым бийликтен үмүтүн үзүшкөнү менен, айрымдарынын дасторконунан али деле жеп жатышат. Бул болсо алар үчүн башчыларга каршы чыккан же аларга каршы элди үндөгөн фатва берүүгө тоскоол болууда. Маселен, Түркияга баш багып, ошол жерде жашап жаткан бир аалым, кантип Иордания башчыларына каршы чыгууну талап кылат? Андай болсо ага: “Сен, өзүң турган бийликти айтчы!” деп турушпайбы?
2. Бул аалымдарда саясий жактан толук кандуу да, жарым-жартылай да программа жок**.** Алар бул программага жараша иш алып баруу, Үммөттөгү өзгөрүүнү ошол программа аркылуу ишке ашыруу аракетинде эмес. Алар өз ара кандай өзгөрүү керек, максат эмнеде болушу керек деген маселелерде да бир пикирге келген эмес.
3. Бул аалымдар өздөрү түзгөн же жетектеп жаткан бир да жамаатка же саясий уюмга ээ эмес. Ошондуктан, өз фатваларына жана чакырыктарына ылайык бул жамааттар аркылуу элди кыймылдатуу мүмкүнчүлүгү да жок. Эгерде араларында айрым жамааттарга мүчө же аларга таасир кыла тургандары бар болсо да, алар бул уюмдардын жетекчиси эмес, чечимди башка негиздерге таянып кабыл алган жетекчилери бар.

Жыйынтыктап айтканда, аалымдардын ар кандай фатвалары, чакырыктары, кайрылуулары же билдирүүлөрүндө Үммөттү өз башчыларынан кутулууга, бийликти кайра алууга, күчүн кайтарып, Аллахтын шариатын орнотууга, Ислам жерлерин бириктирүүгө үндөө

жана аны ишке ашыруучу реалдуу программа болбосо, ал жөн гана кагаздагы сыя бойдон калат, бош үндөн башка эч нерсе болбойт.

Бул аалымдарга тийиштүү болгон вазыйпа эки жолдун бирөөсүндө турат:

Же алар өздөрү бир жетекчилик алдында биригип, жалпы идеялар, аракеттер жана максаттар айланасында чогулуп, аныкталган программа менен Үммөттү жетелеши керек,

Же болбосо мындай программасы бар, аракет кылып жаткан жамаатка кошулуп, Үммөттү да ошол жамаатка чакырышы керек.

Эки жолдун кайсынысын тандашса да, алар элдин алдында сөзү менен да, амалы менен да, курмандыгы жана кайраттуулугу менен да үлгү болушу керек. Аллах үчүн эч бир жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркпой, залымдардын коркутуусунан, дүйнө кызыкчылыгынан же коопсуздуктун кетишинен чочулабашы зарыл. Ошондо алар илим ээлерине ылайык урматтуу орунга ээ болушат жана өздөрүнүн сообуна кошо аларды ээрчигендердин сообун да алышат, андан ээрчигендердин сообу кемибейт.

Андай болбосо, алар Аллах үчүн айтуу же аткаруу милдет болгон нерсени аткарбагандыгы үчүн жоопкер болушат, аларды ээрчиген, бирок эч нерсе кылбаган элдин күнөөсү да аларга жүктөлөт. Алар Аллах Таала:

﴿إِنَّ الَّذِينَ يَكْتُمُونَ مَا أَنزَلْنَا مِنَ الْبَيِّنَاتِ وَالْهُدَى مِن بَعْدِ مَا بَيَّنَّاهُ لِلنَّاسِ فِي الْكِتَابِ أُولَئِكَ يَلْعَنُهُمُ اللهُ وَيَلْعَنُهُمُ اللَّاعِنُونَ﴾

"Биз түшүргөн далилдер жана Хидаятта турган нерселерди адамдарга Китепте ачык-айкын кылып бергенибизден кийин аны жашыргандарды, кадиксиз, Аллах наалат кылат жана наалат кылуучулар (перишителер жана момундар) да наалат кылышат". (Бакара: 159) - дегендердин катарына кошулуп калбаса экен деп коркобуз.

Бирок биз үмүт кылабыз, алар акыйкатка кайтып, оңолуп, ачык-айкын айтып, ишке өтүшөт. Андай болсо алар тууралуу Аллах Таала айткандай болушат:

﴿إِلَّا الَّذِينَ تَابُوا وَأَصْلَحُوا وَبَيَّنُوا فَأُولَئِكَ أَتُوبُ عَلَيْهِمْ وَأَنَا التَّوَّابُ الرَّحِيمُ﴾

"Бирок кимде-ким тообо кылып, өздөрүн оңдошсо жана *(адамдарга акыйкатты)* ***ачык айтышса, мына ошолордун тооболорун кабыл аламын. Мен гана тооболорду кабыл алуучу, Мээримдүүмүн".*** (Бакара: 160). ❑

Бешинчи бөлүм: маалымат каражаттары жана анын өзгөртүү процессиндеги ролу

Заманбап саясий маалымат каражаттары тууралуу кеңири көз караштар

Медиа жана анын ыплас ролу

Батыш маалымат каражаттарынын бир тараптуулугуна каршы туруу

ЗАМАНБАП САЯСИЙ МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ ТУУРАЛУУ КЕҢИРИ КӨЗ КАРАШТАР

Ум Бадр – Палестина

Саясий маалымат каражаттары - учурдагы окуяларга же саясатка байланышкан жаңылыктарга тиешелүү маалыматтарды чогултуу, баалоо жана таратуу процессин билдирет. Саясий маалымат каражаттары дегенде саясатчылар, саясий партиялар жана мамлекеттик мекемелер коомчулук менен байланыш түзүп, элдин пикирине таасир берүү максатында колдонгон каналдар, платформалар жана мазмундар түшүндүрүлөт. Буларга телеберүүлөр, радиоуктуруулар, гезиттер, социалдык медиа платформалары, расмий сайттар, басма сөз баянаттары жана саясий жарнамалар сыяктуу түрдүү байланыш ыкмалары кирет. Жалпысынан, саясий журналистика же саясий маалымат каражаттары журналистиканын негизги тармактарынын бири болуп саналат. Бул тармак бийлик жана коомдук саясат тууралуу жаңылыктарды чогултуп, аларды талдап, элге сунуш кылат.

1. Салттуу маалымат каражаттарынан санарипке өтүү:

Мурун саясий маалымат каражаттары негизинен салттуу булактарга: басма гезиттерге, радиого жана телевидениеге таянчу. Бирок санарип дүйнөсүнүн пайда болушу менен саясий жаңылыктар окуя болор замат интернетте жарыялануучу болду, бул болсо элге маалыматты ыкчам жеткирүүгө мүмкүнчүлүк берди.

- Санарип жаңылык платформалары: веб-сайттар жана санарип жаңылык каналдары азыр саясий жаңылыктарды алуудагы башкы булактарга айланды.
- Социалдык медиа: “Икс” (мурунку Твиттер), “Фейсбук” сыяктуу платформалар саясатчылар үчүн негизги куралдарга айланып, алар медианын ортомчуларысыз эле өз билдирүүлөрүн баракчалары аркылуу түз элге жеткире алышат.

2. Өз ара аракетке негизделген маалымат каражаттарынын өсүшү:

Саясий маалымат каражаттары эми бир тараптуу маалымат берүү менен эле чектелбейт. Санарип доорунда эл да саясий талкууларга комментарий жазуу, бөлүшүү жана реакция берүү аркылуу активдүү катыша баштады.

- Түз эфирлер: саясатчылар “Фейсбук Лайв”, “Ютуб” сыяктуу куралдарды колдонуп, шайлоочулар менен түз байланыш түзүшүүдө**.**
- Саясий хэштегдер: хэштегдер азыр талкууларды багыттоонун, коомдук пикирди мобилизациялоонун жана белгилүү бир саясий маселелерге көңүл бурдуруунун куралына айланды.

3. Жасалма интеллект жана маалыматтарды талдоо ролу:

Жасалма интеллект технологиялары саясий маалымат каражаттарынын ажырагыс бөлүгүнө айланды. Алгоритмдер элдин жүрүм-турумун жана саясий жактырууларын талдоо үчүн колдонулат. Бул саясатчыларга максаттуу билдирүүлөрдү түзүүгө жардам берет.

• Максаттуу саясий жарнамалар: саясий кампаниялар шайлоочулардын жекече маалыматтарын талдап, жарнамаларын так белгиленген топторго багыттап беришет.

• Сезимди талдоо: жасалма интеллект куралдары интернеттеги саясий маселелерге болгон жалпы элдин реакцияларын анализдөө үчүн колдонулат.

4. Жалган жаңылыктар жана адаштыруучу маалыматтар:

Санарип маалымат каражаттарынын артыкчылыктары менен бирге, эң чоң кыйынчылыктарынын бири – жалган жаңылыктардын жана адаштыруучу маалыматтардын жайылышы. Санарип доорунда ушактарды жана жалган маалыматтарды социалдык медиа аркылуу тез жайылтуу мүмкүнчүлүгү чоң саясий кесепеттерге алып келүүдө.

• Маалымат согуштары: санарип платформалар кээде атайын саясий үгүт-насаат таратуу үчүн колдонулат. Бул – коомдук пикирге атайылап таасир этүү же аны калыптандыруу, фактыларды бурмалоо аркылуу элди белгилүү бир багытка түртүү же жаңжалдарды күчөтүү аракеттери.

• Фактыларды текшерүү: ушундай кыйынчылыкка жооп катары жаңылыктардын чын-калпын текшерген атайын платформалар пайда болду.

5. Шайлоо кампанияларын жана саясий мобилизацияны жеңилдетүү:

Санарип доорунда саясий кампаниялар мурдагыга караганда кыйла уюшкан жана натыйжалуу болууда:

• Санарип каржылоо: саясатчылар интернет аркылуу шайлоо кампанияларына каражат чогултуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

• Кеңири аудиторияга жетүү: интернет жана социалдык медиа аркылуу миллиондогон шайлоочуларга жетүү жеңилдеди.

• Элдик мобилизация: шайлоого катышууга же саясий демонстрацияларга чыгууга элди үндөө үчүн санариптик куралдар активдүү колдонулууда.

6. Саясатчылар менен элдин ортосундагы ажырымды азайтуу:

Социалдык медиа саясатчылар менен элдин ортосундагы тоскоолдуктарды жойду. Эми саясатчылар массалык маалымат

каражаттарындагы ортомчуларсыз эле калк менен түз байланыш түзө алышат.

- “X” аркылуу твит жазуу: саясатчылар “X” аркылуу өз көз караштарын билдирип же окуяларга заматта жооп берип турушат.
- Түз кайрылуу мүмкүнчүлүгү: эл саясатчыларга түз суроо берип, өз пикирлерин ачык билдире алышат.

7. Чек арадан тышкаркы саясий маалымат каражаттары:

Интернеттин аркасында саясий жаңылыктар мындан ары географиялык чек аралар менен чектелбей калды. Ар кайсы өлкөлөрдөгү саясий окуяларды дүйнө жүзүндөгү аудитория көзөмөлдөп, чоң саясий маселелерде эл аралык тилектештик күчөй баштады.

8. Дүйнөдө саясий маалымат каражаттарынын ролу:

1) Белгилүү маселелерге көңүл бурдуруу:

Маалымат каражаттары кайсы маселелер коомчулукта талкууланарын аныктайт. Бул “күн тартибин белгилөө теориясы” (Agenda Setting) деп аталат.

- Темаларды тандоо: эгер бир тема үзгүлтүксүз чагылдырылса, эл ал теманы өтө маанилүү деп кабылдай баштайт.
- Башка темаларды четке кагуу: тескерисинче, эгер маанилүү маселелер айтылбай калса, канчалык олуттуу болбосун, эл аларды маанисиз деп эсептеп калат.

2) Ойлонуу формасына таасир этүү:

Жаңылыктардын кандайча көрсөтүлүшү жана түшүндүрүлүшү адамдардын бул маселени кантип кабыл алаарына таасир этет. Бул “мазмунду берүү формасы” (Framing) деп аталат.

- Мисалы: миграция маселеси эки түрдүү көрсөтүлүшү мүмкүн: экономикалык мүмкүнчүлүк катары же коопсуздукка коркунуч катары. Бул болсо элдин маселени кабыл алуу формасын түп-тамырынан өзгөртөт.

3) Ишенимдерди жана мамилелерди калыптандыруу:

Маалымат каражаттары коомдук пикирге таасир этүү менен элдин маданий жана социалдык баалуулуктарына таасир берип, жаңы мамилелерди жарата алат.

- Маданий таасир (калыптандыруу): маалыматтык билдирүүлөр кайталанган сайын, эл акырындап белгилүү бир дүйнө таанымды же жаңы ишенимдерди кабыл алып кетет.
- Жүрүм-турумду өзгөртүү: маалымат каражаттары пикирге гана эмес, адамдардын жүрүм-турумуна да таасир берип, агартуу кампаниялары аркылуу алардын аракеттерин өзгөртө алат.

4) Маалымат таратуу жана фактыларды тактоо:

Маалымат каражаттары эл үчүн негизги маалымат булагы болуп саналат. Так жаңылыктарды жана объективдүү анализдерди берүү аркылуу маалымат каражаттары ой жүгүрткөн, аң-сезимдүү коомдук пикирди жаратууга көмөктөшөт.

- Коомдук агартуу: маалымат каражаттары саясий, экономикалык жана социалдык маселелер тууралуу маалымат берип, элдин ойлонуп чечим кабыл алышына шарт түзөт.
- Ушактарга каршы күрөшүү: кесипкөй журналистика жалган жаңылыктарды жана адаштыруучу маалыматтарды ачыкка чыгарып, коомду коргойт.

5) Сезимдерге жана психологияга таасир берүү:

Маалымат каражаттары сүрөттөрдү жана таасирдүү сөздөрдү колдонуп, элдин туйгуларын козгоп, коомдук пикирге терең таасир берет.

- Сокку берүүчү көрүнүштөр: согуштардын же гуманитардык кырсыктардын сүрөттөрүн көрсөтүү элдин боорукерлигин ойготуп, гуманитардык жардамга же кийлигишүүгө түрткү бере алат.
- Туйгуга таасир кылган кайрылуулар: көп учурда коркунуч же үмүт сыяктуу сезимдерге басым жасаган риторикалык ыкмалар коомдук позицияларга таасир берет.

6) Элдик мобилизация куралы катары маалымат каражаттары колдонулат:

Маалымат каражаттары элди белгилүү бир маселелердин айланасына топтоодо, нааразылык акцияларын уюштурууда же саясий кампанияларды колдоодо чоң роль ойнойт. Коомдук пикирди жаратуу аркылуу алар өкмөттөрдү аракетке мажбурлай алат.

- Тарыхый мисал: “Араб жазында” салттуу жана санарип маалымат каражаттары көчөгө чыккан элди мобилизациялоодо негизги рол ойногон.
- Шайлоо кампаниялары: маалымат каражаттары талапкерлерди жана алардын программаларын жайылтуу аркылуу шайлоонун жыйынтыгына түз таасир этет.

7) Жамааттык өздүктү куруу:

Маалымат каражаттары коомчулукта биримдик жана жалпы ишке же жеке иштерге тиешелүү сезимди күчөтүү аркылуу жамааттык идентификацияны бекемдөөгө көмөктөшөт.

Санарип доорундагы саясий маалымат каражаттарынын кыйынчылыктары:

• Саясий бөлүнүү: санарип маалымат каражаттары коомду өзүнүн саясий көз караштарына ылайык гана маалыматка жеткен топторго бөлүп койду. Эл азыр өзүнүн оюна шайкеш келген гана маалымат булактарын пайдаланып калды.

• Купуялуулуктун бузулушу: саясий кампанияларда жекече маалыматтардын колдонулушу жеке жашоого кийлигишүү коркунучун жаратты.

• Цензура жана көзөмөл: айрым өкмөттөр санарип медианы көзөмөлдөө максатында платформаларды бөгөттөп же чектөө киргизип, эркин маалымат агымын токтотууга аракет кылууда.

Саясий маалымат каражаттарынын саясий кырдаалга тийгизген таасири:

1) Саясий жана диний-секталык бөлүнүүнү күчөтүү:

Маалымат каражаттары элди туура жолдо өзгөрүүгө үндөөчү курал же тескерисинче адаштыруучу жана коомду бөлүп-жарууга салым кошуучу курал да боло алат. Айрыкча, секталык жана саясий көп түрдүүлүккө ээ өлкөлөрдө (мисалы, Ливан жана Ирак) маалымат каражаттары коомдук пикирди түзүүдө негизги рол ойнойт.

• Көп учурда маалымат каражаттары саясий же секталык күчтөргө тиешелүү болуп, “жаңырык бөлмөсү” (echo chambers) жаралат. Бул бөлмөлөрдө эл өзүнүн мурунтан эле болгон көз караштарын уккандыктан, бөлүнүүлөр тереңдеп, коомдук биримдик алсырайт.

• Айрым күчтөр элди бөлүп-жарган, ички кагылышууларды күчөткөн, секталык же саясий үгүттү жайылтуу үчүн маалымат каражаттарын атайылап колдонушат.

• Бул терс багыттагы пайдалануулар Үммөттүн биримдигине жана кайра көтөрүлүшүнө тоскоолдук кылат.

2) Аймактык бөлүнүүнү күчөтүү:

• Маданий жана идеологиялык колонизация куралы:

Колонизатор күчтөр жана алардын көз каранды режимдери маалымат каражаттарын жалпы исламдык өздүккө каршы улуттук же аймактык өздүктү жайылтуу үчүн колдонушат. Мисалы, Үммөткө тиешелүү маселелер “улуттук кызыкчылык” же “регионалдык коопсуздук” сыяктуу призмалар аркылуу бурмаланып берилет.

• Аймактык конфликттерди күчөтүү:

Маалымат каражаттары Ислам өлкөлөрүнүн ортосундагы саясий, мазхабдык же этникалык айырмачылыктарды ашыкча көрсөтүп, аларды чоңойтуп көрсөтүү аркылуу бөлүнүүнү тереңдетет. Жалпы биримдикти эмес, айырмачылыкты баса белгилөө адатка айланган.

• Режимдердин жарнамасы:

Маалымат каражаттары Батышка кызмат кылган аймактык режимдердин саясатын актап, эл алдында аларга легитимдүүлүк берип, Үммөттүн бөлүнүүсүн нормалдаштырат.

• Халифалык долбооруна каршы үгүт:

Маалымат каражаттары Ислам биримдигин жана Халифалыкты реалдуулукка жат же болбосо аймактык жана дүйнөлүк туруктуулукка коркунуч жараткан экстремисттик идея катары көрсөтөт. Бул болсо Үммөттүн саясий кайра жаралуусуна карата негизсиз коркуу жана каршы пикирлерди пайда кылат.

3) Куралдуу жаңжалдардагы маалымат каражаттарынын ролу:

Саясий маалымат каражаттары аймактагы куралдуу жаңжалдарда кеңири колдонулат.

• Мобилизация жана үгүт: маалымат каражаттары согушуп жаткан тараптардын позициясын жайылтуу, аскерий кийлигишүүлөрдү актоо жана коомдук же эл аралык колдоого ээ болуу үчүн колдонулат. Мисалы, Газа согушу жана "Ал-Акса ташкыны" операциясынан кийин маалымат каражаттары негизги үгүт куралына айланды.

• Яхудий мамлекети эл аралык маалымат каражаттарын жана социалдык медианы колдонуп, аскердик аракеттерин "террордук коркунучту жок кылуу" жана жарандарын палестиналык ракеталардан коргоо деп актады.

• Алар ХАМАС кыймылын "террордук уюм" катары көрсөтүп, ал жарандарды тирүү калкан катары колдонууда деп айыптап, ракета атуу платформаларын жарандык аймактарда жайгаштырганын көрсөткөн сүрөттөрдү жарыялады.

• Ошондой эле, "террордук инфраструктураны" жок кылуу видеолору аркылуу эл аралык тилектештикке ээ болууга жана аскерий чабуулдарын актоого аракет кылышты. Ошол эле учурда, эл аралык маалымат каражаттары Газадагы кыйроолорду, адам өлүмүн, гуманитардык трагедияларды көрсөтүү менен бул чабуул жазасыз кала турган кылмыш, жеңилүү жана адашкан саясат болгонун көрсөтүүгө аракет кылышты.

• Яхудий медиасы өз жоготууларын (өлгөндөрдү, жарадарларды) көрсөтпөй, каршылык кыймылынын ийгиликтерин көмүскөдө калтырып, армиянын "кадыр-баркын" калыбына келтирүүгө умтулду.

4) Эл аралык жана аймактык саясатты актоо:

Саясий маалымат каражаттары жаңжал болуп жаткан өлкөлөргө карата эл аралык жана аймактык позициялардын калыптанышына чоң таасир этет.

Айрым өлкөлөрдүн маалымат каражаттары өз өлкөсүнүн аймактык саясатын – мисалы, аскердик кийлигишүүлөрдү же жаңжалдагы белгилүү тарапты колдоону – элге актоо үчүн колдонушат.

Газага каршы чабуул маалында көптөгөн маалымат каражаттары АКШнын яхудий мамлекетине көрсөткөн аскердик жана каржылык колдоосун актоо үчүн "өзүн-өзү коргоо укугу" деген жүйөнү баса белгилешти.

Алар Кайндын коопсуздугу жана туш болгон коркунучтары тууралуу айтып, ошол эле учурда палестиналыктардын жапа чеккен турмушун экинчи планга жылдырышты.

Бул медиадагы тенденция АКШнын Жакынкы Чыгыштагы үстөмдүгүн сактоо максатындагы аймактык саясатын колдоого багытталган аскердик жардамды актоонун куралы болуп саналат.

5) Социалдык медиа аркылуу таасир берүү:

Социалдык медиа дүйнөлүк окуяларды чагылдырууда жана эл аралык коомдук пикирди түзүүдө күчтүү курал катары өзүн көрсөттү. Газа маселесинде да бул көрүнүш ачык байкалган: социалдык медиа салттуу маалымат каражаттарындагы чектөөлөрдөн чыгып, окуяларды түз эфирде чагылдыруу жана документтештирүү аркылуу Палестина маселесине болгон эл аралык аң-сезимди жана тилектештикти күчөткөн.

- Батыштын негизги маалымат каражаттары Газадагы окуяларды чагылдырууда бир жактуу болуп жатканы үчүн катуу сынга кабылды. Социалдык медиа бул боштукту толтуруп, альтернативдүү баяндамаларды сунуштап, көп учурда негизги медиалар көңүл бурбай кеткен укук бузууларды коомчулукка жеткире алды.
- Изилдөөлөр араб коомчулугу Газа согушу тууралуу социалдык медиа беттериндеги мазмундарга абдан жигердүү жооп берип жатканын көрсөттү. Бул нерсе социалдык медианын элдик аң-сезимди жаратууда жана коомдук пикирге таасир этүүдөгү ролунун үлкөндүгүн айгинелейт.
- Ушунун натыйжасында, айрым платформаларга өкмөттөр тарабынан кысым көрсөтүлүп, мазмун (контент) саясатына кийлигишүү аракети жасалып, Газа тууралуу чындыкты чагылдырган көптөгөн баракчалар жабылган.

6) Нааразылык кыймылдарын жана көтөрүлүштөрдү колдоо:

"Араб жазында" саясий маалымат каражаттары окуяларды документтештирүү жана дүйнөгө көрсөтүү аркылуу элдин массалык

түрдө көчөгө чыгышына жана айрым бийликтердин кулатылышына түз таасир берген.

• Эл аралык маалымат каражаттары да Жакынкы Чыгыштагы саясий маселелерге дүйнө коомчулугунун көңүлүн бурууда маанилүү рол ойногон.

7) Саясий маалымат каражаттары туш болгон кыйынчылыктар:

Ар тараптуу ролуна карабастан, саясий маалымат каражаттары төмөнкүдөй олуттуу кыйынчылыктарга туш болууда:

1. Цензура жана басым: көптөгөн өкмөттөр маалымат каражаттарына катаал чектөөлөрдү киргизип, алардын эркин иш алып барышына тоскоолдук кылууда.

2. Маалыматты бурмалоо: айрым маалымат каражаттары элдин оюн манипуляциялоо жана саясий үгүт үчүн колдонулуп, чыныгы журналистикадан алыстап кетти.

3. Кесипкөйлүктүн жетишсиздиги: көп учурларда маалыматтарды чагылдырууда объективдүүлүктүн жана ишенимдүүлүктүн жоктугу фактыларды бурмалап, коомчулукту адаштырып жатат.

Батыш дүйнөсү саясий маалымат каражаттарын кантип өзүнүн колониялдык кызыкчылыктарына кызмат кылуу үчүн колдонуп жатат?

1. Маалымат каражаттары – коомдук пикирди жаратуучу курал:

Батыш өлкөлөрү жана ири державалар саясий маалымат каражаттарын пикир үстөмдүгүн орнотуу, элдерди өзүнө баш ийдирүү жана “демократия”, “либерализм” сыяктуу өз кызыкчылыктарына ылайык түшүнүктөрдү жайылтуу үчүн колдонушат.

2. Маалымат каражаттары саясий режимдерге баш иет:

Секулярдык режимдерде маалымат каражаттары бийликтеги саясий системанын көзөмөлүндө болуп, мамлекеттин саясатын жайылтуу жана коомдук пикирге таасир берүү аркылуу бийликтеги элитанын кызыкчылыгына кызмат кылат. Демек, азыркы мамлекеттердеги маалымат каражаттары көз карандысыз эмес, алар саясий күн тартибин жүргүзүүчү курал гана.

3. Чечим кабыл алуучуларга басым көрсөтүүчү механизм:

Саясий маалымат каражаттары ички жана тышкы саясаттагы чечим кабыл алуучуларга басым көрсөтүү үчүн колдонулат. Алар белгилүү бир позицияларды калыптандыруу же кандайдыр бир саясатты актоо максатында пайдаланылат. Мунун натыйжасында, көптөгөн чечимдер маалымат каражаттарында түзүлгөн элеске ылайык кабыл алынат.

4. Идеологиялык согуштун бир бөлүгү:

Маалымат каражаттары – бул Ислам Үммөтүнө каршы идеологиялык согуштун (пикирий күрөштүн) негизги куралы. Алар Исламды каралоого, Ислам баалуулуктарын алсыздандырууга жана Батыштын баалуулуктарын жайылтууга кызмат кылат. Натыйжада, бул маалыматтар мусулман өлкөлөрүндөгү саясий чечимдерге Батыштын кызыкчылыгына ылайык таасир этет.

5. Акыйкатты бурмалоо жана элди адаштыруу:

Маалымат каражаттары чындыкты бурмалоо, элди адаштыруу аркылуу колониялдык пландарды өткөрүп, Батышка кызмат кылган режимдерди бекемдейт. Ошондой эле Батыштын идеологиясына кызмат кылган адамдарды жана ойчулдарды жарнамалоо аркылуу Үммөттү өзүнүн чыныгы максатынан – Халифалыкты калыбына келтирүүдөн алыстатат.

6. Бийликтеги режимдерди кооз көрсөтүү:

Маалымат каражаттары өкүмдар режимдердин программаларын чоң жетишкендик катары көрсөтүү менен элдин көзүн бууп, Үммөттүн максаттарына жооп бербеген башкарууну мыйзамдаштырып берет. Бул нерсе учурдагы режимдердин өмүрүн узартууга жана Үммөт күткөн өзгөрүүнү кечиктирүүгө кызмат кылат.

Маалымат согуштары жана саясий үгүт:

- Маалыматты бурмалоо: жасалма жаңылыктарды же бир тараптуу репортаждарды жарыялоо аркылуу белгилүү бир саясаттарды актоо же башка мамлекеттерди каралоо максатында колдонулат.
- Мисалы: 2003-жылдагы Иракка каршы чабуул алдында “жапырт кыргын куралдары” тууралуу маалыматты бурмалоо Батыш медиасы аркылуу ишке ашкан.
- Максаттуу маалымат кампаниялары: өлкөлөр башка мамлекеттердин позицияларына таасир берүү үчүн саясий же экономикалык үгүттү медиа аркылуу жайылтышат.

Санарип доордогу басым механизмдери:

- Социалдык медиа аркылуу элдик кампаниялар: өкмөттөргө таасир берүүчү басым куралдарына айланды.
- Мисал: АКШдагы “Black Lives Matter” кыймылы полициянын саясатына жана социалдык адилеттүүлүк мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө себепчи болгон.
- Чоң маалыматтарды (Big Data) пайдалануу: өкмөттөр элдин социалдык медиа аркылуу билдирген ой-пикирин анализдеп, саясаттарын элдин багытына жараша түзөт.

Эл аралык маалымат каражаттарынын саясий таасирдеги ролу:

Эл аралык маалымат каражаттары — бул дүйнөлүк деңгээлде саясий таасир көрсөтө турган күчтүү курал. Аны негизинен ири державалар өзүнүн саясий жана экономикалык кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн колдонушат.

Эл аралык медиа жөн гана жаңылыктарды жеткирүү куралы эмес, пикирий жана саясий үстөмдүк орнотуучу механизм болуп эсептелет. Ал коомдук пикирди жаратууга жана жергиликтүү, ошондой эле эл аралык саясатка багыт берүүгө кызмат кылат.

- Батыш державалары, өзгөчө АКШ жана Европа эл аралык маалымат каражаттарын элдердин аң-сезимин өз кызыкчылыктарына ылайык калыптандыруу үчүн колдонушат. Бул нерсе бурмаланган маалыматтар, жалган кабарлар жана бир тараптуу чагылдыруу аркылуу ишке ашат.
- Маалымат каражаттары кандайдыр бир темага көңүлдү буруп, башкаларын көрмөксөнгө алып, элдин жана өкмөттөрдүн көңүлүн тиешелүү бир багытка бурууга жетише алат. Бул болсо түздөн-түз Ислам өлкөлөрүндөгү саясий чечимдерге таасир этет.

Мисал: АКШнын Глобалдык медиа агенттиги жыл сайын 1.5 миллиард доллар каражатты дүйнөгө багытталган маалымат каражаттарына (анын ичинде социалдык медиага) сарптайт.

- Эл аралык маалымат каражаттары Ислам күчтөрүнүн дүйнөлүк деңгээлдеги таасирин азайтууга багытталган эл аралык системанын бир бөлүгү.
- Ислам жана анын саясий кыймылдары терс сүрөттөлүп, Халифалык долбооруна тоскоолдук жаратуучу курал катары колдонулат.

1. Маалымат каражаттарынын жаңжалдарды курчутуудагы ролу.

Бир тараптуу чагылдыруу жана саясий бөлүнүү:

- Жаңжалдардан жабыркаган өлкөлөрдө маалымат каражаттары бир тараптуу үгүт куралына айланып калат. Ар түрдүү медиалар согушуп жаткан тараптардын кызыкчылыктарына ылайык өз версияларын жарыялашат.

Сирияда:

- Өкмөттү колдогон медиалар көтөрүлүштү террордук жана кутумчул аракет катары сүрөттөйт.
- Оппозициялык медиалар болсо элдин мыйзамдуу нааразычылыгын жана режимдин кылмыштарын баса белгилейт.
- Бул медиадагы бөлүнүү коомдук каршылыкты тереңдетип, жаңжалды күчөткөн.

Газада:

• “Израилдик” медиа палестиналык каршылыкты дүйнөлүк коопсуздукка коркунуч катары көрсөтөт.

• Палестиналык маалымат каражаттары болсо аны мыйзамдуу каршылык жана боштондук күрөшү катары сүрөттөйт.

• Мунун натыйжасында дүйнө коомчулугунда мыйзамдуу күрөштү же оккупацияны түшүнүүдө чоң бөлүнүү пайда болот.

Бул медианын эки ача стратегиясы дүйнөдөгү элдин сезимдерин карама-каршы багыттарда козгоп, кандуу жаңжалдардын уланышына салым кошот.

2. Сезимдерди козгоо жана жек көрүүчүлүккө үгүттөө:

Маалымат каражаттары жаңжалдын эки тарабын тең бири-бирине жек көрүү менен каратуучу куралга айланышы мүмкүн. Бул көбүнчө интрига жаратуу, чыр-чатакты күчөтүү жана элдин сезимине басым кылуу аркылуу ишке ашат.

• Сирияда: шаарлардын бомбалоосу, балдардын курман болушу сыяктуу сүрөттөр жана видеолор элдин ачуусун күчөтүп, өч алуу сезимин ойготуп, элди режимди кулатууга жана Ислам шариатын орнотууга чакырган үндөрдү күчөткөн.

• Газада: ооруканада жаткан жарадарлардын, өлтүрүлгөн бейкүнөө жарандардын көрүнүштөрү элдин нааразылыгын арттырып, каршылык кыймылына тилектештикти күчөткөн. Муну менен катар Газа элине жардам берүүдөн баш тарткан башчылардын кыянаты да элдин аң-сезиминде айкын ачыла баштаган.

3. Жалган жаңылыктар жана ушактардын жайылышы:

Маалымат каражаттарындагы жалган маалыматтар жана ушактар кырдаалды ого бетер татаалдаштырып, элди коркууга же чалгууга түртөт.

• Сирия революциясы маалында Батыш медиасы аны “террордук уюмдар”, атап айтканда ДАИШ (ИГИЛ) менен байланыштырып көрсөтүүгө аракет кылган.

• Бул болсо революциянын мүнөзүн бурмалап, эл аралык колдоону алсыратуу жана батыштык аскердик кийлигишүү үчүн шылтоо түзүү болгон.

• Расмий жүйө “терроризмге каршы күрөш” болсо да, чындыкта максат Исламий багыттагы революцияны башка нукка буруп, анын исламий максаттарына жетишине тоскоолдук кылуу эле.

4. Маалымат каражаттары — жумшак согуштун куралы:

Маалымат каражаттары жумшак согуштун (soft power) негизги аспаптарынан болуп эсептелет. Бул суук согуш (холодная война) маалында АКШ менен СССР ортосундагы күрөштө ачык байкалган:

- Эки тарап тең маалымат каражаттарын колдонуу менен дүйнөлүк коомчулуктун оюн өз идеологиясына ынандырууга аракет кылган.
- Демек, медиа куралсыз согуштарда саясий жана идеологиялык үстөмдүктү камсыз кылуу үчүн колдонулчу күчтүү инструмент болуп саналат.

Бүгүн да ошол эле моделди Батыш Үммөткө карата колдонуп келет. Исламга жана анын саясий кайра жаралуусуна каршы "жумшак" чабуул улануда.

Буга мисалдар:

- АКШ өзүнүн саясий жана маданий билдирүүлөрүн таратуу үчүн "Америка үнү" (Voice of America) жана "Эркин Европа радиосу" (Radio Free Europe) сыяктуу радиолорду колдонгон. Бул радиолордун негизги максаты Чыгыш Европадагы жана СССРге баш ийген өлкөлөрдөгү калкка Батыш демократиясынын артыкчылыктарын, адам укуктарын жана экономикалык өнүгүүнү таанытуу болгон.
- СССР болсо, жооп кылып, "Москва радиосу" сыяктуу медиаларды колдонуп, коммунизмди коргоо, Батыш капитализмин жана колониализмди сынга алуу багытындагы программаларды таратып турган.

Башка мисал:

- АКШда "америкалык кыял" жана жеке эркиндикти даңазалаган, демократиялык жана капиталисттик системанын артыкчылыгын көрсөткөн тасмалар чыгарылган.
- Time жана Life сыяктуу журналдар Батыш маданиятын жайылтуу үчүн дүйнөнүн булуң-бурчуна жеткен.
- Батышта жашоо деңгээлин жогору көрсөткөн телеберүүлөр чыгарылып турган.
- Ал эми Советтик маалымат каражаттары, анын ичинде кино жана үгүттүк театрлар, социализмди даңазалап, эмгекчилердин жана кедейлердин коргоочусу СССР деген түшүнүктү калыптандыруу үчүн колдонулган.

Хизб ут-Тахрир партиясы саясий маалымат каражаттарын Халифалыкты орнотуу жолунда кантип колдонуп келет?

Хизб ут-Тахрир маалымат каражаттарынын коомдук пикирге тийгизе турган таасирин жана алар аркылуу Үммөтүн саясий аң-сезимин калыптандыруу мүмкүнчүлүгүн өтө жогору баалайт.

- Партия саясий талдоолорду жарыялап, дүйнөлүк ири державалардын ишмердүүлүгүн тыкыр байкап, Ислам дүйнөсүндөгү согуштар менен жаңжалдардын чыныгы себептерин түшүндүрөт. Анын

баамында, бул кагылышуулар — ири державалардын кызыкчылыктары үчүн болгон күрөштүн бир бөлүгү.

- Хизб ут-Тахрир медиа аркылуу маалымат жеткирүүнү, Үммөттүн саясий маданиятын калыптандырууну, саясий тажрыйба жана түшүнүктөр менен камсыз кылууну өзүнүн негизги максаттарынын бири катары карайт.
- Ошондой эле, партия маалымат каражаттары чечим кабыл алуучуларга таасир берүүчү жана коомдук пикирди башкаруучу негизги механизм экенин белгилейт. Ошондуктан, ал өз мазмунун хак, ишенимдүү, ачык-айкын маалыматтарга негиздеп, Үммөттү туура багытка үндөөгө жана Халифалыкты кайра орнотууга даярдоого арналган.

Ушул негизде, Хизб ут-Тахрир партиясы төмөнкүдөй ишеничте:

Маалымат каражаттары — бул эки миздүү курал. Алар элди туура ойготуп, оң өзгөрүүгө түртө алат же болбосо, адаштырып, учурдагы бузгунчу системаларды бекемдөөгө кызмат кылышы мүмкүн.

Ошондуктан партия медиа сабаттуулуктун маанилүүлүгүнө басым жасап, ишенимдүү булактардан маалымат алуу зарылдыгын белгилейт. Бул үгүттүк, жашыруун күн тартипти жайылтуучу медиалардын капканына түшүп калбоо үчүн маанилүү.

Хизб ут-Тахрир саясий маалымат каражаттарын Халифалыкты орнотуу жолунда колдонуу ыкмалары:

Хизб ут-Тахрир өзүнүн идеологиялык жана саясий көз карашына шайкеш келген бир катар ыкмаларды пайдаланып, саясий медиа аркылуу Үммөттү Халифалыкка жетелөөгө аракет кылат.

1. Негизги идеяны (Халифалыкты) жайылтуу:

Партия өзүнүн маалыматтык ишмердүүлүгүндө Ислам Халифалыгын кайра тикелөөнүн зарылдыгын баса белгилейт. Халифалык Үммөт туш болуп жаткан бардык саясий, экономикалык жана коомдук көйгөйлөрдүн түпкү чечими катары көрсөтүлөт.

Партия медиа аркылуу “Шариатты колдонуу жана Халифалыкты орнотуу — бул шаръий милдет жана саясий зарылчылык” деген түшүнүктү кеңири жайылтат.

2. Азыркы системалардын кемчиликтерин ачып көрсөтүү:

Партия демократиялык, секулярдык жана капиталисттик системалар Үммөттү көтөрө албай жатканын, алар толугу менен ишке жараксыз экенин далилдөөгө аракет кылат.

Мунун максаты — Үммөттү бузгунчу башкаруу формаларынан көңүлүн кайтаруу жана Халифалыкты жалгыз альтернатива катары кабыл алдыруу.

3. Исламды үлгү катары даңазалоо:

Партия өз медиасында Халифалыкты адилеттүү, натыйжалуу жана биримдикке жеткирүүчү саясий, экономикалык жана коомдук түзүлүш катары көрсөтөт.

Тарыхтан — Исламдын алтын доорунан — алынган мисалдарды колдонуу аркылуу партия өзүнүн жүйөлөрүн бекемдейт.

4. Замандын талабына жараша маалымат каражаттарын колдонуу:

- Партия салттуу маалымат каражаттарын (гезиттер, журналдар) колдонуп келет.
- Ошол эле учурда, социалдык медианы (Фейсбук, X, Ютуб ж.б.) да активдүү пайдаланат. Бул аркылуу партия жигиттерге жетүү, баяндарын кеңири таратуу жана Халифалык идеясын элге жеткирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болууда.

Хизб ут-Тахрир саясий медиа аркылуу пикирий согушта өзүнүн позициясын бекемдөөгө, Үммөттү туура чечимдерге даярдоого жана Халифалыкка болгон саясий аң-сезимди күчөтүүгө багытталган аракеттерин улантып келет.

Хизб ут-Тахрир партиясынын саясий маалымат каражаттарын пайдалануудагы кошумча ыкмалары:

1. Элдин колдоосуна жетишүү:

Партия элдин колдоосун кеңейтүү максатында иш-чараларды, жыйындарды жана конференцияларды уюштурат. Бул иш-чараларда партиянын саясий багыты жана Халифалык долбоору тууралуу түшүндүрмөлөр берилет. Маалымат каражаттары бул иш-чараларды чагылдырып, көпчүлүктүн көңүлүн буруу максатында пайдаланылат.

2. Батышты сындап, анын кутумдарын ачыктоо:

Партия батыштык саясий маалымат каражаттарын Ислам Үммөтүнүн душманы катары көрсөтөт. Батыш державалары Халифалыкты түзүүгө каршы чыгат, анткени бул долбоор Батыштын колониялдык кызыкчылыктарына каршы келет деген пикирди коомчулукка жайылтат.

3. Кризистерди түшүндүрүү жана байланыш түзүү:

Партия Үммөт туш болгон окуппация, жакырчылык жана диктатура сыяктуу маселелерди талдап, алардын негизги себеби, Халифалыксыз жашоо экенин белгилейт.

Ошону менен бирге, партия Халифалыкты бул маселелердин баарына комплекстүү чечим катары сунуштайт.

4. Туйгуга таасир берүүчү тил жана исламий ураандар:

Партия өз медиасында Ислам Үммөтүнүн сезимдерине түз таасир бере турган тилди колдонот. Алар Ислам биримдиги, өздүк (үммөттүк) инсандык, ар-намыс жана улуулук тууралуу сөздөрдү колдонуп, Үммөттүн аң-сезимине жетүүгө аракет кылат. Бул эмоционалдык тил билдирүүнүн таасирин күчөтүп, элди өз идеясына тартууда маанилүү рол ойнойт.

5. Ички жана тышкы коомдук пикирге таасир берүү:

• Партия Ислам Үммөтүнүн ичинде маалымат каражаттары аркылуу Халифалык долбооруна тилектештик жаратууну жана элди аны тикелөө үчүн иштөөгө үндөөнү максат кылат.

• Эл аралык деңгээлде болсо партия Батыштын колониялдык саясатын ачыктап, анын Ислам дүйнөсүндөгү кийлигишүүлөрүн маскаралап, ашкерелөө аркылуу дүйнөлүк коомчулукка өз көз карашын билдирет.

Халифалык мамлекетиндеги саясий маалымат каражаттары

Ислам Халифалыгы орногондо, маалымат каражаттары мамлекеттин башка органдары сыяктуу эле өзүнчө көз карандысыз орган катары түзүлүп, түздөн-түз халифага баш иет. Анын негизги ролу төмөнкүдөй болот:

1. Ислам мамлекетин жана анын миссиясын таанытуу:

• Ички жана тышкы коомчулукка Ислам мамлекетинин максаттарын жана шариаттын негизинде башкарылган системанын өзгөчөлүгүн түшүндүрүү үчүн маалымат каражаттары колдонулат.

• Маалымат каражаттары Исламдын адилеттүүлүгүн, адамзат көйгөйлөрүнө болгон комплекстүү чечимдерин баса белгилеп, капитализм, социализм сыяктуу түзүмдөрдүн бузгунчу жана натыйжасыз экенин ашкерелейт.

Ислам акыйдасы жана динди жайылтуу:

• Маалымат каражаттары Халифалык мамлекетинин Ислам жана Шариат тууралуу түшүнүгүн тарата турган борбордук платформа болот.

• Медиада Ислам биримдигин, Халифалыкка болгон берилгендикти жана башка түзүмдөр менен болгон айырмаларды түшүндүргөн билдирүүлөр кеңири берилет.

Өздүктү (идентичность) кайра аныктоо:

• Халифалык маалымат каражаттары аркылуу жарандардын жана жамааттардын өздүгүн кайра калыптандырууга аракет кылат.

• Улуттук чек аралардын үстүнөн жалпы Ислам Үммөтүнүн биримдигин жана маданиятын бекемдөө негизги багыттардан болот.

2. Маалымат каражаттарын борборлошкон түрдө башкаруу:

• Бардык маалымат каражаттары мамлекеттик көзөмөл астында болот жана алар Халифалык мамлекетинин максаттарына жана саясатына шайкеш иш алып барышы шарт.

Контентти көзөмөлдөө жана багыт берүү:

• Маалымат мазмунуна катуу цензура коюлат. Исламга каршы же мамлекетке залака келтирчү контентке жол берилбейт.

• Бул көзөмөл коомду адаштырган түшүнүктөрдөн жана жаман агымдардан сактоо үчүн зарыл деп каралат.

3. Эл аралык таасир куралы катарындагы маалымат каражаттары:

Саясий жана диний көз карашты экспорттоо:

• Халифалык өзүнүн саясий жана диний позициясын дүйнөгө жайылтуу үчүн маалымат каражаттарын дипломатиялык курал катары колдонушу күтүлөт.

• Бул аркылуу чет өлкөдөгү мусулман коомчулуктарына Халифалыкка болгон берилгендикти күчөтүү жана үммөттүн биримдигин эл аралык деңгээлде бекемдөө максат кылынат.

Халифалыктагы маалымат каражаттарынын жалпы максаты Үммөттү идеологиялык жактан бир багытка алып баруу, исламдык түшүнүктү бекемдөө жана дүйнө жүзүнө Ислам чындык жана адилет башкаруу формасы экенин далилдөө болот.

• Маалымат согуштары:

Халифалыкка каршы чыккан эл аралык күчтөргө каршы идеологиялык жана маалыматтык күрөш жүргүзүлөт.

Маалымат каражаттары Халифалыкты учурдагы дүйнөлүк түзүмдүн альтернативасы катары көрсөтөт.

• Интернет жана социалдык медиа платформалары чек арадан тышкаркы аудиторияга жетүү үчүн кеңири пайдаланылат.

• Ислам дааватын дүйнөгө жеткирүү:

Маалымат каражаттары ички маселелер менен гана чектелбестен, Исламды дүйнөгө аянтча катары жайылтуу миссиясын аткарат.

• Ислам рахмат дини экенин, анын өкүмдөрү жана тарыхы адамзатка кандайча пайда алып келерин заманбап контекстте түшүндүрүү максат кылынат.

4. Замандын технологиясын пайдалануу:

• Санарип маалымат каражаттары:

Халифалык мамлекети жаңы технологияларды, өзгөчө социалдык медианы өз билдирүүлөрүн кеңири жайылтуу жана Ислам дааватын жүргүзүү үчүн активдүү колдонушу күтүлөт.

• Аудиовизуалдык контент өндүрүү:

• Халифалык маалымат каражаттары даректүү тасмалар, талкуу программалары, элге кайрылуулар сыяктуу контенттерди даярдап, элге мамлекеттин мыйзамдуулугун жана көз карашын жеткирет.

5. Маалымат каражаттары — элди мобилизациялоонун куралы:

• Аскерий жана саясий фронтторду колдоо:

Маалымат каражаттары мамлекеттин жарандарына ички жана тышкы душмандарга каршы биримдикте турууга чакырып, аскерий жана саясий аракеттерди колдоого алуу максатында колдонулат.

• Бул аракеттер менен Халифалык элдин саясий аң-сезимин жогорулатып, мамлекеттин ыйгарым укуктуулугун жана туруктуулугун сактап калууга багытталган маалымат кампанияларын жүргүзөт.

6. Маалыматтык кыйынчылыктарга жана фикирий согуштарга каршы туруу:

• “Душмандын маалымат каражаттарына” каршы күрөш: Халифалык мамлекети Батыш өлкөлөрү жана Исламдын душмандары тарабынан жүргүзүлгөн фикирий жана маалыматтык согуштарга бута болот. Ошондуктан, Исламга каршы келген мазмундар — секулярдык жана либералдык идеялар — Үммөттүн өздүгүнө коркунуч туудурат деп эсептелип, тыюу салынат. Ошондой эле Исламды бузгунчу кылып көрсөтүүгө багытталган үгүттөргө каршы күрөш жүргүзүлөт.

• “Альтернативдүү чындыкты” жайылтуу: эл аралык медиада Халифалык мамлекетине карата жаралган терс элеске жооп катары мамлекет саясий жана социалдык окуяларга болгон өзүнүн көз карашын жайылтат.

7. Адистештирилген маалымат мекемелерин куруу:

• Эл аралык жаңылыктар агенттиктери: мамлекет өзүнүн көз карашына ылайык окуяларды чагылдырган жаңылыктар агенттиктерин түзөт. Бул агенттиктер дүйнөлүк деңгээлде Үммөттүн маселелерине көңүл бурат.

• Теле жана радио каналдары: түрдүү тилдерде эл аралык аудиторияга багытталган телеканалдар жана радиостанциялар түзүлөт.

• Көп тилдүү веб-сайттар жана платформалар: ар кандай тилдерде иштеген веб-сайттар жана санарип платформалар курулуп, дүйнөлүк коомдук пикирге таасир берүү максатын көздөйт.

Акырында:

Таза маалымат каражаттары — бул Үммөттүн жүрөгү жана чыныгы үнү. Ал акылдарга кайрылат, жүрөктөрдү толкутат жана дүйнөгө Роббинин жол көрсөткөн нурун жеткирет. Аны каалоолор башкарып,

жашыруун күн тартиптер адаштыра албайт. Ал аркылуу элдердин ортосунда көпүрөлөр курулат, зулумдук жана диктатура ашкереленет жана Ислам бүткүл адамзатка нур жана ырайым катары жеткирилет.

Бул — Үммөт үчүн жолду жарык кылган шам чырак, дүйнөгө чындыктын күзгүсүн көрсөтө турган маалымат каражаты. Ал тар кызыкчылыктардын чегинен чыгып, чындыкты айтат жана Исламдын билдирүүсүн жарыялайт. Бул чындык менен адилеттүүлүккө негизделген цивилизацияны даңазалаган маалымат жана Аллах Таала Үммөттү кандай каалаган болсо, аны кайрадан коомдор арасында ошол даражага көтөрө турган үн. ❑

МЕДИА ЖАНА АНЫН ЫПЛАС РОЛУ

Мияс ал-Мукарди – Йемен

Медиа коомдук турмушта абдан чоң рол аткарат жана аны кафир Батыш өзүнүн саясатын жайылтуу үчүн эң ийгиликтүү курал катары колдонуп келет. Бул өздөрү түздөн-түз башкарган өлкөлөрдө да, өз таасири алдында турган мусулман өлкөлөрүндө да бирдей колдонулат. Батыш мусулман өлкөлөрүн басып алып, алардын бардык мүмкүнчүлүктөрүн акыйда жана материалдык жактан өз көзөмөлүнө алгандан кийин, медиа алардын идеологиясын жайылтууда эң маанилүү ролду ойноо милдетин алган. Базар кандайча товарга муктаж болсо, дал ошондой эле медиа Батыштын дүйнөгө үстөмдүк кылуусуна негизги себеп болгон фактор болуп калды. Алар медианын чыныгы маңызын жана андан канчалык пайда көрүп жатышканын жакшы билишет.

Батыштагы кафир колонизатор мамлекеттерге ачык кызмат кылган жана алардын атынан сүйлөгөн спутникалык каналдар менен медиа каражаттары эмне иш кылып жаткандыгы эч кимге жашыруун эмес. Мисалы, “BBC” Британиянын саясатын колдоп, анын колониялык долбоорлорун, кызыкчылыктарын жана ач көздүгүн коргоп келет. “Al-Hurra” каналдар топтому Америка Кошмо Штаттарынын биздин аймактагы көз карашын жайылтат. “Russia Today” болсо СССР мезгилиндеги эски үгүт формасына таянып, Россияны, анын куралдуу күчтөрүн жана өнөр жайын даңазалап, Батыш менен биздин өлкөлөр үчүн атаандашууга аракет кылууда. “Al-Jazeera” Катарга таандык канал. Ал Британияга берилгендик менен кызмат кылат. “Al-Jazeera”нын миссиясы “BBC” менен дал келип, Британиянын колониялык долбоорлоруна кызмат кылат жана аларды жайылтат. “Al-Jazeera”нын Америка долбоорлоруна каршы чыгышы Британиянын Америкага атаандашып, биздин өлкөлөрдө “төшөктөн бир бөлүк” алууга болгон аракетинин алкагында гана каралат. Ал эми “Al-Arabiya” Америкага баш ийген Сауд Арабиясынын режими көзөмөлдөгөн канал. Ал “терроризмге каршы күрөш” деген ат менен Исламга каршы күрөш жүргүзөт. Бул каналдар режимдердин айтканын жаңырткан куурчактар.

Ошондой эле көпчүлүк спутникалык каналдар жана жеке менчик медиа каражаттары да Батыштын программалары жана долбоорлору аркылуу каржыланып, секуляризмди, ачык жүрүш-турушту, аялдардын валийинин (махрамдын) бийлигинен чыгышын пропагандалоодо колдонулуп келет. Мындай көрүнүш көбүнчө Батыш институттары тарабынан каржыланган аялдар уюмдарынын радио программаларында

байкалат. Бул уюмдар мусулман өлкөлөрүндө бузукулукту жайылтып келишет.

Бардык адамдарга белгилүү болгондой, бул каналдардын негизги максаты — Исламды акыйда жана жашоо тартиби катары жок кылуу. Алар Исламды саясаттан бөлүп, дин менен саясатты ажыратууга аракет кылышат. Бузгунчу каналдар мына ушул ыплас максатты ишке ашырууда, талкуу программалары аркылуу секуляризм түшүнүгүн бекемдөөгө, Исламды жашоо тутуму катары сындап, каралоого багытталган иш алып барышат. Бул багытта Батыштын кулу болгон режимдердин көз карашын жактаган "салтын мактаган аалымдарды" пропагандалаган бардык каналдар жана спутникалык каналдар биргелешип иш алып барышат.

Булардын баары, шексиз, биздин эне сындуу коргоочубуз болгон Халифалыкты жоготкондон кийин жүз берди. Ошондо Батыш дүйнөсү мусулман өлкөлөрүн көзөмөлүнө алып, алардын бардык негизги тиректерине үстөмдүк кылып алды. Ал медиа аркылуу Ислам Үммөтүн адаштыруунун эң негизги куралын ишке салды. Натыйжада, Үммөттүн аң-сезиминен мусулмандардын пикирий багытындагы негиздери сүрүлүп чыгарылды. Бул негиздерди жок кылууда медианын ролу абдан чоң болду.

Мисалы, Ислам Үммөтүнүн негизги тиректеринин бири болгон башкаруу түзүмүн Батыш өзүнүн пикирий күрөшү жана аскердик колониясы аркылуу жок кылууга жетишти. Ал түзүм мусулмандарды бир туугандык туу астында, бир саясий түзүм ичинде бириктирип турган. Аллах Таала Өзүнүн ыйык аяттарында биримдикке чакырып, ар бир инсанды жана жалпы жамаатты Ислам өкүмдөрүнө баш ийүүгө милдеттендирет. Аллах Таала айтат:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اتَّقُوا اللَّهَ حَقَّ تُقَاتِهِ وَلَا تَمُوتُنَّ إِلَّا وَأَنْتُمْ مُسْلِمُونَ

«Эй, момундар, Аллахтан чыныгы коркуу менен корккула жана мусулман болгон абалыңарда гана** (бул) **дүйнөдөн өткүлө!". (Али Имран: 102).

وَاعْتَصِمُوا بِحَبْلِ اللَّهِ جَمِيعًا وَلَا تَفَرَّقُوا

«Бардыгыңар Аллахтын жибине** (Куранга) **байлангыла жана бөлүнбөгүлө!». (Аали Имран: 103).

Бирок медиа ошол биримдикке кайтып келүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарып, мусулмандардын бул жолду таанууга жана өздөрүнүн чыныгы милдетин түшүнүүгө тоскоолдук кылууда маанилүү рол ойнойт.

Үммөттү бөлүп-жарып, кафир Батыштын системаларын орнотуу бүгүнкү күндө көп адамдар үчүн, анын ичинде илимий даражасы барлар

үчүн да адаттагы көрүнүшкө айланды. Айрым шейхтердин «фатвалары» жана кээ бир топтордун үгүтү аркылуу демократия “Исламий” деп жарыяланды, бирок алар шариатка эч кандай негизделбеген, жеке кызыкчылыктар үчүн айтылган жалган жана бурмаланган сөздөр. Айрымдар ушунчалык жаңырып турган фатваларды чыгарып, жер менен асманды жаңыртып жатышат, бирок өздөрү эмне деп жатышканын да сезишпейт. Аллах Таала андайлар жөнүндө айтат:

وَإِذَا قِيلَ لَهُمْ لَا تُفْسِدُوا فِي الْأَرْضِ قَالُوا إِنَّمَا نَحْنُ مُصْلِحُونَ

«Аларга: “Жер бетинде жамандык-бузукулукту жайылтпагыла”, - деп айтылса, алар: “Биз болгону оңдоочубуз”, - дешет». (Бакара: 11).

Жалган айтып жаткандар Батыштын маданиятын жайылтууда медианы өздөрү үчүн эң оңой куралга айлантышты. Ошол эле учурда Үммөттүн экономикадагы, билим берүүдөгү, аскердик, байлык жана башка бардык тармактардагы фикирий жана материалдык негиздери талкаланды. Батыштын маданияты менен жашоо образы булардын ордун басып калды жана бул алмашууда медиа өзүнүн милдетин так аткара алды.

Бирок… жок! Эми андай болбойт! Караңгылык тарап жатат! Бул жерде баяндалгандардын бардыгы Халифалык кыйрагандан кийинки Ислам Үммөтүнүн абалын, алсыздык жана бөлүнүүгө алып келген чыныгы себептерди баяндап берет. О.э. жигиттердин жана коомдун аң-сезимин калыптандыруудагы медианын ролу сыяктуу терең суроолорду көтөрөт.

Бул маселелер тууралуу сөз кылуу, Үммөт азыркы жеткиликтүү болгон заманбап каражаттарды, мисалы, социалдык тармактарды, чыныгы өзгөрүү жасап, күчтөрдүн тең салмактуулугун өз пайдасына буруп, кайрадан көтөрүлүшү үчүн кантип пайдалана алары жөнүндө ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Эң башында айта кетүү керек, Ислам Үммөтү ички жана тышкы кыйынчылыктарды башынан өткөрдү. Бул Ислам мамлекетинин кыйрашы жана анын ордуна коррупциялашкан көптөгөн режимдердин пайда болушу менен коштолду. Бул режимдер Британия, Франция сыяктуу колонизатор державалар менен кызматташып, Халифалыкты жок кылуу үчүн биригишкен. Бул колонизаторлор менен болгон кызматташтык Үммөттүн биримдигинин кыйрашына негизги себеп болду. Мурун Үммөт Аллахтын шарияты менен башкарылган бир бүтүн болчу. Халифалыктын жоюлушу болсо араб жана Ислам өлкөлөрүнүн ичиндеги фитналарга, кагылыштарга жана бөлүнүп-жарылууга жол ачты.

Ал эми медиа болсо, элдин аң-сезимин калыптандырууда жана аны белгилүү бир тарапка багыттоодо чоң рол ойноду. Көп учурда ал колонизаторлордун колундагы курал болуп, алардын маданияты менен идеологиясын элдерге таңуулоодо колдонулган. 20-кылымдын башынан тартып, араб дүйнөсүндөгү жана жалпы Ислам дүйнөсүндөгү медиа колониялык державалардын көзөмөлүнө өтө баштады. Бул болсо Үммөттүн үнүн, өзгөчө Халифалыкты тикелөө, Куддус жана Палестина маселеси сыяктуу негизги темаларда бүдөмүк кылып койду.

Бирок, социалдык тармактардын пайда болушу менен кырдаал өзгөрө баштады. Батыш бул каражаттарды да өз кызыкчылыгына иштетүүгө аракет кылып жатканына карабастан, бүгүнкү күндө мусулмандар бул платформаларды өз аң-сезимин жайылтуу, ой-пикир алмашуу жана тилектештик кампанияларын уюштуруу үчүн колдоно алышууда. Мисалы, “ал-Акса ташкыны” операциясы учурундагы онлайн тилектештик кампаниялары Ислам Үммөтүнүн жана бүтүндөй дүйнөнүн көңүлүн бурду.

Үммөттүн пайдасына иш алып барган медиа кызматкерлери болсо кабарларды кайрадан Үммөт тарапка бурганча кайра түзүүгө аракет кылышууда. Кээ бир диний жана Үммөт кызматындагы сайттар буга байланыштуу жооптуу кадамдарды таштап, жакшы багытта өнүгүүдө. Бул аракеттер бекемделип, кеңейиши керек.

Мисалы, “аль-Накыд аль-Иълами” сайты жаңылыкты кайрадан иштеп чыгып, жалданма медианын уулуу таасиринен тазалап берет. Ал эми “Набд аль-Умма” баракчасы бул жаатта маанилүү кадамдарга барып, өз Үммөтүнө берилген, анын маданиятына жан тарткан медиа концепциясын бекемдөөгө багыт алган. Ошондой эле “Роя” гезити Ислам Үммөтүнүн маселелерин алган, ошого жан тартып турган медиа өкүлү болуп калды. Андан тышкары, социалдык тармактардагы көптөгөн медиа офистердин аккаунттары жана баракчалары — ушул багыттын эң ачык-айкын далили. Бул платформаларга каршы катуу чабуулдар болуп жатканына карабастан, алар өз ишин кайра-кайра улантып келе жатышат. Алхамдулиллах, бүгүн мусулмандардын колунда өздөрүнүн жаңылыктарын жайылтуу жана өз маселелерине жооп кайтаруу үчүн күчтүү курал пайда болду.

Социалдык тармактар мурун жабык турган эшиктерди ачып берди, азыр даават көтөргөндөр өз маселелери боюнча Үммөттү ойготууга, түшүндүрүүгө жана Исламий аң-сезимди жайылтууга мүмкүнчүлүк алышты. Мунун ичинде, тилекке каршы, көптөгөн салттуу медиа унутуп калган Куддус маселеси да бар. Айрым учурда Палестина тууралуу сөз

кылынганы менен, анын абалын көрсөтүү максатында гана айтылууда. Ал эми түпкүлүгүндө маселенин тамырынан чечилүүсүнө көңүл буруу керек.

Бүгүнкү күн — өзгөчө мүмкүнчүлүк. Бизде азыр Ислам Үммөтүнүн саясий, диний жана маданий аң-сезимин кайрадан калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгү бар. Бул үчүн социалдык тармактарды толук кандуу колдонуу керек. Бул — биз баарыбыз күрөшүшүбүз керек болгон чакырык. Бул маселеде эң чоң жоопкерчилик даъват көтөргөндөрдүн жана жалпы мусулмандардын мойнунда. Алар бул каражаттарды өздөрүнүн Исламий маселелерине кызмат кылдырууга, Үммөттүн биримдигине жана фарз болгон Халифалыкты кайра орнотууга жумшоолору зарыл. Бул Халифалык сахабалар, таабийндер жана салих муундар коргоп келген улуу түзүм.

Мүмкүнчүлүк азыр ачылды! Биз Ислам Халифалыгын кайра орнотуу менен бардык маселелерди чече алабыз: Палестина бошотулат жана Куддус (Иерусалим) рошид Халифалыктын борбору болот.

Келгиле, Исламдын урматы менен кайра көтөрүлөлү, бул болсо туура аң-сезим менен, жамааттык иш-аракет аркылуу гана ишке ашат. Бул жолдо Үммөттү алдабаган, алдыга баштап бараткан жетекчиге кошулалы. Ал болсо – Хизб ут-Тахрир. ❑

БАТЫШ МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНЫН БИР ТАРАПТУУЛУГУНА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ

Профессор Муджианто

Бир жылдан ашуун убакыттан бери баскынчы армиянын Газа тилкесинде чабуулдары уланып келет. Бүгүнкү күнгө чейин согуштун бүтөрүнө эч кандай белги жок. Тескерисинче, баскынчы армия оорукана болобу же коомдук жай болобу, айырмасыз, бардык жерлерди бомбалап жатат. Эл аралык коомчулуктун Газа тилкесиндеги геноцидди токтотуу боюнча басымдарына карабастан, алар өз аракетин токтотпой жатышат.

2023-жылдын 7-октябрында ХАМАС жоокерлеринин кол салуусуна жооп кылгандай шылтоо менен яхудий аскерлери Газага бастырып кирип, 48 миңден ашуун шейитти аёосуз согуш менен өлтүрүштү. Газанын түндүк бөлүгү дээрлик толугу менен жер менен жексен болуп, эл үй-жайсыз калып, түштүккө качууга мажбур болушту.

Яхудий армиясы аскерий чабуулдар менен эле токтоп калбастан, Батыш медиасынын толук колдоосуна ээ болду. Бул медианын көз карашы азыркы күндө да дүйнөлүк коомчулук үчүн маалымат булагы катары мааниге ээ болуп, элдин окуя тууралуу түшүнүгүнө чоң таасир этүүдө.

Атайын жасалган бир тараптуулук

Яхудий армиясынын Палестинадагы Газага жасаган чабуулу боюнча Батыш медиасынын позициясы өтө ачык-айкын, алар яхудий аскерлерин колдошот. Юрист, профессор Фейсал Кути 2024-жылдын 24-февралында middleeasteye.net сайтында жарыяланган макаласында мындай дейт: "2023-жылдын 7-октябрынан бери Батыш медиасы арабдарга карата жек көрүүчүлүктү күчөтүп, “Израилди” колдогон үгүт иштерин жүргүзүп, согуш кылмыштарын актай баштады".

Фейсал Кути Эдвард С. Херман жана Ноам Чомскийдин "Manufacturing Consent: The Political Economy of the Mass Media" жана "The Political Economy of Human Rights" аттуу эмгектерине таянып: "АКШдагы медиалар бийликтегилердин кызыкчылыктарын жайылтуу үчүн ишенимдүү идеологиялык курал болуп саналат. Алар элди ынандыруу жана көзгө көрүнбөгөн өзүн-өзү көзөмөлдөө механизмдери аркылуу бул ишти ишке ашырышат" - деп айткан.

Алар бул көрүнүш өзгөчө АКШнын саясий жана экономикалык кызыкчылыктары катышкан маселелерде ачык байкаларын баса белгилешет. Мындай учурларда медиалар мамлекеттин пропагандалык агенттиктеринин ролун аткарышат.

Бул чындыкты "Нью-Йорк Таймс" (The New York Times) басылмасынын журналисттерине таркаткан жашыруун көрсөтмөлөр да ырастап турат. Ал көрсөтмөлөр яхудийлердин Палестинага каршы согушун элге чагылдырган кабарчыларга арналган. "The Intercept" сайты алган меморандум нускасында "геноцид" жана "улуттук тазалоо" деген терминдерди Газа тилкесиндеги согуш тууралуу кабарларда колдонууга тыюу салынганы көрсөтүлгөн. Ошондой эле "оккупацияланган аймактар" деген сөздү да Палестина жерлерин сүрөттөөдө колдонбоо боюнча көрсөтмөлөр берилген.

Ошол эле документте "Палестина" деген сөздү кабарларда өтө сейрек учурларда гана колдонууга уруксат берилгени айтылат. Документ сырткы көрүнүшү боюнча "журналисттик бейтараптуулукту сактоо үчүн" даярдалгандай көрүнгөнү менен "The Intercept" сайты Нью-Йорк Таймстын бир катар кызматкерлеринин пикирин чогултуп, бул көрсөтмөлөр яхудий пропагандасын колдогон көз карашты айкын көрсөтөрүн белгилеген.

Бул көрсөтмөлөр алгач 2023-жылдын ноябрында журналисттерге таратылган жана туруктуу жаңыртылып турат. Бул Нью-Йорк Таймс басылмасынын эл аралык редакторлорунун ички көрсөтмөлөрү (guidelines) болуп, ошол редакциянын иш алып баруу ыкмаларын журналисттер толук сактоого тийиш.

2024-жылдын 15-апрелинде басылманын өкүлү Чарли Статдлэнэздер бул тууралуу мындай деген: «Мындай көрсөтмөлөрдү берүү — жаңылыктарды чагылдырууда тактыкты, туруктуулукту жана аныктуулукту камсыз кылуу үчүн жүргүзүлгөн стандарттык иш. Биз кабар даярдоодо, айрыкча мындай татаал окуяларда, тил тандообуз сезимтал, заманбап жана аудиторияга түшүнүктүү болушуна өзгөчө көңүл бурабыз».

Чындыгында, ар бир маалымат каражаты кабарларды даярдоодо өзүнүн стандарттарына ээ. Бирок бул стандарт яхудий режиминин аскерлери тарабынан жасалган зомбулукка гана колдонулганда, ал өтө кызык жана күмөндүү көрүнөт, айрыкча дүйнөлүк коомчулук чыныгы маалыматты алгысы келген учурда.

Фейсал Кути Батыш медиасынын сөз тандоосу кабарлардагы ачык бейтарапсыздыкты жана яхудий режимине болгон жакындыкты көрсөтөрүн айтат. Маселен, яхудий курман болгондо "өлтүрүлдү" деп айтылат, ал эми палестиналык өлгөндө "каза тапты" деп берилет. Бул сөз айкашынын өзүндө эле мааниси чоң. Батыш медиасы "израилдик"

балдарды "балдар" же "барымтадагылар" катары сүрөттөйт, ал эми палестиналык балдарды "өспүрүмдөр" же "туткундар" деп атайт.

Бул юрист мындай дейт: "Батыштын дээрлик бардык ири медиалары — билип же билбестен — жек көрүүчүлүктү, геноцидге үгүттү, адамдык сапатты жокко чыгарган баяндоолорду, согуш кылмыштарын актай турган билдирүүлөрдү жана яхудий пропагандасын жайылтып жатышат".

Ошол эле учурда, "Fairness and Accuracy in Reporting" (Кабарларды адилет жана так берүү) уюму "Ири гезиттер Газа тууралуу талкууну яхудийлердин жана расмий бийликтин көз карашына бурду" деген темада атайын отчет жарыялады. Бул изилдөө өзгөчө Нью-Йорк Таймс менен Вашингтон Пост басылмаларына көңүл бурган. Изилдөөдө Палестина үндөрүн кошууга аракеттер болгону менен, макаланын редакторлору Газа маселеси боюнча талкууну яхудий тарапка оодарып, мамлекеттик чиновниктерге кеңири мүмкүнчүлүк беришкени белгиленет.

"The Intercept" сайтынын башка бир отчетунда АКШнын ири гезиттери бул кагылышта яхудийлердин өлүмдөрүнө ашыкча маани берип, ошол курмандыктарды сүрөттөөнүн эмоциялуу тилин колдонгону, ал эми палестиналык курмандыктар мындай сүрөттөөдөн четте калганын белгилеген. Ошондой эле бул медиалар АКШдагы антисемиттик окуяларды кеңири чагылдырганы менен, 2023-жылдын 7-октябрынан кийин мусулмандарга карата болгон расизмди дээрлик таптакыр эске алган эмес**.**

2024-жылдын 4-февралында "The Guardian" гезити иликтөөчү макала жарыялап, анда CNN телеканалынын жогорку жетекчилери яхудий режимин колдогон нукта маалымат берүүнү атайылап камсыз кылганын ачыктаган. Бул маалыматты Газа согушун чагылдырган дүйнөлүк алдыңкы маалымат каражаттары болгон CNN жана BBC каналдарынын ондой журналисти ырастаган.

Алар 2023-жылдын 7-октябрынан кийинки жаңылыктар бөлүмдөрүнүн ички иштерин, яхудий режимине болгон ыктоо**,** кош стандарттардын колдонулушу жана журналисттик принциптердин көп жолу бузулушу боюнча ачык айтып беришкен.

CNN телеканалындагы бир окуяда, редакциянын алдын ала эскертүүлөрүнө карабастан, жалган яхудий пропагандасы эфирге чыгарылган. Бул окуяны "The Listening Post" аттуу Al Jazeera телеканалынын медиа анализге арналган жума сайын көрсөтүлүүчү программасы "Газанын кыйрашы: Батыш медиасынын көз карашы артында" **(**"Failing Gaza: Behind the Lens of Western Media") деген даректүү тасмасында чагылдырган.

Атын жашыруун калтырууну каалаган CNN телеканалынын журналисти мындай деген: "7-октябрдагы окуяларга чейин мен редакциянын журналисттик ишине толук ишенчүмүн. Бирок бул окуялардан кийин CNN толук бойдон яхудий пропагандасын колдоп калганын көрүп, ошол ишенимимди жоготтум".

Өзгөчө ыңгайсыз бир окуя 2023-жылдын ноябрында болгон. CNN телеканалынын эл аралык дипломатиялык маселелер боюнча редактору Ник Робертсон Газа шаарындагы бомбаланган Аль-Рантиси балдар ооруканасына яхудий аскерлери менен кошо барган. Ал жерден “Израил” армиясынын өкүлү Даниэл Хагари журналистке ооруканада палестиналык Хамас кыймылы яхудий туткундарын жашырып жүргөнү тууралуу "далилдер" табылганын айткан.

Анда Хагари Робертсонго дубалга илинген арабча документти көрсөтүп, бул жерде "Хамастын мүчөлөрүнүн" аттары жазылган жана алар туткундарды кайтарып турушат деп түшүндүргөн. Анын сөзү мындай болгон: "Бул күзөт тизмеси. Ар бир террорчунун кезеги келет".

Ал журналист мындай деген: "Бул Хамастын тизмеси эмес, бул жөн гана календар болчу. Анда жуманын күндөрү араб тилинде жазылган эле".

Мындан да жаман жагдай – бул жасалма дооматтар CNN телеканалы эфирге чыгарганга чейин эле араб тилдүү социалдык тармактардагы колдонуучулар тарабынан четке кагылган**.** "Al Jazeera" телеканалы көргөн CNN ичиндеги WhatsApp жазышууларына жана журналисттердин сөздөрүнө ылайык, палестиналык бир продюсер Робертсонду жана башка кесиптештерин бул туура эмес маалымат экенин алдын ала эскерткен**,** бирок алардын эскертүүлөрүнө көңүл бурулган эмес. Эфирге чыккандан кийин да кээ бир продюсерлер бул материалды интернетке жүктөө алдында оңдоого аракет кылышкан**,** бирок Робертсон кесиптештеринин пикирлерине маани бербеген**.**

Ошол эле журналист дагы бир жагдайды айтып өттү: Газа шаарындагы расмий саламаттык сактоо мекемелери яхудий армиясынын чабуулдарынан 40 миңден ашык адам каза болгонун жарыялагандан кийин CNN телеканалынын редактору Майк МакКарти өз командасына Хамасты бул нерсеге күнөөлүү кылып көрсөтүү жана жоопко тартуу нугунда иштөөнү буйруган**.**

CNN телеканалынын алып баруучусу Бекки Андерсон 2024-жылдын август айындагы программасында мындай деген: "Газанын Саламаттык сактоо министрлиги билдиргендей, 7-октябрда Хамас “Израилге” кол

салгандан бери 40 миңден ашуун палестиналык курман болду. Бул окуя согуштун тутанышына себеп болгон".

Ал дагы муну менен эле токтобой, минтип кошумчалаган: "CNN курман болгон адамдардын так санын өз алдынча тастыктай алган жок". Бирок, ошол эле учурда көптөгөн эксперттер бул сан чындыгында андан да жогору болушу мүмкүн экенин айтышууда.

Бул бир АКШ медиасы менен гана чектелбейт, Улуу Британиянын ири маалымат каражаттары, анын ичинде BBC (British Broadcasting Corporation) да ушундай эле бир тараптуу позицияны карманууда.

2024-жылдын 28-декабрында "Drop Site News" сайты жарыялаган отчетто, BBCнин редактору Рави Берг яхудий режиминин Газага каршы согушу тууралуу онлайн кабарларды толук көзөмөлгө алганын жана “Израилди” ачык жактаганын билдирген.

Drop Site News маалымат булагы 13 учурда мурунку кызматкери менен сүйлөшүп, мындай тыянакка келген: Британиянын BBC корпорациясы окуяларды чагылдырууда палестиналыктардын жашоосун ар дайым кемсинтип көрсөтүп, яхудийлердин зулумдарын көз жаздымда калтырып, таптакыр тең эмес кагылышта "экөөнүн тең жоопкерчилиги бар" деген жалган элес жаратат. BBCнин дагы бир журналисти Рави Бергди корпорациядагы "жүйөлүү еврейчил үгүттүн" негизги өкүлү деп атаган.

Бир учурда Берг Amnesty International уюмунун “Израилди” Газада геноцид кылууда айыптаган билдирүүсүн маанисиз көрсөтүп, ""Израил” геноцид тууралуу ойдон чыгарылган дооматты четке какты" деп, бул баяндамага карата шектүү мамиле билдирген. Бул окуя тууралуу макала жазылган соң дагы 12 саат бою жарыяланбай, анын интернетте тарашы кечеңдетилген.

Drop Site News менен сүйлөшкөн журналисттердин айтымында, Amnesty International уюмунун бул баяндамасы BBCнин башкы жаңылыктар программаларында: BBC One каналынын News At One, News At Six жана News At Ten берүүлөрүндө, BBC Two каналындагы негизги коомдук-саясий программа саналган Newsnightта такыр айтылган эмес.

Мындан тышкары, BBC яхудий армиясы колдонууну жактырган жумшартылган сөздөрдү колдонуп, аскерлердин согуш кылмыштарын жашырууга салым кошкон. Мисалы, палестиналык жарандардын мажбурлап көчүрүлүшүн же этникалык тазалоону "эвакуация" деп атаган.

Бир учурларда BBC яхудийлердин Газа тилкесин толугу менен курчоосун ""Израил" ХАМАС менен болгон согуштан кийин Газа менен болгон байланышты үзүүнү көздөйт" деген аталыш менен сүрөттөгөн.

Канадада да абал анча жакшы эмес. "Жакынкы Чыгышта Адилеттүүлүк жана Тынчтык үчүн канадалыктар" уюму (Canadians for Justice and Peace in the Middle East — CJPME), The Breach медиа-платформасы жана Торонто Метрополитен Университетинин Журналистика мектеби тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөр канадалык медиа мейкиндикте "Израилди" колдогон бир тараптуу көз караштын көптөгөн мисалдарын ачыктады. Изилдөөлөргө ылайык, CTV телеканалы "Палестина" деген сөздү колдонууга тыюу салган жана "Израилди" сындоодо "коркутуу маданиятын" жайылткан.

Канада Улуттук Телерадиокорпорациясы (CBC) көптөн бери "Палестина" сөзүн колдонууга тыюу салганы үчүн сынга алынып келет. Жакында CBC кызматкерлерине Газа согушу тууралуу маалыматтарды социалдык тармактарда бөлүшүүгө да тыюу салды. Бул чечим CBCнин социалдык тармактарга байланыштуу кеңири саясатына каршы келет. Себеби, макала саясатка ылайык болбосо да, бирок ишенимдүү булакка таянса, анда бөлүшүүгө уруксат берилиш керек.

CBCнин бир тараптуу кабар берүү мисалдарынын бири — палестиналык алты жаштагы кыз Хинд Режаб тууралуу кабар. Макаладагы аталыш мындай болгон: "Жардам сурагандан бир нече күн өткөн соң, анын сөөгү Газа шаарындагы унаадан табылды деп билдирет тууганды". Бул аталыш кыз жөн гана каза болгондой көрүнөт, бирок чындыгында ал өз үй-бүлөсү жана жардамга келген медиктер менен кошо "Израилдин" оккупациялык күчтөрү тарабынан өлтүрүлгөн.

The Breach тарабынан жарыяланган дагы бир отчетто CBCге байланыштуу дагы бир окуя баяндалат: профессор Жефф Уинч Канаданын Радио-телевидение жана байланыштар боюнча комиссиясына (CRTC) даттануу жөнөтөт. Бул арызга жооп берип жатып, CBC палестиналыктардын өлүмүн сүрөттөөдө эмоционалдуу же боор ооруткан сөздөрдү колдонууга болбойт деп билдирген. Себеби, алардын айтымында, "Израил" "алыстан" чабуул койгондуктан, бул өлтүрүүлөр "түздөн-түз" болбогон.

Төмөндө АКШ медиасынын "Израилди" колдогон бир тараптуу көз карашын чагылдырган айрым макалалардын аталыштары келтирилген:

1. ""Израилдин" өзүн коргоого укугу" (Israel's Right to Defend Itself), The Wall Street Journal (10.10.2023). Бул макала ХАМАСтын чабуулдарынан кийин "Израилдин" өзүн коргоо укугун баса белгилеп,

бул мамлекетке карата коркунучтарды жана аскердик аракеттерин актаган.

2. "ХАМАСка каршы “Израилдин” аскерий жообу: керектүү аракет" (Israel's Military Response to Hamas: A Necessary Action), The New York Times (12.10.2023). Бул макалада яхудий жарандарды коргоо жана Газа тараптан ракета чабуулдарын токтотуу зарылдыгы белгиленген.

3. "Газадагы “Израилдин” аскерий стратегиясын түшүнүү" (Understanding Israel's Military Strategy in Gaza), The Washington Post (15.10.2023). Бул макалада “Израилдин” ХАМАСтын инфратүзүмүн жок кылуу жана жөөт жарандарды коргоо аракеттери оң мүнөздө сүрөттөлгөн.

4. "ХАМАСтын чабуулдары алдында “Израилдин” өзүн коргоо укугу" (Israel's Right to Self-Defense Amid Hamas Attacks), USA Today (18.10.2023). Бул жерде “Израилдин” аскерий аракеттеринин мыйзамдуулугу жана коргонуу укугу талкууланган.

5. "Газадагы “Израилдин” аскерий операциялары: негизделген жооп" (Israel's Military Operations in Gaza: A Justified Response), Los Angeles Times (20.10.2023). Бул макалада ХАМАС тараптан келген коркунучтарга каршы “Израилдин” жообу “акталып” көрсөтүлгөн.

Бул аталыштардан АКШ медиасы көбүнчө “Израилдин” позициясын колдоп, анын аскерий аракеттерин легитимдештирүүгө багытталганын байкоого болот. Палестиналык жоготуулар жана оккупациянын кесепеттери эске да алынган эмес.

Ошол эле учурда, британдык маалымат каражаттары да так ушундай мамиле жасашты. Мисалы:

1. ""Израилдин” өзүн коргоо укугу" (Israel's Right to Defend Itself), (The Times, 10.10.2023) макаласы ХАМАСтын чабуулдарынан кийин “Израилдин” өзүн коргоо укугун баса белгилеп, яхудий мамлекетине карата коркунучтарды жана анын аскердик аракеттерин актаган.

2. "ХАМАСка каршы “Израилдин” аскерий жообу: зарыл чара" (Israel's Military Response to Hamas: A Necessary Action), (The Guardian, 12.10.2023) макаласы яхудийлердин аскерий жообун актап, жарандарды коргоо жана ракета чабуулдарын токтотуу зарылдыгына көңүл бурган.

3. "Газадагы “Израилдин” аскерий стратегиясы" (Israel's Military Strategy in Gaza), (The Independent, 15.10.2023) макаласы “Израилдин” ХАМАСтын инфраструктурасын жок кылуу жана жөөт жарандарын коргоо аракеттерин оң баалаган.

4. "Израилдин өзүн коргоо укугу: зарылдыкпы?" (Israel's Right to Self-Defense), The Telegraph (18.10.2023). “Израилдин аскердик аракеттерин мыйзамдуу деп көрсөтүп, бул "зарыл жамандык" экенин белгилеген.

5. "ХАМАСка каршы “Израилдин” аскерий кампаниясы: улуттук коопсуздукту сактоо үчүн чара", The Sun (22.10.2023). Бул кампания “коопсуздукту камсыз кылуу үчүн зарыл” деп аталып, палестиналык жарандарга тийгизген залакасы экинчи планга калтырган.

6. "Газадагы “Израилдин” аскерий аракеттери: террорго жооп" (Israel's Military Actions in Gaza: A Response to Terrorism), (Daily Mail, 25.10.2023) макаласы ХАМАСтын террордук аракеттерине жооп катары яхудий аскерий операцияларын актап, ракета чабуулдарын токтотуу аракетин алдыңкы планга чыгарган.

Бул жаңылыктардын мазмуну дээрлик окшош, бардыгы “Израилдин” аскерий аракеттерин мыйзамдаштырып, Газадагы палестиналык жарандардын абалын, оккупациянын оор кесепеттерин дээрлик эске албайт. Мунун баары “Израилди” актоого жана эл аралык коомчулукта анын аракеттерин акылга сыярлык көрсөтүүгө багытталган системалуу маалыматтык багыт бар экенин айгинелейт.

Социалдык тармактардагы чектөөлөр

Санарип платформалардын ээси болгон ири компаниялар салттуу медиа каражаттары менен гана чектелбестен, яхудий мамлекетине колдоо көрсөтүүдө да активдүү рол ойноп жатышат. Facebook, YouTube жана Instagram сыяктуу социалдык тармактар Палестинага болгон колдоону чагылдырган мазмунга катуу чектөөлөрдү киргизишти. Палестинага колдоо билдирген тексттер, сүрөттөр жана видеолор ачык түрдө тыюуга алынган. Мазмунду "зомбулукка үгүт", "террордук уюмдарды (ХАМАС) колдоо" же "коомдук эрежелерди бузуу" деген шылтоолор менен дароо өчүрүп салышат.

ВВСнин анализине ылайык, 2023-жылдын октябрынан бери Газа менен Батыш жээктеги палестиналык медиалар Facebook колдонуучулары менен болгон өз ара аракеттеринин кескин азайганын байкашкан. Ал эми Instagram (Meta компаниясына таандык дагы бир платформа) боюнча алынган ички документтерде палестиналык колдонуучулардын комментарийлерине болгон модерациянын көбөйгөнү айтылган. Meta компаниясы бул айыптоолорду четке кагып: "Биз атайын кээ бир пикирлерди басмырлап жатабыз деген тыянак – таптакыр туура эмес" - деп жооп берген.

Чыныгы көрүнүш

Батыш медиасынын яхудий оккупациясын актоо үчүн болгон бир тараптуу мамилеси "башкы агымдагы" медианын чыныгы жүзүн көрсөтөт. Америкалык ойчул жана коомдук сынчы Ноам Хомский бул тууралуу кеңири айтып келет. Анын “Manufacturing Consent” (“Макулдукту өндүрүү”) аттуу китебинде, Хомский медиа каражаттары чындыкты калыс жеткирүүнүн ордуна, экономикалык жана саясий кызыкчылыктарга кызмат кыларын мисалдар менен түшүндүргөн.

Анын авторлошу Эдвард Херман да медианын бейтарап эместигин белгилеп, чоң бизнес менен саясаттын кызыкчылыктарына ылайык маалымат таратыларын айткан.

Ошондой эле белгилүү журналист жана The Intercept сайтынын негиздөөчүсү Гленн Гринвалд да массалык медиа коомду манипуляциялоонун куралы болуп калганын сындаган. Ал көп учурда маалымат каражаттары өз кызыкчылыктарына каршы келген окуяларды жокко чыгарып же маанилүүлүгүн төмөндөтүп коюшарын баса белгилеген.

Жыйынтыктап айтканда, бүгүнкү күндө Батыштагы медиа каражаттар калыс маалымат булагы болуудан алыс. Алар — мамлекеттердин жана күчтүү компаниялардын кызыкчылыгына кызмат кылган, элдин көз карашын өздөрүнө ылайыктуу нукта түзүп берген куралдар.

Социалдык тармактардын мүмкүнчүлүгү

Жакшы жагы, маалымат каражаттарындагы тарапкерликтин шартында социалдык тармактар бар. Социалдык тармактар — мисалы, Facebook, Instagram, YouTube ж.б. маалымат согушунда абдан маанилүү курал болуп саналат. Айрыкча яхудий мамлекети менен ХАМАСтын ортосундагы кагылышуулар тууралуу маалыматтарды чагылдырууда. Бул платформалар негизги маалымат каражаттарынын күн тартибине же көз карашына байланбастан, адамдарга, топторго жана уюмдарга өз пикирлерин түз жана эркин билдирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Социалдык тармактар салттуу маалымат каражаттарындагы тарапкердикке каршы тең салмактуу күч катары иштейт. Бул мурун угулбай калган үндөргө, айрыкча Палестин элинин үнүнө коомчулукка жетүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Албетте, бул платформаларда тактык жана жалган маалыматтардын таралышы боюнча көйгөйлөр да бар.

Социалдык тармактар альтернативдүү маалымат булактары катары кызмат кыла алат, айрыкча согуштун палестиналык жарандарга тийгизген таасири тууралуу. Ар түрдүү маалымат булактарына жеткиликтүүлүктүн аркасында палестиналыктар жана аларды колдогондор – көбүнчө яхудий мамлекети тарапта болгон Батыш

маалымат каражаттарына таянбастан – өз тарыхын өздөрү айтып бере алышат.

Мындан тышкары, социалдык тармактар аркылуу бөлүшүлгөн жаңылыктар жана сүрөт-видеолор салттуу маалымат каражаттарына караганда тезирээк жана кеңири жайылат. Мисалы, палестиналыктарга карата зомбулукту же ХАМАСтын ракета чабуулдарын көрсөткөн сүрөттөр жана видеолор дүйнөлүк реакция жаратышы мүмкүн. Бул коомчулуктун көз карашын өзгөртүп, өкмөттөргө жана чоң маалымат каражаттарына көбүрөөк кысым көрсөтүүгө шарт түзөт. Ошондуктан социалдык тармактардын бар болушу негизги маалымат каражаттарын жалган маалымат таратуудан мурда эки жолу ойлонууга мажбур кылат.

Социалдык тармактар азыр “чындыкты текшерүүчү курал” болуп калды. Мисалы, эгерде чоң маалымат каражаттары яхудий чабуулун “коргонуу аракети” катары мүнөздөп, бирок анын палестиналык жарандарга тийгизген таасирин айтпай койсо, социалдык тармактын колдонуучулары дароо далилдерди же башка маалыматтарды бөлүшүп, отчеттогу жаңылыштыктарды көрсөтө алышат.

Мунун андан кем эмес маанилүүсү — социалдык тармактар иш жүзүндө кампания, нааразычылык жана бойкот жүргүзүү үчүн да натыйжалуу курал боло алат, айрыкча кайсы бир компаниялардын же мамлекеттердин саясаты яхудий вужудун колдоп жаткан учурда. Мисалы, #FreePalestine деген хэштег социалдык тармактарда абдан популярдуу болуп, коомдук пикирге жана кээде өкмөттөрдүн же маалымат каражаттарынын саясаттарына таасирин тийгизген.

Мындай аракеттер, чоң маалымат каражаттары яхудий мамлекети тарапта турганда, алардын үстөмдүгүнө каршы жооп катары каралат. Социалдык тармактар калкты бириктирүүчү жана кандайдыр бир аракетке үндөөчү куралга айлана алат.

Социалдык тармактарды туура пайдалануу

Көз жаздымда калтырбай турган нерсе, социалдык тармактар альтернативдүү маалымат булагы катары көп пайда алып келет, бирок, ошол эле учурда ал жалган маалыматтар менен үгүттүн уюгуна да айланып кетиши мүмкүн. Бул терс таасирлерден этият болуу зарыл.

Бирок бүгүнкү күндө социалдык тармактар аркылуу мусулмандар окуяларды жеринен чагылдыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушууда. Бул болсо негизги маалымат каражаттарына болгон көз карандылыкты азайтып, чындыктын көз карашын сунуш кылууга жол ачат. Ар бир адам өз оюн бөлүшө алат, башкаларды шыктандыра алат, бул үчүн чоң медиа платформа талап кылынбайт. Бул маалымат мейкиндигинде ар түрдүү

көз караштар пайда болуп, чоң маалымат каражаттарынын калыптандырган бир жактуу баяндамасына каршы турууга шарт түзөт.

Мындан тышкары, социалдык тармактарды пайдаланып эл аралык тилектештик тармактарын түзүүгө болот. Бул тармактар Палестин элинин күрөшүн колдоп же болбосо ар кандай өлкөлөрдүн тышкы саясатында Палестинага карата өзгөрүүнү талап кылууга шарт түзөт. Мындай онлайн жамааттар зулумдукту ачыктап, өкмөттөргө же компанияларга саясаттарын өзгөртүүгө басым кылууга жардам берет. Мусулмандар үчүн бул басым көрсөтүүчү күч болуу менен катар Ислам ынтымагын чыңдоочу байланыш да болуп саналат.

Ошентсе да, Батыш маалымат каражаттарынын бир тараптуу баяндамасына каршы "пикир согушунда" социалдык тармактарды колдонуу стратегиялык негизде жүргүзүлүшү керек. Айрыкча Палестинадагыдай кагылышууларда максат чындыкты элге жеткирүү, аң-сезимди ойготуу жана коомдук пикирге натыйжалуу таасир берүү болушу шарт.

Андай стратегиялык ыкмаларга төмөнкүлөр кирет:

Далилдүү фактыларды берүү: реалдуу сүрөттөр, графикалар, статистикалык маалыматтар аркылуу чындыкты көрсөтүү;

Негиздүү, тең салмактуу баяндаманы түзүү: эмоцияга эмес, фактыларга негизделген көз караш;

Хэштегдер жана коомдук кыймылдарды колдонуу: #FreePalestine сыяктуу белгилүү тэгдер менен кеңири коомчулукка жетүү;

Ишенимдүү булактардан мазмун таратуу: далилденген маалымат булактарына таянуу;

Батыштагы негизги маалымат булактарын сындоо: алардын бурмаланган баяндамаларын бетке кармоо;

Коопсуз жана ишенимдүү платформаларды тандоо: X (Twitter), Instagram же YouTube сыяктуу кеңири колдонулган платформалар;

Таасирдүү адамдар жана активисттер менен кызматташуу: мазмунду кеңири жана тез таратуу максатында;

Альтернативдүү платформаларды колдонуу (зарыл болсо): Telegram, Mastodon, WhatsApp топтору сыяктуу аз чектөөгө дуушар болгон платформалар. ❑

Алтынчы бөлүм: жакынкы келечек

Капитализмдин кулашы жана анын жакындап келе жаткан соңу

Чыныгы вакыйлык: Батыш өлүмүнүн белгилери жана Исламдын кайра жаралуусу. Америка Кытай менен стратегиялык тирешүүдө чарчап, Ислам менен идеологиялык согушта жок болуу алдында турат!

Эскертүү…

Соңку сөз

КАПИТАЛИЗМДИН КУЛАШЫ ЖАНА АНЫН ЖАКЫНДАП КЕЛЕАТКАН СОҢУ

Мухаммад К. Садык

Азыркы учурда дүйнөдө болуп жаткан саясий, экономикалык жана социалдык баш аламандыктар жакын арада чоң өзгөрүүлөргө алып келерин кабарлап турат. Бул чоң өзгөрүүлөрдүн бири Батыш цивилизациясынын, башкача айтканда капиталисттик принципке негизделген дүйнөлүк түзүмдүн кулашы. Дүйнөлүк экономикалык төмөндөө бул системанын кулашын тездетет деп эсептелүүдө, айрыкча, бул кризис экономикалык жак менен эле чектелбестен, ишеним, саясат жана коомдук тармактардагы кризистерди да камтыйт.

Идеология адамзат жашоосунун маселелерин чечүүгө жөндөмдүү болсо гана жашап кала алат. Эгерде, тескерисинче идеология көптөгөн зыяндарды жана азаптарды жаратып жатса, анда ал унутулуп, четке кагылып, акырында жоголууга учурайт.

Ансельм Япинин 2022-жылы жазылган “The Self-Devouring Society: Capitalism, Narcissism, and Self-Destruction” (Өзүн өзү жок кылган коом: капитализм, өзүмчүлдүк жана өзүн кыйратуу) аттуу китеби капитализмдин зыяндары тууралуу ачык сүрөттөмө берет. Бул китеп азыркы капитализм коомду өзүн өзү кыйратууга алып барган абалга кандай түртүп жатканын изилдейт. Япи бул көрүнүштү грек мифиндеги Эрисихтон (Erysichthon) жөнүндө уламыш менен салыштырат. Ал ачуусу жана ачкалыгы күчөп, акырында өзүн өзү жеген падыша болгон. Бул уламыш капитализм адамды коомдон обочолонгонго айландырып, коомдук түзүлүштү кыйратуучу жүрүм-турумдарды кантип козгой турганын сүрөттөгөн метафора катары колдонулат.

Коомдук түзүлүштү кыйратуучу жүрүм-турумдар

Шошана Зубофф 2019-жылы жарыяланган “The Age of Surveillance Capitalism: The Fight for a Human Future at the New Frontier of Power” (Байкоо капитализминин доору: бийликтин жаңы чек арасында адамдык келечек үчүн күрөш) аттуу китебинде капитализмдин зыяндарын терең талдап берет. Бул китепте капиталисттик ири компаниялар жеке адамдын укуктарын кандайча эксплуатациялап жатканы тууралуу, башчылар менен капиталисттер бири-бири менен кызматташып, элдин пайдасы үчүн эмес, өз кызыкчылыктары үчүн экономикалык киреше топтоолору тууралуу бир нече чындыктар ачып берилет.

АКШнын жетекчилиги алдында капиталисттик системага негизделген Батыш цивилизациясы колдонуп жаткан система адамзат үчүн көптөгөн азаптар менен апааттарды жаратты. Дүйнөлүк капитализм адамзаттын

негизги көйгөйлөрүн чечүүдө ийгиликке жете албастыгын далилдеди. Натыйжада, бул система экономикалык, социалдык, маданий, моралдык, саясий жана башка көптөгөн тармактарда ар кандай зыяндарды алып келди.

Экономикалык зыяндар

Капитализм секулярдык принцип катары өзүнүн башкы кемчилиги адамдын табиятына жана акылына карама-каршы келиши. Бул система адамды ааламдын борбору катары карайт. Акыры, капиталисттик экономикалык түзүм адамды эксплуатациялоого жана обочолонууга алып келет, бул болсо өз кызыкчылыгын гана ойлогон жүрүм-турумду жаратып, коомдук жоопкерчиликти жок кылат.

Капиталисттик цивилизация адамзат үчүн көптөгөн апааттарды жана азаптарды жаратып жатканын далилдеди. Анын негизги көйгөйлөрүнүн бири, байлар менен жакырлардын ортосундагы экономикалык ажырымдын кеңейиши. Бул киреше боюнча ажырым коомдук жана саясий басымдарга алып келип, коомдук туруктуулукту коркунучка салары анык.

Мисалы, британиялык “Оксфам” уюму тарабынан жарыяланган “Камкордукка убакыт: акысыз эмгек жана дүйнөлүк теңсиздик кризиси” аттуу отчетто экономикалык теңсиздик көзөмөлдөн чыгып кеткени белгиленет. Дүйнөдө 2153 миллиардер бар болсо, алардын байлыгы 4.6 миллиард адамдын байлыгынан ашат. Ошондой эле, дүйнөдөгү эң бай 1% калктын байлыгы жер жүзүндөгү бардык калктын жалпы байлыгынан эки эсе көп. (oxfam.org, 2020).

2020-жылы “Креди Сюисс” банкы жүргүзгөн изилдөөгө ылайык, дүйнөдөгү эң бай 1% калк дүйнөлүк байлыктын 45%га жакынын көзөмөлдөй турганын аныктаган. Батыш мамлекеттеринин контекстинде бул байлыктын басымдуу бөлүгү бай адамдардын жана ири компаниялардын колунда топтолгон. Бул фактылар капитализмдин бейпилдик менен экономикалык адилеттүүлүккө жетише албаганын көрсөтөт. Тескерисинче, бул система көптөгөн четтөөлөргө жана теңсиздиктерге алып келип, элди азапка салган.

2023-жылдын декабрында өткөрүлгөн Gallup сурамжылоосуна ылайык, америкалыктардын 68%ы өлкөдөгү экономикалык абал начарлап бара жатат деп эсептешет. Алардын 45%ы абалды “абдан жаман” деп сыпатташса, 33%ы “ортозаар” деп атаган. Ал эми болгону 19%ы гана “жакшы” деп баалашкан.

Экономикалык теңсиздиктин өсүп жатканын Батыш өлкөлөрүндө ар түркүн изилдөөчүлөр да изилдешкен. Алардын арасында Томас Пикетти

дагы бар. Ал 2017-жылы “XXI кылымда Капитализм” аттуу китебинде бул теманы терең талдап чыккан. Пикетти капитализм системасынын негизинде жаралган экономикалык ажырымды сынга алат. Ал узак мөөнөттүү экономикалык өсүштү, байлыкты бөлүштүрүүнү жана бул теңсиздиктин коомго тийгизген таасирин кеңири талдайт.

Социалдык жактагы зыяндар

Секулярдык негиздеги, эркиндикке (либерализмге) негизделген капиталисттик система социалдык илдеттердин жайылышына, кылмыштуулуктун көбөйүшүнө жана анын кайталанышын чечилбей турган абалга алып келди. Бул социалдык оорулардын ичинде өзгөчө көңүл бурдурганы, эркин жыныстык жашоо образы. Бул көрүнүш коомдун социалдык түзүлүшүн бузуп, тартипсиздикти күчөттү. RAIIN уюмунун (www.rainn.org, 2023) билдирүүсүндө айтылгандай, АКШда ар 107 секунд сайын бир адам жыныстык зомбулукка кабылып жатат. Статистикага ылайык, жыл сайын бул өлкөдө 293 000 адам жыныстык зомбулуктун курмандыгы болот.

Ошондой эле өз жанын кыюу учурларынын көптүгү да коомдогу оор социалдык абалды көрсөтөт. АКШдагы Ооруларды алдын алуу жана көзөмөлдөө борборунун (www.cdc.gov) 2023-жылдын 9-февралындагы отчетуна ылайык, 2021-жылы АКШда 48 183 адам өз жанын кыйган. Бул 100 миң адамга 14.2 учур туура келерин билдирет. Изилдөөгө ылайык, АКШда өз жанын кыюунун негизги себептери катары үй-бүлөлүк мамилелердин бузулушу, жумуш көйгөйлөрү, каржылык кыйынчылыктар, психикалык ден соолук көйгөйлөрү жана башка факторлор белгиленет.

АКШда үйсүздүк маселеси да күн санап тереңдеп жатат. 2023-жылдагы үйсүздүк боюнча жылдык отчётко ылайык, ар бир 10 миң кишинин 20сы үйсүз. Эң жогорку көрсөткүчтөр катталган штаттар Вашингтон (ар 10 миң кишинин 72си), Нью-Йорк (52) жана Вермонт (51).

2022-жылы АКШда кылмыштуулук жана зомбулукка байланыштуу кооптонуу деңгээли мурунку жылдарга салыштырмалуу эң жогорку чекке жетти. Gallup тарабынан 2022-жылдын апрелинде жарыяланган изилдөөгө ылайык, америкалыктардын 80%ы өлкөдөгү кылмыштуулук жөнүндө кооптонорун билдирген. Ал эми Gun Violence Archive уюмунун маалыматына ылайык, АКШда 130дан ашык массалык аткылоо фактылары катталган.

Мындай социалдык көйгөйлөрдүн жана кылмыштуулуктун жогорку деңгээли капитализмдин туруктуу көйгөйү экенин көрсөтөт. Адам тарабынан жазылган мыйзамдар бул маселелерге түпкү, түбөлүктүү

чечим бере алган жок. Бул фактылар капиталисттик цивилизациянын терең жана олуттуу ооруда экенин далилдеп турат.

Саясий жактагы зыяндар

Демократия — секуляризмге негизделген капиталисттик саясий түзүм. Дүйнөлүк деңгээлде демократия эң жакшы башкаруу формасы катары даңазаланып келген. Аны менен жыргалчылык, бакубат жашоо, теңдик жана адилеттүүлүк камсыздалат деп айтылып жүрөт. Ошондой эле, демократия экономикалык байлыкты адилеттүү бөлүштүрүүгө жана бийликтин тынч, мыйзамдуу жол менен алмашуусуна шарт түзөт деп айтылат.

Бирок чыныгы жашоо булардын баарын төгүндөйт. Чындыгында, демократиялык түзүмдү көзөмөлдөп турган адамдар — бул өздөрүн элдин өкүлү деп атаган саясий элита. Бирок, алар элдин эмес, өз партияларынын же аларды колдогон бай капиталисттердин гана өкүлдөрү. Бул саясатчылар кабыл алган мыйзамдар, токтомдор жана эрежелер элдин эмес, байлардын кызыкчылыгына кызмат кылат. Натыйжада, жыргалчылык жана бакубат жашоо аз сандагы элитанын, парламент өкүлдөрүнүн, партия лидерлеринин жана ири капитал ээлеринин колуна топтолуп, калктын басымдуу бөлүгү жакырчылыкта жашайт. Теңдик жана адилеттүүлүк мыйзамда формалдуу түрдө бардай көрүнгөнү менен, иш жүзүндө мыйзам байларга жумшак, жакырларга катаал болот.

Демократиялык система капиталисттердин пайдасына ачык эле иштеп жатканы көрүнүп турат. Демократия аркылуу капитал ээлеринин үстөмдүгү мамлекеттик саясатта жана мыйзам чыгарууда коррупциянын, паракорлуктун, ыплас келишимдердин жана чыккынчылыктын жайылышына жол ачты. Капитал ээлери жана ири корпорациялар экономика менен гана чектелбестен, саясатка жана бийликке да таасир тийгизишет.

Ири компаниялар өкмөттү жана анын саясатын толук көзөмөлдөп турушат. Джон Перкинс өзүнүн 2005-жылдагы “Confessions of an Economic Hit Man” аттуу китебинде бул көрүнүштү “корпоратократия”, башкача айтканда, ири компаниялар бийлик жүргүзгөн башкаруу формасы катары сүрөттөгөн. Мындай система мамлекеттеги саясат менен мыйзамдарды элге эмес, ири бизнеске кызмат кылган каражатка айлантат.

Демократиянын алып келген зыяндарын көптөгөн адистер да байкап, талдап келишет. Стивен Левитский менен Даниел Зиблатт 2018-жылы жарыялаган “How Democracies Die” (Демократия кантип өлөт) аттуу

китебинде демократиянын кандайча талкаланып, өлүшү мүмкүн экенин талдап чыгышкан. Ал эми Дэвид Рансиман ошол эле жылы жарыялаган “How Democracy Ends” (Демократиянын соңу) китебинде да ушул темага токтолуп, бийликтин рол ойногон жолдорун, коррупцияны, эл ичиндеги нааразычылыкты жана саясий өзгөрүүлөрдү демократиянын кыйрашынын негизги себептери катары көрсөтөт.

Капитализмдеги бийлик

Капитал ээлеринин демократиялык механизмдер аркылуу жүргүзгөн үстөмдүгү паракорлуктун, бузулган уюмдардын жана чыккынчылыктын кеңири жайылышына алып келди. Алар экономика менен гана чектелбестен, саясатка жана бийликке да түздөн-түз кийлигишип, олигархиялык тармактарды түзүшөт. Ошондуктан алар өкмөттүн саясатына жана багытына чоң таасир көрсөтө алышат.

Жеффри А. Уинтерс өзүнүн “Oligarchy: Ancient Lessons for Global Politics” (Олигархия: глобалдык саясат үчүн байыркы сабактар) аттуу 2011-жылы чыккан китебинде демократиялык саясаттагы олигархиялык процесстерди сүрөттөйт. Ал байлык кантип саясий бийликке, ал эми бийлик кантип олигархиялык башкарууга, башкача айтканда, экономикасы күчтүү аз сандагы элита тарабынан башкарылууга айланып жатканын терең талдайт.

Ислам дүйнөсүнө болгон терс таасирлер

Демократиялык саясат бүгүнкү күндө Ислам өлкөлөрүн көзөмөлдөөнүн жаңы куралына — жаңы империализмдин куралына айланды. Уильям Блум өзүнүн “America’s Deadliest Export: Democracy” (Американын эң өлүмдүү экспорту: демократия) аттуу китебинде демократия АКШ менен анын союздаштары үчүн дүйнөнү, анын ичинде Ислам дүйнөсүн баш ийдирүүнүн куралы экенин түшүндүрөт. Чындыгында, бүгүнкү Ислам өлкөлөрү жаңы империализмдин натыйжасында басып алынган, алсыз, артта калган жана эксплуатацияланган абалда жашап жатышат.

Демократия аркылуу Ислам өлкөлөрүндөгү мыйзамдар жана укуктук тартип шариат эрежелерине баш ийбей калган. Бул Батышка жаңы империализмдин кызыкчылыгына ылайык мыйзам чыгаруу процессине таасир этүүгө жол ачат. Батыш медианын жардамы менен, “демократия” деген ат менен элдин пикирине таасир кылып, алардын лидер тандоосун каалагандай багыттап коёт. Батыш анын идеяларын: секуляризм, либерализм, адам укуктары, жыныстык теңчилик, ЛГБТ коомдорун колдоону ж.б. кабыл алган лидерлерди колдойт. Натыйжада, бул идеялар шайланган жетекчилердин саясаттарына да түз таасирин тийгизет.

Демек, ири корпорациялардын үстөмдүгү өлкө башчысы ким болоруна жана ал кандай саясат жүргүзөрүнө да таасир берет.

Мындан тышкары, БУУ АКШнын империалисттик пландарын дүйнө жүзүндө ишке ашыруу үчүн куралга айланган. Бул нерсе Ирак менен Ооганстанга жасалган АКШнын кол салуусунда ачык көрүнгөн. Ошондой эле, БУУ Ираста, Палестинада, Рохинжа мусулмандарында, Индияда, жана Кытайдагы уйгурларда болуп жаткан кыргындарга көз жумуп келүүдө. Көп учурда БУУ мындай зулумдарга карата "терең тынчсыздануусун" гана билдирип, конкреттүү чара көрбөйт. Маселен, Палестина боюнча жүздөгөн резолюциялар кабыл алынган, бирок алар маселени чечпестен, тескерисинче Палестин элинин азабын күчөткөн.

Ислам көз карашындагы өзгөрүү жолу

Ислам дүйнөсүндө "өзгөрүү" маселеси кеңири талкууланып келет. Анын ичинде "Араб жазы" деп аталган окуялар да бар, бирок бул аракеттер акырында кайра эле мурунку абалга — саясий системадагы адамдардын гана алмашуусуна алып келди. Коомдун социалдык жана экономикалык абалы ошол бойдон өзгөрүүсүз калды.

Башкача айтканда, иш жүзүндө эч нерсе өзгөргөн жок, болгону башчылардын жүзү алмашты. Ошондуктан, өзгөчө Үммөт үчүн, өзгөрүү маселесин туура түшүнүү абдан маанилүү, антпесе мусулмандар ар дайым "өзгөрүүгө үгүттөгөн" ураандардын курмандыгы боло беришет.

Терең караганда, чыныгы өзгөрүүгө алып келе турган беш негизги ачкыч бар. Бул ачкычтар Ислам башкаруусун тикелөө жолунда чечүүчү факторлор болуп саналат:

1. Үммөттүн азыркы бузулган абал тууралуу аң-сезимге ээ болушу;
2. Жетүү шарт болгон максаттуу абал тууралуу аң-сезимге ээ болуу;
3. Туура өзгөрүү жолу тууралуу так түшүнүккө ээ болуу;
4. Негиздүү идеяга таянган, олуттуу өзгөрүү аракетин алып барган Исламий саясий партиянын болушу;
5. Нусрат берүүчү күчтөрдүн колдоосу.

1. Жаман реалдуулукту аңдоо.

Динине берилген, ыйманы күчтүү Ислам Үммөтү өзгөрүүгө умтулат, анткени азыркы абалдын оор жана жаман экенин түшүнөт. Чындыгында, Ислам өлкөлөрү бүгүнкү күндө да Батыш державаларынын империалисттик үстөмдүгүнө баш ийип келишет, бул аскердик күч менен да, экономикалык жана саясий үстөмдүк менен да ишке ашууда. Анын ачык-айкын мисалы — яхудийлердин Палестинадагы ыйык жерлерди жапайычылык менен ээлеп турушу.

Ислам өлкөлөрүнүн бул үстөмдүккө дуушар болуусу Усманий Халифалыктын 1924-жылы кулашынан ажырагыс нерсе. Халифалыктын кулашынан кийин кеңири аймакты камтыган Ислам дүйнөсү бөлүнүп-жарылып, Батыштын түз көзөмөлүнө өткөн. Азыр болсо Ислам өлкөлөрү 50дөн ашык майда, алсыз мамлекеттерге бөлүнүп калган. Демек, бүгүнкү Ислам дүйнөсүнүн начар абалы Ислам Халифалыгы кулагандан бери уланган баскынчылыктын жана колониализмдин түз уландысы болуп саналат.

2. Идеалдуу максат тууралуу аң-сезим

Мусулмандардын жетүүгө умтулган максатын түшүнүүсү дал ошол максатка жетүүгө түрткү берет. Өзгөрүү аракеттери азыркы жаман абалды жаратып жаткан көйгөйдүн тамырын жок кылууга багытталышы керек. Бул болсо Ислам өлкөлөрүнө үстөмдүк кылып жаткан колонизатор державаларды жана алардын капиталисттик идеологиясын жок кылуу дегенди билдирет.

Ошондуктан, бүгүнкү күндө Үммөттүн өмүр менен өлүм маселеси — бул Ислам Халифалыгын кайра тикелөө. Себеби, Халифалык жок шартта мусулмандар дүйнөнүн кайсы бурчунда болбосун басым-кысымга, зулумдукка жана колониалдык көзөмөлгө туш боло беришет. Халифалык орногон учурда Үммөт өзүнүн бардык күчүн бириктирип, бир күчтүү аскерий-саясий түзүм катары уюшат. Бул абал Батыштын үстөмдүгүнүн бардык түрлөрүн жок кылат.

3. Туура өзгөрүү жолу тууралуу так түшүнүккө ээ болуу

Ислам Үммөтү жасап жаткан өзгөрүү Пайгамбарыбыз ﷺ түшүндүрүп, колдонгон жолго негизделиши керек. Бул жерде эки маанилүү пункт Үммөт үчүн бүгүн да негизги багыт болушу керек:

Биринчиден, Пайгамбарыбыз ﷺ өзгөрүүнүн таяныч күчү боло турган инсандык кадрларды тарбиялоо менен баштаган. Ал ﷺ наадан коомду өзгөртүү үчүн даават жолу менен иш алып барган. Бул иш аракеттер өтө так жана уюшкан формада болгон. Мисалы, ал адамдарды жөн гана Исламга чакырып же Куран үйрөтүү менен чектелген эмес. Ал аларды бир уюмга же топко бириктирип, бул топту өз көзөмөлүндө тарбиялап, багыттап турган.

Экинчиден, Пайгамбарыбыз ﷺ жүргүзгөн өзгөрүү иши жөн гана адамдарды Исламга чакыруу менен чектелбестен, бүткүл башкаруу түзүмүн алмаштырууну көздөгөн. Ал ﷺ жарандарды эмес, системаны, башкача айтканда наадандык түзүмдү жоюп, ордуна Ислам мамлекетин курууну максат кылган. Бул өзгөрүүнүн жетишкендиги хижраттан кийин Мадинада Ислам мамлекетинин негизделиши менен ачык далилденет.

Пайгамбарыбыз ﷺ мамлекет башчысы катары мамлекет түзүлгөндөн кийин шарият өкүмдөрүн колдонууга мүмкүнчүлүк алган. Мусулмандардын өзгөрүү жолу дал ушул жол болушу керек. Бул саясий түзүмдү, Ислам Халифалыгын курууга багытталган өзгөрүү жолу. Халифалык орнотулган соң, Ислам коому кайра негизделет, анткени ал Исламий шариятты толук жана комплекстүү түрдө колдонгон түзүм болуп эсептелет.

4. Исламий саясий партиянын болушу — Халифалыкты кайра тикелөөгө багытталган аракет

Халифалыкты кайра тикелөө үчүн болгон күрөш көптөгөн тоскоолдуктарга жана кыйынчылыктарга туш болот. Батыштагы колонизаторлор жана алардын кызматчылары бул аракеттерге жолтоо болууга аракет кылышат. Ошондуктан мусулмандар бул өзгөрүүнү Пайгамбарыбыз ﷺ жана анын сахабалары жүргүзгөндөй, уюшкан жана жамааттык негизде алып барууга тийиш. Бул өзгөрүү аракеттери саясий мүнөзгө ээ болушу зарыл, анткени Халифалыкты кайра тикелөө — саясий иш.

Мындай Исламий партиянын саясий иш-аракеттерине төмөнкүлөр кирет: коомдогу куфр идеялар менен күрөшүү, Үммөттү коркунучка такап турган пландарды ачып таштоо, Исламга каршы жүрүп жаткан империалисттик ишмердүүлүктөрдү ачып көрсөтүү. Бул партия саясий күрөш алып барышы керек, башкача айтканда, экономика, коом, саясат, аскер, маданият ж.б. тармактарда колониализмге каршы идеологиялык жана саясий күрөштү жүргүзүшү зарыл.

5. Нусрат (жардам) ээлеринин колдоосун алуу

Халифалыкты орнотуу максатында түзүлгөн Исламий партия жана анын мүчөлөрү коомдун колдоосуна ээ болуп, Ислам мыйзамдарын толук колдонгон мамлекетти куруу идеясын жайылта алса, анда учурдагы режимдин легитимдүүлүгү начарлайт. Мындай шартта нусрат — күчкө ээ болгон тараптардын колдоосун алуу зарыл болот.

Пайгамбарыбыз ﷺ Мадинада Ислам мамлекетин негиздөөнүн алдында үч жыл бою күчтүү уруулардан нусра издеген. Ал бир уруудан экинчи уруу башчысына барып, аларды өзүнө жардам берүүгө, бийликти тапшырууга жана Исламды колдонууну камсыздоого чакырган. Бул аракеттердин алкагында Пайгамбарыбыз ﷺ Кинда, Бану Ханифа, Бану Амир бин Саасаа, Кальб, Бакр бин Ваиль, Хамдан жана башка көптөгөн урууларга кайрылган.

Ал ﷺ алардын бардыгын ыйман келтирүүгө жана ага нусра (жардам) берүүгө чакырган. Азыркы доордо “ахл ан-нусра” — бул аскердик жана

саясий күчкө ээ болгон адамдар, түзүмдөр. Алардын колдоосу аркылуу Халифалыктын бийлиги орнотулат. Бул Пайгамбарыбыз ﷺ Мадинада мамлекет негиздегендей бийликти өткөрүп алуу процесси менен ишке ашат.

Ислам Халифалыгынын кайтып келүү мүмкүнчүлүгү

Ислам дининин негиздери капитализм жана социализм менен жашоонун бардык тармагында — экономика, саясат, коомдук түзүлүш, мамлекеттик аппарат жана мыйзам тармактарында — толугу менен карама-каршы келет. Бул негиздердин ортосундагы карама-каршылык исламдык ой жүгүртүүгө жана баалуулуктарга чоң таасир кылат.

Бүгүнкү күндө капиталисттик система алсырап, кулоо алдында турат. Бул идеология азыр өз өмүрүн бир азга узартууга гана аракет кылууда. Дүйнөлүк саясий баш аламандыктар бул капиталисттик түзүмдүн кулашынын этаптары катары каралууда.

Пол Мэйсон өзүнүн “PostCapitalism: A Guide to Our Future” (Капитализмден кийинки доор: келечегибизге жол көрсөтүү) аттуу китебинде капитализм экономикалык жактан ийгиликсиздикке учураганы үчүн кулай турганын айтат. Ал бул кыйроону дүйнөлүк деңгээлдеги түп тамырынан өзгөрүү катары карап, анын ордуна жаңы система — “жаңы капитализм” жаралат деп эсептейт.

Цивилизациялар ортосундагы күрөш шартында капитализмдин алсыроосу — Ислам Үммөтү үчүн чоң кырдаал жана мүмкүнчүлүк. Айрыкча, Ислам Үммөтүнүн Исламий башкарууну кайра жашого алып келүү аракетинде бул абал чоң рол ойнойт. Бул Үммөт ичинде Халифалыктын маанисине болгон аң-сезимдин өсүшүн да тездетет.

Мындан тышкары, Үммөт бүгүнкү күндө башынан өткөрүп жаткан колониализм жана өнүгүүдөн артта калуу абалы Халифалыкты күчтүү дүйнөлүк мамлекет катары кайра орнотуунун зарылдыгын көрсөтүп турат. Азыркы учурдагы Ислам өлкөлөрүндөгү бийликтер Батыштагы колонизаторлор менен тыгыз байланышта болуп, өз элине — үммөткө — зулумдук көрсөтүшөт. Бул ачык көрүнүп турган чындык Үммөттүн ичинде Халифалыкты дүйнөлүк күч жана эл аралык коомчулуктагы Үммөттү коргой турган сепил катары кайра орнотууга болгон каалоосун арттырат.

Дүйнө Халифалыкка муктаж

Ислам Үммөтү 55тен ашуун мамлекетке бөлүнүп-жарылганы менен, аны бириктирип турган негизги күч — бул бир гана Ислам акыйдасы. Бул акыйда Ислам мазмунунун негизин түзөт. Бул принципке негизделген күч, Үммөттүн колундагы көптөгөн материалдык жана

адамдык ресурстар менен айкалышканда, Халифалык башкаруусунда күчтүү мамлекетти кура ала турган чоң мүмкүнчүлүк жаратат. Тарых күбөлөп тургандай, Халифалык доорундагы Ислам мамлекети дүйнөдөгү цивилизациялардын арасында борбордук орунду ээлеген. Ал илимдин, билимдин, технологиянын борбору болуп, дүйнөлүк деңгээлдеги экономикалык, саясий жана аскерий күчкө ээ болгон.

Фирас аль-Хатыб 2014-жылы жарыяланган “Lost Islamic History: Reclaiming Muslim Civilisation from the Past” (Жоголгон Ислам тарыхы: Ислам цивилизациясын кайра калыбына келтирүү) аттуу китебинде Ислам цивилизациясын объективдүү баалап берет. Ал Ислам дини 1400 жыл бою дүйнө тарыхында диний, коомдук жана саясий күч болгонун баса белгилейт. Бриджвью (Иллинойс) шаарындагы Universal School’дун изилдөөчүсү жана тарыхчы Фирас бул китебинде Исламдын тарыхый ролун ирээттүү түрдө баяндап, Ислам ар кандай географиялык шарттардагы коомдорду жалгыз күчкө бириктирүүгө жетишкенин көрсөткөн.

Мусулмандардын колунда бар болгон адамдык жана жаратылыш ресурстары, алардын сапаты жана көлөмү Ислам акыйдасы менен айкалышканда рошид Халифалыкты кайра орнотуу үчүн болгон күрөштү дагы да күчтөндүрөт.

Чындыгында, шариятты толук кандуу колдонуу үчүн Халифалыкты тикелөө чыныгы өзгөрүү иши болуп саналат. Бул элдерге ырайым жеткирүү, дүйнөнү каптап жаткан дүйнөлүк капиталисттик үстөмдүктөн келген азапты токтотуу иши. Башкача айтканда, дүйнө бүгүн чындап эле Халифалыкка муктаж. ❑

ЧЫНЫГЫ ВАКЫЙЛЫК: БАТЫШ ӨЛҮМҮНҮН БЕЛГИЛЕРИ ЖАНА ИСЛАМДЫН КАЙРА ЖАРАЛУУСУ. АМЕРИКА КЫТАЙ МЕНЕН СТРАТЕГИЯЛЫК ТИРЕШҮҮДӨ ЧАРЧАП, ИСЛАМ МЕНЕН ИДЕОЛОГИЯЛЫК СОГУШТА ЖОК БОЛУУ АЛДЫНДА ТУРАТ!

Мунажий Мухаммад

Америка менен Кытайдын геостратегиялык тирешүүсүн жана Америка Кытайга карата колдонуп жаткан стратегияны түшүнүү үчүн алгач Кытайдын эл аралык аренада чоң держава болуп чыгуусуна түрткү болгон себептерди, шарттарды жана геостратегиялык мүмкүнчүлүктөрдү түшүнүү керек. Экономикалык, аскердик, технологиялык жана саясий күчтөрүнүн өсүшү менен бүгүн Кытай дүйнөлүк саясатка өз таасирин тийгизе турган деңгээлге жетти.

Америка Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин 1945-жылы дүйнөгө үстөмдүк кылуу максатында коңулунан чыкты. Бул маалда Европа колонизатор держава катары согуштан алсырап, ички кризиске кабылуу менен, эл аралык аренада боштук пайда болгон. Ушул шарттан пайдаланып, Америка өзүнүн кызыкчылыктарына жетүү үчүн эл аралык саясий жана экономикалык институттарды түздү, ошондой эле аймактык жана эки тараптуу коопсуздук уюмдарын, аскердик альянстарды жана либералдык саясий эрежелерди, мыйзамдарды жана принциптерди орнотуу менен өз көз карашын камсыз кылган эл аралык түзүлүштү калыптандырды. Ошентип, Американын тышкы саясатынын негизги максаты болуп ушул системаны сактап калуу жана аны узак мөөнөттө колдоо болду. Ал ушул системанын урашын алдын алуу үчүн “дүйнөлүк коопсуздук жана тынчтыкты сактоо” деген ураан менен иш алып барды.

Америка түзгөн бул институттар анын көз каранды кылуучу кызыкчылыктарын жана көз карашын чагылдырып, жакын өнөктөштөрүнүн да кызыкчылыктарын эске алган. Америка бул институттарды өзүнө ыңгайлуу механизмдер менен түзгөн, мисалы, чоңураак каржылык салым жасаган тарап чоңураак башкаруу укугуна ээ. Мындай ыкмалар аркылуу Америка согуштан кийинки эл аралык системанын негизги эрежелерин аныктаган жана көзөмөлдөп келген.

Америка өзүнүн бул системасын капиталисттик негизге курулган эл аралык тартип катары бекемдеди. Бул көз каранды кылуучулукка негизделген дүйнө караш Батыштагы өлкөлөрдүн арасында Америка жетекчилиги астында макулдашылган болчу.

Андан кийин Америка Советтер Союзу менен идеологиялык атаандаштыкка — “суук согушка” (холодная война) кирди. Бул саясий,

дипломатиялык, экономикалык жана маданий деңгээлдеги тирешүү болуп, анын максаты өзүнүн эл аралык тартибин сактап калуу эле. Бул тирешүү дээрлик жарым кылымга созулуп, 1991-жылы Советтер Союзунун жана анын Чыгыш лагеринин урап, мамлекеттеринин тарашы менен аяктады.

“Суук согуш” бүтүп, коммунисттик система кыйрагандан кийин Америка өзүнүн эл аралык системасын кеңейтүү аракетин көрдү жана чындыгында көп өлкөлөрдү бул тартипке баш ийүүгө мажбур кылды. Бирок, чечим кабыл алуудагы негизги эрежелер мурдагыдай эле калып, Америка өзүнүн көз каранды кылуучу кызыкчылыктарына ылайык иш алып барууну улантты.

Америка Советтер Союзун жеңгенден кийин жеңишке мас болуп дүйнөдөгү жападан жалгыз башкаруучу жана үстөмдүк кылуучу болуу үчүн империя курууну жана ага керек болгон үстөмдүк куралдарын көзөмөлдөөнү стратегиялык максат кылып алды. Бул куралдар: энергия булактары, чийки сырьё, жаратылыш ресурстары жана соода жолдорунун картасын көзөмөлдөө болчу.

Бирок Америка империясынын курулушуна катуу тоскоол болгон нерсе бул Ислам географиясы жана анын тамырлашкан, ички дүйнөсүнө сиңип кеткен Исламдын өзү болду. Исламий идеологиянын акыйкаты ачыкка чыгып, аны аң-сезимдүү жана чынчыл топ кайрадан жандандырып, Исламга стратегиялык күч-кубат тартуулаганда АКШ үчүн олуттуу тоскоолдукка айланды. Ошентип, Ислам эл аралык теңдемеде кайрадан “татаал маселе” катары пайда болуп, Американын эл аралык системасы үчүн эң кооптуу чакырыкка айланды.

Мындан кийин Батыш дүйнөсүндө Ислам феномени тууралуу изилдөөлөр көбөйдү. Мисалы, Франциянын Эл аралык мамилелер институту 1987-жылы чыккан жылдык баяндамасынын негизги темаларынын бирин “Ислам — эл аралык мамилелердеги жаңы күч” деп атап, Ислам дүйнөсүндөгү байкалган кайра жаралуу процесстерин жана алардын эл аралык мамилелерге тийгизген таасирин талдаган. Баяндамада ири державалар бул агымга каршы туруу боюнча теориялык жактан алсыз экенин белгилеп, ал Ислам агымын “асыл нугундагы Ислам феномени” деп атаган.

Мунун негизинде Америка Исламга каршы күрөшүү үчүн түздөн-түз кайрадан Ислам географиясын көз каранды кылуучу формада колго алууну стратегия кылып алды. Карталарын кайра чийип, жергиликтүү жаңжалдар, мазхабдык жана этностук кагылышуулар менен «мина» коюп, ошол эле учурда байлыктарын талап-тоноп алуу менен алек болду.

Алгач ал Афганистанды басып алып, андан Евразияга жана анын бай энергия жана чийки ресурс аймактарына кирүүнү көздөгөн. Андан соң Иракты басып, дүйнөнүн энергия муктаждыгын камсыздаган мунай булактарын: Иракты, Араб жарым аралын жана бүтүндөй регионду көзөмөлдөөнү максат кылды. Сомалини да басып алып, стратегиялык мааниге ээ болгон деңиз жолдорунун кулпусун көзөмөлдөөгө аракет кылды.

Бул аракеттердин түпкү максаты — Исламды колго алуу, үстөмдүк кылуу куралдарын көзөмөлдөө, дүйнөлүк экономиканын күрөө тамырын жана анын жеткирүү жолдорун, деңиз өтмөктөрүн көзөмөлгө алуу аркылуу Америка империясын куруу жана дүйнөнү ошол империянын башкаруусуна баш ийдирүү болчу.

Ошентип, Американын Перс булуңундагы, Афганистандагы жана Чыгыш Африкадагы (Сомалидеги) согуштары анын эл аралык системасын глобалдаштыруу үчүн жүргүзүлгөн стратегиялык согуштар болгон. Америка бул аркылуу “жаңы дүйнөлүк тартипти” куруу концепциясын жайылтты. “Жаңы дүйнөлүк тартип” деген түшүнүк Американын тышкы саясатынын ишмердүүлүгүндө жана саясатчыларынын, администрациялардын ооздорунда кайра-кайра айтылып, аны саясий зарылчылык катары бекемдөөгө аракет кылышты.

Андан соң Америка Исламды өзүнүн стратегиялык душманы деп жарыялап, ага каршы күрөшүүнү жаңы эл аралык системага мыйзамдуулук берүү үчүн колдонулган негизги стратегияга айлантты. Ал терроризмге каршы күрөш деген шылтоо менен Ислам географиясын согуштардын, көз каранды кылуунун жана талап-тоноонун аренасына айлантты. Мунун бардыгы империя курууга керектүү үстөмдүк куралдарын камсыздоо үчүн жасалган.

Бул өзгөчө эл аралык кырдаал тарыхый мааниге ээ болгон стратегиялык учур жана мүмкүнчүлүк болуп калды. Америка өзүнүн куру кыялга негизделген империя куруу авантюралары менен алек болуп турган чакта Кытай тынч жана тынымсыз темп менен өзүнүн экономикасын курду. Ал өзүнүн инфратүзүмүн, өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүп, технологиялык базасын чыңдап жатты. Бул болсо билим берүү системасын жакшыртуу, илимий-изилдөө, сыноо жана инновация борборлорунун мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүү жана бекемдөө аркылуу ишке ашырылып жатты.

Мындан тышкары, коммунисттик системанын жеңилүүсү, социалисттик лагердеги өлкөлөрдүн ыдырашы жана “суук согуштун” аякташы шартына Америка олуттуу стратегиялык жаңылыш баа берип,

Кытай Эл Республикасы да социалисттик лагердеги өлкөлөрдүн тагдырын кайталайт жана анын башкаруу системасы да ыдырайт деп ойлогон. Бул баа берүү Кытайдын, тактап айтканда анын системасы классикалык коммунисттик өлкөлөрдөн айырмаланып, капиталисттик мамлекеттин социалисттик элементтерин айкалыштырган гибриддик түзүм экенине такыр көз жумган болчу.

Бул жаңылыштык Обаманын администрациясына чейин уланган. Обама башкарууга келгенде гана Американын Кытайга карата стратегиялык мамилесиндеги бул чоң катачылык аңдалып, тышкы саясат кайрадан каралып чыкты. Натыйжада, Американын тышкы саясатынын борбору Ислам географиясынан Азияга, тактап айтканда, Кытай тарапка жылдырылды. Бул жаңы басымдын урааны “Азияга бурулуш” деп аталды.

Дал ушул мезгилде Американын тышкы саясатындагы Кытайга карата көңүл буруу тенденциялары айкын байкала баштады. 2011-жылы ноябрда АКШнын Мамлекеттик катчысы Хиллари Клинтондун Азияга карата Америка тышкы саясаты тууралуу жазган аналитикалык макаласы бул стратегиядагы бурулуштун башталышы болуп эсептелет. Ал макаласында Азия-Тынч океан аймагына дипломатиялык, экономикалык жана стратегиялык инвестицияларды көбөйтүү керектигин баса белгилеген.

Ошол эле айда президент Обама “Азияга бурулуш” деп аталган жаңы стратегияны расмий жарыялап, аны Австралияга 2500 америкалык деңиз аскерлерин жайгаштыруу менен баштаган. Бул жаңы кадамды Кытай өзүнүн экономикалык жана саясий өсүшүн басаңдатууга багытталган америкалык аракет катары кабыл алып, кескин сынга алган.

Ошондон бери Американын Кытайга болгон басымы күчөп, тирешүү курчуй берди. Трамптын администрациясы келгенден кийин бул тирешүү кескин мүнөзгө ээ болуп, түздөн-түз соода согушуна айланды. Американын саясий тили бажы төлөмдөрү жана санкциялар болду. Мунун натыйжасында АКШ менен Кытайдын ортосундагы экономикалык мейкиндик америкалык чабуул аракеттер менен мина коюлган аянтка айланды. Бул кырдаалды Трамптын мурунку кеңешчиси Стив Бэннон ачык билдирип: “Бул эки система бири-бирине төп келбейт, алардын бири жеңет, экинчиси утулат,” - деген.

Трамптын администрациясы улуттук коопсуздук үчүн “эл аралык террорчулукка” (б.а. Исламга) караганда Кытай чоң коркунуч деп биле баштады. Мындай бааны ошол кездеги мамлекеттик катчы Майк Помпео да ачык билдирген. Ошондон тартып эле Америкадагы саясий чөйрөлөр,

ошондой эле көрүнүктүү ойчулдар мисалы, тарыхчы Уолтер Рассел Кытай менен “жаңы суук согуш” жөнүндө ачык-айкын айта башташты.

Америка стратегиясы Кытайды эл аралык системаны кайра түзүүгө ниети бар атаандаш катары мүнөздөйт. Кытай экономикалык, дипломатиялык, аскерий жана технологиялык мүмкүнчүлүктөрүн туруктуу түрдө күчөтүп жатат. Бул болсо Кытайды жөн гана экономикалык кызыкчылыктар рыногундагы атаандаш катары эмес, эл аралык тартипти өзгөртүүгө умтулган олуттуу фактор катары көрсөтүүдө. Бул АКШнын үстөмдүк кылуучу системасын сактап калуу ниетине карама-каршы келет.

Андан соң Америка Кытайдын күчүн чектөө жана кеңейип бараткан амбицияларын ооздуктоо стратегиясында алсыз экенин түшүнө баштады. Бул амбициялар Азия-Тынч океаны аймагында Американын үстөмдүгүнө реалдуу коркунуч жараткан деңгээлге жеткен. Эң кооптуусу, Кытай күч алып, тез өнүгүп, өзүнүн таасирин дагы кеңейте баштады. Айрыкча “Бир алкак, бир жол” демилгеси аркылуу дүйнөгө чыгуу менен, Кытайды Түштүк-Чыгыш Азия, Борбор Азия, Россия жана Европага байланыштырган глобалдык инфратүзүм долбоору аркылуу дүйнө Кытайдын рыногуна карай байланышып жатат. Ушундай жол менен Кытайдын экономикалык, технологиялык, аскердик жана дипломатиялык мүмкүнчүлүктөрү үзгүлтүксүз өсүп жатат.

Мына ушундай жагдайда, Американын стратегиялык баш аламандыгынан кийин Байдендин администрациясы Кытай маселесине жооп иретинде “суук согуштун” стратегиясын кайра жандандырды. Максат — эл аралык мамилелерди жана алардын эрежелерин кайра калыптандыруу, ошону менен бирге Американын дүйнө жүзүндөгү үстөмдүгүн сактап калуу.

Бул АКШ жана анын союздаштары менен тез өсүп келе жаткан Кытайдын ортосундагы жаңы суук согуш болуп калды. Америка Советтер Союзуна каршы мурун колдонулган “камакка алуу” (containment) саясатын Кытайга карата кайра жандандырды. Кытай эми глобалдык коркунуч катары каралып, ага ички жана тышкы кризистерди жаратуу, ресурстарын түгөтүү, маданий согуш жана пропагандалык чабуулдар аркылуу кысым көрсөтүлүүдө. Эң маанилүүсү, бул душмандык мамилени дүйнө жүзүнө жайылтуу, башкача айтканда Кытайды Батыштын эл аралык тартиби жана туруктуулугу үчүн коркунуч катары кабыл алууга дүйнөнү мажбурлоо болду.

Ошентип, Америка өзүнүн стратегиясынын алкагында өнөктөштүктөрдү жана альянстарды кайрадан курууга кириште. 2021-

жылдын сентябрь айында “АУКУС” (AUKUS) коопсуздук келишими түзүлдү, андан соң “Квад альянсы” же “Квадраттык коопсуздук диалогу” ишке кирди. Бул коопсуздук альянстарынын негизги максаты Тынч жана Инд океандарынын мейкиндигин “ачык жана эркин” сактап калуу деп жарыяланган. Бул “ачыктык” Кытайдын бул аймактарды көзөмөлдөп же үстөмдүк кылуусуна жол бербөөнү билдирет. Башкача айтканда, АКШнын эл аралык тартибине негизделген эрежени сактап калуу жана геосаясий түзүлүштү коргоо болуп эсептелет.

Американын бул стратегиясы Кытайдын Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш Азияга кеңейүүсүнө бөгөт коюуну, учурдагы статус-квону жана бар болгон эрежелерди — анын ичинде деңиз мыйзамын жана азыркы чек араларды — сактап калууну көздөйт. Кытай деңизинде абалды өзгөртпөй сактоо жана аймактагы навигация эркиндигин талап кылуу бул стратегиянын өзөгүн түзөт.

Бул тирешүүнү андан да курчуткан фактор бул Россия маселеси болду. Американын стратегиялык түшүнүгүндөгү эң коркунучтуу сценарий — бул Кытай менен Россиянын стратегиялык альянс түзүшү жана алар аркылуу дүйнөлүк эрежелерди өзгөртүүгө болгон аракети. Мындай аракет АКШнын эл аралык тартибин туңгуюкка такап, аны кулатуу коркунучун жаратат.

Американын стратегиялык дүйнө таанымында Кытай же Россия сыяктуу мамлекеттерге эл аралык эрежелерди аныктоодо чоңураак добуш жана кеңири ыйгарым укук берүү бул үстөмдүгүнөн ажыроонун коркунучу болуп эсептелет. Ошондуктан, Америка үчүн аларга каршы “тосмо жана күрөшүү” стратегиясы эң ылайыктуу жооп катары каралат. Бирок бул жерде маселе бул тосмолоонун кандай формада, кайсы деңгээлде жана кандай баада жүзөгө ашырылышында.

Ушул контекстте Россия менен Украинанын ортосундагы согуш Американын стратегиясынын бир бөлүгүнө айланды. Бул согуш аркылуу Америка Кытай менен болгон жаңы суук согушта Украинаны “тузак” катары колдонуп жатат. Бул стратегиянын алгачкы максаты — Россияны Украина сазына тартып, чарчатуу, курчоо, обочолонтуп нейтралдаштыруу, андан соң Кытай менен Россиянын ортосундагы мамилени бузуу жана акырында Кытайды ооздуктоо жана алсыратуу.

Бүгүн Америка менен Кытайдын ортосунда жүрүп жаткан тирешүү бул пайда үчүн гана болгон күрөш, идеологияга негизделген күрөш эмес. Бирок Америка бул күрөштү мурун Советтер Союз менен жүргүзгөн идеологиялык тирешүүдөгү куралдар менен алып барууда. АКШнын

Кытайга карата колдонуп жаткан “суук согушу” бул мабдадан эмес, көз каранды кылуучу (империалисттик) себептерден улам жүргүзүлүп жатат.

Белгилүү болгондой, эң коркунучтуу жана кандуу күрөш — бул колониялык тирешүү, өзгөчө экономикалык колониализм. Бул материалдык пайда үчүн болгон ач көз күрөш адамзат үчүн өтө оор, туңгуюк жана кыйратуучу кесепеттерге алып келет. Батыштагы капиталисттик системанын, өзгөчө Американын экономикалык кыйроосу, асман чапчыган мамлекеттик карыздары, “ууланган” финансы кагаздары жана жасалма баалуу акциялары сыяктуу факторлор Кытай менен болгон империалисттик тирешүү АКШны кыйроого алып барат.

Мунун үстүнө АКШнын стратегиялык катачылыктары, эл аралык аренадагы татаал жана курч кризистер, өзгөчө капиталисттик системанын ичиндеги экономикалык кризистер Батыш өлкөлөрүнүн ортосундагы биргелешкен колониялык кызыкчылыктарды чектеп койду. Натыйжада Батыштын ичиндеги империалисттик тирешүү күчөдү, бул болсо эл аралык мамилелерде буга чейин болуп көрбөгөндөй чыңалуу жана карама-каршылыктарды пайда кылды. Бүгүн ири державалардын ортосундагы мамилелер союздаштыкка караганда көбүрөөк тирешүүгө жакын.

Акыркы он жылдыкта Америка жетектеген эл аралык система бир катар силкинүүлөрдү баштан өткөрдү. Бул силкинүүлөрдүн бир бөлүгү ички себептерге байланыштуу — капиталисттик системанын моралдык, саясий, экономикалык жана аскерий жактан чирип бузулушу, Америка лидерлигинин ичинен бузулушу, эл ичиндеги терең маданий жана саясий ажырымдар. Бул ажырымдар өлкөнүн ички жана тышкы саясатында ачык көрүнүүдө.

Экинчи бөлүгү тышкы себептерге байланыштуу, алар Америка менен анын үстөмдүгүнө жана эл аралык тартибине каршы туруп жаткан күчтөрдөн келет. Бул Кытай, Россия жана алсыз формада болсо да Европанын айрым өлкөлөрү. Бул күчтөрдүн жалпы урааны — “көп уюлдуу дүйнө” түзүү.

Бирок бул тышкы факторлордун ичинен эң кооптуусу — Ислам дааваты. Ислам — бул Америкага жана бүтүндөй Батышка карата эң олуттуу жана эң татаал коркунуч. Анткени Ислам жашоо философиясы, жашоо образы, маданияты, дүйнөнү башкаруу көз карашы себептүү жана эл аралык позицияны аныктоочу жөндөмү аркылуу өз алдынча, күчтүү альтернатива болуп эсептелет. Ислам Америка жана Батыш үчүн экзистенциалдык коркунуч катары каралып жатат.

Ошентип, бүгүн Америка менен Батышка каршы чыгып жаткан күч — бул Ислам Үммөтү, анын ичиндеги ишенимдүү, аң-сезимдүү, активдүү жана туруктуу өзөгүнө ээ болгон бөлүгү. Бул Үммөттүн дүйнөлүк цивилизациялык долбоорунун туусу көтөрүлгөн Хизб ут-Тахрир сыяктуу жетекчи кыймылдар Батыш менен АКШга жөн гана лидерлик үчүн эмес, Батыш цивилизациясы жок болуусу үчүн күрөшүп жатышат.

Ислам географиясы жана анын тереңден тамырлап жаткан Исламы кайра жанданып, дүйнөлүк масштабда кайрадан стратегиялык чечүүчү факторго айланды. Бул геостратегиялык аймак Батыш, анын мамлекеттери жана системалары үчүн эң чоң тоскоолдук жана эң кооптуу чакырык болуп калды. Ислам идеологиялык альтернатива катары аң-сезимдүү жана чынчыл ишенимдүү партия аркылуу өзгөрүүнүн негизги өзөгүнө айланып, эл аралык саясий теңдемеде эсепке алынчу “катуу” фактор болуп калды. Ал Батыштын системасы үчүн жалгыз реалдуу идеологиялык альтернатива жана стратегиялык чакырык болуп турат.

Демек, бүгүнкү эл аралык тартипке коркунуч жараткан негизги эки фактор бар:

1. Түп-тамырдан өзгөртүүчү жана өлүмгө алып келүүчү фактор — бул Ислам Үммөтүнүн стратегиялык долбоору жана геостратегиялык планы, башкача айтканда, экинчи рошид Халифалык жана ал жарата турган эл аралык деңгээлдеги стратегиялык силкинүү. Бул фактор өтө таасирдүү болуп саналат.

2. Экинчи, чарчатуучу жана ресурстарды жутуучу фактор — бул АКШнын Кытай жана Россия менен болгон мамилеси. Бул стратегиялык тиреште АКШ ар дайым коргонуучу жана жоготууларга дуушар болуучу абалда калууда.

Ушундай геостратегиялык кырдаал АКШны экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки орнотулган дүйнөлүк тартибин өзгөртүүгө аргасыз кылууда, бирок бул өзгөрүүнү каалоосуз, араң мойнуна алууда. 2017-жылы RAND институтунун жарыялаган изилдөөдө бул абал кыйыр түрдө моюнга алынган. Бул изилдөө АКШнын Коргоо министрлигине арналган жана “АКШнын эл аралык тартипке карата альтернативдүү саясий багыттары” деген аталыш менен чыккан.

Изилдөөдө азыркы эл аралык тартиптин чектөөлөрү, жада калса, кризиси моюнга алынган, бирок ал эч кандай стратегиялык чечим сунуштаган эмес. Ал көбүн эсе теориялык, академиялык изилдөөгө окшошуп, мындай делет: “Биздин ыкма келечектеги дүйнөлүк тартип кандай болушу мүмкүн же кандай болушу керек деген маселе боюнча

учурдагы пикирлерди чогултууга негизделди. Бул үчүн биз академиялык жана саясий изилдөөлөрдү, ошондой эле мурунку эл аралык тартиптерди тарыхый анализ кылуу аркылуу үйрөндүк".

Башкача айтканда, изилдөө АКШнын стратегиялык проблемасына реалдуу чечим сунуш кыла алган жок.

АКШнын мурунку мамлекеттик катчысы Генри Киссинджер андан да түз айтып, мындай деген: "Дүйнө азыр башаламандыкта жана Америка жаңы дүйнөлүк тартипти кантип түзөрүн билбей жатат".

Чындыгында болсо, АКШнын стратегиялык маселеси "кантип?" деген суроодо эмес. Бул, Батыш акылы чарчап, рухий-идеологиялык туңгуюкка кептелгенин, жаңы идея жаратууга жөндөмсүз болуп калганын жана акыркы кыйроосуна карай бара жатканын көрсөтөт.

Мунун үстүнө АКШнын бири-биринин артынан алмашып келген стратегияларынын ийгиликсиздиги, кескин экономикалык кризистери, асман чапчыган карыздары, алсырап бара жаткан экономикасы, бюджеттик таңкыстыгы, "ууланган" долларлары жана ички саясий башаламандык АКШны вертикалдык жана горизонталдык бөлүнүү менен терең кризиске алып келген. Мында таң калычтуу карама-каршылык бар: 1950-жылдардагы дүйнөлүк алтын резервдерине ээ, Советтер Союзга каршы тайманбас Америка менен бүгүнкү банкроттук абалда Кытайга каршы турган Американын ортосундагы айырма өтө чоң.

АКШнын Советтер Союз менен болгон "суук согушу" менен Кытайга каршы жүргүзүп жаткан "тоңдурулган" согушунун ортосундагы айырма асман менен жердей. Кытайга каршы "суук согуш" бул "шаңдуу жаңырган үнү бар, бирок ун чыкпаган тегирмен" сыяктуу. Бул АКШнын стратегиялык баш аламандыгы жөнүндө эл аралык изилдөөчү, Азия изилдөөлөр институтунун окумуштуусу Кишор Махбубани мындайча комментарий берген: "Америка Кытай менен тирешүүнү баштоону чечти, бирок бул тирешүүнү кантип жүргүзөрү жөнүндө майда-барат стратегияны тактап чыккан жок. Бул, чынында, таң калычтуу".

Кытай маселеси АКШнын стратегиялык кадамдарын тажрыйбасыздыкка, ал тургай, стратегиялык бузулууга алып келүүдө. АКШ менен Советтер Союзунун ортосундагы мурунку "суук согуш" идеологиялык негизде жүргүзүлгөн, анда эки дүйнө катуу кагылышкан. Алардын ортосунда соода жок, экономикалык байланыш үзүлгөн, эки тарап тең бири-биринен толук обочолонгон болчу.

Ал эми АКШ менен Кытайдын ортосундагы күрөш таптакыр башкача, бул күрөш бир эле капиталисттик системанын ичинде, ошол эле

капиталисттик эрежелердин жана колониялдык ыкмалардын негизинде жүргүзүлүп жатат.

Кытай идеологиялык жактан “мутант” болгон күндө да, ал толугу менен марксисттик-коммунисттик мамлекет эмес. Тескерисинче, ал капиталисттик рынокко ээ, бирок аны башкарган коммунисттик мүнөздөгү партиялык элитасы бар мамлекет. Бул система — мамлекеттик жана жеке менчик компаниялары партиялык бийликке көз каранды болгон, бирок ошол эле учурда кытайлык капиталисттик тапты түзүп жаткан социализм менен капитализмдин аралашмасы.

Бул шартта Кытай менен АКШнын жана Европанын ортосунда абдан тыгыз соода байланыштары бар. Демек, Кытай менен экономикалык мамилелерди толук үзүү же сооданы кескин кыскартуу эки тарап үчүн тең өтө оор, ал тургай өзүн өзү кыйраткан чечимге айланат.

Соода согушу бул эки тарап үчүн тең чарчатуучу согуш, ал эми азыркыдай капиталисттик, айрыкча америкалык экономиканын терең кризиси, карыздардын асман чапчыган көлөмү фонунда мындай согуш жок кылуучу кесепеттерге алып келиши мүмкүн.

Ошондой эле Америка Кытайдан келген товарларга салынган бажы салыктары жана санкциялар аркылуу экономикалык кысым көрсөтүү аракетинде да өз экономикасына терс таасир тийгизип жатат. Америка өзүнүн өндүрүш тармактарын Кытайдан алып чыгып, башка өлкөлөргө, өзгөчө Индияга көчүрүү жөнүндө теориялык пландарды сунуштап келе жатат. Бирок бул планды ишке ашырууга өтө чоң чыгымдар жана ишке ашыруудагы реалдуу тоскоолдуктар жолтоо болууда, аларды жеңүү дээрлик мүмкүн эмес.

Мындан тышкары, президент Байден 2023-жылдын аягында жарыялаган Индия–Европа коридору долбоору Кытайдын “Бир алкак, бир жол” демилгесине каршы иштелип чыккан долбоор болуп эсептелет. Бул дагы АКШ үчүн оор чыгым алып келчү демилге болуп калды. Анткени “Бир алкак, бир жол” долбоорунда эле 1 триллион доллардан ашык инвестиция бар. Мындай “мөөнөтсүз жарыш” мурунку Советтер Союзун курал-жарак жарышында чарчатып кулаткандай эле бүгүн Америка үчүн жаңы чарчатуучу согушка айланды.

АКШ менен Кытайдын ортосундагы тирешүү — бул жөн гана Американы эмес, эки тарапты тең чарчаткан тиреш. Себеби эки мамлекеттин ортосунда экономикалык, соода-сатык, финансы жана технологиялык байланыштар өтө тыгыз. Бул байланыштарды үзүү эки тарап үчүн тең оор кесепеттерге алып келет. Мындан да кеңири алганда, бул тирешүү капиталисттик системанын өзүн чарчатып, кризиске батып

турган системаны, өзгөчө жасалма байлыкка, ууланган акчага жана карызга негизделген Батыштын системасын ого бетер начарлатууда.

Бирок Батыш цивилизациясынын идеология, маданият жана мамлекеттик түзүлүш катары жоголушуна алып келе турган чечүүчү фактор — бул Ислам Халифаты. Бүгүн дүйнө ушул кайра жаралуунун белгилерин баштан кечирип жатат. Эл аралык аренада болуп жаткан олуттуу силкинүүлөр — чоң геостратегиялык жер титирөөнүн алгачкы толкундары. Бул олуттуу силкинүүлөрдүн борбору — Ислам географиясы, ал эми бул сейсмикалык жарылуунун эпицентри Шам жери жана анын ыйык аймактары болуп калды.

Бул аймак бүгүн Батыш үчүн чоң коркунучтун булагы. Анткени бул аймакта Исламдын эл аралык аренага, дүйнөлүк лидерликке кайтып келүү коркунучу жанданып жатат. Бул болсо Батыштын цивилизациясы менен саясий түзүлүшүнүн кыйрашын билдирет.

Шамдагы революция Батыш үчүн геостратегиялык жанар тоо болду. Батыш дээрлик он беш жыл бою бул революцияны муунтуу, аны Исламий мүнөзүнөн ажыратуу үчүн ар кандай айла-амалды, зулумдукту жана жырткычтыкты колдонду. Бирок Ислам бул революциянын эритме идиши болду, анда Исламдын идеологиялык долбоору жана мусулмандардын таң калычтуу тагдырий маселеси — Ислам мамлекетин калыбына келтирүү жана кайрадан дүйнөгө өзүнүн нурун жайылтуу максаты айкындалды.

Бул жанар тоо Батыш эң корккон нерсе, б.а. диктатордук режимдин Үммөттөн чыккан ишенимдүү мужахиддердин колу менен урашы мүмкүн экендиги айкын болду. Бул система жөн гана бир тыңчыны экинчисине алмаштыруу менен жаңыланган жок, тескерисинче бүтүндөй режим: диктатору, армиясы, коопсуздук түзүмдөрү, саткын саясатчылары жана алардын артындагы кошоматчылары менен кошо кулады.

Азыр Батыш бул бош калган, кооптуу геостратегиялык аймакты кызматтык сакалчан адамдар менен толтурууга жан үрөп жатат. Бирок Шам революциясынын жанар тоосу дагы эле жалындап күйүп турат жана ал колониализмди толук жок кылып, Ислам мамлекетин кайра тикелемейин басылбайт.

Андан соң Шам жана анын берекелүү жеринен, өзгөчө Газа Хашимден “Аль-Акса ташкыны” башталды. Бул окуя чындыгында эле геостратегиялык цунами болду. “Ал-Акса ташкыны” стратегиялык жактан яхудийлердин вужудун жана Батыштын Ислам географиясынын жүрөгүндөгү биринчи даражадагы стратегиялык базасын чыныгы сындан

өткөргөн учур болду жана бул балким анын биринчи реалдуу стратегиялык сыноосу болгон.

Бул вужуд орнотулгандан бери мындай масштабдагы жана мындай күчтөгү стратегиялык жер титирөөгө эч качан туш болгон эмес. Ага буга чейин атайын "сценарийлештирилген" согуштар уюштурулуп келген, максат – аны бекемдеп, "болгон чындык" катары таануулоо болчу. Бул согуштардын арасында кээде "альтернативдүү" көрүнгөн окуялар болгону менен — мисалы, Караама салгылашы сыяктуу – бул аймакка таануланган саясий жана аскерий системанын чегинен чыкпаган окуялар болчу.

Ал эми "Ал-Акса ташкыны" бул таптакыр башкача. Бул философиясы, мазмуну жана инсандык өзөгү боюнча саясий жана аскерий системанын алкагынан чыккан стратегиялык окуя болду. Бул Батыштын таануланган тартибине каршы жана ага душман болгон стратегия. Бул Батыш үчүн чоң коркунуч жараткан стратегия. Себеби ал Батыштын негизги душманы — Ислам тарабынан жаралган. Бул ыйманга негизделген, идеологиялык мужахиддердин жихады. Дал ушундай мүнөзү менен ал стратегиялык жана глобалдык коркунучка айланды.

Анын коркунучтуулугун күчөткөн дагы бир нерсе — бул Батышты өз ара ишенимдүү, ыйманга таянган, материалдык жактан өтө алсыз бир топ кыйратты. Бул ыймандуу мужахиддердин аз сандагы тобу, жетишсиз мүмкүнчүлүктөр, оор курчоо, өз мамлекеттериндеги саткын бийликтин чыккынчылыгы жана дүйнөдөгү эң ыймансыз душмандын тынымсыз аңдуусу шартында колунан келгенди жасашты, бекем ишеним менен чечим чыгарып согуш жүргүзүштү жана Батыштын базасын солкулдатып, анын жүзүн ачып, аскерлеринин коркоктугун жана моралдык алсыздыгын ачыкташты.

Газадагы бул согуш бардык чек араларды бузду, варвардык кылмыштуулуктун чегинен да чыкты. Бирок ага карабастан, Газа элинин сабырдуулугу, туруктуулугу, анын мужахиддеринин кыраакы эрдиги, дээрлик 500 күндөн бери үзгүлтүксүз күрөшү Батыштын бардык материалдык күчтөрүнө каршы туруп келүүдө. Бул укмуштуудай стратегиялык аракет эми келечекте яхудий вужудун жоготуу жана Батыштын бурмаланган буту менен турган бутпарастык идолун кулатуу үчүн жаңы стратегиялык көз караштын пайдубалын түптөп берди.

Үммөт тарыхындагы бул эки улуу окуя: "Ал-Акса ташкыны" жана Шамдагы диктатордук режимдин кулашы эл аралык аренада чоң геостратегиялык силкинүү жаратты. Бул окуялар Америкага өзүнүн геостратегиялык пландарын кайрадан карап чыгууга, приоритеттерди

өзгөртүүгө аргасыз кылды. Анткени буга чейин АКШнын стратегиялык ой жүгүртүүсүндө Кытай биринчи орунда турган.

Бирок “Ал-Акса ташкыны”, Газадагы согуш жана Шамдагы режимдин кулашы болуп өткөн соң, Орусия–Украина согушу стратегиялык мааниге ээ болсо да, жер үстүндөгү негизги окуя болуудан чыкты да, экинчи планга жылып калды. Ошондой эле Кытай менен болгон тиреш да бир топ тынчып, АКШ жана Батыш кайрадан Хантингтон сүрөттөгөн “идеологиялар кагылышуусуна” кайтып келди. Батыш менен Ислам ортосундагы кандуу тиреш кайрадан күчөдү. Газадагы согуш Батыштын Исламга каршы крестүү жүрүштөрүнүн ачык формасы болуп калды.

Чынында, Ислам жана анын идеологиялык долбоору Батыш үчүн эң негизги жана туруктуу душман болуп эсептелет. Батыштын Исламга каршы согушу жыл сайын, күн сайын уланып келет. Анын ыкмалары ар түрдүү болгону менен, Ислам оту эч качан өчпөйт. Батыштын бардык стратегияларынын негизги темасы — Ислам жана аны кайра кайтарбоо.

Бул Батыштын Исламга болгон душмандыгын мурунку АКШ президенти Ричард Никсон 1992-жылы чыккан “The Real War: Seizing the Opportunity” (“Чыныгы согуш: мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбоо”) деген китебинде мындайча сүрөттөйт: “Ислам менен Батыш эч качан келише албайт. Ислам өз шариятына төп келбеген ар кандай нерсеге каршы турат. Ошондуктан Батыш ар дайым ага каршы турууга милдеттүү”.

Бүгүн Ислам кайрадан жанданып жаткан шартта бул душмандык ачыкка чыгып, Батыштын крестүү жек көрүүсү ачык жарылып чыкты. Батыштын Исламга каршы жаңы стратегиялары ишке кирди жана бул процессти АКШ баштап келе жатат.

Коммунизм кулап, Советтер Союзу жоголгон учур Исламга каршы согуштун жаңы фазасына өтүүдөгү бурулуш учур болду. Бул ниетти НАТОнун башкы катчысы Вилли Клаас ачык эле: «Советтер Союз кулагандан кийин Батыш үчүн жаңы стратегиялык душман — бул Ислам», - деп айткан.

Анын артынан дүйнөнүн көптөгөн лидерлери Исламга каршы глобалдык согуш жарыялашкан:

- НАТОнун башкы командачысы генерал Жон Кэлвин мындай деген: «Биз “суук согушту” жеңдик, эми эски согушка кайтып келебиз — бул Ислам менен болгон чоң кармаш».
- 1991-жылы Мюнхендеги эл аралык коопсуздук форумунда АКШнын ошол кездеги коргоо министри Дик Чейни «Ислам — жаңы душман» деген урааны көтөргөн.

• 1993-жылы, АКШ Конгрессинин спикери Ньют Гингрич Конгрессти Ислам менен күрөшүү үчүн толук стратегия түзүүгө чакырган, аны “Ислам тоталитаризми” деп атаган.

• Ал эми Джордж Буш (кичүү) өзүнүн аймактагы согушун “XXI кылымдын ыйык крест жортуулу” деп мүнөздөп бул жапайы согуштун өзөгүн ачып берген.

Ислам Батыш үчүн үрөй учурган коркунуч. Анын дүйнө таанымынын динамикасы жана жандуулугу Батыштагы стратегиялык борборлорду тынч уктатпай, саясатчыларынын өмүрүн сарсанаага толтурду. Батыштын НАТОну кеңейтип, анын коопсуздук функцияларын кайрадан аныктап чыгышына түрткү болгон негизги фактор — Исламдын кайтып келүү коркунучу болду. Бул багыт 1993-жылы Брюсселде өткөн саммитте көтөрүлүп, 1999-жылдагы Вашингтон саммитинде расмий бекитилген.

Мына ушул “Ислам кайтып келиши мүмкүн” деген үрөй учурган коркунуч Батышта жаңы теориялардын, идеологиялык платформалардын, стратегиялардын жаралышына себеп болду. Бул күрөштүн алдыңкы сабында “жаңы консерваторлор” мектеби болду. Алар яхудий чыгыш таануучусу жана Исламга терең касташкан Бернард Льюистин идеяларынан шыктанышты. Бул мектеп аскерий күчтү колдонуу теориясын кабыл алып, аны Ислам географиясы менен мамилени курууда негизги курал катары сунуш кылган.

Батыш биринчи этапта көңүлүн Жакынкы Чыгышка, башкача айтканда, араб аймагына бурду. Себеби ал араб тилинде түшүрүлгөн Курандын тилин жана сүннөттүн маданиятын алып жүргөндүгү үчүн дүйнөлүк Исламдын жүрөгү жана идеологиялык борбору болуп саналат. Батыш үчүн бул — жүрөк солкуткан коркунуч.

Бул көз караш Буш (атасы жана уулу) башкарган администрациялардын согуштук саясатында айкын чагылдырылды. Бул доор “Чоң Жакынкы Чыгыш”, “демократияны жана эркиндикти жайылтуу” деген ураандар менен коштолуп, чыныгы жүзүндө жапайычылык менен жүргүзүлгөн аскерий экспансия болду.

Буш (кичүү) баштаган согуштар Ислам аймагын жалмап, зордук-зомбулукту нормалдаштырды. Бул учурда Батыш “терроризмге каршы күрөш”, “экстремизмди ооздуктоо” деген түшүнүктөрдү жаратты. Бирок алар мусулмандардын ыйманга негизделген күрөшүнүн, идеологиялык туруктуулугунун алдында ийгиликсиз болду. Ошондуктан “идеялар согушу”, “радикализмди ооздуктоо” деген жаңы түшүнүктөр пайда болду.

Андан соң келген Обама администрациясы жаңы консерваторлордун “жапайы күчкө” негизделген стратегиясынын ийгиликсиздигин моюнга алып, либерал-демократтардын “жумшак күч” стратегиясына өттү. Бул стратегия АКШнын канга бөлөнгөн жүзүн жашыруу үчүн “кол кап кийген жырткыч” образына айланды.

Обаманын Каир жана Анкара шаарларында айткан алдамчы сөздөрү АКШнын Ислам дүйнөсү менен жаңыча мамиле кура турганын жарыялагандай туюлду. Бирок ал 2014-жылдын май айында “терроризмге каршы күрөш” үчүн 5 миллиард доллар бөлүнөрүн жарыялап, бул “жумшак” стратегия да алдамчылык экенин көрсөттү. Ал “Уэст Пойнт” аскердик базасында сүйлөгөн сөзүндө АКШнын тышкы саясатынын планын ачыктап, экономикалык санкция, эл аралык укукка таянып обочолонтуу сыяктуу жаңы куралдарды сунуштаган.

Бирок бул “жумшак стратегиянын” чектелүү экени тез эле ачык болду. АКШ кайрадан кандуу режимине кайтып, асманды дрондор каптап, Ислам аймагындагы элдер жырткыч күчтөрдүн туш келди бомбалоолоруна дуушар болду.

Мына ушунун баарына Ислам дүйнөсү “Араб жазындагы” көтөрүлүштөр менен жооп берди. Бул көтөрүлүштөр АКШ администрациясына карата оор сокку, демократтардын стратегиясы күйүп кетишин, ошондой эле Исламдын жандуулугу, ишенимдүүлүгү жана Үммөттүн күрөшчүл мүнөзүнүн даңазалуу далили болду.

Үчүнчү этап Дональд Трамптын башкаруусу менен башталды. Ал Исламга каршы күрөштү ачык жана түз жарыялап, буга чейин Буш жана Обама администрациялары “терроризмге каршы күрөш”, “экстремизмге каршы аракет” деген тумандуу түшүнүктөр менен жашырып келген Батыштын чындап кресттүүлүк жортуулуна карата болгон саясаттын бүт пардаларын жыртып салды.

Трамптын администрациясы “буюмдарды өз аты менен атады”. Бул ачык-айкын өч менен коштолгон позицияны мурунтан эле америкалык генерал Уэсли Кларк айтып чыккан эле: “АКШнын терроризмге каршы согушу — бул чындыгында Исламга каршы согуш”.

Стив Бэннон, Майкл Флинн жана башка Трамптын командасындагылар да өз сөздөрүндө ачык крестчил, Исламга карата жек көрүүчүлүк менен жазылган билдирүүлөрдү жасашкан. Трамптын улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Исламды “рак оорусу” деп атаган. Трамп болсо Обаманы “радикалдык Исламдык терроризм” деген сөз айкашын колдонбогону үчүн сындаган.

Бул учурда Шамдагы ыйык революция Исламдын улуулугу, күрөшү жана туруктуулугу менен Американын бир канча стратегияларын талкалаган жообу болуп калды. Натыйжада, Трамптын администрациясы да ага чейинкилер сыяктуу стратегиялык ийгиликсиздикке дуушар болду.

Андан соң келген Байдендин администрациясы Афганистандан уят болуп чыгып кетиши менен, кайра Обаманын стратегиясын кайталай баштады. Бул стратегия аймакты башкарууну саткын, кылмышкер режимдерге тапшырган, бирок алардын кылмыштуулугунун деңгээлин дагы да көтөргөн ыкма болду. Мисалы, Дамаскта диктатор Асадды кайра "легитимдештирүү" аракети катары Батыштын "колониялык тартипти сактап калуу үчүн канчалык кан төгүлбөсүн баары туура" деген жийиркеничтүү билдирүүсү болду.

Бул караңгылык менен толгон кылмыштуу аракеттерге кошумча Батыш интеллектуалдык фронтто дагы бир кресттүүлүк согушун ачты. Алар өзүнүн чириген чыгыш таануучулук мурасын чаңдан тазалап, мурунку Исламофоб чыгыш таануучулардын жаңылыш жана жалган көз караштарын кайра жандандырышты.

Бирок бул "идеялар согушу" акыры барып жөн гана жомокко айланган идеологиялык сыйкырга, маданий бузукулукка айланды. Батыштын цивилизациялык көйгөйү — идея жаратуудагы банкроттугу, акыйкат цивилизация курууда абсолюттук алсыздыгы — аны Исламдын эң жогорку деңгээлде курулган жана өзгөчө логикага ээ болгон дүйнөтаанымына каршы турууда чамасы жетпеген абалга кептелди.

Мындан улам алар "сыйкырдуу концепциялардын" артынан түшө башташты:

- "RAND Ислам" — демократиялык, заманбап деп мүнөздөлгөн жасалма Ислам;
- "Абрахамдык диндер" — Тони Блэрдин борбору сунуштаган, диндерди кошууга чакырган бурмаланган платформа;
- Жана мунун баары менен кошо Батыш маданий бузукулукту — гендер идеологиясын, сексуалдык бузукулук (ЛГБТ), CEDAW конвенциясын жайылтып, мусулмандарды өз дининен алыстатууга жана бузук жашоо образына батырууга аракет кылууда.

Бирок бул аракеттер да Ислам Үммөтүнүн ыйман иммунитети менен кагылышты. Бул Үммөт өзүнүн Исламы менен сыймыктанган, аны коргой алган Үммөт экенин көрсөттү.

Алардын "CEDAW"га, ЛГБТ идеологиясына жана маданий бузукулукка каршы күрөшү ушунчалык күчтүү болгондуктан, анын жаңырыгы Батыштын өз аймагына чейин жетти.

Батыштын крестүүлүк согушунун коопсуздук жана идеологиялык өзөгүнө келсек, анын башкы максаты Исламдын башкаруудагы идеясы, Үммөттүн биримдиги жана Исламды дүйнөгө алып чыгуу (б.а. “саясий Ислам”) идеяларын жок кылуу болгон. Бул үч улуу стратегиялык маселе азыркы цивилизациялык күрөштүн өзөгү. Бирок Америка жана Батыш бул фронтто кабат-кабат сокку жеп, Ислам идеясынын тамырлашкан тереңдигине жана кайраттуу туруктуулугуна таң калышты. Алардын таң калышын ого бетер күчөткөн нерсе — Ислам идеясынын тездик менен өсүшү, эл арасында Ислам башкаруусуна болгон аң-сезимдин бышып жетилиши жана мусулмандардын Халифалыктын улуулугуна, биримдикке жана Ислам дааватын дүйнөгө алып чыгуу миссиясына болгон ынтызарлыгы.

Үммөт Батыш хазаратынын караңгылыгынан жана философиялык боштугунан чарчап бүткөн дүйнөнү Ислам нуруна алып чыгуу милдетин өз мойнуна алууга даяр экенин көрсөтүүдө.

АКШнын коопсуздук, аскердик жана маданий стратегиялары бул Үммөттү үмүтүнөн кайтаруу жана анын цивилизациялык Ислам долбоорун токтотуу максатын көздөйт. Бирок бул стратегиялар айкын жана тарыхый жеңилүү менен аяктады. Алар тескерисинче Үммөттүн сабырдуулугун бекемдеди, көтөрүлүшүн күчөттү, аны тынч уктабаган душмандарына карата сергек кылды жана Батыштан кутулуу каалоосун күчөттү. Мындан тышкары, Исламга болгон ишенимин арттырды.

Бүгүн бул Үммөт өзүнүн ишенимине негизделген чечүүчү салгылаштарга кирип жаткан учур. Бул чечкиндүүлүктүн символу Шамдагы революция жана анын асманды жаңырткан ураандары: “Бул Аллах үчүн! Аллах үчүн! Биз бир гана Аллахка жыгылабыз!”.

Шам эли саясий аң-сезимдин бийик үлгүсүн көрсөттү. Алар өзүнүн капыстан келчү душманы эмес, түпкү душманы — Батыш колонизаторун таанып, буга өз үнү менен жооп кайтарышты: “Америка, сенин кекчилдигиң биздин каныбызды агызууң бүтө элекпи?!”.

Акыйдага негизделген көтөрүлүшчүлөрдүн соккулары натыйжасында диктатордун режими кулады жана бул революция тарыхта алгачкы ирет болууда. Бул менен кошо колониалдык башкаруу системасынын “функционалдык режими” да кулады жана ал өзүнөн кийин стратегиялык боштук калтырды.

Мына ушул боштукта эми Ислам долбоору менен Батыш колониализми бетме-бет келди. Бул — акыйда менен бузук түзүлүштүн чечүүчү салгылашы. Батыштын кылымдар бою үстөмдүк кылып турган

доору түгөнүүдө, ал эми Ислам Үммөтү өзүнүн цивилизациялык доорун кайрадан баштоого бел байлап турат.

“Ал-Акса ташкыны” жана Газадагы согуш жөн гана аскердик эмес, акыйдага негизделген салгылаш болду. Бул Ислам акыйдасы адамдын жүрөгүндө жана адамзат тарыхында жарала турган керемет көрүнүштөрдүн бири.

Мужахиддердин демилгеси, чечкиндүүлүгү, кайраты — душманын өз үйүндө издеп кирип, анын дубалын талкалап, бекемделген чептерин бузуп, офицерлерин, аскерлерин жана баскынчы келгиндерди өлтүрүп, туткунга алып, жазалоосу — бул Исламдын адам жанына сиңирген күчүнүн таасири. Алар санда да, куралда да, ресурста да армиядан он эсе аз болушса да, душмандын жүрөгүн жарып киришти.

Муну менен эле токтоп калбастан, мужахиддердин 500 күндөн ашуун чыдамы, сабырдуулугу, эр жүрөктүгү, креcттүү-сионисттик альянстын бардык материалдык күчүнө каршы күрөшкөнү — адам таң кала турган руханий керемет. Алар чарчашпайт, чөкпөйт, сынып кетишпейт. Тескерисинче, жаңыча ыкма ойлоп табышат, аракеттерин жаңылашат, Батыштын жана яхудийлердин жапайычылыгына жана зулумуна карабастан, жаратмандык менен иш алып барышат.

Газадагы согуштун дагы бир таң калычтуу жана идеологиялык таасири Батыш системасынын ичинде пайда болду. Газадагы окуялар Батыштын университеттеринде нааразычылык жаратып, чукул өзгөрүүчү цивилизациялык жер титирөөгө айланды. Бул Батыштын идеялык жана коомдук негиздерин өз жеринде солкулдатты.

Мына ушул акыйда, Үммөттүн жүрөгүндө жашаган күч Батышты тынч уктатпай, анын саясатчылары, аскерий стратегдери жана пикирий борборлору үчүн үрөй учурган түшкө айланды. Батыш үчүн эң чоң коркунуч — бул күчтүн тек гана бар болушу эмес, анын кеңейип, тереңдеп, тамыр алып жатышы.

Батыштын эң катуу үрөйүн учурганы — бул акыйда күчүнүн бир борбордо, бир аймакта топтолуп калышы. Бүгүн бул нерсе Шамда болуп жатат. Шам Халифалыктын пайда болуу босогосунда. Анын бүтүндөй ыйык жери кайнап жатат, анткени терең геосаясий бурулуштун алдында турат.

Бул абалды түшүндүрө турган нерсе — Батыштын жана яхудийлердин жапайычылыкка жана геноцидге барышы:

Бул Шамдагы ыйык революцияны токтотуу үчүн;

Бул Газадагы муджахиддерге каршы туруу үчүн;

Бул Ислам Үммөтүнүн кайра жаралышына тоскоол болуу үчүн.

Исламга каршы цивилизациялык согуштагы бул жаңырган жеңилүү — азыр АКШ жана Батыштагы ойлонгон инсандардын, саясатчылардын жана стратегиялык борборлордун талкуусундагы негизги тема болуп калды.

Мисалы, америкалык стратегиялык эксперт Эндрю С. Гилмор (32 жыл бою АКШнын Борбордук чалгындоо башкармалыгында (CIA) иштеген) “National Interest” журналына жарыяланган баянында мындай деп айткан: “АКШнын акыркы жыйырма жыл ичинде Жакынкы Чыгышта колдонгон стратегиялары көптөгөн ийгиликсиздиктерге алып келди”.

Ал эми белгилүү британиялык журналист Дэвид Херст АКШнын ар кайсы администрацияларынын Ислам аймагындагы стратегиялык каталарын сынга алып, 2021-жылы мындай деп айткан: “Эгерде АКШ дагы бир стратегиялык ката кетирсе, бул анын акыркы катасы болот. Ал тургай, Батыш Европанын да акыркы катасы болушу мүмкүн”.

Афганистандан АКШнын уят болуп, баш аламан түрдө чыгып кетиши бул стратегиянын жалгандыгын жана начардыгын ачык көрсөттү. Мындан да кызыгы, АКШнын Тышкы иштер министрлигинин расмий сайтында 2021-жылдын 16-августунда жарыяланган түшүндүрмө болду. Анда мындай делет: “Халифалык коркунучу азыр бир гана жерде эмес, Азия менен Африканын көптөгөн Ислам өлкөлөрүнө тарады”.

Башкача айтканда, Батыш үчүн Ислам географиясынын баары активдүү коркунучка айланып калды. Бирок коркунуч муну менен эле чектелбейт, Ислам идеясы өзүнүн глобалдык мүнөзү менен Ислам дүйнөсүнөн чыгып, Батышты жана бүтүндөй дүйнөнү камтый баштады.

Бүгүн Батыштагы пикирий кыймыл муну ачык далилдеп жатат. Ал тургай, саясий кыймылдар да бул таасирди четке кага албайт. Чындык ушул, бүгүн Ислам идеясы өзүнүн шаръий тарикатын, башкаруу түзүмүн, саясий куралын түз колдонбой жатса да, ага болгон кызыгуу, аң-сезим менен кабыл алуу Батышта өзүн көрсөтүп жатат.

Батыш элдеринин Исламды кабыл алып жатышы, академиялык чөйрөлөрдө Ислам тууралуу терең ойлонуу, саясий чөйрөлөрдө Ислам темасына байланышкан талаш-тартыштар бийликке жана чечим кабыл алуучу борборлорго чейин жетти.

Мисалы, акыркы Франциядагы президенттик шайлоо кампаниясында негизги тема “Ислам сепаратизми” болду. Бул, Батыш системасы Ислам идеясынын күчү менен түз беттешип калганын көрсөтөт.

Ислам идеясынын күчү, анын Ислам дүйнөсүндөгү бекем тамыры жана сырт жакка жайылып, тереңдеп баратканы Батышты “арстан уясын”

аралап кирүүгө аргасыз кылды, башкача айтканда, Исламий идея жана маданият менен түздөн-түз пикирий күрөшүүгө мажбур болду.

Бүгүнкү күндө ой жүгүртүү жана талкуу Ислам тегерегинде жүрүүдө. Ал эми Батыштын секулярдык системасы артта калган, четтетилген, таасирсиз болуп калды.

Азыркы күрөш — бул ааламдардын Роббиси Аллахтын Исламы менен Батыштын акыл-эсти тоготпогон идеологияларынын, салттуу Исламынын жана "абрахамдык дин" деген бурмаланган конструкциялардын ортосундагы күрөш.

Батыштын пикирий жактан банкрот болушу жана цивилизациялык жактан кыйрашы, мунун баары мусулмандардын үстүнөн жүргүзүлгөн басым, мажбурлоо жана пикир эркиндигин коркутуу менен басуу саясатына айланды. Бул Батыш өлкөлөрүндөгү жана алардын Ислам дүйнөсүндөгү баскынчылык таянычтарындагы адилетсиз секулярдык мыйзамдардын жардамы менен ишке ашырылып жатат.

Мунун артынан жапайычылык өлтүрүү, кыйноо, кордоо, сүргүн, камоо сыяктуу кандуу каражаттар менен мусулмандарды буга баш ийдирүү аракети жүрүп жатат. Бирок бул караңгылыкка Ислам Үммөтү өзүнүн аң-сезимдүү, чынчыл, активдүү ыймандуу бөлүгүнүн жетекчилиги алдында тарыхый туруктуулук жана акыйдага негизделген кайрат менен каршы турууда.

Бул АКШнын 30 жылдан ашуун Исламга каршы жүргүзгөн саясаттарынын жыйынтыгы. Алар бул күрөштү "терроризмге жана экстремизмге каршы согуш" деген жалган ураандар менен башташкан, кийин Трамптын тушунда Исламга түздөн-түз согуш жарыялашкан. Бул процесс 1990-жылдардан бүгүнкү күнгө чейин улануууда.

Жыйынтык: Ислам географиясында кайнап жаткан жанар тоо, Ислам Үммөтүнүн даярдыгы жана боштондукка чыгууну күтүп жаткан чечүүчү мүнөт. Бул Батыштан, анын системасынан, баскынчылыгынан жана анын саткын, уятсыз башкаруучуларынан арылуу учуру.

Бул Пайгамбарыбыз ﷺ сүйүнчүлөгөн Халифалыктын экинчи ирет кайра жаралышына алып бара турган тарыхый жана руханий шарттардын дээрлик толук калыптанган учуру. Бул — Аллахтын Китеби жана Пайгамбарыбыздын ﷺ Сүннөтү менен өкүм жүргүзүлгөн, Үммөтүнүн бөлүнүп-жарылган абалын жоюп, Ислам жашоосун кайра баштоочу учур.

Мындан тышкары, бул — бир кылымдан бери зордоп таңууланган Батыштын секулярдык чириген жашоо тутумун жок кылуу, Үммөттү бириктирүү, анын кубатын жана ресурстарын топтоо жана аракетин дүйнөлүк лидерликти кайтаруу үчүн буруу мезгили.

Бул — геостратегиялык чечим кайрадан Үммөттүн колуна өтүп, Исламдын рухун, хидаятын, акыйкатын жана улуулугун бүткүл дүйнөгө алып чыгып, Батыш маселесин тарыхый түрдө жапкан учур.

Бул — Батыштын жийиркеничтүү, нормадан чыккан, каргышка калган цивилизациясын түп-тамыры менен жок кылуу, дүйнөнү анын ыпластыгынан, оорулуу философиясынан, ыплас системаларынан жана адилетсиздигинен тазалоо учуру.

Бул — АКШ жетектеген эл аралык тартипте жарала баштаган чоң өзгөрүүлөрдүн негизги белгилери. Анын солкулдашы, айрыкча АКШнын саясий элитасы менен жетекчилеринин тынчтыгын алып жаткан себеп — Ислам географиясы жана анын идеологиялык альтернативасы.

Бул альтернатива тамырдан өзгөртүүчү, глобалдык жана кайра жаралып келаткан Ислам Халифатынын нуруна жакындап калган улуу долбоор. Ислам жана анын Халифалыгы Батыштын системасы, цивилизациясы жана эл аралык тартиби үчүн катуу коркунуч туудурган жападан жалгыз альтернатива болуп калды.

Бүгүнкү стратегиялык теңдеме так, айкын жана чындыкка таянган:

Ислам дүйнө лидерлигине багытталган, идеологиялык альтернатива катары бекем жана кайраттуу кадамдар менен алдыга жылып жатат. Ал кайрадан дүйнөнү жетектөөгө жана анын уникалдуу, таза, акыйкат жана ыйык жол башчылыгын орнотууга жакындап бара жатат.

Ислам бул жолдо:

- Эл аралык абалды кайрадан аныктап, дүйнөлүк позициянын картасын кайра чийип жатат;
- Эл аралык мамилелердин түзүмүн жаңылап,
- Дүйнөлүк саясаттын эрежелерин кайрадан Исламдын адилетине жана ырайымына негиздеп түзүп жатат. Бул болсо Үммөт Батыштын кишендеринен бошонгондон кийин ишке ашат.

Бул убакыттын гана маселеси. Андан кийин Батыштын бүтүндөй эл аралык системасын талкалоо, Батыш маселесин тарыхый түрдө жабуу жана дүйнөнү Ислам аркылуу бөштондукка чыгаруу ишке ашат. Түпкү максат — дүйнөнү Батыштын зулумунан биротоло арылтуу жана Ислам менен түбөлүк адилетке жеткирүү.

Бүгүнкү күндө Ислам географиясындагы стратегиялык маселе бир гана жеңишке байланган. Бир эле чечкиндүү жеңиш, Батыш колонизаторлугунун пайдубалын түзгөн таштардын баарын кулатууга жетиштүү болот. Ислам мамлекети — Халифалыктын өзөгү катары — Ислам географиясынын каалаган бурчунда орногон учурда ал геостратегиялык жер титирөөнүн борбору болуп калат.

Бул жарылуу:

- Бүтүндөй Ислам географиясын каптап,
- Батыш системаларын,
- Ичтеги саткын режимдерди жана алардын түзүмдөрүн жок кылып,
- Андан соң дүйнө жүзүнө таасирин тийгизет.

Бүгүн экинчи рошид Халифалыктын — الخلافة الراشدة على منهاج النبوة нуру көрүнүп калды, анын жаркын нуру келе жатат.

Бүгүнкү тарыхый реалдуулукка ылайык, Кытай менен АКШнын алдан тайдырган тиреши, Батыш капитализминин чирип-куурашы, идеологиялык жана моралдык кыйроосу, Ислам Үммөтүнүн кайратман даярдыгы, Шамдагы кайнаган толкун жана анын аң-сезимдүү, ишенимдүү, чынчыл жана активдүү ыймандуу лидерлери, баары бир багытта жүрүп жатышат.

Бул күчтөрдүн саясий көз карашы, идеологиялык долбоору жана стратегиялык өзгөрүү пландары менен башында Хизб ут-Тахрир турат. Алар жогорку аң-сезим, так идея жана түшүнүк менен Үммөттү кайра жандандыруу, Батыш үстөмдүгүн жок кылуу жана эл аралык кырдаалды өзгөртүү миссиясын көтөрүп чыкты.

Бүгүн экинчи рошид Халифалыкка болгон бардык шарттар калыптанып бүттү. Исламдын улуу нуру жарк этип көрүнө баштады жана Аллахтын күчтүү жана жеңүүчү жардамы такыба пенделеринин дарбазасына жакындап келди.

Бул Үммөт өзүнүн улуу чындыгына кайрадан кайтып келе жатат. Ал кайрадан Пайгамбарлык жолундагы Халифалыкты тикелеп, өзүнүн Ислам жашоосун улантып, Ислам дааватын дүйнөгө таратууга чыгат, Батыштын караңгылык жахилиясына каршы адамзатты хидаятка жетелейт.

Бул сөзсүз түрдө боло турган окуя. Анткени бул Аллахтын убадасы, Ал убадасынан кайтпайт. Бул Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ берген кушкабар жана анын убагы албетте жакындап калды:

«ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»

“Андан соң Пайгамбарлык минхажындагы Халифалык болот”. ❑

Көңүл буруңуз!

http://www.al-waie.org

«Ал-Ваъй» журналынын Фейсбуктагы расмий баракчасы:
https://www.facebook.com/alwaie

«Ал-Ваъй» журналынын Телеграмдагы расмий каналы:
https://telegram.me/alwaie

«Ал-Ваъй» журналынын Твиттердеги расмий аккаунту:
https://twitter.com/alwaiemagazine

«Ал-Ваъй» журналынын Инстаграмдагы расмий каналы:
https://www.instagram.com/alwaiemagazine/

Эскертүү:

«Ал-Ваъй» журналы быйылкы 462, 463, 464-санын чыгаруу менен бул санга салым кошкон бардык авторлорго терең ыраазычылык билдирет. Ошондой эле, макаласы бул санда жарыяланбай калган авторлордон кечирим сурайт. Себеби, сан бардык материалдарды камтууга жетишсиз болду. Бирок, алар кийинки сандарда, иншаа Аллах, жарыяланат.

Акыркы сөзүбүз: ааламдардын Раббиси Аллах Таалага мактоолор болсун.

Ражаб, Шаабан, Рамазан айлары

ЖЕҢИШ... ИШЕНИМ ЖАНА АГА ТАТЫКТУУ БОЛУУ

Ибн Исхак Бадр күнүнө байланыштуу мындай деп билдирет:

فَحُدِّثْتُ عَنْ رِجَالٍ مِنْ بَنِي سَلِمَةَ، أَنَّهُمْ ذَكَرُوا: أَنَّ الْحُبَابَ بْنَ الْمُنْذِرِ بْنِ الْجَمُوحِ قَالَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، أَرَأَيْتَ هَذَا الْمَنْزِلَ، أَمَنْزِلًا أَنْزَلَكَهُ اللَّهُ لَيْسَ لَنَا أَنْ نَتَقَدَّمَهُ، وَلَا نَتَأَخَّرَ عَنْهُ، أَمْ هُوَ الرَّأْيُ وَالْحَرْبُ وَالْمَكِيدَةُ؟ قَالَ: «**بَلْ هُوَ الرَّأْيُ وَالْحَرْبُ وَالْمَكِيدَةُ**». فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، فَإِنَّ هَذَا لَيْسَ بِمَنْزِلٍ، فَانْهَضْ بِالنَّاسِ حَتَّى نَأْتِيَ أَدْنَى مَاءٍ مِنْ الْقَوْمِ، فَنَنْزِلَهُ، ثُمَّ نُغَوِّرُ مَا وَرَاءَهُ مِنْ الْقُلُبِ، ثُمَّ نَبْنِي عَلَيْهِ حَوْضًا فَنَمْلَؤُهُ مَاءً، ثُمَّ نُقَاتِلُ الْقَوْمَ، فَنَشْرَبُ وَلَا يَشْرَبُونَ. فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: «**لَقَدْ أَشَرْتَ بِالرَّأْيِ...**»

«Бани Салама уруусунан айрым эркектерден мага кабар беришти. Алар айтышты: Хубаб ибн аль-Мунзир ибн аль-Жамух мындай деди: “Йа Расулаллах, ушул жайгашкан жер жөнүндө эмне дейсиз? Бул жер Аллах сизди токтоткон жерби, андан алдыга да, артка да жылууга акыбыз жокпу? Же бул сиздин пикириңизби, аскердик пландоо жана стратегияңызбы?”. Ал айтты: “Бул пикир, согуш жана пландоо маселеси». Ошондо Хубаб айтты: «Йа Расулаллах, бул жер ылайыктуу эмес. Элди алып, душманга эң жакын жайгашкан суу булагына баралы да, ошол жерге токтойлу. Андан кийин алардын артындагы кудуктарды жаап салалы, анан өз кудугубузга суу толтуруп, душман менен салгылашалы. Биз ичебиз, алар болсо ичишпейт». Ошондо Расулуллах ﷺ: “Чын эле акылдуу пикир айттың” - деди.

Ибн Исхак андан ары Абдуллах ибн Абу Бакрдан минтип укканын баяндайт: ага Саъд ибн Муаздын мындай дегени тууралуу кабар беришкен:

يَا نَبِيَّ اللهِ، أَلَا نَبْنِي لَكَ عَرِيشًا تَكُونُ فِيهِ، وَنُعِدُّ عِنْدَكَ رَكَائِبَكَ، ثُمَّ نَلْقَى عَدُوَّنَا، فَإِنْ أَعَزَّنَا اللهُ وَأَظْهَرَنَا عَلَى عَدُوِّنَا، كَانَ ذَلِكَ مَا أَحْبَبْنَا، وَإِنْ كَانَتْ الْأُخْرَى، جَلَسْتَ عَلَى رَكَائِبِكَ، فَلَحِقْتَ بِمَنْ وَرَاءَنَا، فَقَدْ تَخَلَّفَ عَنْكَ أَقْوَامٌ، يَا نَبِيَّ اللهِ، مَا نَحْنُ بِأَشَدَّ لَكَ حُبًّا مِنْهُمْ، وَلَوْ ظَنُّوا أَنَّكَ تَلْقَى حَرْبًا مَا تَخَلَّفُوا عَنْكَ، يَمْنَعُكَ اللهُ بِهِمْ، يُنَاصِحُونَكَ وَيُجَاهِدُونَ مَعَكَ. فَأَثْنَى عَلَيْهِ رَسُولُ اللهِ ﷺ خَيْرًا، وَدَعَا لَهُ بِخَيْرٍ.

«Йа Набийуллах, келиңиз, сизге бир баш калкалоочу жай (чатыр) куруп берели. Жаныңызда минген төөлөрүңүз даяр болсун. Биз душман менен беттешебиз. Эгерде Аллах бизге улуу жардам берип, душманыбыздын үстүнөн жеңишке жеткирсе, анда биз каалаган нерсе болот. Эгерде тескерисинче болуп калса, сиз ошол төөлөрүңүздү минип, артыңыздагы адамдарга кошуласыз. Алар сизди бизден аз жакшы көрүшпөйт, Йа Набийуллах. Эгерде алар сизди согушка чыгат деп ойлошсо, эч качан артта калышмак эмес. Алар да Аллахтын жардамы менен сизди коргойт, сизге ак ниет болушат жана сиз менен бирге жихад кылышат». Расулуллах ﷺ ага жакшы сөздөр менен дуба кылып, мактады.

Анан Пайгамбарыбыз ﷺ мусулмандардын катарын тизип баштады. Ибн Исхак баяндайт: وحدثني جَبَّانُ بْنُ وَاسِعِ بْنِ جَبَّانَ بْنِ وَاسِعٍ، عَنْ أَشْيَاخٍ مِنْ قَوْمِهِ، أن رسول الله ﷺ عَدَلَ صُفُوفَ أَصْحَابِهِ يَوْمَ بَدْرٍ، وَفِي يَدِهِ قَدَحٌ يَعْدِلُ بِهِ الْقَوْمَ، فَمَرَّ بِسَوَادِ بْنِ غَزِيَّةَ، حَلِيفِ بَنِي عَدِيِّ بْنِ النَّجَّارِ، وَهُوَ مُسْتَنْتِلٌ مِنَ الصَّفِّ، فَطَعَنَهُ رَسولُ اللهِ ﷺ فِي بَطْنِهِ بِالْقَدَحِ، وَقَالَ: «اسْتَوِ يَا سَوادُ بنُ غَزِيَّةَ». وَاسْتَعْمَلَ رَسُولُ اللهِ ﷺ عَلَى المُـشَاةِ وَهُم فِي السَّاقَةِ: قَيسَ بنَ أَبِي صَعْصَعَةَ عَمرِو بنَ زَيدِ بنِ عَوفِ بنِ مَبذولٍ، وَأَمَرَهُ حِينَ فَصَلَ مِنَ السُّقيا أَن يَعُدَّ المسلِمِينَ، فوقَفَ لَهُم عِندَ بِئرِ أَبِي عَنبةَ، فَعَدَّهُم ثُمَّ أَخبَرَ النَّبِيَّ ﷺ وَقَدَّمَ أَمَامَهُ عَيْنَينِ لَهُ إِلى المُشرِكينَ يَأْتِيانِهِ بِخَبَرِ عَدُوِّهِ، وَهُما: بَسبَسُ بنُ عَمرو، وَعَدِيُّ بنُ أَبِي الزَّغباءِ، وَهُمَا مِن جُهَينَةَ حَلِيفَانِ للأَنصارِ. فَانتَهَيَا إِلى مَاءِ بَدرٍ، فَعَلِما الخَبَرَ، وَرَجَعا إِلى رَسُولِ اللهِ ﷺ.

“Мага Хиббан ибн Васи ибн Хиббан ибн Васи өз уруусунун аксакалдарынан мындай деп айтканын баяндады: «Расулуллах ﷺ Бадр күнүндө сахабаларынын катарын түздөп, колуна бир жыгач алып, аны менен катарды түздөп жатты. Сахабалардын ичинен Бани Ади ибн ан-Нажжар уруусунун өнөктөшү Суад ибн Газийя катардан бир аз алдыга чыгып кеткен эле. Расулуллах ﷺ аны жыгач менен ич жагына түртүп, айтты: “Түз тур, эй, Суад ибн Газийя”.

Расулуллах ﷺ жөө аскерлердин артындагы бөлүгүн башкарууга Кайс ибн Абу Сасаа Амр ибн Зайд ибн Ауф ибн Мабзулду дайындады. Ал Сукья деген жерден чыкканда ага мусулмандардын санын эсептөөнү буюрду. Ал Абу Анба кудугунун жанында токтоп, алардын санын эсептеп, Пайгамбарга ﷺ кабар берди. Андан соң Пайгамбарыбыз ﷺ душмандын кабарын алып келүү үчүн эки тыңчы жиберди. Алар: Басбас ибн Амр жана Ади ибн Аби аз-Загбаа эле. Алар Жухайна уруусунан болуп, ансарларга өнөктөш болчу. Экөө Бадрдын суусуна жетип барып, кабар алып, кайра Расулуллахка ﷺ кайтып келишти.

Бул даярдыктан жана бардык себептерди эң мыкты жол менен кароодон кийин Расулуллах ﷺ Роббисине жалбарып, Ага кайрылып, убадаларын сурап мындай деп дуа кылды:

«اللهم أنجز لي ما وعدتني، اللهم آتني ما وعدتني، اللهم إن تهلك هذه العصابة من أهل الإسلام لا تعبد في الأرض»

«Аллахым, мага убадалаганыңды ишке ашыр. Аллахым, мага убадалаганыңды бер. Аллахым, эгерде ушул мусулмандар тобу кырылып калса, анда Жер бетинде Сага сыйынуу болбой калат».

Ал кыбылага жүзүн буруп, эки колун көтөрүп, дуба кылып жатканда чапаны эки ийининен түшүп калды. Ошондо Абу Бакр келип, анын чапанын көтөрүп ийинине жапты да, аны кучактап:

: «يا نبي الله كفاك تناشد ربك؛ فإنه سينجز لك ما وعدك».

«Йа Набийуллах, Роббиңизге мынча кайрылганыңыз жетет, Ал сизге убадалаганын аткарат» - деди.

Биз болсо азыр Пайгамбарыбыз ﷺ убада кылган Пайгамбарлык жолундагы экинчи Халифалыктын кайтып келиши жакындап жатканын ишеним жана үмүт менен карап жатабыз. Аллахтын жеңиши сөзсүз келет, бул тууралуу Аллах Таала мындай деген:

{وَمَا النَّصْرُ إِلَّا مِنْ عِندِ اللهِ الْعَزِيزِ الْحَكِيمِ}

“Жеңиш күч-кубаттуу, даанышман Аллахтан гана болот”.

Ошол жеңишке болгон ишеним менен катар, биз аракет, эмгек, умтулуу жана сабыр менен иш кылуудабыз, анткени Аллах Таала мындай деп айткан:

{يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِن تَنصُرُوا اللَّهَ يَنصُرْكُمْ وَيُثَبِّتْ أَقْدَامَكُمْ}

«Эй, момундар! Эгерде Аллахты** (динин)* ***колдосоңор, Ал силерге жардам берет жана кадамдарыңарды бекемдейт». (Мухаммад: 7).

Бул өз динине жана Үммөтүнө ак ниеттүү жана кайдыгер эмес ар бир мусулманга кайрылуу: Исламий жашоону кайра баштоо үчүн иш алып барып жаткан ыхластуулук менен амал кылуучулардын катарына кошулгула! ❑

АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫ БАНГЛАДЕШТЕГИ АБАЛ БОЮНЧА ТЕРЕҢ ТЫНЧСЫЗДАНУУДА (ХАЛИФАЛЫК)

АКШнын чалгын кызматынын башчысы Тулси Габбард NDTV World телеканалына берген маегинде Бангладештеги диний азчылыктарга карата кысым боюнча тынчсызданууусун билдирди. Ал Трамп администрациясы дүйнө жүзү боюнча “Ислам терроризмин” жеңүүгө бекем ниет кылганын баса белгиледи.

Ал белгилегендей, Дональд Трамп башындагы жаңы өкмөт Бангладештеги убактылуу өкмөт менен сүйлөшүүлөрдү баштаган. Габбард Бангладештеги Исламий экстремизм менен “террордук элементтердин” күчөшү тууралуу сөз кылып: «Президент Трамптын жаңы өкмөтү менен Бангладеш өкмөтүнүн ортосунда сүйлөшүүлөр жаңы эле башталды, бирок бул маселе негизги кызыгуу бойдон калууда», - деди.

Өз сөзүндө ал “Ислам Халифалыгы” идеологиясы тууралуу айтып, дүйнө жүзүндөгү айрым “экстремисттик элементтер” менен “террордук уюмдардын” ушул максатты ишке ашырууну көздөп жатышканын билдирди. Ал мындай деди: «Ислам террорчуларынын коркунучу жана ар түрдүү террордук топтордун дүйнөлүк аракеттери бирдей идеологияны жана максатты көздөп жатат. Бул Ислам Халифалыгы менен башкаруу». Андан ары ал мындай деди: «Бул башка динге ишенгендердин баарына таасир кылары айдан ачык. Алар бул максатка жетүү үчүн өтө зомбулук жана коркунучтуу ыкмаларды колдонууда».

Габбард мындан ары да Дональд Трамп бул идеологияны аныктоого, аны жеңүүгө жана аны “радикал ислам терроризми” деп атап, анын өсүшүн токтотууга бекем ниет кылганын айтты. Ал мындай деди: «Президент Трамп Ислам терроризмин кыймылга келтирген идеологияны аныктоого, ошондой эле анын адамдарга террор колдонуу мүмкүнчүлүгүн жок кылууга толук умтулат».

Аль-Ваъй: Америка тараптан жүргүзүлүп жаткан Исламга каршы согуш азыр мурдагыдан да ачык көрүнүп калды. Бул алардын дооматындай куралдуу терроризмге каршы согуш эмес, бул ачык-айкын кресттүүлүк жүрүш! Бул чындыкты Трампка чейин эле Жорж Буш айтып чыккан, алар өздөрү бул согуш Ислам динине каршы экенин жарыялашкан!

Эй, Мухаммаддын ﷺ Үммөтүнүн уул-кыздары, эми силер эмне кыласыңар? ❑